КЫРГЫЗ - РОССИЯ (СЛАВЯН) УНИВЕРСИТЕТИ

КЫРГЫЗДАРДЫН ЖАНА КЫРГЫЗСТАНДЫН ТАРЫХЫ

(СОВЕТТИК ДООРГО ЧЕЙИНКИ МЕЗГИЛ)

Жалпы билим берүүчү
мектептер үчүн сынак программа
жана методикалык колдонмо

"Илим", КИ "Табылга"
Бишкек 1993

Белгилүү кыргыз тарыхчылары эң байыркы мезгилден XX кылымдын башталышына чейинки кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы боюнча мектеп курсунун сынак программасын жана методикалык жактан иштелген айрым главаларын сунуш кылышат.

Илимий-популярдуу мүнөздө жазылган бул китеп мектеп мугалимдерине гана эмес, техникумдар менен жогорку окуу жайларынын окуучуларына жана студенттерине да окуу куралы боло алат.

Авторлор:

Р. Доронбекова, тарых илимдеринин кандидаты,

В. Мокрынин, тарых илимдеринин кандидаты,

В. Плоских, тарых илимдеринин доктору

Методика боюнча кеңешчи:

В. Ратман, орто мектептин директору, жогорку категориядагы окутуучу, тарыхчы

Редакциялаган:

С.С. Данияров, тарых илимдеринин доктору, профессор

75536

Б И Б Л И О Т Е К А

Омский государственный ... института

инв.

© "Илим", КИ "Табылга", 1993 -ж.

СӨЗ БАШЫ

Бүгүнкү күндө жалпы билим берүүчү мектеп тарых сабагы боянча окуу китептери жана программалары жок калды. Мурдагы идеология лаштырылган программалар менен окуу китептер эскирип, жарабай калды. Жаңылары болсо али жазыла элек. А тарыхты окутуу зарыл иш, анткени тарыхы жок мамлекет чек арасы, территориясы жана гражданлары жок мамлекеттей эле акылга сыйбаган көрүнүш. Эгерде мурдагы жылдарда жалпы билим берүүчү мектепте Кыргызстандын тарыхы курсу такыр эле окутубулбай, "СССР тарыхынын" программасынын алкагында айрым гана темалар сунуш кылынса, эми болсо Союздун бузулушу менен биринчи орунга эгемендүү эркин республиканын, анын түпкү жергиликтүү калкы - кыздырдардын жана өз тагдырларын Кыргызстан менен байланыштырган башка элдердин тарыхы чыкты.

Китептин авторлору жалпы билим берүүчү мектепте иштеген тарых мугалимдери дуушар болгон кыйынчылыктарды: окуу китептеринин жана методикалык колдонмолордун жоктугун, атайы тарыхый адабияттын жоктугун, чектелүүлүгүн же өтө сейрек кездеше тургандыгын, ата-мекендин тарыхынын али жазыла элек барактары, "ак тактары" толуп жаткандыгын, ал эми атайын даярдалып, басылып чыккан китептерде бурмалоолордун, күнүмдүк саясаттын кулу болгон жоболордун арбын экендигин билишет. Бирок башкы кыйынчылык коомдук көрүштөргө "барып турган илимий" жана "бирден-бир туура" деген социалисттик (коммунисттик) көз караштын духунда тарбияланышкан мугалимдер менен окуучулардын тарыхый ой жүгүртүүсүн өзгөртүү зарыл экендигинде турат. Биздин бүгүнкү тез эле өзгөрүлүп жаткан мезгилибизде жо-

горудагыдай көз караштар коомдук өнүгүүгө бөгөөт болууда жана бери болгондо алардын сакталышынын жөнү жок.

Элге билим берүү министирилигинин коллегиясында жактырылып, басмада басылып жаткан мектептер үчүн Кыргызстандын тарыхы (советтик доорго чейинки) боюнча окуу китебинин авторлору Панфилов районундагы мугалимдердин август окуусунан кийин мектеп мугалимдерине жардам берүүнү чечип, аларга өзүбүздүн альтернативдүү программабыздын жана ага методикалык колдонмонун вариантын сунуш кылып отурабыз. Буларды жалпы билим берүүчү мектептин YI-XI - класстарында (факультативдик сабак катары YII-XI -класстарда) атайын түзүлгөн программа бекитилгенге чейин пайдалануурга болот.

Китеп Панфилов райондук мемлекеттик администрациянын башчысы Давиденко Геннадий Валериевичтин уюштуруу жардамы менен даярдалды.

Биздин программабыздын "СССР тарыхты" боюнча мурдагы программадан айрымаланган өзгөчөлүктөрү төмөндөгүлөр:

I. Кыргызстандын аймагындагы кыргыздардын тарыхын гана эмес, ошондой эле качантадан бери Борбордук Азия менен Түштүк Сибирдин кенен мейкиндиктеринде жашаган жана жашап келе жаткан кыргыздардын тарыхын баяндоо.

2. Мурда жазылбаган "ак тактар" , жазууга тыюу салынган темалар берилип, ошондой эле талаш маселелерге кеңирээк көңүл бурулду.

3. Программада мурда сөзсүз берилүүчү марксисттик-лениндик "методологиялык" негиз жана тарыхка таптык көз караштан мамиле кылуу жөнүндө тезистер жок.

4. Тарыхтагы чыныгы окуялар болгону болгондой, тарыхтагы жана маданияттагы инсандардын жасаган иштери нака өзүндөй берилди.

Авторлор кыргыздардын менталитетин, б.а. рухий кебете-кейпинин тарыхый жактан калыптанышын, белгилүү бир коомдук-географиялык чөйрөдөгү кыргыздардын тарыхый генофонун ачык көрсөтүүгө аракет жасашты.

Ар бир бөлүм мугалимдердин күн сайын сабакка даярданышына, кыргыз жана орус тилдериндеги адабияттардагы көркөм образдар (элестер) аркылуу окуучулардын тарыхты кеңирирээк үйрөнүшү үчүн негиз боло турган илимий жана көркөм адабияттардын сунуш кылынган тизмеси менен жабдылды.

Окуу куралында-методикалык материалдарында биз параграфтардын негизги, чечүүчү топторун гана (андай болбогондо оуу китебинен да көлөмдүү болуп кете турган) бердик. Программада болсо баардык бөлүмдөр жана параграфтар боюнча бүгүнкү мугалим таба ала турган адабияттар берилди, аларды азырынча китеп дүкөндөрүнөн * сатып алууга, же болбосо китепканалардан алууга болот. Окуу китеби ж.б. окуу куралдары басылып чыкканча эң байыркы доордон биздин күндөргө чейинки мезгилдерди камтыган "Кыргыз ССРинин тарыхынын" академиялык басылышынын эки тому (1984-1986- жылдарда орус тилинде чыккан) жана "Кыргыз ССРинин тарыхынын" I- тому (1972-ж. кыргыз тилинде) мугалимдин колгон түшүргүз китептери болуп кала бермекчи. Ошону менен бирге советтик доордогу биздин бүткүл гуманитардык адабиятка жасалган идеологиялык кысымдын тагы ал китептерде да калгандыгын эске алыш керек. Мугалим сабакка фактылуу материалды пайдаланып, ал эми идеологиялаштырыган жана өз учурундагы саясаттын кызычылыгына байланыштуу киргизилген артык баш кошумчаларга көңүл бурбай коюшу тийиш. Материалдарды тактоо жана жаңы маалыматтарды алуу үчүн күндөлүк басма сөзгө жарияланган тарыхый темадагы макалаларды пайдаланууну сунуш этебиз. Аларды тандап алуу окутуучунун өзүнүн колунан келет. Бул жерде сөз кыргыз тилинде чыгуучу "Кыргыз туусу", "Кыргыз маданияты" (мурдагы "Кыргызстан маданияты"), "Мугалимдер газетасы (азыркы "Кут билим"), орус тилинде чыгуучу "Слово Кыргызстана", " Res publica" газеталары жөнүндө жүрүп жатат. Тарыхый темага арналып

---

* Көңүлдү республиканын Илимдер Академиясынын президиумунун имаратындагы китеп дүкөнчөсүнө буруп жатабыз . (Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265 а)

басылып чыккан эмгектерге жана методикалык окуу куралдарына, "Эл агартуу" журналында "Кыргыз элинин тарыхынан" деген рубрика менен 1990-1992- жылдарда жарияланган макалаларга (эң байыркы замандан XIX кылымга чейинки кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы боюнча материалдарга) өзгөчө көңүл бурууну өтүнөбүз.

Профессор В.Плоских

СЫНАК ПРОГРАММА

КИРИШ СӨЗ

Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы-бүткүл дүйнөлүк-тарыхый процесстин составдык бөлүгү. Ата-журт тарыхынын негизги маселелери жана милдеттери. Археологиялык жана жазуу булактары тарыхты жана маданиятты үйрөнүүнүн ишеничтүү негиздери.

Адабияты: Кыргыз ССР тарыхы. - I т., Ф., 1973, 9-40 -б.

I глава.

ТАРЫХТЫН ТАҢЫНДА. УРУУЛАРДЫН ЭН БАЙЫРКЫ СОЮЗДАРЫ ЖАНА АЛГАЧКЫ МАМЛЕКЕТТЕР

I. Алгачкы коом.

Тянь-Шанда адамдын эң эзелки издери. Таш куралдары. Саламат булак комплекси. Тосордогу адам турган жай. Ак-Чуңкур үңкүрүндөгү сүрөттөр. Коло доорундагы мал багып, дыйканчылык кылган уруулар. Биринчи металлургдар. Оштун Сулайман тоосундагы адамдын турак-жайы. Андронов маданияты жана эң байыркы кездеги сөөк коюу жөрөлгөлөрү. Арийлердин мекени. Саймалуу-Ташгагы аскага чегилген сүрөт галереясы. Алгачкы диний ишенимдер.

Адабияты: "Кыргыз ССР тарыхы". - I т. I гл.; "Эл агартуу", 1990, N 7, 30-32-б.; Заднепровский Ю. Коло доорундагы Ош турак жайы ... "Кыргызстандын эстеликтери", 1982, N 5; Юнусалиев М.Б.

Вглубь тысячалетий по долинам Кыргызстана. Ф., 1970; Кинофильм "Саймалы-Таш" (Кыргызфильм. авт. Л.Дядюченко).

2. Тянь-Шандагы сактар.

Сактар байыркы дүйнө тарыхында. Алардын жайгашуусу, чарбачылыгы, коомдук түзүлүшү жана аскер иши. Сактардын перс падышалары менен күрөшү. Ширактын эрдиги.

Александр Македонскийдин басып алууларына каршы күрөш. Спитамендин көтөрүлүшү. Сак урууларынын маданияты. Сактардын мифологиясы жана диний ишенимдери. Сактардын Ысык-Көлдүн түбүндө жаткан байыркы эстеликтери. Сактардын күч-кубаттан тайышы.

Адабияты: "Кыргыз ССР тарыхы". - I т., II гл., § 1-2; "Эл агартуу", 1990, N 7, 32-37- б.; § 8, 25-28-б.

Кожомбердиев И. Кетмен-Төбөнүн байыркы эстеликтери . - "Кыргызстандын эстеликтери", 1982, N 6;

Плоских В., Мокрынин В., Ысык-Көлдүн суу астындагы эстеликтери . - Кыргызстандын эстеликтери", 1987, N 9;

Аман Газиев. На берегах Яксарта, Ф., 1990; Жандарбеков Б. Томирис. Алма-Ата., 1990.

3. Кыргыздар жана Кыргызстан элдердин улуу жер которуштуруп көчүү доорунда.

Көчмөндөрдүн батышты карай жөнөшү. Түрктөрдүн уламышы. "Кыргыз"этниминин биринчи эскерилиши. Эне-Сайга барып жайгашуу. Кыргызстан элдердин улуу жер которуштуруу доорунда. Казанактуу көрүстөнгө сөөк коюу. Сейрек кездешүүчү Шамшы көрүстөнү. Жалпак-Дөбө көрүстөнү. Жалпак-Дөбө көрүстөнү. Батыш жана Чыгыш менен соода байланыштары.

Адабияты: "Кыргыз ССР тарыхы ".- I т., II гл. § 4; Бернштам А.Н. Гунны. Л., 1949; Худяков Ю.С. Кыргызы на Енисее. Новосибирск, 1986; Сыдыкбеков Т. Көк Асаба ., Ф., 1989.

4. Усундар.

Усундардын келип чыгышы жана мамлекеттин түзүлүшү. Кытай менен союздаш болуу. Гунндар менен болгон согуш.

Чжань Цяндын саякаты. Улуу жибек жолу.

Ысык-Көлдөгү Чигу калаасы.

Усундардын коомдук түзүлүшү, чарбачылыгы жана материалдык маданияты.

Адабияты: "Кыргыз ССР тарыхы".- I т.,II гл., § 3; " Эл агартуу", 1000. N 8, 28-30-б; N 9, 22-25- б; Табышалиев С.Т. Кыргызстан Улуу жибек жолунда. Б., 1992; Газиев А. Жибек согушу. - "Мурас" ,1991, N 6; Мокрынин В., Плоских В. На берегах Ыссык-Куля. - Ф., 1992; Кинофильм "В поисках затонувшего города" (Авт. А.Видугирис).

5. Фергана мамлекети.

Давань мамлекетинин уюштурулушу: чарбачылыгы, шаарлары. Хан элчиси. Кытайлыктардын Ферганага жасаган жортуулдары.

Аравандын аскаларына чегип тартылган жылкылар. Шоро-Башат шаар чалдыбары. Кара-Булак көрүстөнү: табигый мумиялоо жана кытай жибеги. Диний ырым-жырымдар жана ишенимдер.

Адабияты: "Кыргыз ССР тарыхы".- I т., II гл., N 5; "Эл агартуу" 1990, N 9, 25-28-б.; Заднепровский Ю.А. Древнеземледельческая культура Ферганы. М.-Л., 1962;

II глава

ТҮРКТӨРДҮН ИМПЕРИЯСЫ ЖАНА АНЫН МУРАСЧЫЛАРЫ

6. Түрк каганаты. VI - YII- кылымдар.

Байыркы түрктөр. Түрктөрдүн келип чыгышы жөнүндөгү уламыш. Түрк мамлекетинин түзүлүшү. Орто Азияны басып алуу. Жети-Суудагы Согдиалык колониялар. Иранга жана Константинополго Маниахтын элчиликтери. Земарх кагандын ордосунда Улуу жибек жолу үчүн күрөш. Түрктөрдүн Европадагы басып алуулары. Түрк каганатынын кулашы.

Адабияты: " Кыргыз ССР тарыхты", I т., III гл., N 1; "Эл агартуу" 1990, N 10, 26-28- б.;

Бартольд В.В. Кыргыздар. Тарыхый очерк. "Кыргыздар" Iт., Б., 1991, 131-142-б.; Гумилов Л.Н. Байыркы түрктөр.- "Кыргыздар" Iт., Б., 1991, 184-217-б., Кляшторный С.Г. Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии. М., 1964; Мокрынин В.П. Каменные изваяния - памятники древних тюрков Ф., 1979. Аман Газиев. Посольство Земарха. - В кн.: На берегах Яксарта. Ф., 1990, 254-275-б.

7.Батыш түрк каганаты жана анын мурасчылары. YII-YIII кылымдар.

Тянь-Шань түрктөрү. Батыш түрк каганатынын жогорулашы. Сюань-цзяндын саякаты.

Түрктөр Орто-Азиянын мейкин талааларында. Ич ара чыр-чатактар. Батыш-Түрк каганатынын кулашы. Чыгыш-түрк каганатынын кайтадан калыбына келиши.

Түргөштөрдүн мамлекети. Түргөштөр арабдар менен күрөштүн башында. Карлук уруулары. Арабдардын кытайлыктар менен 751-ж. Таласта салгылашуусу.

Адабияты: "Кыргыз ССР тарыхы", I т., III гл., § I; "Эл агартуу" 1990, N 10, 28-30-б.; N 11, 33-35-б., N 12, 21-23-б.

Мокрынин В. Ак-Суу көрүстөнү. - "Кыргызстандын эстеликтери", 1982, N6;

Байтур Анвар. Тянь-Шань кыргыздары, - "Кыргыздар", IIт., Б.,1991, 267-270-б. Петров К.И. Очерки социально-экономической истории Киргизии YI-нач. XIII в. Ф., 1961;

8. Улуу кыргыз державасы. IX-X кылымдар.

Мамлекеттик түзүлүшү, чарбачылыгы. Кыргыз соода жолу. Үрп-адаты жана дини. Барс-Бек каган. Түрктөр менен согушуу. Барс-Бекке эпитафия. Уйгур каганатын кыйратуу. Кыргыздардын улуу державасы. Кыргыздардын мамлекетинин кулашы.

Эне-Сай жана Тянь-Шань кыргыздарынын катнашы жөнүндө.

Адабияты: "Кыргыз ССР тарыхы", I т., III гл., § 2; "Эл агартуу", 1990, N 11, 31-32, 35-39-б.; N 12, 23-25- б;

Аман Газиев,Барс-Бек. -"Кыргызстан маданияты" 1991...

Худяков Ю. Енисей кыргыздарынын тарыхы. "Кыргыздар" II т. Б., 1991, 118-240- б;

Бартольд В.В. Кыргыздар. Тарыхый Очерк. "Кыргыздар" I т., Б. 1991, 142-156-б;

9.Караханийлер каганаты. X-XIII-к. башы.

Династиянын пайда болушу. Каганаттын чек арасынын кеңейиши. Ферганаңы жана Мавераннахрды басып алуу. Күч-кубаттуулуктун туу чокусуна жетиши. Ич-ара согуш. Мамлекетти экиге бөлүү. Державанын начарлашы.

Барскоон шаары жана андан чыкан адамдар.

Каракытай мамлекети. Наймандар. Залим Кучлук.

Адабияты: "Кыргыз ССР тарыхы", I т., III гл., § 3-4; "Эл агартуу" 1990, N 12, 26-29-б., (9), N 1, 18-25-б;

Белек Солтонкелди уулу Солтоноев. Кызыл кыргыз тарыхы. -"Ала-Тоо", 1988, N 4; Караев Ө. История караханидского каганата (X- нач. XIII в.в.) Ф., 1983; Киргизы при караханидах. Ф., 1983.

10. Түрк жана кыргыз каганаттарынын чарбачылыгы жана маданияты.

Мал чарбачылыгы. Анчылык. Үй кол өнөрчүлүгү. Дыйканчылык. Тоо кендерин иштетүү. Шаарлар. Социалдык мамилелер.

Улуу жибек жолундагы соода.

Көчмөн жана отурукташкан калктардын маданияты.

Таштан чегилген айкел сүрөттөр. Байыркы кыргыз жазуусу жана жазуунун башка түрлөрү. Идеологиялык көз караштар. Ислам. Сүрөт өнөрү. Илим жана адабият. Жусуп Баласагын. Махмуд Барскани (Кашгари). Миң жылдык баатыр - "Манас" эпосу.

Адабияты: "Кыргыз ССР тарыхы", I т., IV гл., § 1-2; Баласагын Жусуп. Кут алчу билим (которгон Т.Козубеков). Ф., 1989.

Чороев Т.Махмуд ибн Хусейн ал - Кашгари жана анын "Туркий тилдер сөз жыйнагы".- Ф., 1990.

Айтымбетов О. Улуу баатыр баяны (Манас эпосуна жаңыча көз караш). - Ала-Тоо, 1990, N 3,6;

Иманкулов Д. Таш-Рабатты иликтөө тарыхынан.- "Кыргызстандын эстеликтери ", 1982, N 5; Байпаков К., Горячева В. Краснореченск шаар калдыгындагы жазуулар. - "Кыргызстандын эстеликтери", 1982, N 5, Аман Газиев. Во времена караханидов. - сб. "Чабыт", Б., 1992; Кыдырбаева Р.З. Генезис эпоса "Манас" . Ф. 1980; к/ф. "Кыргызстан на великом шелковом пути" (Авт. К.Акматалиев).

III глава

КЫРГЫЗ ЭЛИ ТҮЗҮЛГӨН ЖАНА ӨНҮККӨН ДООР

11. Кыргыздар жана Кыргызстан Чыңгыз хандын тукумдары башкарган мамлекетте. XIII-XIY кылымдар.

Чыңгыз хандын ооматынын өөдөлөшү. Монголдордун Эне-Сай жана Тянь-Шань кыргыздарын басып алышы. Монголдордун империясынын кулашы. Кыргыздар Чагатай улусунда.

1269-ж. Таластагы курултай жана Хайду мамлекетинин түзүлүшү. Шаарлардын жана айылдардын жакырланышы.

Адабияты: "Кыргыз ССР тарыхы" I т., Y гл. & 1; "Эл агартуу", 1991, N 26-30-б; Белек Солтоноев, Кызыл кыргыз тарыхы. - "Ала-Тоо", 1988, N 4; Кычанов Е.,Бейшеналиев Т. Юань-Мин доорундагы кыргыздар (XIII-XIY кылымдар). -"Кыргыздар", I т., Б., 1991, 231-251-б.Бартольд В.В. Туркестан в эпоху монгольского нашествия. Соч., т. I., М., 1963, Калашников И. Жестокий век. Алма-Ата, 1985; Кычанов Е.И. ЖизньТемучина, думавшего покорить мир. Б., 1991.

12. Моголистан мамлекетиндеги кыргыздар. XIY-XY-кылымдар.

Мамлекеттин чек арасы. Дуулаттардын гегемониясы. Ислам-ды кабыл алуу. Мавераннахрга жортуулдар. "Баткактагы салгылашуу". Моголдордун жеңилиши. Ич ара чыр-чатактар.

Моголистан Тимурдун жортуулуна каршы күрөштө. Кыргыздардын ал күрөшкө катышуусу. Кыргыздардын Тянь-Шанга журт которушу жана алардын күч алышы. Кыргыздардын мамлекеттик-саясий жактан чыңалышы.

Адабияты: "Кыргыз ССР тарыхы", I т., Y гл., § 2; "Эл агартуу". 1991, N 4, 21-27-б; Белек Солтоноев. Кызыл кыргыз тарыхы. -"Ала-Тоо" 1988, N 4; Абулгазы Бахадур хан бин Араб Мухаммед. Түрк санжырасы. -"Кыргыздар", II т., Б. 1991, 8-42-б; Тамерлан: Эпоха. Личность. Деяния.- М., 1992; Колесников Е. Железный хромец. - В кн.: Повести Ф., 1981.

13 . Кыргыз элинин келип чыгуу процессинин аякташы. XY-XYI кылымдар.

Кыргыз элинин этникалык башаттары. Уламыштар. Окумуштуулардын негизги божомолдору. "Манас" эпосунун версиялары. "Кыргыз" деген терминдин маанисн. Эне-Сай, Алтай, Тянь-Шань кыргыздарынын катнашы. Кыргыздардын Тянь-Шандагы жергиликтүү урууларды бириктириши. Элдин Тянь-Шанда калыптанышы.

Адабияты: "Кыргыз ССР тарыхы".- I т., III гл. § 5; Y гл., § 4; "Эл агартуу", 1991, N 5-6; Вопросы этнической истории киргизского народа, Ф., 1989; Караев Ө. Кыргыз элинин теги. - " Кыргызстан маданияты" , 1989, 16 - март; Абрамзон С. Кыргыздардын этногенетикалык жана тарыхай-маданий байланышы, - " Кыргыздар" Iт., Б. 1991, 244-309; Табышалиев С.Т. К вопросу о происхождении кыргызского народа. Ф., 1989; Ибраимов А.И. Кыргызы и их генофонд. Б., 1992.

14. Өзүн эл катары сактап калуу үчүн күрөш. XYI-к.- XYIII-к. башталышы.

Орто Азиядагы саясий жагдайдын өзгөрүшү. Бабур. Мухаммед- кыргыз. Могол хандарынын кыргыздарга каршы жортуулдары Шейбаниддер жана Аштарханиддер менен күрөш. Кыргыздар Жунгар хандыгыннын курамында. Кыргыздардын калмактар менен күрөшү жана анын "Манас" эпосунда чагылдырылышы. Чыгыш Түркстанда кожолордун кыймылы жана ага кыргыздардын катышусу.

Адабияты: "Кыргыз ССР тарыхы.- I т, YI гл., § 1-2; "Эл агартуу", 1991, N 7, 31-34-б; Белек Солтоноев. Кызыл кыргыз тарыхы. -"Ала-Тоо", 1988, N 4; Бартольд В.В. Кыргыздар. Тарыхый очерк -"Кыргыздар".-I т., Б., 1991, 166-177-б; Захиридин Мухаммед

Бабур. Бабур-Баян. -"Кыргыздар", I т., Б., 1991, 459-491-б; "Манас", "Семетей", "Сейтек",Ф.- 1984-1990; Зуаткин И.Я. История Джунгарского ханства (1635-1758). М., 1983; Гуревич Б.П. Международные отношения в Центральной Азии в XYII-первой половине XIX в. М., 1983.

15. Кыргыздар хытай менен россиянын кызыкчылыгынын кайчылашкан жеринде. XVIII к.-XIX к. башталышы.

Жунгар хандыгынын кыйрашы жана Кытай менен алгачкы байланыштар. Кытайга жиберилген кыргыз элчилери. Цинь агрессиясына сокку уруу. Чыгыш Түркстандагы элдик-боштондук күрөшкө кыргыздардын катышуусу.

Россия менен байланыш түзүү. Россияга жиберилген биринчи кыргыз элчилиги. Атаке-бий. XIX-к. биринчи чейрегинде орус-кыргыз элчиликтерин бири-бирине жиберүү.

Адабияты: "Кыргыз ССР тарыхы".- I т., YI гл., § 3-5; "Эл агартуу", 1991, N 7, 34-38-б., N 8, 16-19- б.;Плоских В. Россияга жиберилген алгачкы кыргыз өкүлдөрү.- "Кыргызстан коммунисти", 1988, N 10; Сапаралиев Д. XYIII кылымдагы орус-кыргыз байланыштарынын керемет эстелиги, - " Кыргызстандын эстеликтери". 1991, N 11;Джамчеринов Б. Очерк политической истории Киргизии XIX в. (первая половина) Ф., 1966; Плоских В. Первые киргизско-русские посольские связи. Ф., 1970; Аман Газиев. Впервые в России.- В. кн. На берегах Яксарта, 301-333-б.

16.Кокон хандыгы менен күрөш. XYIII-к. ортосу-XIX-к. 70-жылдары.

Кокон хандыгынын түзүлүшү. Кубат бий-кыргыздардын башчысы. Кыргызстанды басып алуунун этаптары. Тайлак баатыр. Хандык эзүү астында. Административдик башкаруу жана социалдык-экономикалык абал. Алымбек жана Курманжан датка. Алык-салык. Кыргыздардын көтөрүлүшү. Байтик баатыр. Исхактын (Пулатханды)жетекчилигиндеги элдик кыймыл.

Адабияты: "Кыргыз ССР тарыхы".- I т., YII гл., § 1-2; "Эл агартуу", 1991, N 7, 19-22-б.;Белек Солтоноев. Кызыл кыргыз тарыхы. -"Ала-Тоо" 1988, N 5; Плоских В. Киргизы и Кокандское

ханство, Ф., 1978; Аман Газиев. Серебряная камча. Б., 1992: Касымбеков Т. Сынган кылыч Ф., 1973.

17. Кыргыз элинин көнүмүш чарбачылыгы жана маданияты. XYI-XIX кылымдар.

Мал чарбачылыгы. Дыйканчылык. Аңчылык. Иштеп чыгаруучу ишканалар. Турмаш-тиричилик жагдайы. Социалдык маданияты: бийлер, манаптар, букаралар.

Материалдык маданияты:турак жай, курал-жарак, кийим-кече, жасалгалоо өнөрү. Рухий маданияты: элдик оозеки чыгармачылык, дин жана диний ишенимдер. Калыгул, Арстанбек, Молдо Нияз, Кыргыздардын революцияга чейинки жазуусу жөнүндөгү маселеге карата.

Адабияты: "Кыргыз ССР тарыхы".- Iт., YII гл., & 3-4,6; "Эл агартуу", - 1991, N 8; Плоских В. Кыргыз жазуусунун тарыхынын маселелерине карата, - "Кыргызстан коммунисти", 1989, N 2; Белек Солтоноев. Кызыл кыргыз тарыхы.- "Ала-Тоо", 1988, N 4-5; Эркебаев А. Элдик эпостон адабий эпоско. Ф., 1990. Мурас; Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо, Женижок, Токтогул жана башкалар. Ф., 1990; Сулайманов Э. Кыргыздардын этнографиялык мүнөздөгү буюмдары элдик маданияттын эстелиги катарында. - "Кыргызстандын эстеликтери",1989, 10; Плоских В. Документалдык эстеликтерге экспедиция.- "Кыргызстандын эстеликтери", 1980, N 4; Мамай Жусуп. "Манас", "Кыргыздар", II т., 1991, 432-464-б.; Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. Л., 1971; Үсенбаев К.У. Общественно-экономические отношения киргизов в период Кокандского ханства. Ф., 1961; Кинофильм "Память Ала-Тоо" (авт. К.Орозалиев).

IY глава

РОССИЯНЫН КУРАМЫНДА

18. Түндүк кыргыздардын россиянын бүкаралыгын кабыл алышы. 1855-1863-жылдар.

Саясий шарттар. Ормон хандын даңктанышы жана кулашы. Ысык-Көл кыргыздарынын анты. Боромбай жана Качыбек. Чүй жа-

на Тянь-Шань кыргыздарынын букаралыкты кабыл алыш. Үмөтаалы. Осмондун тагдыры.

Адабияты: "Кыргыз ССР тарыхы", 1т. ҮШ гл., § 2; "Эл агартуу" 1992, N1, 22-26 б., Маликов К. "Балбай баатыр" Б. 1991; Даниеев Ө. "Көз ирмедеги өмүр". Ф., 1991; Турсунов Э. "Балбай жана анын доору". Б. 1992; Плоских В., Үсенбаев. К., Сапаралиев Д., Кол беришүү. -"Ала-Тоо", 1989, N1; Джамгерчинов Б.Д. Присоединение Киргизии к России. М., 1959 (Второе издание: Добровольное вхождение Киргизии в состав России Ф., 1963); Хасанов А.Х. Взаимоотношения киргизов с Кокандским ханством и Россией в 50-70 годах X1X в. Ф., 1961; Плоских В., У истоков дружбы. Ф., 1972.

19. Түштүк Кыргызстанды каратып алуу. 1875-1876-жж.

Кокон хандыгын каратып алуу. Шабдан Жантай уулу. Скобелев менен жолугушуу. Абдылдабектин өлүмү. Курманжан датка. Кыргызстандын Россияга кошуп алынышынын мааниси.

Адабияты: "Кыргыз ССР тарыхы".-1 т., ҮШ гл., § 3; Аман Газиев. Алайдын таажысыз ханы же кыргыздын каныкейи. -"Кыргызстан аялдары", 1988, N 10-12; 1989, N1; Молдокасымов К. Курманжандын көз жашы. Б. 1991; Касымбеков Т. Кел-кел, М., 1986; Усенбаев К. Присоединение Южной Киргизии к России. Ф., 1960; Аман Газиев. Курманжан датха некоронованная царица Алая. Ф., 1991.

20.Кыргызстан россия империясынын колониясы. 1855-1917-жылдар.

Административдик-аймактык башкаруу. Экономикалык өнүгүш. Алык-салык эзүүсү. Анжиян көтөрүлүшү. Мадали-Эшен. Токтогул.

Мадаланиятагы өзгөрүүлөр. Молдо кылыч. Осмонаалы Сыдык уулу-биринчи тарыхчы. Эл агартуу жана билим. Окумуштуулар жана саякатчылар: П.П.Семенов, Ч.Ч.Валиханов, А.П.Федченко, Н.А.Северцов, Н.М.Пржевальский.

Адабияты: "Кыргыз ССР тарыхы",- I т., IX-XI гл.; Өмүрзаков С. Тар жол, тайгак кечүү менен. Кыргызстанды изилдөө тарыхынан. Ф., 1966; Тыныстанов К. Кыргыз искусствонун тарыхына арналган

академиялык үч кече. - "Ала-Тоо", 1990, N 6; Усенбаев К.У. Общественно-экономические отношения киргизов (вторая половина XIX -нач. XX-в.) Ф., 1980; Данияров С.С. О прогрессивном значении русской культуры в развитии культуры киргизского народа в конце XIX- нач. XX вв. Ф., 1964.

21. 1916-жылдагы элдик көтөрүлүш.

Маселенин актуалдуулугу жана адабияттагы талкуулар, талаш-тартышуулар. Көтөрүлүштүн мүнөзү. Көтөрүлүшкө түрткү болгон шылтоолор жана себептер. Хронологиясы. Жетекчилери. Улуттар аралык чыр-чатактар. Улуттук тилектештик. Жыйынтыктар.

Адабияты: "Кыргыз ССР тарыхы.-1 т., XY гл., § 2; Усенбаев К. Революциянын таңында.-Кыргыз эли революциянын жалындуу күндөрүндө. Ф., 1974; Токомбаев А. „Кандуу жылдар", 1-2-к. Б. 1991; Баялинов К. „Ажар", Ф. 1976; Шайбеков Ы. Кайран эл. Ф., 1976; Абдыракманов Ж. Кыргыздардын 1916-жылдагы көтөрүлүшү жөнүндө.- "Кыргыздар"1 т., -Б., 1991, 350-397-б.; Восстание 1916 г. в Средней Азии и Казакстане, Сб. документов. М.,1960; Усенбаев К.У. Восстание 1916 г. в Киргизии. Ф., 1967:

V глава. ЧЕТ ЭЛДЕ ЖАШАГАН КЫРГЫЗДАРДЫН БАШАТЫ

Тарыхый тамырлары жана саны.

Эне-Сай кыргыздары.Башкырлардын курамындагы кыргыздар. Волга боюндагы, Манжуриядагы, Алтайдагы, Монголиядагы кыргыздар. Чыгыш Түркстандагы кыргыздар. Памирдик кыргыздар. Өзбектердин жана казактардын арасындагы кыргыздар.

Кыргыздардын бүткүл дүйнөлүк биринчи курултайы.

Адабияты: Белек Солтоноев. Кызыл кыргыз тарыхы.- "Ала-Тоо", 1988, N 4-5; Чороев Т. Кытайлык кыргыз тарыхчысынын чыгармачылыгы. "Кыргыздар", II т., Б., 1991, 294-305-б.; Строилов А. Оогандык кыргыздар. "Кыргыздар" II т., Б., 1991, 306-332-б; Рокка Ф., Памир жана Алай кыргыздары, - "Кыргыздар", IIт., Б, 1991, 348-373 б; Дор. Р. "Манастын"Памирдеги үзүндүсү .- "Кыргыздар",

Ордена Трудового Красного Знамени
Государственного
Института
ИНО

II т., Б, 1991, 465-491-б; Керимбекова Н., Конкобаев К., Мокрынин В., Плоских В., Шаршеналиев Ж., Кыргызская диаспора за рубежом. Б., 1992; Керимбекова Н. Памиро-Алайские кыргызы и их зарубежная диаспора. Б., 1992 ; Манаев Э., Плоских В. На крыше мира: Ф., 1983.

Кыргыз жана орус тиллериндеги негизги адабияттар

Бактыгулов Ж., Плоских В., Мокрынин В.. Кыргыз элинин тарыхы. -"Эл агартуу", 1990-1992.

Кожемяко П.Н. Байыркы маданият эстеликтерин сактайлы. Ф., 1969.

Кыргыз ССР тарыхы, Т.I. Ф., 1973.

Кыргыздар (1-2), Б., 1991.

"Манас", "Семетей", "Сейтек". Ф., 1984-1990.

Мурас: Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Алдаш молдо, Токтогул жана башкалар. Ф., 1990.

Урстанбеков Б.У., Чороев Т.К. Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк. Мектеп окуучулары үчүн. Ф. 1990.

Чороев Т. Махмуд ибн Хусейин ал-Кашгари жана анын Түркий тилдер сөз жыйнагы". Ф., 1990.

Табышалиев С.Т. Кыргызстан улуу жибек жолунда Б., 1992.

Абрамзон С.М. Кыргызы и их этногенетические и историко-культурные связи. Л., 1971, Ф., 1990.

Амитин-Шапиро З.Л. Аннотированный указатель литературы по истории, археологии и этнографии Киргизии. (1750-1917). Ф., 1958.

Аман Газиев. На берегах Яксарта. Ф., 1990.

Бактыгулов Ж. Историография дореволюционного Киргизстана Ф., 1988.

Бартольд В.В. Киргизы. Исторический очерк. Соч., т.II., ч.I. М.,1963.

Бартольд В.В. Кыргыздар. Тарыхый очерк.- Кыргыздар, II т. Б., 1991, 126-184-б.

История Киргизской ССР , т. 1-2 Ф., 1984-1986.

"Манас", т. I-IY, М, 1984-1990.

Материалы по истории киргизов и Киргизстана Вып. I. М., 1973.

Мокрынин В., Плоских В. Клады Кыргызстана: Миф и реальность Ф., 1992.

Русские путешественники и исследователи о киргизах. Ф., 1973.

Труды киргизской археолого-этнографической экспедиции т. 1-4, Ф., 1956-1960.

I глава

ТАРЫХТЫН ТАҢЫНДА. УРУУЛАРДЫН ЭҢ БАЙЫРКЫ СОЮЗДАРЫ ЖАНА АЛГАЧКЫ МАМЛЕКЕТТЕР.

2. ТЯНЬ-ШАНЬ САКТАРЫ

Сактар байыркы дүйнөнүн тарыхында

Биздин заманга чейинки YIII-I-кылымдарда Евразиянын талаларынын улуу тилкеси Тувадан тартып Украинага (аны кошо) чейин көчмөн уруулар ээлешкен, аларды байыркы персиялык клинописттик (шынаа түрүндөгү) тамгалар менен жазылган тексттерде сактар, ал эми байыркы авторлор скифтер деп аташкан . Индиялык булактарда буларды турлар, байыркы кытайлык маалыматтарда СЭ эли дешкен. Байыркы грек окумуштуусу Страбон өзүнүн "География" китебинде: "Каспий деңизинен бери карай жашаган скифтердин көпчүлүгү даямдар деп аталат. Алардын чыгыш тарабында жайлашкандарды массагеттер жана сактар, ал эми башка калгандарын жалпысынан скифтер деп коюшат, бирок ар бир уруунун өзүнүн өзгөчө аты бар", - деп жазган.

"Сак" деген ат "карылуу эркек (жоокер)" дегенди билдирген болуш керек деп божомолдошот. Археологиялык көп табылгалар талаалардын Улуу тилкеси өздөштүрүшкөн уруулардын жалпылыгы бар экенин ырастайт. Ошол эле тилкенин батыш жана чыгыш райондорундагы дөбөлөрдү казган убакта скифтик жаныбар стилинде жасалган окшош курал-жарактар, ат жабдыктары, ошондой эле күнделүк тиричиликте колдонулуучу буюмдар табылган. Башкача айтканда ошол учу-кыйрына көз жеткис эбегейсиз зор талаа мейкиндигинде эзелки көчмөндөрдүн маданиятынын түзүлүшүнүн бирдиктүү процесси жүрүп, ал Жети-Сууну жана Тянь-Шанды да кучагына алган.

Б.з.ч. YI-Y кылымдарда орто-азиялык сактар уруулардын эки ири союзуна биригишип, алардын чек аралары жөнүндө болжолдоп гана айтууга болот. Алардын бири Каспий деңизи менен Узбойдон

(ээн мейкиндиктен) тартып Борбордук Тянь-Шанга жана Иле дарыясына чейинки аймакты ээлеген. Байыркы персиялык булактарда ал союз "Тиграхауд сактары", ал эми байыркы грек маалыматтарында "ортокарибантий сактары", б.а. "шуңшугуй калпакчан сактар" деп аталган. Ага массагеттер, абилер, апасиактар, дербиктер, дахтар ж.б. деп аталышкан уруулар кирген. Уруулардын экинчи союзу Түндүк Индиядан Алайга жана Ферганага (аны кошо) чейинки аралыкта жайгашкан. Перстер аларды "хаумаварга сактары", б.а. "Хаумаварга (ыйык өсүмдүккө) сыйынуучулар", гректер болсо "аморги сактары" деп коюшкан. Акыркы терминдин чыгышынын толук түшүндүрмөсү жок. Кыясы чыгыш ирандык "марг" "жашак, чөп, шалбаа" дегенден келип чыгышы ыктымал. Азыркы Кыргызстандын аймагынын түндүк райондорунда тиграхауд сактары, түштүгүндө хаумаварга сактары жашаган.

Сактар чыгыш ирандыктардын тилинде сүйлөшкөн. Алайдан, Борбордук Тянь-Шандан, Кетмен-Төбөдөн археологдор табышкан адамдын баш сөөктөрүнө караганда алар европеид түспөлүндө болушканы аныкталган. Сактардын кээ бирөөлөрүндө гана анча-мынча монголоиддик белгилер болгон. Алар короо-короо койлору, үйүр-үйүр жылкылары менен жаратылыштын төрт мезгилине ылайык жер которуп көчүп жүрүшкөн. Көчмөн чарбачылык ал кезде прогрессивдуу болгон: ал малды жайып бакканга караганда адамдарды ширелуу азыктар (эт, май, сүт, быштак, кымыз) менен көбүрөөк даражада камсыз кылган. Көчмөндөр жүндөн, териден жылуу, оңой менен жыртылбай турган бышык кийимдерди жасашкан; үйлөрүн жабуу үчүн кийиз жасашкан; жылкынын жал, куйругунан аркан эшишкен. Өздөрүнө экологиялык жактан ыңгайлуу жайларды табышкан. Алар дыйканчылык менен кесип кылгандар жашай албай турган жаңы аймактарды, алсак, кургак талааларды, чөлдөр жана жарым чөлдөрдү, ал эми Кыргызстандын шартында бийик тоолорду өздөштүрүшкөн. Эң башкысы байыркы көчмөндөр темирден өздөрүнө керектүү эмгек куралдарын, курал-жарактарды жасаганды үйрөнүшкөн. Ошондой эле көчмөндөр темир менен катар кенүмүш болуп калган колодон жасалган буюмдарды да бир кыйла убактарга чейин колдонушкан. Кийин темирдин табылышы менен коло доору

бүтүп, темир доору башталып, ал ушул кезге чейин созулуп келе жатат.

Байыркы Ирандын эли-перстер менен тынчтык жана согуштук мамилелер түзүү менен Орто Азия көчмөндөрү байыркы дүйнөнүн экономикалык, маданий, саясий тарыхына аралашат. Сактардын он эки миң адамдан турган отряды Кир II ге бир кездеги күрдөөлдүү Ассирияны жеңип алууга жардам берген. Сактар Персия падышаларынын сарайында өтүүчү спорттук мелдештерге катышышкан. Мисалы, Кир II уюштуруп өткөргөн ат мелдештеринде сактардын бир жаш жигити бардык утуштарды жеңип алган.

Булактар, алардын ичинен негизгиси болгон Геродоттун "Тарыхы" күбөлөгөндөй, б.з.ч. V кылымда эле сактар ошол кездеги дүйнөлүк эң маанилүү окуяларга, алсак, гректер менен перстердин баарына белгилүү согуштарына (б.з.ч. 500-449-жылдар) катышкан. Орто азиялык сактар союздаш же жалданган аскер катары Ахеменниддер тарабында согушкан. Сактардын атчан аскерлери Марафондогу салгылашууда (б.з.ч. 490-ж.) афиндик гоплиттерди (оор куралданган жөө аскерлерди) жеңилүүгө аргасыз кылышкан. Сактардын жөө аскерлери Фермопилдеги (б.з.ч. 480-ж.) жана Платендеги (б.з.ч. 479-ж.) согуштарда салгылашкан. Ал эми талаа сактарынын жоокерлери кеме экипаждарынын катарында болгондугу мүнөздүү. Перстердин полководеци Мердоний Грецияны басып алуу үчүн аларды тандалма отряддарына кошкон. Жазма маалыматтарга караганда Вавилон жана Египет шаарларында сактардын аскерлери турган жайлар болгон. Египеттин Мемфис деген шаарындагы перстердин гарнизону бүт бойдон орто азиялык сактардан турган. Кала берсе алардын бири-Сакиэт дегендин ысмы бизге чейин сакталып жетти. Египеттен Орто-Азияга чейинки Персия державасынын ар түрдүү шаарларынан табылган чоподон жасалган фигуралардын арасында төбөсү шуңшугуй калпак, күрмө, чычыйган шым, өтүк кийген сак аскерлерин, ошондой эле тянь-шандык тиграхауд сактарын элестеткен сүрөттөр да бар.

Коомдук түзүлүшү жана аскер иши

Б.з.ч. VI-V- кылымдарда жашаган сактардын коомдук түзүлүшү жөнүндө жазма булактар аз, жана өтө кыска ка-

барлайт. Аларда "падыша", "төрө" (знать) "аскер" деген сөздөр кездешет. А жалпы жонунан алардын коомдук түзүлүшүнүн структурасын төмөндөгүдөй мүнөздөсө болот: майда аталаш үйбүлөлөрдүн тобу биригип көчмөн общинаны, ал эми бир канча көчмөн общиналар бир урууну түзүшкөн; ал уруулар болсо уруулар союзуна биригишкен. Мүлктүк теңсиздик Y кылымга карата таптык айырмачылык билине баштаган деңгээлге жеткен. Эгерде падышалардын сөөктөрү коюлган көрүстөндөрдөн археологдор сансыз байлыктарды, мисалы алтындан жасалган 4000 ге чамалаш буюмдарды табышса, общинага кирген жөнөкөй адамдардын мүрзөлөрүнөн болгону чоподон жасалган бир-эки гана идиштер табылган. Коомдун эң төмөнкү баскычында согуш туткундарынан турган кулдар турган. Алар аз санда болгондуктан чарбачылыкта эч кандай көрүнүктүү ролду ойной алышкан эмес. Ар бир бойго жеткен сак жоокер катары эсептелип, жол башчынын чакырыгы боюнча жоо кийимдерин кийип, колуна жаа, кылыч, ай балта алып, өз атына минип жүрүшкө чыгууга милдеттүү болгон. Алар атка мингенге, жаа тартканга бала кезинен эле үйрөнгөндүктөн сактардын атчан аскерлери дүйнөдөгү эң мыктылардан деп эсептелген. Жоокерлер жаа тартканга аябай абдан адис болушкан, ар кандай абалда ата билишкен, кала берсе атчан чапкылап баратып, артын карап жаа тартканда жаза кетиришкен эмес. Ассириянын падышалары өз аскерлерине жаа тартканды үйрөтүү үчүн сактарды машыктыруучу катары чакырып турушкан Б.з.ч. Y-IY-кылымдарда сактардын атчан аскерлеринде темир туулга жана соот кийинген, оор жарактар менен куралданган отряддар пайда болгон. Алар падышалардын жана ак сөөктөрдүн кошундарын түзүшкөн.

Жалпысынан айтканда сактардын аскерлери эл аралык чоң кадыр-баркка ээ болушуп, жеңилбес жоокерлер деп эсептелишкен.

Сактардын Персия падышалары менен күрөшү

Биздин заманга чейинки YI кылымда тиграхауд сактарына өздөрүнүн көз каранды эместиги үчүн абдан күчтүү душман менен айгышкан күрөш жүргүзүүгө туура келди. Б.з.ч. 550- жылы перс урууларынын

падышасы Кир II өзүнө коңшулаш Мидия мамлекетин талкалап, Ахемениддердин династиясын орнотту. Персиянын бу жаңы падышасы байыркы тарыхта өтө белгилүү инсан болгон. Ал кыска мөөнөттүн ичинде өлкөнү башкарууну кадимкидей теске салып, көп сандагы армияны түзүүгө жетишип, ага өзү командачылык кылган. Кир II Жакынкы Чыгыштагы өлкөлөрдү , Түндүк Индияны,Парфияны, Хорезмди, Арейди, Бактрияны, Согдианаңы каратып алган. Хаумаврга сактарынын кээ бир уруулары да анын бийлигине өткөн. Эбегейсиз зор материалдык жана адам ресурстары бар аймактарды ээлеп алгандан кийин Кир II аябагандай күч-кубаттуу эки мамлекетти-Вавилон менен Египетти каратууга аракеттенген. Вавилон б.з.ч. 539-жылы жеңилип берген, бирок Египетке каршы жортуулду токтотууга туура келген, анткени ошо кездеги Персия мамлекетинин түндүк чыгыш жагындагы Томирис деген аял падышалык кылган сак уруулары бир кыйла күч алган болуучу. Ошондуктан Кир II Египетти каратуудан мурда ошол уруулларды өзүнө багындырып алууну чечкен.

Кир II ге окшогон тажрыйбалуу полководец башчылык кылган жүз миң адамдан турган күчтүү армия менен күрөшүү үчүн сактардын падышасы Томириске ошондой эле күч-кубаттуу армия жыйнооого туура келген. Ошондуктан ал персиялыктар келүүчү тараптан жана ага жамаатташ жаткан канаттардан гана эмес, тиграхуад сактары жашаган бардык жерлерден, ага кошуп Жети-Суудан, Ысык-Көлдөн, Ала-Тоодон кол жыйнагандыгы табийгый иш.

Б.з.ч. 530-жылдын жайында сактардын аймагына чектеш дарыянын жээгине келгенден кийин Кир II элчилер аркылуу жесир Томиристи аялдыкка алуу үчүн жуучу жиберет. Падыша айым Томирис да оной адам болбогондуктан,Персиянын башкаруучусуна аял эмес,сактардын аяк-башына көз жетпеген кеңири жерлери, байлыгы жана эр жүрөк жоокерлери керек экендигин түшүнүп, макул болбой коет. Согуш ачуу үчүн шылтоо жетиштүү болгондуктан перстер дарыяны кечип өтө баштаган. Сактар болсо буга тоскоолдук кылышкан эмес, анткени Томирис душманга бирөөнүн жеринде салгылашуу оңойго турбайт, анын үстүнө кайра чегингенде мелмилдеген жазы дарыя ага бөгөөт болот деп ойлогон.

Кир II сактардын жерине терендеп кирип келип, колун лагерь кылып жайгаштырат. Ал душманды айланта курчап алуу амалын ойлойт: коркумуш болуп, кайра артка чегингенде шараптардын көп запасын атайылап эле таштап кетмекчи болот. Мындай кыйды амал өтө жөнөкөй болгону менен сөзсүз натийжа бермек. Айлакер Кир II өзү ойлогондой акырын артка чегине бергенде,анын артынан куугунтоо үчүн Томирис аскерлеринин үчтөн бирин жалгыз уулу Спарганисти баш кылып жерет. Перстердин ээн калган лагерин ээлегенден кийин сактар колбашчысынын тажрыйбасыздыгынан пайдаланышып, бышылуу тамактын күйүтү жаман дегендей тойлоп киришет. Шарап ичип сайрандоо кымбатка түштү: Кир II түн жамынып, кайра келип алагүү болгон сактарды кырып салган. Бир маалымат боюнча Спарганис ошол кыргында набыт болгон, экинчи бир имиш боюнча ал колго түшүп калып, уятына чыдабай өмүрүн өзү кыйган.

Томирис Кир II ге элчи жиберип, андан сактардын өлкөсүнөн дароо кетишин жана уулунун сөөгүн кайтарып берүүсүн талап кылган. Элчи алып барган кат: "Эгерде сен ушуну жасабай турган болсоң, соргоктугуңа карабастан сени кан менен сугарам деп массагеттер сыйынган күндүк алдында ант берем",- деген опузалоо менен аяктаган. Кир II мындай опузаны этибарга албай коет. Көп узабай эки жолку айыгышкан катуу салгылашууда тиграхауд сактары перстерди бүт бойдон ташын талкан кылып кыйратышат. Башка бир маалыматка караганда сактар перстерди амал менен капчыгайга камап алышып, алардын эки жүз миң аскерден турган армиясын тыптыйпыл кылып кырып салышкан. Салгылашуу убагында Кир II каза табат. Гректердин улуу тарыхчысы Геродот жазып алган уламыш боюнча Томирис Кир II нин башын ичине толтура кан куюлган чан ачка салып атып: "Мен сени канга сугарам деп коркутпадым беле. Мына айтканымды аткардым!" - деген экен.

КирII нин өз мезгилинде көптөгөн прогрессивдүү тенденцияларды баштагандыгына, борборлоштурулган күч-кубаттуу мамлекетти түзгөндүгүнө, Жер-Орто деңизинен Инди өрөөнүндө чейин созулган чоң империянын өлчөөсүз көп байлыктарын ээлеп тургандыгына карабастан, өздөрүнүн эркиндигин коргогон сактар

менен болгон күрөштө ал жеңилип калган. Дүйнөгө үстөмдүк кылам деген адамзаттын тарыхындагы биринчи талапкердин өмүрү Орто Азия жеринде ушинтип бүткөн.

Кир II курман болгондон кийин Ахемениддер династиясында такты талашуу башталат. Көз каранды өлкөлөр ал чыр-чатактан пайдаланышып державанын курамынан чыгып кетишет. Парфия, Маргиана, хаумаварга сактарынын өлкөсү перстердин эзүүсүнө каршы көтөрүлүшкө чыгышты. Акыры Персияда бийликти Ахемениддер династиясынын бир салаасынын өкүлү Дарий I Гистасп (б.з.ч. 522-486- жылдарда бийлик жүргүзгөн) тартып алып, орто азиялык элдердин көтөрүлүшүн ырайымсыздык менен баскан. Хаумаварга сактары да ага баш ийүүгө аргасыз болушат.

Ширактын эрдиги

Б.з.ч. 519-жылы Дарий I өзүнө баш ийген элдерден, алардын ичинде хаумаварга сактарынан да куралган эбегейсиз көп аскерлери менен тиграхауд сактарына кол салат. Көчмөндөр алыста жаткан жерлеринен аскер жыйноого үлгүрбөй калышат, анын үстүнө согушка даярдыгы да жок болуучу.

Өз өмүрүн садага чаап, Персия падышасын алдап эрме чөлгө ээрчитип барып, анын аскерлерин өлүмгө дуушар кылган Ширак баатыр жөнүндө эл оозунда уламыш сакталып калган. Ал окуя мындай болуптур:

Сыйынуучу жайдын ыйык төрүндө сак падышаларынын алдында катардагы койчу Ширак басынчыларды жок кыламын деп ант берет. Ал курмандык чалуучу жерге басып барып, бычагын-акинакты сууруп чыгып, өзүнүн мурдунун учун, эки кулагынын учтарын кесип алып, күйүп турган отко салат да, өзүнүн денесин бычак менен бир нече жолун сайгылап, андан атына минип чапкан бойдон кетет. Сырдана аты аны кайда алып кеткенин эч бир жан билбей калат...

Ширак болсо баягы жерден түз эле перстердин лагерине келет да күзөттөгүлөргө жана аскер башчыларына мени падышага алпаргыла деп жалбарат. Анан ал Дарийдин алдына келгенде мындай дейт:

- Чыгыш менен Батыштын, Түндүк менен Түштүктүн улуу жол башчысы! Сенин мандайында сактардын жол башчысынын буйругу менен кулак-мурдунан ажырап, бүткөн бою бүт жарадар болгон бир шордуу турат. Мен анын атчысы элем. Бир кичинекей күнөөм үчүн ал мени ушинтип жазалады. Мен персиялык ыйык аскерлерди өчүмдү алып берүүгө чакырамын жана, мырзам, сага кайрылып айтаарым: кек алчу убак келди! Падышалардын улуу палышасы, мени аябай кордогон адамдардан өчүмдү алууга жардам бергин!

Ошондо Дарий минтип жооп кайтарыптыр:

- Кандай болгон күндө да коркоктордун бардыгынын акыры жаман болот. Алар Ахур Мазда кудайына сыйынышпай, башкаларга жүгүнүп жүрүшөт. Мен алардын мекенинин нак чордонуна кирип барганда сен өчүңдү аласың.

Атчы Ширак:

-Сактар эр жүрөк жоокерлер жана алардын күчүнө эсеп жетпейт. Ачыкка чыгып салгылашсаң көп аскериңен ажырайсың. Ал эми менин кеңешиме макул болсоң, анда аларды анча чыгым болбой эле жеңип аласың.

-Сөзүңдү уланта бер!

- Сактар бүгүнкү түнү лагеринен аттанып чыгары мага айдан ачык. Эгерде биз башка, кыска жолго салчу болсок, анда алар өтчү жерге мурдараак барып, буктурмадан тосуп турабыз. Ошондо сен аларды саяпкер куштарды торго кармагандай эле колго түшүрөсүң. Жолбашчынын атын багып жүрүп мен ал жердин коен жатагынан бери билип алдым, сага жол көрсөтүп барууга жараймын. Дагы бир айтаарым жети күндүк жолго жете турган тамак-аш жана суу гана алыш керек.

Перстердин башчысы күмөн санабай анын айтканына ишенди.

Перстердин аскерлери жети күнү жүрүп отуруп суусу жок, өсүмдүк өспөгөн кумдуу чөлгө терендеп киришти. Эң алдыда бараткан кошундун миң башчысы, акыры, иштин жагдайын түшүнүп мындай деди:

-Азабың арылбаган шордуу экенсиң! Биздин улуу жолбашчыбызды алдап, ушунча сандаган аскерлерди бир ууртам суусу жок, как эткен карга, кук эткен кузгун, айбанат аттуудан эчтеке жок, алга жүрүп өтө албаган, кайрылып кайра кете албаган эрме чөлгө бизди эми үчүн алып келдиң?

Ширак ошондо каткырып күлүп жооп бериптир:

-Мен жеңишке ээ болдум, анткени сактарды, өзүмдүн жердештеримди азаптан куткарыш үчүн перстерди жээрге тамагы, ичээрге суусу жок кур жалак калтырдым...

Ширактын башы кесилди, бирок сактар зарыл болгон тыныгууга мүмкүнчүлүк алышып, аман калышты.

Ар кандай эл өзүнүн ушундай уулу менен сыймыктанышы керек. Мындай эрдикти андан эки миң жыл өткөндөн кийин орус тарыхынын баатыры Иван Сусанин кайталаган.

Аябай эле алсыраган перстердин аскерлери акыры ар кандай айла амалдар менен сактардын атчан аскерлеринин негизги күчүн түзгөн отрядга сокку уруп, алардын кол башчысын туткундап алышат.

Дарий көчмөндөрдөн ишеничтүү бир адамды тиграхауд сактарына жолбашчылыкка дайындап, өзүнүн түмөндөгөн колу менен кайра кетет.

Александр Македонскийдин басып алууларына каршы күрөш

Атактуу байыркы баскынчы Александр Македонский (б.з.ч. 336-323- жылдарда башкарып турган) Орто Азия элдерине өзгөчө белгилүү болгон. Уламыштарга караганда бир кыйла азиялык элдер, мисалы, хорезмдиктер жана бадахшандыктар анын эр жүрөк аскерлеринин түздөн-түз укум-тукуму болуп эсептелишет. А турмак алар ушундай жалган ата-теги менен сыймыктанышкан. Орто кылымдагы уламыштар улуу полководецтин ысмын биздин республиканын аймагы менен да байланыштырган. Андай легендалардын биринде полководец Чүй өрөөнүн басып алып, ал жерден Шу деген мифтик хандын уулун кубалап чыккан деп айтылат. Дагы бир

уламыш боюнча Кытайга каршы жортуулга кетип баратып, Александр Ысык-Көлдүн түштүк-чыгыш жээгине перстердин ак сөөк адамдарынын үй-бүлөөлөрүнөн барымтага таштап кетип, алар Барскон шаарын негиздеген имиш.

А чындыгында улуу македониялык да, анын жоокерлери да Кыргызстандын аймагына терендеп кире алышкан эмес. Чыгыш тарабынан алардын жеткен чеги Ош облусунун Лейлек району аркылуу агып өткөн Кожо-Бакырган-Сай суусу болгон. Сыр-Дарыянын түндүгүрөөк жана анын сол куймасы Кожо-Бакырган-Сайдын чыгышыраак жагынан грек-македондук баскынчыларды көчмөндөр өткөрбөй коюшкан. Алар кышында ошол дарыялардын жээктерине кыштап, жайында азыркы Кыргызстандын тоолорун жайлап жүрүшкөн эле. Ал көчмөндөрдүн башчыларынын бейиттери Кетмен-Төбөнүн тоолуу өрөөнүндө болушу ыктымал. Ал жерден археологдор "падышалык" типтеги көрүстөндөрдү табышып, алардын бир тобун казышкан.

Орто-Азияны Сыр-Дарыяга чейин басып алгандан кийин Александр Македонский жергиликтүү калктын катуу каршылыгына duушар болот. Б.з.ч. 329-жылы согдиялык аскер башчысы Спитамен көтөрүлүш чыгарып, Мараканд (Самарканд) шаарын ээлеп алат. Александр Спитаменге каршы аскерлеринин бир бөлүгүнүн жиберип, өзү шаар-чепти (азыркы Ходженттин ордунда) курууга киришет. Кийин ал Александрия Эсхата (Четки Александрия) деп аталып калган.

Шаар тез эле курулган. Сепилдин узундугу 10 км ден ашык дубалы 20 күндүк ичинде топурактан созулуп, ал эми андан 17 күндөн кийин там үйлөр салынып бүткөн.

Дарыянын аркы өйүзүндө жашаган сактардын падышасы жаңы курулган шаарды талкалоо үчүн Сыр-Дарыянын оң жээгине көп күч топтойт. Сактар дарыянын сол жээгине кечип өтүүдөн жана падышасынын буйругун аткаруудан акылдуулук кылып баш тартышат. Алар атчан ары-бери чабышып, аркы өйүздөн жаа менен атышып, бери келишсин деген максат менен гректердин кыжырына тийишет. Күтүү дегенди билбеген Александр дарыядан кечип өтүүнү чечет.

Дарыядан кечип өтүүнү болжогон убакыт жетип, таң атат. Кызуу камынып жаткан учурда тиги жээктен сактардын элчилери келиптир деген кабар тарайт. Тияк-быяктан жүгүрүп келгендер Птоломейдин аскерлери лагерди аралап ээрчитип келатышкан жупуну кийинген жыйырма чакты кишини көрүшөт . Колдорунда курал-жарактары жок. Кабак-каштары салыңкы. Падышанын чатырынын жанына чыдамсызданып туруп калышты. Бир аздан кийин Птоломей элчилердин сакалдууларын киргиле деп ишарат кылат.

Төшөктөн жаңы эле турган Александр тактысына барып отуруп, кирип келгендерди кызыга карады. Келген элчилердин башчысы аппак сакалчан, узун бойлуу киши коюу кашынын алдынан "кандай адам болду экен" дегенсип падышага тунжурап көзүн тикти. Экинчиси, тарамыштуу, күнгө күйүп тотукkан жоокер да македониялыктан көзүн албады.

Биринчи болуп карыя сөз баштайт. Анын сөзүн илгерки жылнаамачылар бизге жеткиришти. Анын айтканы бул:

- Эгерде кудуретүү кудайлар сенин денеңдин көлөмүн сенин ач көздүгүңө барабар кылып жасашкан болсо, анда сен жер жүзүнө батмак эмессиң. Бир колуң менен сен чыгышты , экинчи колуң менен Батышты апчып, төбөң менен күндү-сыйкырлуу жарыктын булагын тиреп турмак экенсиң. Сен аябагандай көп жерди оп тартып сугунуп алып, аларды сиңире албай жатасың. Эгерде сен дүйнө жүзүндө жашаган адам баласынын тукумун бүт бойдон сиңирип кетсең, анда сен сөзсүз жер үстүндөгү токойлор, кар-мөңгүлөр, дарыялар, жапайы айбанаттар менен согушмакысың. Кебетеси, сенин жаратылышың ушундай болсо керек! Сен эмне, балпайган бай даректардын өсүп жетилиши үчүн көптөгөн жылдар талап кылынарын, ал эми аларды бир заматта эле кыйып таштоого болоторганын билбейсиңби? Кала берсе арстан да бир жолу тыптырнактай чымчыктардын жеми болуптур; темирди да дат жеп коет. Араң жан макулук да коркунуч туудурбай турган дүйнедө эч бир бекем нерсе жоктур...

Чатырда отурушкан аскер башчылары, падышанын жакын санаалаштары скифтин сөзүн үн катпай, кунт коюп угушту. Падыша тактысында чалкалап чиренип, чыканак такоочуларын мыкчып кармады эле манжалардын сөөгү кубарып кетти.

Сак сөзүн улайтат.

-Биздин сени менен касташуубуз кайдан келип чыкты? Биз сенин жериңе тийген жокпуз. Кудайга шүгүр, өз жерибиз өзүбүзгө жетет. Биз бирөөлөргө жазакерленген эмеспиз, башкаларга үстөмдүк кылууну да каалабайбыз. Эркиндик жана кошуналар менен тынчтыкта жашоо-биздин көздөгөнүбүз ушул гана...

... Бизге, сактарга Алла талаанын тартуулаган сыйы: өгүздүн жабдыктары, соко, найза, жаа, жебе, чөйчөк экенин билип кой. Биз аларды досторубуз менен мамилелешкенде жана душман менен салгылашканда пайдаланабыз. Өгүздөрдүн тери менен тапкан олжобузду досторубузга беребиз; чөйчөккө алар менен бирге суусундук куюп кудайларга сунабыз. Жебе менен алыстан душмандарыбызды атабыз, найза менен жакындан жоону саябыз. Бизге каршы согуш ачкан падышалар көп болгон, бирок соо кеткени аз болгон. Сен быякка каракчыларды кубалаганы келдим деп мактанасың, а өзүң болсо каратып алган жерлердеги уруулардын баарысын талап-тоноп жатасың. Сага байлыктын эмне кереги бар? Дүнүйө деген элге ачкачылык гана апкелет. Канча тойсоң алкың ошончо бузулат. Дүнүйөнү канча көп жыйсаң, ошончо дагы жыйнап алгын келет. Көз тойбойт. Персия падышаларынын сан жеткис мүлкү сага калбаганда кимге калды? Эми болсо тойбогон колуңду биздин малыбызга сунуп отурасың...

-Мени адегенде силер кордодуңар!-деп тигинин сөзүн бузду Александр. -Тетиги, наркы өйүздөгү атчан чапкылашып, маймылга окшоп айкырып кылжыктаган аскерлер силердики эмеспи?

- Сөзүңө аралжы, биз силерге барган жокпуз; сен биздин чек арага кирип келип отурбайсыңбы! Биз эмес, сен дайраны кечип биздин жерибизге кириш үчүн кайыктарды, салдарды даярдап жатпайсыңбы! Эгерде Яксартты кечип өтүп көрсөң ошондо сен биздин жердин кенедигин билесиң. Сактардын артынан сен эч качан куп жете албайсың. Биздин кедейлигибиз көптөгөн элден талап алган олжолорду өздөрү менен кошо ташып ала жүргөн сенин аскерлериңе караганда чапчандык кылат...

-Башка сөз менен айтканда, силер коенго окшоп качканы жатасыңарбы! - кемсинткенсип үн салды Александр.-Сактарды элден бөтөнчө эр жүрөк болушат деп уктум эле го!

Улгайган элчи көз ирмем күрмөлө түшүп, кайра дароо эле каршы жооп кайтарды:

- Керек болсо, сен сактар менден эми алыс деп камырабай ал турганда бизди өзүңдүн лагериңден көрөсүң ... Биз кууганда да, качканда да өтө тездик менен жүрөбүз. Ошондуктан өзүңдүн тагдырыңа бекем жармаш. Бактыңды ооздуктап жүрсөң, аны башкарганга жеңилирээк болот. Бизде бактынын буту жок, анын колу менен эле канаты болот. Колун сунуу менен ал өзүн гана эмес, канатын да карматпайт деген сөз бар. Каңшаарга караганда, эгерде сен кудай болсоң, анда бечаралардын мүлкүн тартып албастан, кайра аларга жакшылык кылышың керек. А эгер сен адам болсоң, анда дайыма адам бойдон каларыңды эсиңден чыгарба...

Сөз бүтүп жымжырт боло түштү. Ошондо Александр тагынан туруп минтип сураптыр:

- Сактардын акылманы, сен айтаарыңды айтып бүттүңбү?

Карыя буурул башын билер-билинбес ийкеп, бир азга ыргылжың болуп туруп, анан үн катат:

- Акырында дагы айтаарым: кимдер менен согушпасаң, алардан берилген достору таба аласың. Барып турган бекем достук бири-бирин өйдө же ылдый санабаган тең, бирдей адамдардын гана ортосунда болот, ал эми кимде-ким бири бирин күч менен коркутпаганда гана алар бирдей, тең деп эсептелинет...

Александр минтип жооп бериптир:

- Мен сенин сөзүңдү уктум, кенешиң үчүн рахмат. Өзүмдүн бешенеме жазылган бак-таалайымды жана сенин ақылмандыгыңды пайдаланып, эч качан акылга сыйбаган жана тобокелге салган иш жасабайм. Менин тагдырым эмне десе, ошону иштеймин.

Эй, Птоламей! Бул элчилерди Танаистин жээгине чейин узатып кой, элине аман-эсен барышсын.

Элчилер кеткен соң Александрдан колбашчы Кратер сураптыр:

-Эми сен эмне кылмак болдуң?

- Бул эмне дегенин? Мындан үч күн мурдагы менин чечимим жөнүндө сен билген жок белең?

- Демек...

- Дароо дарыянын аркы өйүзүнө өтүүнү башташ керек!

Спитамендин көтөрүлүшү

Яксарттын жээктериндеги салгылашууда мурдагы жана кийинки айкаштардай эле Александр жеңип чыккан. Бирок кийинчерээк ага дүйнөлүк тарыхта биринчи жолу партизандык согуш бүткүл элдердин согушу менен кездешүүгө туура келди. Согдиандагы Спитамендин жетекчилиги астында кеңири кулач жайган көтөрүлүш баскынчыларга көп түйшүктөрдү алып келди. Спитамендин колдо болгон күчү менен македондуктарга каршы бетме-бет ачык согушка чыгууга болбойт эле. Ал эми айрым отряддарды жалгыздатып жок кылуу, коммуникацияларын бузуу жана үзүү, калктын азык-түлүгүн талап алып жаткан грек-македондук каракчыларды кармап алып сазайын берүү толук мүмкүн эле. Спитамен дайыма аны күтпөгөн жерлерден чыга калып, душманына камындырбай сокку уруп, ошол замат кайра ээн талаага кетип калуучу. Сактардан куралган жеңил атчандары баскынчылардын айласын аябай кетирген. Александрдын кол башчылары көтөрүлүшчүлөргө бир нече курдай сокку урушса да, алар эч кандай натыйжа берген эмес. Көтөрүлүштү бир жерде басышса, экинчи жерден кайра чыгып турган. Ошентип, көтөрүлүш эч качан бүтпөчүдөй көрүнгөн.

Ошондо Александр мурда пайдаланып жүргөн сыналган, ыкка салды: өлкөнүн атактуу адамдарына ар кандай сый көрсөтүп, аларга жер, белектер тартуу кылып, ар кандай кызматтарды берип, андан тышкары куралын таштап каршылык кылбагандардын бардыгына мунапыс (амнистия) жарыялайт.

Көтөрүлүш чыгаргандардын арасы бузулуп, жик кетет. Айтканынан кайтпаген Спитамендин тегерегинде заговор уюшулуп, эки жылга жакын созулган күрөштөн кийин б.з.ч. 328-ж. ал чыккынчылык менен өлтүрүлгөн.

Согдиалыктар менен сактардын Александрдын армиясына каршы баатырдык күрөшү б.з.ч. 327-жылга чейин созулган. Согда менен Бактириянын ак сөөктөрү Александр алар менен эмес, эл менен согушуп жатканына көздөр жеткенден кийин өз элине чык-

кынчылык кылышып, аны сатышып, баскынчынын берилген жанжөкөрлөрү болуп алышат. Айгышкан күрөштөн алсыраган Согдиана каршылык көрсөтүүсүн токтотот. Орто-Азиянын элдери Александр Македонскийдин армиясы менен күрөштө жеңилип калат, бирок душмандын күч-кубаты да начарлаган болуучу. Баскынчынын оюндагы Индияга жасалчу жортуул бир кыйла мезгилге чейин токтотулуп калса да, акыры ишке ашырылган. Индиялык жортуулдан Александр Вавилонго кайтып келип, ал жерде б.з.ч. 323-жылы капысынан каза тапкан. Анын бузулган империясынын урандысында, Орто Азиянын түштүк бөлүгүндө жана Ооганстанда б.з.ч. III-к. ортосунда Грек-Бактрия падышалыгы түзүлгөн.

Сак урууларынын маданияты

Чуй өрөөнүн аралап өтүп баратып заңкайган, катары менен тизилген падыша көрүстөндөрү деп аталган дөбөчөлөрдү байкабай кое албайсың.

Кээ биринин бийиктиги 20 метрге, диаметри орточо эсептегенде 100 метрге жетет. Алар аличиге жазылып изилдене элек, бирок булардын кандай курулганын, жасалгаларын, өлүк менен кошо канча жана кандай байлыктар коюлганы тууралуу ой жүгүрткөндө казак илимпоздору казган Ысык көрүс төнүнөн табылгандарды көз алдыга келтирүүгө болот. Ал бейитке коомдо жогорку абалды ээлеген эркек адам көмүлүптүр. Ага булгаарыдан жасалган кыска сырт көйнөк кийгизип, белине алтын аралаштырган жалтырак жип менен кооздоп тигилген кур курчалып коюлган. Ичинен кийген көйнөктүн жеңи дагы майда алтын жасалгалар менен кооздолгон. Алды жагынан курунун оң тарабына темир кылыч, сол жагына канжар илинген. Узун кончтуу өтүгүнө да ар түрдүү оймо-чиймелер тартылган. Баардыгы болуп бейиттен 4000 ге жакын алтын буюмдар табылган.

Сактардын мүрзөлөрүн Кыргызстандын аймагынын бардык жерлеринен: Ысык-Көлдүн айланасынан, Нарындан, Таластан, Кетмен-Төбөдөн кездештирүүгө болот. Археологдор ал көрүстөндөрдү казганда Ала-Тоолук сактардын пайдаланган куралжарактардын толук комплектин жыйнап алышты. Алар: кыска канжарлар, кыны менен кылычтар, бөрү тилдүү найзалар, чырпыктан

согулуп, калың тери менен капталган калкандар, ай балталар менен керкилер. Жаасы келтек келип, бирок абдан катуу кере тартылган, жебелер бекем жыгачтан же камыштан жасалып, учтарына үч кыр коло, кээде темир кийгизилген.

Ала-Тоо сактарынын көрүстөндөрүнөн табылган чоподон жасалган идиштин өтө көптүгү таң калдырат. Анын түбү тегерек жана жалпак келип, көчмөндөрдүн турмушуна жакшы ылайыкташтырылгандыктан жерге салынган тасмалдын үстүнө койгондо жыгылбайт. Колодон жана алтындан искусствонун эң сонун көркөм буюмдарын куюп жасоо иши жогорку деңгээлде өнүккөн.

Ошол эле көрүстөндөрдөн жогорудагылар менен катар ойго келбеген, кокусунан табылган буюмдар: шакектер, топчулуктар, билериктер ж.б. жолугат. Булардын бардыгын сактардын буюмдарына мүнөздүү болгон бир өзгөчөлүк айырмалап турат, ал айбанаттардын: кабыландардын, жолборстордун, өгүздөрдүн, бугулардын, камандардын, топоздордун тартылган сүрөттөрү. Бул скифтик айбанат стили деп аталат. Жаныбарлардын салтанаттуу жүрүшүнүн сыйкырлуу мааниси болгондугу, ошондой эле анын сактардын мифологиясы менен диний түшүнүктөрүнө байланыштуу экендиги талашсыз.

Сактардын мифологиясы жана диний көз караштары

Байыркы авторлордун далилдери боюнча сактар өздөрүнүн эң жогорку теңири катары айкөл кудай бардыгын жараткан Урмаузду (Ахура-Мазда) урматташкан. Анын карама-каршысы каардуу Анкрамайня болгон. Ошондой эле алар күндүн кудайы Митрага сыйынышкан. Мындан сактардын дини көпчүлүк кошуна элдердикиндей эле зороастриялык болгондугу көрүнүп турат. (Зороастризм б.з.ч. VI к.дагы Заротуштра деген пайгамбардын ысмынан келип чыккан. Анын негизги жобосу боюнча дүйнөдө эки башталыш - жакшылык жана жамандык бар. Экөөнүн ортосундагы күрөштөн дүйнөлүк процесс, б.а. турмуш, жашоо келип чыгат).

Бирок сактардын зороастризминин кээ бир өзгөчөлүгү болгон. Алар өздөрүнүн "асман талаасында" жашаган түпкү ата-бабаларын

("ангирастарды-аталарды) кудайга тең көшкен. Ошондой эле алар Түбөлүк отко ("Агни кудайга"), Ыйык сууга жана жердин эзели карыбаган, түбөлүк жаш кудайы Аргимпасага табынышкан. Алардын ишеними боюнча ар жылы жазында Аргимпаса каркылдаган көп канаттуулардын коштоосу менен өзү сыйкырдуу өрдөк Каршиптени минип алып, сактардын жерине учуп келет имиш. Ошондо кар эрип, жер жаңырып, жаратылыш гүлдөйт экен...

Сактардын Ысык-Көл толкундарынын астындагы байыркы эстеликтери

Кыргызстандын, Казакстандын, Ташкендин музейлеринде, өзгөчө Санкт-Петербургдун музейинде сактардын колодон жасалган турмуштиричилик буюмдары, куралжарактары өтө эле көп. Алардын арасында турмуш-тиричиликте колдонулуучу казандар жана курмандык чалуучу кичинекей үстөлдөр, керамикадан жасалган көп идиштер бар. Алма-Ата шаарына жакын жердеги Ысык аттуу дөбөнү (мурда уурдап-тонолбогон) казган учурда сактын, бүт алтындан жасалган кийим кийгизилген кандын баласынын сөөгү табылган. Булардын баарысы кеңири маалим. А 1980-жылдардын экинчи жарымындагы анык таң калдырчу нерсе көгүлтүр Ысык-Көлдүн толкундарынын астынан сактар жашаган убактагы буюмдардын, ошондой эле сактардын дооруна мүнөздүү болгон эски шаардын чалдыбарынын табылганы болду.

1985-жылы талаа жумуштары жүрүп жатканда республиканын Илимдер Академиясынын Тарых институтунун тарых-археологиялык отряды Ысык-Көлдүн жээгинен жана ага куюучу суулардын боюнан бетинде сүрөтү бар эки канжар-акинак, колодон жасалган кичинекей казанча жана курмандык чалганда колдонуучу килейген казан, жабыштырма керамиканын көптөгөн сыныктары, таштан жана колодон орок формасында жасалган бычактарды, жаргылчактарды, дагы башка чарбалык шаймандарды кокусунан таап алган. Алардын баарысы хронологиялык жактан сактардын дооруна туура келет. Булар көлдүн түштүк жээгиндеги азыркы Дархан жана Песчаное кыштактарынын жанынан табылган.

Илимпоздор үч жыл бою аквалангист адисттердин жардамы менен Түп булуңундагы Песчаное селосуна жакын жерде археологиялык иштерди жүргүзүшкөн. Бул жерден байыркы адам турган жайдын калдыгы, тагыраак айтканда изи бар экенин белгилешкен. Табылган буюмдардын мүнөзүнө жараша окумуштуулар аны Сары-Булуң шаар чалдыбары деп атап коюшту. Кийинчерээк ал жерде усундардын Чигу деген башчысынын ордосу болгон. Бирок бул Тянь-Шандагы сактардын ордуна усун урууларынын союзу келген мезгилге туура келет.

Сактардын күч-кубатынын начарлашы

Сактардын тарыхынын акыркы мезгили жөнүндө биз өтө эле аз билебиз. Мисалы, бир топ эле кийинки грек авторлорунун колунда дарыянын аркы өйүзүндө жашаган сактар жөнүндө болор-болбос эле маалыматтар болгон. Алсак, алар Яксарт (Сыр-Дарыя) өрөөнүнүн боюнда карат жана камар уруулары, ал эми тоолорго жакын жерлердеги аймактарда комеддер жашаарын билишкен. Аскатан тоолорунун (Тянь-Шань) өзүндө болсо массагеттер, алардын түштүгүрөөк жагында гринаилер менен тоорндар , Имай (Памир-Алай) тоолорунда бильттер жашаган. Булардын баарысы малчы-көчмөндөр болушуп, негизинен токойлордо жана үңкүрлөрдө күн өткөрүшкөн. Алардын ичинде сактардан айырмаланган "жапайылар" ("варварлар") болгон. Минтип, отурукташып, дыйканчылык менен кесип кылгандары айтышкан. Сактардын начарлаган жана бытыранды болгон уруулары чыгыштан келишкен алдуу-күчтүү көчмөндөрдүн кысымына туруштук бере алышкан эмес.

Б.з.ч. II кылымдын башында дарыянын аркы өйүзүндөгү сактарды согушчан гуяндар Чыгыш Түркстандан сүрүп чыгарган көчмөн юэчжилер (тохарлар) жеңип алышкан. Юечжилер Тянь-Шань менен Ферганада көпкө тура алышкан эмес. Алардын беш уруусунун бирикмеси сактардын колдоосу менен грек-бактрия падышалыгына кол салып , аны талкалайт. Орто Азиядагы грек-македониялыктардын акыркы тиреги мына ушунтип жок кылынган.

Б.з.ч. II кылымдын орто ченинде Тянь-Шанда калган сактарды усун уруулары каратып алышкан. Ошондон кийин сактардын бир бөлүгү киши баралбай турган тоолуу жерлерге көчүп кетишип, калгандары болсо жеңип алгандарга баш ийип беришкен.

* * *

ОРТО АЗИЯДА ЖАШАГАН САКТАР ЖӨНҮНДӨ АЛГАЧКЫ ЭСКЕРҮҮЛӨР

Ирандагы Бехистун деген бийик аскага падыша Дарий I байыркы перси, элам жана вавилон тилдеринде өзүнүн иштеген иштерин даңазалаган эстеликти чегип жазууга буйрук берген. Анда биздин заманга чейинки 519-жылдагы тиграхауд сактарына каршы жортуул жөнүндө да баяндалган. Падыша өзүнүн жетишкен ийгиликтерин апырта мактаттырган:

"Дарий падыша айтат: Мен сактардын аскерлери менен деңиздин нары жагындагы шуңшугуй калпак кийген сактардын өлкөсүнө бардым. Баргандан кийин кеме көпүрөсүн деңизге жакын жерге салдырдым. Ошо кеме көпүрө менен мен өлкөгө келдим. Сактарды аябай талкаладым. Бир бөлүгүн колго түшүрдүм. Башка бир бөлүгүн байланган боюнча мага алып келишти. Биздикилер алардын бирөөнү, алардын барынан чоңун-ысмы Скунха дегенди кармап алышып, мага алып келишти. Башка бирөөнү мен чоң кылып койдум. Мен ушинтким келди. Андан соң өлкө меники болуп калды".

* * *

АРРИАН СЫР-ДАРЫЯДАГЫ САЛГЫЛАШ ЖӨНҮНДӨ

Арриан Флавий-байыркы грек тарыхчысы, б.з.ч. II кылымдын экинчи жарымында жашаган. Багындырып алууларга катышкандардын эмгектерин пайдалануу менен Александр Македонскийдин жортуулдары жөнүндө Александрдын "Анабасиси" деген эмгегин жазган.

"Дарыяны кечип өтүү үчүн керек болгондордун баарысы даяр болуп, шайма-шай куралданган аскерлер дарыянын жээгинде даяр турушту, башынан макулдашылган белги боюнча өзөндү бойлоп атчан чапкылап жүрүшкөн сактарды аткылай башташты. Кайсы бирөөлөрү жарадар болушту. Жебе алардын бирөөнүн калканын жана чопкутун тешип өткөн экен, ал атынан учуп түштү. Сактар алда кайдан зуулдап учуп жетип аткан жебелерден жана өздөрүнүн баатырынын өлгөнүн көрүп коркушуп, жээктен бир аз нарылап кетишти. Александр алардын дүрбөлөңгө түшүп калганын көргөндөн кийин керней-сурнайдын жаңырган үнүнүн коштоосу менен дарыядан өтө баштады; өзү алдыда баратты, аскерлери анын артынан ээрчиди. Ал жээкке биринчилерден болуп жаа тарткандар менен салмоорчулар чыксын деп буйрук берди, анткени алар жебелерин, таштарын жаадырышып, атчан аскерлер бүт өткөнчө сактарды жээкке чыгып жаткан жөө аскерлерге жакындатпай кармап туруш керек эле.

Аскерлердин баарысы жээкке чыгып бүткөндөн кийин ал сактарга каршы адегенде найзалар менен куралданган чет элдик бир атчан отрядды жана төрт жөө аскер бөлүгүн жиберди.Сактар алардын алдынан тосуп чыгышып, атчан тегеректеп алышып, кырын салышты да, өздөрү жолтоосуз көзгө көрүнбөй кетип калышты".

СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Эмне үчүн КирII сактар менен болгон күрөштө жеңилип калды?

2. Кимдин эрдигин Ширак эки миң жылдан ашуун мурда эле көрсөткөн?

3. Эмне үчүн сактар Спитамендин жолбашчылыгы астында грек-македондук басынчыларга каршы күрөштү уланта беришти?

4. Сактардын заманында Ысык-Көлдүн жээгинде кайсы шаарча адам жашаган жай болду эле?

БУЛ ДАТАЛАРДЫ ЭСТЕП КАЛГЫЛА

Б.з.ч. 530-жыл-Перстердин сактарга жортуулу жана падыша Кир II өлүшү.

Б.з.ч. 519-жыл-Дарийдин сактарга жортуулу.

Б.з.ч. 329-ж. -Александр Македонскийдин сактартиграхауддар менен кагылышуусу. Спитамендин көтөрүлүшү.

Ойлонуп туруп жооп бергиле:

Александр Македонский "Эр жүрөк адамдар үчүн эч кандай тоскоолдук болбойт, коркоктор үчүн эч кандай таяныч болбойт " дегенди кайталап айтканды жакшы көрүүчү.

Бул учкул сөздөрдүн кайсы бөлүгүн сактарга ыйгарууга болот? А өзүнөр үчүн кайсы жагын алат элеңер?

3. КЫРГЫЗДАР ЖАНА КЫРГЫЗСТАН ЭЛДЕРДИН УЛУУ КӨЧҮҮ ДООРУНДА

Көчмөндөрдүн батышты карай жылышы

Рим империясы кулап, ал ээлеген жерлерге II-Y-кылымдарда "жапайы" германдыктар, славяндар, түрк уруулары барып жайгашканын белгилеген доорду - "Элдердин улуу көчүүсү" ("жер которушу") деген түшүнүктү илимге батыш европалык окумуштуулар киргизишкен. Бул процесске катуу түрткүнү Борбордук Азияны жердешкен көчмөндөр беришкен. Эски жана жаңы эра тогошкон мезгилде кең талаа күрдөөлдүү кыймылга келген. Капысынан жана

өтө тездик менен гунндардын көчмөн эли Азиянын терең инен жолдо кездешкендердин баарысын ырайымсыздык менен кыйратып, Батышты карай жөнөгөн.

Гунндар тарабынан талкаланган көчмөн уруулардын калдыктары бул кыймылга кошулуп, кошо кетишкен. Андан Кыргызстандын көчмөндөрү да четте калган эмес.

Түрктөрдүн эң байыркы уламышы

Ушул күнгө чейин жүрөктү титиретип, элдин эсинде сакталып келаткан бул коркунучтуу адамдар кайдан чыккан?

Гунндардын жогорулашы Маодун хандын ысмы менен байланыштуу. Байыркы кытайлар аны ушунтип аташкан. Түрк элдери өздөрүнүн уламыштарында дайыма аны Огузкаган деп урматтап айтышкан. Бизге чейин жеткен эң байыркы түрк уламышы боюнча Маодундун атасы Кытайдын түндүгүндөгү мейкин талааларда жашаган көчмөн гунндардын бир кичинекей уруусуна башчылык кылган. Хан өзүнүн чечкиндүү жана кайраттуу улуу улуу Огузду жаман көргөн, ошондон улам аны бейпилдикте жана ынтымакта жашоонун белгиси катарында көшүна урууга барымтага берип коет. Арадан көп убакыт өтпөй эле көшүналары барымтага берген уулун өлтүрүп коюшу ыктымал деп хан аларга кол салат. Бирок арамза хандын уулу анык жигиттик кылып, күлүк аргымакты уурдап минип алып, элине качып келет.

Жалпы гунн уруулары баланын мындай азаматтыгына аябай сүйүнүшөт. Атасы болсо эл көңүлүн калтыргысы келбей, уулуна кичинекей атчан отряд ыйгарып берет. Кайраттуу, эр жүрөк Огуз жөн жүрбөйт, ойлоп отуруп атканда зуулдап-ышкырып уча турган жебе жасап алат. Археологдор мындай жебелерди көчмөндөрдүн сөөгү коюлган мүрзөлөрдөн бир канча ирет табышкан. Ал жебелердин темир каптаган учтарына удаалаш, сөөктөн жасап, ар кайсы жерин тешип койгон көндөй шарчаларды кийгизген жебе учканда алар жүрөктүн үшүн алган коркунучтуу ышкырык чыгарган.

Огуз атчан жоокерлерин өзүнүн ышкырган жебесин кайсы тарапка атса, бир кишидей болуп ошо тарапты карай атууга үйрөтөт. Огуз бугу же болбосо элик атып жүргөндө анын жигиттери ага эч каяша айтышчу эмес. Ал эми Огузга болсо анын келечектеги ойлогон оюн ишке ашыруу үчүн кыңк этпей айтканын аткарган аскерлер керек болуучу. Ушундай максат менен бир жолу өзүн туткундан куткарып чыккан жакшы көргөн күлүк атын атат. Денесине жүздөгөн жебе тийген ат дароо жыгылат. Аскерлеринин кээ бирөөлөрү атактуу жылкыны атуунун зарылдыгы жок дешип жаа тартпай коюшат. Огуз айтканын аткарбагандардын баарысынын баштарын кестирип таштайт. Дагы бир күнү ал өзүнүн аялдарынын бирөөнү көкүрөккө атып жиберет. Бул жолу аскерлеринин баарысы тартиптүүлүгүн көрсөтүшөт: жайнап тийген жебеден аял бечаранын денеси такыр эле көрүнбөй калат. Огуз аябай ыраазы болуп, отряддагы жоокерлерин мактап, алардын баарысына сыйлык берет. Ошондон кийин гана ал өзү эмне кааласа кол алдындагылары ошону иштөөгө дайым даяр экенине ишенет. Ошентип Огуз...

Күндөрдүн биринде аң уулап жүрүшкөн учурда ышкырган жебе менен өз атасын арка талаштыра атып калат. Улгайган хан бир заматта ага тийген жебелерден ийнелүү кирпичечендей боло түшүп, анын уулу акыры өзүнөн ашкан митаам, ырайымсыз, арамза болгонун түшүнө электе жарык дүйнө менен кош айтышат.

Кытай жылнаамалчылары бул окуя б.з.ч. 209-жылы болгонун жазышкан. Өз атасын өзү атып өлтүргөн жигитти кошуналары сыйламак беле. Юэчжилер (тахарлар) деген күчтүү уруунун башчысы эптеп чатак чыгарыштын себебин издеп, гунндардын үйүр-үйүр болгон көп жылкыларынын ичинен тандап туруп эң мыкты айгырын берсин деп, эч аткарылбай турган талап менен Огузга чабарман жиберет. Жаш хан уруу башчыларын чогултуп талаптын маанисин түшүндүрөт. Уруу башчылары бир ооздон абийирден, уят-сыяттан ажыраган кошунага айгыр эмес, ат бербеш керек дешет. Огуз хан акылман аксакалдарынын сөздөрүн укkандан кийин: "жакшы кошунадан ат аяган болбойт" деп, тандамал айгырын кармата берет. Ошол эле замат Огуз кошуналарына да, жадаса өз уруусуна да шылдың болуп калат. А уяты жок кошунасы болсо аны менен тынчыбайт.

Экинчи жолу чабарман жиберип, Огуздун өзүнүн түрктөй болгон сулуу аялын коңулдөш болууга берсин деп суратат. Хандын кыжыры кайнаган кеңешчилери гунндардын атынан дароо согуш ачып, абийирсиз кошунанын каны менен маскаралыкты жууп кетириш керек дешет.

Огуз ачуусу аябай келип, арданып алышкан карыяларды сабырдуу болууга чакырып, жакшы санаалаш кошуналары менен тынчтыкта жашоо үчүн сүйгөн жубайын берүүнү чечет да, аны берип жиберет. Ошондон кийин аны бүт эли жек көрүп калат. А кошунасы болсо ага жамаатташ жаткан гунндардын жерлерин мага берсин деген жаңы талап коюп чабарман жиберет. Карыялар бул жолу, баарысы бирдей баштарын ийкешип: - "Мынабу тилкени берсе болот чөп да чыкпайт, суусу да жок. Көчмөнгө андай таштак жердин эмне кереги бар ", - дешет. "Жерди мен эч кимге эч качан бербейм",-дейт Огуз камырабай. - Жер деген мамлекеттин негизи". Ал ошол эле замат: "Кеңешчилердин башы алынсын " жана "дароо эле жортуулга чыгыш керек" деген эки буйрук чыгарат.

Гунндар селдей каптап юэчжилерге чабуул коюп киришип, алардын таш-талканын чыгарып, батышты көздөй алыска кубалап салышат. Алардан кийин башкаларга кезек келди. Ошондон баштап Огуз аттан түшпөй,анын ызылдап учкан жебелери Борбордук Азиянын бардык элдеринин жоокерлеринин жүрөгүнүн үшүн алып турду. Алардын баарысы гунндардын күчүнө таазим кылып, баштарын ийип калышат. Ал эми б.з.ч. 201-жылы Огуз азыркы Батыш Монголияда жайгашкан кыргыздар (Гяньгунь) ээлик ылган жерлерди баш ийдирип алган. Маодун-Огуз б.з.ч. 174-жылы каза тапкан. Ал буга чейин Забайкальеден Тянь-Шанга, Сибирь тайгасынан Кытай чегине чейинки мейкиндикте жашаган элдерди өзүнө багындырып алган болуучу. Огузга бир гана Кытай баш ийген эмес. Империя менен гунндар узакка чейин согушуп, анын аягына качан чыгаары белгисиз болуучу.

Акыры жүрүп гунндар жеңилип калышат. Алардын кыйрашына Тянь-Шандык усундар да өздөрүнүн үлүшүн кошушкан. Гунндардын бир бөлүгү жеңип алгандарга баш ийип беришип, баш ийүүнү каалабагандары Батышты көздөй кетишет.

Гунндар Батышта тез эле ирденип кете алышкан эмес, бирок Аттила хандык кылган V -к.дын орто ченинде алар бир кыйла күч-кубаттуу болуп калышкан. Ал өзүнүн ордосун Кара деңиздин жээгинен Дунай дарыясынын боюндагы Паннонияга (Венгрияга) көчүрөт. Рим менен болгон согуштарды жеңиштүү аяктап, Аттила менменсиген империяны гунндарга алтын менен аябагандай көп алман төлөөгө аргасыз кылган. Аттиланын империясы өз жолбашчысынын кадыр-баркы жана кылычтын күчү менен сакталып турган. Эгерде гунндар бир эле жолу катуу жеңилип кала турган болсо, анда алардын күл-кубаты начарлап калаары табыйгый иш эле. Акыры так ошондой болду. 451-жылы Каталун (Шампань, Франция) талаасындагы айгышкан салгылашууда римдиктер жана алардан союздашкандары көчмөндөрдү жеңип чыгышты. Гот тарыхчысы Иордандын жазганына караганда эки тараптан 165 миң адам өлүмгө учураган. Андан көп узабай эле Атилла дүйнөдөн кайтып, ал түзгөн мамлекет кыйрайт. Башында мадьяр уруусу турган гунндардын кичинекей гана бөлүгү Европада орун-очок алып туруп калган. Азыркы венгерлер өздөрүн ошолордун тукумубуз деп эсептешет.

Кыргыз этниминин биринчи оозго алынышы

Маодун-Огуз хандын башкаруусу кыргыз элинин тарыхындагы маанилүү этаптын башталышы болду Кытай жыл наамаларында "кыргыз" деген этноним биринчи оозго алынып айтылды. Б.з.ч. 201-жылы Огуз хан өзүнүн көп колун батышты көздөй жиберип гянь-гунндар ээлеген жерлерди басып алат. Бул жупуну эскерилген маалыматын маниси эбегейсиз зор. Окумуштуулар талашсыз далилдеп чыккандай гянь-гунндар деп (гэгунь, цигу, кигу деген варианттары бар) кытайлар байыркы кыргыздарды аташкан. Мына ошол маалыматтын аркасы менен биз б.з.ч. Ш-к. аягында эле кыргыздар ээлик кылган жерлер бар экенин билебиз. Ошентип, "кыргыз" деген этноним түбү түрк тамырынан тараган азыркы элдердин ысымдарынын эң байыркысы болуп саналат. Өзбектер, уйгурлар, казактар, түркмөндөр, татарлар, башкырлар ж.б. сыяктуу этнонимдер андан бир кыйла кийинчерээк пайда болгон.

Кыргыздардын байыркы эзлик кылган жери кайда экендиги да аныкталган. Ал ошо кездерде азыркы Монголиянын батыш бөлүгүндө, болжол менен Кыргыз-нур көлүнүн районунда жайгашкан. Кыргыздар гунн аскерлеринин курамында Кытайга каршы согушканы белгилүү. Б.з.ч. 99-жылы гунндар кыргыздар ээлеген жерге башкаруучу кылып, колго түшкөн кытай аскер башчысы Ли Линди дайындашкан. Ал кыргыз хандарынын династиясын негиздеген. Уламыштар боюнча ал династия кыргыздарды Х-к. чейин башкарган. Ли Лин бийлигин уулуна тапшырып, өзү б.з.ч. 74-жылы каза тапкан. Ли Линдин тукумдары кийин бир аз убакытка чейин гунндардын гегемондугунан кутулууга жетишкен, бирок б.з.ч. 40-жылы гунндардын ханы Чжичжи кыргыздар ээлик кылган жерди кайрадан каратып алган.

Эне-Сайга көчүп баруу. Гунндардын төрөлөрүнүн ич-ара согуштары Чжичжи ханды Мин өзөн өрөөнүнө (Эне-Сай дайрасына) качууга мажбур кылат. Кээ бир окумуштуулар так ошондо, б.з.ч. 1 к. орто ченинде, ал кыргыздарды өзү менен кошо алардын жаңы мекенине көчүрүп ала кеткен болуш керек дешет. Башка окумуштуулар кыргыздардын Эне-Сайга оошу башка шарттарда жана башка убакта болгон деген пикирди айтышат.

Байыркы түрк уламышында мындайча баян бар: мифтик (ойлоп чыгарылган) канчык карышкырдын тукумунан Кыргыз деген ысымдагы бирөө Алтайдан Абакан суусунун Эне-Сай дарыясына куйган жерине келип жашап калат. Бул окуя Ш-к. аягы -IV к. башталышында болгон. Археологиялык материалдар экинчи божомолдун пайдасына күбөлөгөнсүйт. Алар Эне-Сай дарыясынын боюндагы европеид түспөлүндөгү жергиликтүү калк Борбордук Азиядан келгендерге сиңишип кеткен деген пикирге күбө болот. Таштык деп аталган жаңы археологиялык маданият пайда болот. Анын эң кийинки этабын (III-Y- к.к.) байыркы кыргыз маданияты деп эсептөөгө толук негиздер бар.

Эне-Сайдагы байыркы кыргыздардын маданияты

Кыргыздардын Түштүк Сибирде жашап турган мезгилинде биринчи жолу мамлекетүүлүк пайда болгон. Археологдор ал жердеги кыргыздардан калган-турак-жайларды, көрүстөндөрдү , каналдарды жана башка эстеликтерди изилдешкен. Ал эстеликтер кыргыздар чарбачылыктын ар кандай түрлөрүн жүргүзгөнүн айгинелейт. Алардын бир бөлүгү сугаттуу дыйканчылык, башкасы болсо мал чарбачылык менен кесип кылышкан. Тоолуу, токойлуу областтарда болсо аңчылык өнүккөн. Ал жерлерден кыргыздар баалуу аң терилерин жана жыпар жыттуу заттарды алышкан.

Дыйканчылык менен кесип кылгандар кыштактарда жашашып, анда керегесин жыгачтан аштап көтөрүп, үстүн балык жон кылып жапкан тамдарды, алты бурчтуу шоңшогой үйлөрдү курушкан, малчылар менен аңчылар болсо боз үйлөрдө жашашкан.

Каза болгондорду өрттөп, күлүн болсо астына таш төшөлгөн ороолорго көмүшкөн. Колунда бар байлары чоң-чоң урук күмбөздөрүн тургузушуп, кээде ага жүздөн ашык адамдардын сөөктөрү коюлган. Андай күмбөздөрдүн сөөк коюулуучу бөлүгү-казанак кенен ороонун түбүндө жасалган. Казанактын керегесин жыгач жана таш менен көтөрүшкөн. Үстүн шыргый жыгачтар менен жыш жабышкан. Казанактын керегесине жана үстүнө кат-кат кылып кайыңдардын кабыгын төшөп туруп, андан кийин топурак төгүшкөн. Казанактын керегесинин ички бетин бойлото жыгачтан секиче жасап, ага каза болгондордун сөөктөрүн өзгөчө ырым-жырымдар менен коюшкан. Сөөктү өрттөгөндөн кийин күлүн чогултуп баштыкка салып, өлгөн адамдын кийимдерине ороп катып коюшкан. Маркумдун кийимдеринен ага окшоштуруп "куурчак" жасашкан. Андай куурчактардын баштары үчүн маркумдардын каза болгондон кийин гипске түшүрүлгөн бет кептерин (маскаларын) пайдаланышып, аларды ачык боектор менен сырдап коюшкан. Мына ошол бет кептер адамдын кандай экендигин ырастоочу портрет болгондуктан, алар байыркы кыргыздардын көпчүлүгү европеид түспөлдөгү экендигине күбө болушат.Бет түзүлүшү монголоид түспөлүнө окшош маскалар сейрек учурайт.

Аскалардын беттерине, кичине тактайчаларга тартылган сүрөттөр байыркы кыргыздар арасында кандайдыр бир эпос жаралган болсо керек деп ойлоого мүмкүндүк берет. Ал эпостогу окуялар баатырдык аңчылык, шамдагай чабуулдар, жылкы тийүү жана башка көрүнүштөр тартылган сүрөттөр аркылуу көрсөтүлгөн.

Эне-Сайда III-Y кылымдарда жашаган байыркы кыргыздардын коому, алгачкы коомдук түзүлүштөн бузулуп, таптык коом жарала баштаган учурга туура келет. Анын негизин дыйкандардын жана малчылардын эркин община мүчөлөрү түзүшкөн. Аларды привилегиялуу (башкаларга караганда артыкча укугу бар ак сөөктөр башкарган. Кулдар болсо эч кандай укугу жок топту түзүшкөн.

Байыркы кыргыздар маданий жактан алып караганда Түштүк Сибирдеги өтө өнүккөн коом болгон.

Кыргызстан элдердин Улуу жер которуштуруу доорунда

Адис окумуштуулар айткандай Кыргызстандын тарыхында элдердин Улуу жер которуштуруу доору өтө эле начар изилденген "актай барак" болуп эсептелет, Жазылган булактар чындыгында жок. Археологиялык эстеликтер жетиштүү санда изилденгени менен начар анализделген. Биз ушул күнгө чейин ошо кезде Кыргызстанда жашаган кидариттердин, эфталиттердин, кермихионитгердин жана башка элдердин өлгөндөрүн кандай ырым-жырымдар менен көмө тургандыгын, материалдык маданиятын билбейбиз.

Окумуштуулар жада калса чоң атакка ээ болгон усундар сыяктуу элдин бул дүйнөгө кандай из калтырганын ушул убакка чейин талашсыз аныктап берише элек.

Катакомба дөбөчөлөрү

Элдердин Улуу оошу (жер которуштуруу) доорунда Кыргызстандын аймагында өлгөндөрүн катакомба (казанактуу) жана үңүп казылган көрлөргө

көмүшкөн элдер жашаганын археологдор далилдешти. Андай дөбөчөлөрдү көбүнчө капчыгайларга кире бериштеги адырлардан көрүүгө болот. Көрлөрдүн үстүнө топурак үйүлгөндүктөн дөбөчө болуп турат. Анын астында, жер алдында жасалган жай бар. Ал негизинен эки бөлүктөн: дромостон - чанактан жана катакомбадан - казанактан турат. Чанак-узатасынан трапеция түрүндө казылган чуңкур-коридор. Ал айдөш же болбосо тепкич-тепкич болуп жасалып, казанактын оозуна чейин барат. Казанактын оозу болжол менен жарым метрче нарылаган соң казанак болуучу жер узунунан жана туурасынан, асты жана үстүнөн кеңейтилет. Бийиктиги ичинен мүмкүн болушунча эңкейип эркин кыймылдай турган көлөмдө казылат. Бул жер алдындагы өзүнчө кичине бөлмө-казанак (катакомба).Казанактын жалпы көрүнүшү сүйрү, төбөсү казанбак түрүндө болот. Сөөк ошол жерге коюлат. Казанактын оозу сөөк коюлгандан кийин таш же чийки кыш менен кынаптап жыш коюлуп бекитилет.

Үңүлүп казылган көрүстөндөр II-IV кылымдарда Кыргызстанда жашаган элдердин бири өлгөндөрүн жогоруда айтылгандай катакомба -казанактуу бейиттерге коюшса, экинчилери ошол эле мезгилде үңүлүп жасалган көрүстөндөргө көмүшкөн. Анын түзүлүшүндө айырма бар. Бул бейиттер деле эки бөлүктөн: чанактан жана анын капталынан үңүлгөн жайдан турган. Чанак түз бурчтуу болгон. Анын бир капталынын түбүнөн ошонун эни боюнча узунунан үңүп казылып, сөөк ошол жерге коюлган.

Хронологиялык жактан алганда сөөктү коюунун бул эки түрү тең катарлаш колдонулган. Ар башка окумуштуулар алардын мезгили жөнүндө ар түрдүү пикирлерди айтышып, көпчүлүгү II-IY-кылымдарга туура келет дешет. Бул эки түрдүү көрүстөндөрдүн мезгили боюнча мурдараактары жана кийинчерээктери бар. Сөөктү коюунун кийинчерээк колдонулганы YII-к. чейин созулган. Талашсыз бир нерсе бул: бейиттердин бул эки түрүнүн көпчүлүгүн Улуу жер которуштуу (оошу) доорунда жашагандар калтырышкан.

Бул жерде дүйнөлүк археологияда көбүрөөк белгилүү үңүлүп казылган Кара-Булак көрүстөнүн айта кетүү ылайык. Ал Ош облу-

сунун Баткен районундагы Кара-Булак айылында жайгашкан. Кара-Булак көрүстөнү эмнеси менен атактуу? Биринчиден, ага байыркы көрчү-уурулардын колдору тийген эмес. Экинчиден, көрүстөндүн ичинде жыгач, кездеме , кала берсе жемиш сыяктуу органикалык материалдар сакталып калган. Алар гана эмес көрүстөндөн мумиялар да табылган. Ал табигый мумиялаштыруу болсо керек, анткени мумиялардын бардыгы арчадан жасалган табыттардан табылган. Ал эми арчанын жыгачында чайыр заттары көп болору белгилүү.

Бейиттерди жасоодогу басымдуулук кылган конструкцияны жана материалдык маданияттын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен сөөктүү казанак жасап жана үңүп коюуну үч топко бөлүүгө болот.

1. Кеңкол маданияты. Аймагы жагынан ал Талас, Чаткал жана Кетмен-Төбөнү кучагына алат. Буга бейиттин үстүнө топурак үйүлүп узунунан келген трапеция түрүндөгү чанак жана ага перпендикуляр жайгашкан казанак мүнөздүү.

2.Кара-Булах-ворух маданияты. Баткен жана Лейлек райондорунда изилденген. Бул жерде сөөктү Кең-кол тибиндеги казанакка-үңүп жасалган жайга жана чанактын түбүнө койгон көрүстөндөр аралаш жайгашкан. Өлүктү үңүп жасаган мүрзөгө коюу көптүк кылат.

3. Айгыр-Жал тобуна кирген казанактуу жана үңүп жасаган көрүстөндөр. Үңүп жасалган бейиттердин конструкциясы Орто Азиянын жана Казастандын башка райондорундагы ушул типтеги көрүстөндөргө окшош. Катакомба-казанактуу көрүстөндөрдүн түзүлүшү өзүнчө бир башкача, оригиналдуу жасалып, бул типтеги бийиттерге окшобойт. Катакомба-казанак менен дромос-чанак катарлаш жарыш жайланышкан.

Айгыр-Жал тобуна кирген көрүстөндөр Борбордук Тянь-Шанда изилденген. Бул типтеги бейиттер Ысык-Көлдүн айланасында жана Алай өрөөнүндө бирди-жарым эле учурайт.

Казанактуу жана үңүп жасалган мүрзөлөргө адатта бир эле кишинин сөөгү коюлган. Бирок айрымдарында эки, үч, төрт адамдын сөөктөрү коюлган учурлар да кездешет. Балдар чондор менен чогуу коюлган, балдарды өзүнчө көмгөнү өтө сейрек учурайт. Сөөк чалкасынан суналтып жаткырылып, колдору денесине бойлото коюлган.

Сөөктү тактайдан, жыгачтан оюп жасалган жана капкакталган табыттарга салып, тактайдын, кийиздин жана камыштын үстүнө коюп көмгөн көрүстөндөр да жолугат. Эркектердин жана аялдардын бейиттериндеги буюмдар ар башка: эркектердин сөөгүнүн жанына көбүнчө курал-жарактар, аялдардыкына болсо жуунуп-таранганга тиешелүү буюмдар,кооз жасалгалар коюлган. Жынысына карабастан эркектердин да, аялдардын да көрүстөндөрүнө карапа жана жыгач идиштер, кээде темир казан жана идиш-аяктар коюлган.

Сейрек учуроочу Шамшы көрүстөнү

Бишкек шаарындагы республикалык Тарых музейинин сейфинде алтындан, күмүштөн, алтынга буулаңган колодон жасалган деле көп эң сонун чеберчилик менен иштетилген буюмдар сакталып турат. Алар ачык түстөгү асыл таштар менен кооздолгон. Булардын ичинде асыл таштардын жана янтарлардын кызгылт түзү өзгөчө сасымдуулук кылат.

Мындай кооз жасалгалар Борбордук Тянь-Шандагы, Алайдагы, Кетмен-Төбөдөгү, Талас өрөөнүндөгү казанактуу жана үңүп жасалган көрүстөндөрдөн табылган. Тарых музейинде акырындап олтуруп жыйналган бул бараандуу коллекция сан жагынан бүткүл дүйнөгө атагы чыккан асыл буюмдар топтолгон Эрмитажды гана алдына салат. Ал коллекциянын негизин Чүй өрөөнүнөн кокусунан табылган кымбат баалуу асыл буюмдар түзөт.

1958-жылдын август айынын башында Токмок шаарынын түштүгүндөгү Шамшы капчыгайына кире бериштеги талаада колхозчулар түшүм жыйнап жүрүшкөн. Капысынан комбайндын дөңгөлөгү чуңкурга түшүп кетет. Комбайнды тартып чыгарышкандан кийин карашса, алиги чуңкур өзүнчө эле бир чоң ороо экен. Бир канча тонна келген комбайнды көтөрө албай анын төбөсү түшүп кетиптир. Колхозчулар ал үңкүрдөн адамдардын скелетин жана көп алтын көрүшөт Анан табылганы алар эмне кылышты? Балким, мыйзамда айтылгандай, бийликтегилерге, милицияга же болбосо окумуштууларга билдиришкендир. Жок, антиш кайда! Кишилер ороого секирип түшүшүп , скелеттин сөөктөрүнөн баалуу

жасалга буюмдарды чыгарып алышат. Андан соң олжону өз-ара бөлүп алышып, үйлөрүнө алпарып көргөзбөй катып коюшат.

Алар өздөрүнүн сандыктарына эмнелерди катышты экен? Көрсө байыркы зергерлердин татынакай кылып жасаган 80 ге жакын кооздук буюмдары болуп чыкты.

Булардын ичинен бөтөнчө айырмаланып тургандары: көздөрдүн ордуна янтардан чегерилген алтын маскалар (бет кептер), килейген күрөшкө, сөйкөлөр, иймектер, мончок жана шуру салынган куту, дагы башка баалуу буюмдар эле.

Күмүштөн, алтын менен бууланган колодон жасалган буюмдар көп экен.

Илим үчүн баа жеткис бул мыкты жасалгалар укук коргоо органдары тарабынан байкабастан ууру бөлушкандардын каткан жерлеринен кайтарып алынып, эреже катары, Тарых музейине өткөрүп берилген. Анда булар Кыргыз Республикасынын, ошондой эле дүйнөлүк маданияттын үлгүсү катары түбөлүккө тура бермекчи.

Шамшы көрүстөнү элдердин Улуу Жибек жолу (жер которуштуруу) доорундагы көчмөндөрдүн мүлк жагынан бири-биринен кескин айырмаланып, жиктелгендигин күбөлөйт. Ошондой эле айрым үй-бүлөлөр эбегейсиз көп материалдык байлыктарды өз колдоруна топтоп тургандыгын айгинелейт.

Шамшыдан табылган мүлктүн ээси өтө бай аял болгон. Ал көчмөндөрдүн уруу ак сөөктөрүнөн, же болбосо хан тукумунан болушу да ыктымал.

Жалпак-дөбө көрүстөнү

Археологдор Кыргызстандын аймагынан оюк (сөөк койчу жайды үңүп казган) бейиттерди көп эле казышса да, өз убагында уурдалбаган бай көрүстөндөрдөн (өлүк менен кошо баалуу буюмдарды көмгөн) бирди гана ачышты. 1968-ж. Алайдын бийик тоолорунун арасындагы Жалпак-Дөбө көрүстөнүн изилдеп жатканда көзгө комсоо бир кичинекей дөбөчө мүрзөдөн күтүлбөгөн жерден кызыктуу нерсе табылды. Адатта адам сөөгү коюлчу жайдан өлгөн кишинин сөөгү эмес, жыгач дөңгөч табылган. Өлгөн адамдын

сөөгүнүн ордуна жыгач дөңгөч көөмп коюшуптур деп шек кылбас үчүн ал жыгачтын бир учуна жука каңылтыр алтындан одоно түрдө жасалган кичинекей бет кеп маска бар экен. Анда көздөр менен ооздун орду окшоштурумуш этип тилиниптир, мурундун ордуна эки тешик жасалыптыр. Адамдын сөөгү жок көрүстөн археологдорду анча таң калтырбайт. Анткени бул шарттуу өлүк көмүү (кенотаф) деп аталат. Аны киши өлүп, ал эми сөөк табылбай калганда (алыксы согушта майып болгондо, сууга чөгүп кеткенде, жырткыч айбандар тыткылап өлтүргөндө ж.б.) анын туугандары ушундай кылып шарттуу көөмп коюшкан. Жалпак-Дөбө көрүстөнүндөгү кенотаф өтө бай болуп чыты. Андан 30 алтын буюмдар: куту жана кара кочкул асыл таш чегерилген сөйкө, тегерек жана төрт бурчтуу, үстүнөн алтын жип менен бастырылып тигилген бүчүлөр, укмуштуудай кылдаттык менен жасалган шакек, алтын чынжырчалар, кара кочкул асыл таштардан чөгөрүлүп жасалган эки алтын илмек-бүчү ж.б. кымбат жасалгалар табылган.

Жоокердин жан-дүйнөсүн көрсөтүүчү алтын жип бастырылып тигилген жибек кийимдер, кылыч, жебелери менен жаа, толтосу пилдин сөөгүнөн жасалган бычак жана эки чөйчөк коюлган. Чөйчөктөрдүн бири темирден жасалып, жалпак түптүү, экинчиси карап эле тургандай өтө кооз айнектен жасалган. Ал күңүрт боз айнектен куюлуп, эки туткасы арыстандын башына окшоштуруп жасалган. Чөйчөк оюлган көчөттөр менен кооздолуп, жалпы көрүнүшү жүзүмдүн чырмалышкан сабагына окшоп кетет. Буга таасын окшош чөйчөк эч жерден табыла элек, бирок ошого түспөлдөш идиштер Рим империясынын сириялык провинцияларында жасалгандыгы белгилүү.

Жалпак-Дөбө көрүстөнү жалпысынан алганда Чүй канышасынын мүлкү (Шамшы көрүстөнүнөн табылган кымбат баалуу жасалгалар) тиешелүү болгон маданиятка жана доорго таандык эң сонун эстелик болуп эсептелет.

Кыргызстандан табылган кооз жасалгаларды өтө эле сейрек кездешүүчүлөрдөн деп айтууга жарабайт, анткени андайлар Казакстандан, Кара дениздин жээктеринен, Молдавиядан, Венгриядан, Румыниядан табылган. Ал эми Түштүк Сибирден жана Монголиядан

мындай эстеликтерди кездештирүүгө болбойт. Демек, азыркы убакта Кыргызстан жогорудагыларга окшогон буюмдар таркалган чыгыштагы эң четки очок болуп саналат. Асыл таштарды чөгөрүп алтындан жасалган ювелирдик жасалгаларды илимде көп түстүү (полихромдук) стиль менен аткарылган буюмдар деп аташат. Көп түстүү стилдеги искусствонун пайда болушу жөнүндө ар кандай божомолдоолор бар. Аларды готтордун, грек-сарматтардын, сармат-аландардын,гунндардын чыгармалары катары эсептеп жүрүшөт. Бирок илимде ушул кезге чейин бул маселе биротоло чечиле элек. Биздин көз карашыбыз боюнча Кыргызстандагы көп түстүү стилдеги искусствонун ээси гунндардын Чыгыш Европада Аттила түзгөн мамлекети менен тыгыз байланыштары уруулар болушу ыктымал.

Y-к. ортосунда улуу жолбашчысы өлгөндөн кийин гунндардын державасы кулаган. Түрк тилинде сүйлөгөн уруулардын бир бөлүгү Орто-Азияга көчүп келишкен. Алардын этнографиялык мүнөздүү белгилери өлгөндөрүн казанактуу-катакомба түрүндөгү жана оюк (сөө коюучу жайды үңүп жасаган) бейиттерге коюу, бир миздүү кылыч, канжар, көп түстүү стилде жасалган буюмдар, римдиктер жасаган айнек идиштер менен кошо көмүү болгон. Ушул белгилер боюнча алар түрк тилинде сүйлөгөн протоболгардык оногурлардын (он уруу) ж.б. уруулардын маданиятына жакын. Иран тарыхчылары аларды кермихионитгер (кызыл гунндар), байыркы түрк жана кытай тарыхчылары - он ок бодун (он жебелүү эл , же болбосо он уруу эл) деп аташкан.

YI- к. орто ченинде байыркы түрк каганы Истеми Жети-Суу менен Тянь-Шанды каратып алган кезде, алар бул аймактардын жергиликтүү калкы катары эсептелип, Батыш-Түрк каганатынын этникалык чордонун түзүшкөн.

Экономикалык байланыштар

Катакомба түрүндө жана оюк көрүстөндөрдөн табылган материалдарга караганда Кыргызстанда жашаган көчмөндөрдүн маданий жана экономикалык байланыштары I-Y кылымдарда бир кыйла кеңейген. Алардын өлгөн адамдарынын сөөктөрү көмүлгөн бейиттерден табылган жабдыктардын көпчүлүгү чет элдик болуучу. Мындай чет өлкөлүк экзоти-

калык тири укмуштудай кооз курал-жабдыктардын башкы булагы Улуу жибек жолундагы соода болгон эле. Аларга айнек буюмдарын да кошууга болот. Айнек буюмдары Кетмен-Төбө өрөөнүнөн өтө көп санда табылган. Жал-Арык көрүстөнүнөн табылган айнек стакан өзгөчө кооз жасалган: ал татынакай конус түрүндө түбүн карай куушурулуп ичкере берип, беттери эки тилке менен ачык оймо-чиймеленген. Римдин чеберлеринин колунан чыкканы даана эле көрүнүп турат.

1968-жылы Алайдагы үңүп жасалган көрүстөндөн византиялык (мүмкүн сириялык) чеберлер жазаган таң калаарлык кооз ваза (жемиш же гүл салынып, кооздук үчүн коюла турган идиш), Ысык-Көлдүн жээгинен римдик императорлор Веспасиандын (69-78-ж.ж.) жана Андриандын (118-133-ж.ж.) күмүштөн жасалган динарлары жана Диоклетандын (284-305-ж.ж.) египеттик Александрияда чыгарылган жез тыйыны табылган.

Катакомба түрүндөгү көрүстөндөрдөн көп учурларда полихром (көп түстүү стилиндеги искусство чыгармалары жолугат. Аларды Кара деңиз жээгиндеги, асыресе, Боспордогу чеберлер жасагандыгы айдан-ачык аныкталган.

Чыгыш Европадан Кыргызстанга янтарь алып келингени шексиз. Ал көбүнчө мончок түрүндө (Кара-Булак, Кетмен-Төбөдөгү казанактуу көрүстөндөр) учурайт. Янтардын кара кочкул жана тунук чоң жана майда сыныктары өтө көп санда Шамшыдан табылган кымбат баалуу буюмдарды кооздоо жана жасалгалоо үчүн пайдаланылган.

Сарматтык Түндүк Кавказдан жана Төмөнкү Волга боюнан Тянь-Шандын көчмөндөрү коло күзгүлөрүнүн кээ бир түрлөрүн алып турушкан. Маржандан жасалган ар кандай формадагы илмек буюмдар Жер-Ортолук деңизи тараптан келген.

Ошо кезде Кыргызстандын аймагында жашаган көчмөндөрдүн бейиттеринен "Египет пастасы" (тактап айтканда -фаянс-чоподон жасалган) деп аталган буюмдар учурайт. Египет пастасынан жасалган көп кырдуу жана айнектей катуу сыр менен бети сырдалган мончоктор Чаткалдагы жана Кетмен-Төбөдөгү көрүстөндөрдөн табылган. Кара-Булак көрүнөн муштумду түйүп, сөөмөй менен ортондун ортосунан бармактын башын чыгарып турганын (мушту-

мун) көрсөткөн колдун сүрөтү бар өзүнчө бир формадагы илмек табылган. Ал дагы египеттик фаянс-чоподон жасалган.

Индиянын элдери байыркы мезгилден тартып эле таштан, өзгөчө жогоркуу сапаттуу акак таштардан аппак оймолору бар шуруларды жасоого адистешкен. Акак таштардан жасалган шурулар Кыргызстандагы үңүп казылган жана казанактуу көрүстөндөрдөн табылган буюмдардын арасында аз эмес. Индия тараптардан үч кырдуу шурулар да келген.

Кара-Булак көрүстөнүнөн коло күзгү табылып, анын туткасы бийлеп жаткан аялдын элесин көрсөтүп турат. Аялдын төбөсүнө бир тутамын калтырып, татаал жана кооз өрүлгөн чачы ийнине куюлуп түшүп турат. Башында диадема (таажы сыяктуу кымбат жасалган), мойнунда-баалуу майда чынжыр же шуру. Колдору менен буттарына билериктер салынган. Ошол аялдын статуэткасы-тырмактай бедизи Индияда жасалган.

Индиядан үлүл кабыктарынан жасалган шуру, мончокко окшогон асыл буюмдар да келгендиги талашсыз. Пилдин сөөгүнөн жасалган эки илмек Кетмен-Төбөдөн, бычактардын сабы Алайдан, Баткенден, Таластан табылган.

Дуньхуанда жашаган согдиалык шылуун соодагерлер Орто-Азияга жибек кездемелерди, күзгүлөрдү, колодон жасалган тыйындарды алып келип турушкан.

Жибек кездемелер Талас, Кетмен-Төбө, Баткен көрүстөнүнөн кездешет. Ошондой эле көптөгөн жылмакай кездемелердин ичинде саймалуу, шахмат гүлдүү жана өтө жука жибектер да бар.

Фергана, Талас, Кетмен-Төбө көрүстөндөрүнөн Кытайда жасалган күзгүлөр чыккан. Ал күзгүлөрдүн эки түрү бар: бирөө цимбай (эшилме зымдар) деп аталат, экинчиси эшилген зымдар менен коюлган кадимки эле күзгү. Мындай күзгүлөр өтө аз келсе керек, анткени алардын сыныктарын да этияттык менен пайдаланышканы байкалып турат.

Колодон жасалган төрт бурчунда тешиктери бар кытай тыйындары кээде Алайдагы жана Ферганадагы көрүстөндөрдөн кездешип калат.

* * *

Байыркы тарыхый эмгектердеги үзүндү-үзүндү маалыматтар жана археологиялык материалдар өз ара бир гана маселе боюнча бир пикирди: элдердин Улуу жер которуштуруу (оошу) доорунда Кыргызстанда жашаган элдер этникалык жактан бир топ эле ар түрдүү болушкандыгын айгинелейт. Көптөгөн ар түрдүү элдер, расалар жана маданияттар жанаша жашашып, бири-бирине өз ара таасир тийгизип турушкан. Мындай этникалык жактан көптүрдүлүүк окумуштуулардын изилдөө ишине кыйынчылык келтирет.

Өлүктү катакомба -казанактуу жана оюп жасаган көрүстөндөргө коюу кимдерге тиешелүү? Көп жактарынан азыркы кездеги кыргыздар колдонгон көрүстөндөргө окшогон өзгөчө айырмаланган бейиттерди өз мезгилинде кайсы эл калтырды болду экен?

Илимий адабиятта бул маселелер боюнча бир канча божомолдоолор бар. Жалпы жонунан алганда алар бири-бирине карама-каршы келген эки көз караштан турат. Алар миграциялык, бир жерден экинчи жерге көчүп жүргөн эл жөнүндөгү жана автохтондук -жергиликтүү элдер жөнүндөгү көз караштар. Биринчи көз карашты жактагандар негизинен көңүлдү сөөк коюлчу жайдын жасалган формасына бурушат. Алардын ою боюнча, мурдагы доордо казанактуу жана үңүп жасаган көрүстөндөр болбогондон кийин, демек, алар Кыргызстандын аймагына сырттан алынып келинген. Анда ал сырттан келгендер ким болгон? Миграциялык божомолдоодо бирканча этникалык варианттар бар. Гунндар, сарматтар, кангүйлөр, юэчжилер же болбосо усундар өлгөндөрүн ошондой казанактуу жана үңүп казылган бейиттерге коюшкан деп болжолдошот. Бул маселе боюнча кийинки кезде Ю.А.Заднепровский бир кыйла негиздүү рөк далилдерди келтирип жазып чыкты. Орто-Азиядагы жана Түштүк Казакстандагы казылып изилденген көп сандагы көрүстөндөрдү талдап келип, катакомба түрүндө жасалган бейиттерге усундар, оюк түрүндөгү мүрзөлөргө юэчжилер коюлган деген тыянак жасады.

Бул эстеликтердин автохтондуу-жергиликтүү экендигин жактагандар көрүстөндөрдөн табылган буюмдарга, өзгөчө карапа буюмдарына басымдуу көңүл бурушат. Алар Фергана жана

Сыр-Дарыянын орто агымындагы көрүстөндөрдөн табылган карапа буюмдар ошол мезгилде адамдар жашаган жайлардын чалдыбарларынын карапа буюмдарына көп жагынан окшош экендигин байкашкан. Ал эми ошол адамдар жашаган турак-жайлардын чалдыбарларынан катастрофалардын - катуу бүлүнүүлөрдүн болгондугу жана маданияттардын кескин түрдө алмашылганы билинбегендиктен, кандайдыр бир сырттан келген келгиндер жөнүндө сөз болушу да мүмкүн эмес.

Ошентип, илимдин ушул азыркы өнүккөн деңгээлинде катакомба түрүндө , оюк түрүндө казылган көрүстөндөрдүн кайсынысы кимге тиешелүү деген суроого биз далилдеп, бир сөз менен так кесе айтып бере албайбыз.

Жогоруда сөз болуп келе жаткан эстеликтерди усундар жана юэчжилер менен байланыштырышкан окумуштуулардын пикирлерин шарттуу түрдө колдоого алууга болоор эле. Бирок түрк урууларына жакын кермихионитгерди, же болбосо байыркы түрк тексттериндеги он ок бодундарды да эске албай коюуга жарабайт.

Мындай табышмактуу көп сырларга жоопту бул типтеги эстеликтердин бүгө чейинки казылгандарын жана жаңы казылгандарды талдоого алып, моногафиялык изилдөө жүргүзүү гана бермекчи.

СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Түрктөрдүн эң байыркы уламышы эмнелер жөнүндө баяндайт?

2. Б.з.ч. III-к. кыргыздар кайсы жерде жашаган?

3. Кыргыздар Эне-Сай дарыясынын боюндагы жерлерди качан эзлешкен?

4. Кыргыздардын маданиятынын Түштүк Сибирь үчүнка андай мааниси бар?

5. Элдердин Улуу оошу (жер которуштуруу) доорунда көчмөндөр Кыргызстанда кандай эстеликтерди калтырышкан?

Бул даталарды эстеп алгыла:

Б.з.ч. 201-ж. - Кытайлык жылнаамаларда кыргыз деген эл жөнүндө биринчи жолу эскерилген.

Ойлонуп туруп жооп бергиле:

Огуз хан эмне үчүн чек арага жамаатташ жаткан жерлерди кошуналарына бербей койду?

II- глава ТҮРКТӨРДҮН ИМПЕРИЯСЫ ЖАНА АНЫН МУРАСЧЫЛАРЫ

УЛУУ КЫРГЫЗ ДЕРЖАВАСЫ.

VI-VII кылымдардагы кыргыз мамлекетинин түзүлүшү

Эне-Сайдын орто агынындагы (Минусин ойдуңу) эрте орто кылымдардагы калк, ал грек маалыматтарында "херкис" "хирхиз"; араб жана перси маалыматтарында "хыргыз","хырхыр"; орто кылымдардагы кытай маалыматтарында негизинен "сяцзасы", "цзилицисы", байыркы түрк жана уйгур, ошондой эле согди текстеринде "кыргыз" деп аталган. Акыркы аталыш элдин өзүнүн атына толук туура келет.

Кыргыз деп аталган мамлекетти VI-VII-кылымдарда ажо деген наамы бар адам башкарган. Анын бийлигинин символу-конустук формада тигилген алтын жээк баш кийим жана ак сарайдын төбөсүнө сайылган туу. Ажонун турган жери-ордосу жакшылап бекемделген. Мамлекет кызматындагылар алты даражага бөлүнгөн.Аскер башында Министр деп аталган жыйырма мамлекеттик жогорку кызматкер турган. Салыктарды чогултуу, башка мамлекеттер менен байланыштарды жүргүзүү,сот жана финансы иштерин беш иш башчы башкарган. Кыргыз урууларынын башында эльтебер же тархан деген наамындагы феодалдар турган. Мамлекеттин калкы тоолуу жана

гокойлуу жерлерде жашап, кыргыздарга баалуу аң терилеринен алман төлөп туруучу көз каранды урууларды көшпогондо жарым миллионго жакын адам болгон.

Кыргыз мамлекетинин ошол мезгилге салыштыра караганда бир кыйла куралдуу күчү болуп, аскери 80 миңге жеткен. Негизинен алар жаа, найза жана кылыч менен жабдылган атчандар эле. Тегерек калкандар, териден, жыгачтан, жалпак темирден жасалган соот-шаймандарды колдонушкан. Аскерлеринин тартиби эң катуу болгон. Салгылашууга кирээрде корккондордун, же болбосо дүрбөлөңгө түшүп сыр алдыргандардын баштарын кесип ташташкан.

Кыргыз мамлекетинин калкы тиричиликке оңдуу ар түрлүү чарбачылык жумуштарын жүргүзгөн: мисалы дыйканчылык, малчылык, тоо кендерин иштетүү, аңчылык, балыкчылык. Мал чарбачылыгы малды бир чөйрөдө кайтарып кармоо, көчүп-конуу тартибинде өткөн. Жылкы, кой, эчки, үй багышкан. Атайын даярдалган кыргыздар темир, жез, алтын, калай, күмүш, мышьяк кендерин чалгындоо жана казып алуу иштерин жүргүзүшкөн. Темир усталар, куюучулар, зергерлер эң жакшы сапаттагы буюмдарды жасашкан. Согуш курал-жарактарын жасаган кыргыз усталардын аты алыска кеткен. Алар айрыкча мактоого татыктуу болушкан.

Улуу Жибек жолунун кыргыз тармагы

Кыргыздар цивилизациялуу элдерден өөндөп, бөлүнүп калган эмес. Алар бир нече курдай Кытайга соода өлчилигин жабдып жиберишкен. Кыргыз байлыгы чет элдик соодагерлерди дайыма кызыктырган. Ошондуктан улуу Жибек жолунун Борбордук Азияны кесип өткөн жеринен Кыргыз мамлекетине жол салынган. Ал Турфан мейкин талааларынан башталып, түндүккө, Тувага, андан Саян тоолорунан өтүп, Эне-Сайды бойлоп төмөн көздөй жүрүп отуруп, ажонун ордосуна чейин келген. Ал жол Кыргыз жолу деп аталган. Соодагерлер кыргыздардан жакшынакай кылкыларды, аң терилерин, жыпарларды, мамонттун казып алынган азуу тиштерин, жыгачтын баалуу түрлөрүн, ал эми усталардын колдорунан жаралган буюмдардан абдан курч курал-жарак, алтын жана күмүш идиш-аяктарды сатып алып турушкан. Кербендер Кытай, Чыгыш Түркстан, Согда жана Чүй өрөөнү тараптардан кездеме,

жүзүм шараптарынын түрлөрүн, сонундук менен кооздукка керектүүлүү буюмдарды ташып келишкен.

Урп-адаттары жана дини

Эне-Сайлык кыргыздардын европалыктарга түспөлдөшүп, "чачтары саргыч, өңдөрү нурданып кызыл чийкил, көздөрү көгүлтүр болот" деп жазылган кытай тарыхында.

Кыргыздар көп адамдуу патриархалдык чоң үй-бүлө түрүндө жашашкан. Көп аял алуу өөн көрүнмөк тургай, кадимки адат катары эсептелген. Кыз бергенде, келин алганда калынды мал менен төлөшкөн. Кайсы бир учурларда калынга берилген маалын саны мингe чамалап барган. Айыл билармандары жалпы элден айрымаланып, төбөсү бийик, этеги өйдө кайрылган кийиз ак калпак кийишкен. Ал байыркы этнографиялык өзгөчөлүк Тянь-Шанда ушул кезге чейин бекем сакталып келе жатат. Азыркы кыргыздардын баарысы ошол илгерки кыргыздарга окшош ак калпак кийишет. "Манас" эпосундагы "ак калпактуу'деген каймана сөз түздөн түз кыргыз атын түшүндүргөн.

Кыргыздар ал кезде жарык дүйнө менен кош айтышкандардын соогун өрттөп, күлүн көмүшкөн. Белгилүү адамдарынын көрүстөндөрүнүн үстүнө дөбөлөп топурак үйүшүп, анын тегерегине таштарды тигинен тизишип, короолоп коюшкан. Аларды "чаа-тас", б.а. "уруш таш" деп аташкан. Ошо короолоп таш согуп, үстүн дөбөлөгөн көрүстөндөрдүн алдына кээде кайсы бирөөлөр өздөрүнүн асыл буюмдарын ката тургандай жашыруун жайларды жасашкан.

Кыргыздар көп кудайга табынган эл болгон. Эң улук кудай делип башка түрк элдериндей эле жубайлар Теңир менен Умай эне эсептелген. VIII кылымдагы кыргыздардын динге карата мамилесин перси тарыхчысы Гардизи: Кыргыздар индустарга окшоп өлгөндөрүн өрттөп салышып: "От деген эң таза нерсе; отко түшкөндүн баарысы тазаланат. Өлгөн адам да отко түшкөндө кири кетип, күнөөсү кечирилип, таптаза болуп калат дешкен" - деп жазган.

VII кылымда кыргыздардын өз жазмасы пайда болгон. Эли жакшы сабаттуу болгон. Ушу азыр Эне-Сайдан жана Тувадан байыркы кыргыздардын 120 дан ашык жазуу эстеликтери табылган.

Барс-Бег каган VII-к. башында Борбордук Азияда ири саясий өзгөрүш болуп, Экинчи түрк каганаты түзүлөт. Анан ал каганат кошуналарынын баарысынын тынчын алып, коркутуп, үркүтө берет. Алардын алсыздары басынып баш ийип беришет да, алдуу-күчтүүлөрү биргелешип жашоонун жолун издешет. Түрк коркунучуна каршы болгондордун башында ал кезде кошуналарына кадыр-баркы, сөзү өткөн кыргыз мамлекети турган. Мамлекетти ажо Барс-Бег башкарган. Барс-Бег -өз учурунун көрүнүктүү саясий ишмери. Айтмакчы, ал кыргыздардан тарых бизге жеткирген биринчи ысым. Барс-Бег байыркы кыргыз башчыларынын тукумунан чыккан. Атасынан ажырап, эрте жетим калган. Төрт бир тууганы болгон. Ит агытып, аңчылык кылууну аябай жакшы көргөн. Барс-Бегдин укум тукумдары ошол кездегилердин түшүнүктөрү боюнча Умай-Эне колдогон адамдар экен. Анын туугган туушкандары Умай-бег деген наамды алып жүрүшкөн. Ажо (мүмкүн анын ата-бабалары) жарык дүйнөгө бир келген ар бир адам катары эле эмес, ар нерсеге шыктуу, ыктуу, аны билүүгө, үйрөнүп алууга жана иштеп кетүүгө жаның сабап киришкен аракетчил адамдардан болуш керек. Барс-бегдин улуу да, кичүү да бир туугандары болгон. Чет өлкөлөр менен жасаган татаал мамилелер учурунда ал баарыдан мурда Кыргыз мамлекетинин башчылыгына өзүнүн жеке мыкты сапаттары менен жеткен болуш керек. VII-к. акырында Барс-бег кыргыздардын күч-кубаттуу эл болуп калганын сезип, маанилүү саясий акт жасаган. Ынанчу Алп Билге деген ат менен каган наамын алып, тактыга отурган.

Түрктөр менен согуш Капаган аттуу түрк каганы (693-716-жылдарда башкарган) кыргыздардын коркунучунан кутулууну чечкен. Ошондон улам болуш керек (кийин каган деген наам алган) Билге деген ханзаададанын башчылыгы менен түрктөрдүн Эне-Сайга жасаган биринчи жүрүшүнүн жолу болбой, сокку жеп калган. Каршылашкан эки тарап "тынч жашайлы" деп келишим түзүшөт. Анын шарты боюнча Капаган Барс-Бегди каган катары таанып, ага өзүнүн бир тууганынын кызын берет. Кыргыздар түрктөрдүн мамлекетине доосу

жок экендигин билдиришет. Түрктөр менен түзүлгөн тынчтык келишим Барс-Бегдин-Ынанчу Алп Билгенин кадыр-баркын көтөргөнү менен анын алысты көздеген таламдарынын аткарылышына кедерги болгон.

Түрктөргө каршы союз

VIII-к. башында Барс-Бег түрктөргө каршы активдүү тышкы саясатты жүргүзгөн. Ошол кезде түрктөр менен согушуп жаткан Кытайга 707-709-жылдары эки ирет элчи жиберет. Барс-Бегдин түрктөргө каршы жасаган дипломатиялык демилгеси Түргөш каганатын да камтыган. Чүй өрөөнүндөгү түргөштөргө Эзгене башында турган элчилик жөнөтүлөт. Кыргыз каганынын бул аракети Жалпысынан алганда ийгиликтүү болгон. Ал 709-жылы түрктөргө каршы кыргыздарга Тан империясы менен Түргөн каганаты кошулган союзду түзөт. А түрктөр болсо күтүп отурушпай озунуп кол салып, аларды баш коштурбай, бир бирден талкалап салыш керек деген чечимге келишет.

Түрктөрдүн кыргыздарга каршы жортуулу

709-жылы түрк отряддары Эне-Сайдын жогорку агымынан өтүп, кыргыздар менен союздаш чик, аз урууларын кыйратып, Туваны ээлеп, аны кыргыздарга каршы чабуулдун плацдармы кылып алышат. Барс-Бег Саян тоосундагы маанилүү ашууларды ээлеп алып, камырабай союздаштарынын жардамын күтүп турган. Бирок түргөштөр да, кытайлар да эмне болсо ошо болсун дешип кыргыздарды колдошпой, өздөрүнүн чектерин коргоп гана тура беришкен. Ошентип Барс-Бег түрктөрдүн күрдөөлдүү каганатына каршы жалгыз өзү гана калган.

Түрк аскер башчылары кыш күндөрүнөн пайдаланышып, кыргыздар күзөткө алып турган жолду кыйган, Саян тоосун айланып отмокчу болушкан. Жортуулга келечек түрк каганы Бильга жана эр жүрөк бир тууганы Күл-Тегин катышкан, а иш жүзүндө жүрүштү тажрыйбалуу, көптү көргөн Тоньюкук деген карыя башкарган. Ал аздар элинен бир чыккынчыны таап алат. Ал киши түрк аскерлерин бийик тоолор аркылуу өткөн жалгыз аяк жашыруун жол менен Ми-

нусин ойдуңуна алпарууга макул болот. 710-711- жылдардын кышында түрк аскерлери күтүлбөгөн жерден кыргыздарга кол салат. Биринчи салгылашуу түн ичинде болот. Ал жөнүндө байыркы түрктөрдүн ташка чегилип жазылган эстелигинде: - " Биз кыргыздарга алар эч нерседен капарсыз уктап жаткан кезде кол салдык... Найзалар менен жол ачтык", - деп жазылган. Ошентип кыргыздардын ишенген негизги күчү талкаланып калат. Кыргындан аман-эсен калгандарды Барс-Бег Сунг токоюна жыйнап алып, душманга каршылык көрсөтүүгө аракет жасайт. Кармаш Күл-Тегиндин отряддарынын чечкиндүү чабуулу менен башталып, адам чыдагыс айгышкан түрдө өтөт. Ал ак боз аты менен баарына алда кайдан таанылып турган. Анын кайратына шыктанган жоокерлер айкашка атырылып киришкен. Айырмаланып тургандыктан Ак боз ат минген канзаада капкайдан көрүнөт. Жаанын жебелери жамгырдай жааган. Душмандын көзгө атаар мергендери аны мээлешип аттан ыргыта атып салууга аракет жасашат. Жебе тийбей, ойлор ордунан чыкпайт.

Түрктөр кыргыздарды аска-зоолордон дарыянын жээгине сүрүп түшүрүүгө аракет кылышат. Күл-Тегин кыргыз аскерлерин жарып кирип, сүрө баштайт. Бирок кыргыздардын кол башчысы бар күчүн жыйнап душманды артка чегинтет.

Ачуусу келген Күл-Тегин жоокерлеринин жер-жебесине жете жемелеп, "сары чычкандар", "таш бакалар" деп кордоп тилдеп, адеп чегинген он чакты аскерин арткы орунга кубалап иет. Алар камысына чыдабай дароо эле өз жанын өздөрү кыйышкан.

Аскерлерин иреттеп, жакшылап даярдап, канзаада аларды кайра чабуулга алып кирет. Мөндүрлөп жааган жебеге карабай, эр жүрөк жоокерлер жоон устундардан жасалган тосмолорду туш-тушка ыргытышып, ачылган жер аркылуу атчан аскерлер чубуруп киришет. Кыргыздарды акырындап сүрүп отурушуп дарыяга такашат.

Барс-Бег жөнөкөй жоокердей болуп аскерлери менен чогуу согушат. Анын үстүнө катуу айкаштарда ким жөн аскер, ким кол башчы экенин тескегенге мүмкүндүк болбойт эмеспи! Баарысы аралашат. Ач кыйкырык, жаралуулардын онтогон үндөрү, аттардын азанаганы, туяктардын дүңгүрөгөн добушу. Кайсы жакты тыңшаба-

карсылдаган, жаркылдаган темир үнү. Мына ушундай ызы-чууда кимдин кандай буйрук берип жатканын угууга мүмкүн эмес эле. Салгылашууну колбашчы башкара албай калып, ар ким өзү билгендей кармашып жатты. Мындай учурда ийгиликти кайраттуулук, эр жүрөктүүлүк, согуша билгендик, сапаттуу курал-жарак алып келмек.

Эрдикти жана кайраттуулукту эки тарап тең бирдей көрсөттү. Тиги тарап да, бу тарап да кудайга жалынышып Теңир менен Умай энени "колдо" дешип жардамга чакырышты. Бирок түрктөрдө эки артыкчылык бар эле: алардын жоокерлери көп, согуш өнөрүн мыкты билишчү. Талаа кожоюндары сансыз талоончул жүрүштөрдө согушууну жакшы билип алышкан. Мындай тажрийбасы жок кыргыз жигиттери тигилерге тең келе алган эмес.

... Сунга чериндеги согуш үч күнгө созулат. Төртүнчү күндүн таңы атып кокту-колотторго, өзөн сууларга, токойлуу адырларга күндүн нуру чачырайт... Канга боелгон аппак карда ар түрдүү абалда суналып өлүп, кан аралаш кар үстүндө жаткан миңдеген жоокерлер... Бир жерде көтөрүлгөн боюнча селейген тоңуп калган кол... Башка жерде кайдыгер асманга үрөйдү учурган арсайган азуудай болуп жоокердин жүрөгүнө матыра сайылган найзалар сороет... түү деген түкүрүктү жерге түшкүчө муз кылып, аяз кычырайт!... Каркылдаган карга кузгундар обочодогу кайындарда конуп отурушат.

Күл-Тегин согуш жүргөн жерлерди кыдырып басгырып жүрөт. Артында зэрчиген жан-жөкөрлөрү. Канзаадanын издегени Барс-Бегдин өлүгү. Жеңилген атактуу душманынын сөөгүн көргөндөн артык нерсе болчу беле?

Кыргыз каганын тааныган миңдеген аскерлер өлүп аткан ар бир кишини аңтара салып карап жүрүштү.

Бирок Барс-Бегдин өлүгүн таба алышпай, аны Күл-Тегинге айтып келишти.

-Теңир аны асманга, же Эрклиг аны жер астына алып кетишиптирби! Издегиле! - деп кыжыры кайнаган канзадда айкырды.

Кайра издей башташты. Бирок натыйжага чыкпады. Кыргыз каганы дайынсыз жок болуп, биротоло табылбай калды.

Кыргыз жеңилип калышты. Барс-Бег өлдү.

Арадан жыйырма бир жыл өткөндөн кийин Күл-Тегиндин бейитинин үстүнө коюлган ташка, ошо салгылашты эске түшүрүшүп, канзааданын уруулаштыры мындай деп жазышкан:

..."Күл-Тегин... бир адамды жебе менен атып өлтүрдү. Дагы экөөнү удаалаш найза менен сайып жыкты. Ошол чабуулда ал өзүнүн ак боз айгыры Байыркудан айрылды... Кыргыздын каганын өзүбүз өлтүрүп салдык, эль (эл) аны өзүнө алып кетти"...

Барс-Бегди уруулаштары эсинде гана сакташып, ага болгон өздөрүнүн ой-сезимин кайгылуу кошокто минтип билдиришкен:

- Оо, Барс, бизди таштап кетпе!

- Оо, менин кенчим! Оо, менин асылым! ...

Кыргыздардын Сунга токоюндагы салгылашууда жеңилиши бүткүл элдин тагдырына кайгылуу таасир тийгизди. Кайрадан отуз жылдан ашуун убакка чейин Эне-Сай (Улуг Кему) дарыясынын бойлорунда түрк гарнизондору турду. Алар кайрадан салык алышып, тоо-кен адистерин кен казууга, темир эритүүгө, атагы алыска кеткен кылычтарды жасоого аргасыз кылышты.

745-жылы Чыгыш түрк каганаты биротоло кулады. Бирок мурдагы баскынчылардын ордуна жаңылары келди. Ошентип жүз жыл убакыт өттү. VIII-к. орто ченинде гана Эне-Сайлык кыргыздардын мамлекети кайрадан тороло баштады.

Улуу держава мезгили

VIII-к. Яглахар уруусу башында турган уйгурлар түрктөрдүн Ашина уруусу менен бийлик талаша башташты. Экинчи түрк каганаты начарлап калганда уйгурлар, карлуктар жана басмылдардын күчтөрү биригип, аны талкалап салышты. Ошентип көчмөндөрдүн жаңы талаа державасы Уйгур каганаты пайда болду. (745-840-жылдар). Ал күч алып турган мезгилинде жадаса Кытай да ага жыл сайын көп салым төлөп турган. Бул жаңы мамлекет Эне-Сайдагы кыргыздарды да өзүнө каратып алууну көздөйт, анткени кыргыздар

турган жерлерде эгин эгүүгө ылайыктуу талаалар жана кубаттуу металлургиялык база бар эле.

750-751-жылдары уйгурлар кыргыздардын союздаштары чиктер уруулары жашаган Туваны басып алышкан. Уйгурлар акырындап өздөрүнө жакындап келе жатышканын кыргыздар дароо түшүнүшөт. Ошондон улам карлуктардын сунушун дароо кабыл алышып, алар менен бирге уйгурларга каршы союз түзүшөт. Бул Сунга токоюндагы (711-ж.) кыйроодон кийин кыргыз аскерлеринин Борбордук Азиядагы бийлик үчүн күрөшкө аралашкан биринчи аракети эле. Алар чалгындап келүү үчүн Тувага курал-жарактуу жеңил отряддарды жиберишет. Уйгурлар ал отряддарды тосуп туруп, талкалап салышат. Кийин Иртыш дарыясында карлуктарды жеңилүүгө учуратышат.

Карлуктардын жеңилиши менен эле Кыргыз мамлекети уйгур аскерлерине карап берген жок. Кыргыздардын ажосу уйгур каганынын жогорку бийлигин сөз жүзүндө гана кабылдап, андан феодалдык наам алат, ага салым төлөп турууга милдеттенет.

758-жылы Уйгур каганы күч жыйнап алып Саяндагы Кыргыз мамлекетине жүрүш жасап, басып алат. 759-жылы кыргыздар ага каршы көтөрүлүш чыгарат, бирок жеңилип калышат. Мына ошол көтөрүлүштө жеңилгенден кийин Кыргыз мамлекети өз эркиндигин алуу үчүн туура жыйырма беш жыл күч топтойт. IX кылымдын биринчи жарымында эле Кыргыз мамлекети мурдагы убактардагыдай коргонуу согуштарын жүргүзүү гана эмес, чабуул коюуга мүмкүнчүлүгү болгон жүз миң адамдан турган кошун түзүп алат.

Мамлекеттин жана кошундун башында ажо өзү турат. Ал арабдар, Тибет жана уйгурларга каршы болгон тянь-шандык карлук мамлекети менен дипломатиялык байланыш түзөт. Ажонун энесинин төркүнү түргеш уруусунун белгилүү төбөлдөрүнөн, өзүнүн жубайы карлук мамлекетинин падышасынын кызы болгон. Кыргыз ажосу өзүнүн күчтөнүп-кубаттанып, анын үстүнө ташы өйдө кулап, колдоого ээ болуп калганын сезип, 818-жылы ченде өзүн-өзү каган деп жарыялайт, бул болсо уйгурларга каршы согуш ачуу менен барабар болучу. Анткени борбордук Азияда эки кагандын болушу мүмкүн эмес эле.

Кыргыз каганынын бул чечимине жооп кылып, уйгурлар 820-жылы Эне-Сайга аскер жиберет. Бирде кыргыздар, бирде уйгурлар утуп турган 20 жылга созулган узак согуш ошентип башталат.

Согушта кыргыздар кайсы бир мөөнөттө үстөмдүк кылышат. Бул утуш кыргыз ажосуна сыгтойлуу күч берип, ал бир чети көтөрүлө, текеберлене калган кыязда уйгур каганына:- "Сенин күнүң бүттү. Мен жакында сенин алтын ордоңду ээлеп алам. Ал сенин алтын ордоңдун мандайына өзүмдүн атымды байлайм. Өзүмдүн туумду саям. Эгерде мени менен алышкың келсе, дароо бери чык, анте албачу болсоң кет, тезинен кет", - деген мааниде кайрылат. Бул болсо көз көрүнөө эле кыңэтпей багынып бер деген талап эле.

Согуштагы жеңилиш уйгур каганатынын ичинде ырктын бузулушун ырбатат. 840-жылы кар калың түшүп, мал кыйрап өлүмгө учурап, элди ачкачылык басып, жугуштуу ооруулар көбөйөт. Мына ушундай кыйын маалда козголоңчу уйгур төрөлөрүнүн бири кыргыздарды жардамга чакырат. Алар Ордо-Балыкка (Орду-Балык) 100 миң адамдан турган армияны жиберип, уйгурлардын ташын талкан кылып, ордосун өрттөп жиберет. Уйгурлардын каганы согушта өлөт. Өлгөндөн калгандары кырып салат деп коркушуп Кытайга, Забайкальеге, Чыгыш Түркстанга качып кетишет. Качкан уйгурлардын артынан кубалап, 843-ж. кыргыздар Чыгыш Түркстанга кирип барышат да, ал жердеги Аньси жана Беш-Балык деген шаарларды каратып алышат.

Уйгур каганаты кулайт. Уйгурлардын бир аз бөлүгү Чыгыш Түркстанга барып, байыр алып туруп калышат да, өздөрүнчө чакан княжествосун түзүп алышат.

Улуу державанын күч алышы

Кыйраган уйгур каганатынын ордуна Кыргыз державасы орнойт. Анын батыш чек арасы Иртыш дарыясына, түндүгү жана чыгышы Ангара, Селенга дарыялары жана Чон Хинган тоо кыркаларына, түштүгү Гоби чөлүнө чейин созулган. Кыргыздар уйгурлардын өрттөнгөн борбор шаары Орду-Балыкты кайра калыбына келтиришпейт. Каган өзүнүн ордосун кайра Тувага көчүрүп келет. Ал Тэс дарыясы Убсу-Нур көлүнө куйган жерге жа-

кын жайгашкан. Кытай дипломатиясы Борбордук Азиянын жаңы кожоюндарын өз максаттарына ылайыктап пайдалануу көздөйт. Император менен Кагандын ортосунда кат алышуу, элчи алмашуу башталат. Император каганга жазган бир катында ,"- уйгурларды түп тамырынан бери жоготуш керек, анын мамлекетин жана шаарларын кайра турбагандай кылып талкалап салыш керек," - деген катуу кеңеш берет. Бул болсо Кытайдын көчмөндөргө каршы илгертен берки өнөкөт саясаты эле, анда "жапайылардын колу менен жапайыларды басып туруш керек" деген купуя сыр жаткан.

Бирок кыргыздар өздөрү уйгурларды анча тукум курут кылып таштоо жөнүндө ойлогон эмес. Алар уйгур үстөмдүгүнөн бошонууну жана уйгур каганынын аскер-күчүн оңдурбай талкалап салууну гана көздөшкөн. Ал максат аткарылган соң кыргыздар согуш аракеттерин токтотушат да уйгур калкын жөн жайына коюшат. Бытырап, бөлүндү бөлүндү болгон уйгурлардын башына кыргыз каганы кыргыз феодалдарынан, өзүнө ишеничтүү адамдардан дайындайт.

Кытай элчилери кыргыз каганын Кытайга көз каранды кылабыз деген аракеттери оңунан чыкпаган соң , башка бир айла-амал ойлоп табышып, Кытай императору менен кыргыз каганы жакын тууган кишилер экен деген жалган сөз таркатышат. Көрсө ал "туугандык" тээ алыстан, байыркы убакта колго түшкөн кытай аскер башчысы Ли-Линди гунндар кыргыздарга башчы кылып дайындаган мезгилден башталган имиш. Кыргыздардын каганына жана анын аскер башчыларына жогорку Кытай наамдары берилген. Ага карабастан, кыргыздар Кытай менен достук байланышты өзүнүн саясий жана соода кызыкчылыгынын негизинде гана жүргүзөт. Кытай маалыматтарында эки өлкөнүн ортосундагы мамиле жөнүндө: - "Кыргыздар хан деген наамды алып алышты, бирок букара катарында кызмат кылуу ойлоруна да келген жок",- деп жазылган.

Кыргыздар эзелки маданий борборго баруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, аны туура пайдалануурга аракеттенишет. Х-к. түндүк Кытайда көптөгөн кыргыз жаштары окуган. Алардын арасынан кайсы бирөөлөрү мыкты окумуштуу болуп чыгышып, кадыр-барктуу башка жактарда иштөөгө чакырык алышкан. Мисалы, "Кыргыз өлкөсүндөгү үй-бүлөдө " туулган бир адам Тибетте буддизм жөнүндө

жазылган кытай китептерин көчүрүп жазуу кызматын аткарып жүргөн.

Ошентип, IX-X- кылымдарда кыргыздардын аскердик-феодалдык башкаруучу чөйрөлөрү күрдөөлдү күч-кубатка ээ болушуп, бир кыйла аймактарды басып алышып, көп элдер менен саясий, экономикалык, маданий байланыштарды түзгөн мезгил болгон. Улуу держава мезгилинде кыргыздар эзилген абалдан кутулганы менен бейкутчулук турмушту да унутушкан.

XI-XII кылымдарда кыргыз мамлекетинин начарлашы

"Улуу кыргыз державасы узакка созулбады. X-к. биринчи чейрегинде эле кыргыздардын негизги көпчүлүгү талааларды таштап, Саян кырка тоолорунун аркы жагындагы Эне-Сайга кайра келишкен. Ал кандайдыр бир душмандын кысымга алуусунан болгон жок. Узакка созулган кандуу согуштардан ансыз да аз сандагы кыргыздардын башы азайып, алдан тайып, кеңири мейкиндиктерге биринделп тарап кетишкен. Анын үстүнө элдин Эне-Сайда дыйканчылык кылган бөлүгү Борбордук Азиянын кургак бөксө тоолорунда кыларга иши жок, жакшы көнө албай коюшту. X-к. кыргыздар өздөрү каратып алган жерлерден Алтай менен Жунгарияны гана колдон чыгарышпай, аларды да Чыгыш Түркстандын тиричиликке ыңгайлуу жерлерине контролдук кылуучу база катарында пайдаланышкан. XI-XII кылымдардагы кыргыздар жөнүндө маалыматтар өтө аз. Ошол мезгилде монгол уруулары кубаттанып алышып, кыргыз феодалдарынын түштүк тарапка кол салып туруучу жолун тозуп коюшту. Башка аймактарда жашагандарды талап-тоноонун эсебинен байып туруу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган кыргыз төбөлдөрү өзүнүн элин эзүүсүн күчөттү. Бул өз кезегинде феодалдык мамилелердин өнүгүшүнө, өз-ара согуштардын күчөшүнө, аскердик жана граждандык бийликтин чачкындашына алып келди. Жазма маалыматтарда ошол кезде кыргыздар беш же үч бөлүккө бөлүнүп турганы жөнүндө эскерилет. Монголдор басып кирердин алдында кыргыздардын Эне-Сайда жашагандары Кем-Кемжиут, ал эми Монгол Алтайынан түндүккө карай үч күнчүлүк жолдогу (100

чакырымдар аймактагылары Кыргыз княздыгын түзүшкөн. Кыясы кыргыз княздыгы Жунгариянын түндүк райондорун жана Тоолуу Алтайды ээлеп турган болуш керек. Ал кыргыз княздыктарын башкаргандардын инал деген наамдары болгон. Бирок ал наамды алар узакка алып жүрүшө алышпады. Анткени татар-монголдордун кыйраткыч жоортуулу жакындап келаткан эле.

СУЖИДЕН (МОНГОЛИЯ) ТАБЫЛГАЧ КЫРГЫЗ ЖАЗУУЛАРЫ

IX-X кылымдарда Монголиядан табылган жазуулар бир кыйла илимий божомолдорду, ой жорууларды пайды кылды. Алар Манастын бейитине жазылган жазуу болуш керек деп божомолдоп жүрүшкөн. Бирок, биздин күндөрдө Сужиден табылган текст Бага Тархан (алдагы кыргыз болушу ыктымал) дегендин кол алдында сот кызматын аткарып жүрүп көз жумган кыргыздын урматына жазылгандыгы аныкталды. Бага-тархан уйгур кагандары чыккан Яглахар деген уйгур уруусун башкарган. Бул эстелик кыргыздар уйгурларды таптакыр эле кырып таштабагандыгын, аларды башкаруу үчүн кыргыздардан башчы койгондугун күбөлөйт. Ал кыргыз жазуусу менен жазылган, 11 саптан гана турат.

1. "Мен Яглахар - хан деген уйгур жеринен келдим.

2. Мен кыргыз уулумун, мен - бойла, даражалуу сотмун.

3. Мен бак-таалайлуу Бага-Тархандын огя - буюругумун (кенешчисимин).

4. Мен жөнүндө айтылган кабарлар жана соболдор күн чыгыштан күн батышка чейинки жерлердин бардыгына жетти.

5. Мен бай болгом. Менин мал кармоочу он короом бар эле. Менин малыма сан жетчү эмес.

6. Менин кичүү жети бир тууганым бар эле, менин уулдарым үчөө, менин кыздарым үчөө. Мен өзүмдүн уулдарымдын баарын үйлүү-жайлуу кылдым (б.а. үйлөндүрдүм).

7. Мен кыздарымды күйөөгө калың албай бердим. Мен өзүмдүн насаатчыма (манихейлик молдого) жүз киши жашай турган жай бердим.

8. Мен өзүмдүн бир туугандарымдын балдарын жана небереларимди үйлөнтүп-жайландырдым эми мен көз жумдум.

9. Уулум! Эр жүрөктүүлүк жактан сен менин насаатчымдай (манихейлик молдодой бол! Ханга кызмат кыл! Кайраттан!

10. Менин улуу уулум жортуулга кетти.

11. Мен көргөн жокмун. Уулум..." *

СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Кыргыз мамлекети кандайча башкарылган?

2. Байыркы кыргыздар эмне кесип кылышкан?

3. Эмне үчүн Барс-Бег каган деген наамды алды?

4. Эмне үчүн IX-X кылымдар кыргыздардын тарыхында "Улуу держава" деп аталып калды?

Бул жылдарды эстеп калгыла:

711-жыл - Кыргыздардын Сунга токоюнда жеңилип калышы.

840-жыл-Кыргыздар уйгурлар менен болгон күрөштө жеңишке ээ болгон.

Кыргыздардын белгилүү адамдары коюлган көрүстөндөрдү изилдешкен археологдор IX-к. чейин аларда кымбат буюмдар өтө аз болгондугуна көңүл бурушту. IX-X кылымдарда абал кескин өзгөргөн. Бир атак-даңктуу кыргыздын сөөгү коюлган көрүстөндөгү жашыруун коңулдан таза алтындан жасалган төрт кооз идиш жана эки: бирөө алтындан, экинчиси алтындын буусуна кармалып күмүштөн жасалган табак табылган.

---

* Ушул жерден текст үзүлүп калган.

Бул фактыны кандайча түшүндүрүүгө болот?

Кыргыз мамлекетинин аймагынан байыркы кыргыз жазуусу менен жазылган 120дан ашык тексттер табылган. Алар аскаларга, таштарга чегип, алтындан, күмүштөн жасалган кымбат идиштерге, коло күзгүлөргө , жада калса кытай акчаларына да чийилип жазылган. Эмне үчүн аларды тарыхый булак катары кароого болот? Алар кандай маалыматтарды берет?

III- глава КЫРГЫЗ ЭЛИ ТҮЗҮЛГӨН ЖАНА ӨНҮККӨН ДООР

12. МОГОЛИСТАН МАМЛЕКЕТИ

Мамлекеттин чек арасы

Санай берсе сан жетпеген феодалдык согуштар Орто Азиянын калкынын тынчын кетирип, жакырчылыкта кармап келген. Кайсы бир хандар Чагатайлардын мурдагы улусун начар абалдан алып чыгууга аракеттенишкен. Бирок ал аракеттерге көчмөн феодалдар катуу каршылык көрсөтүшкөн. XIY-к. орто ченинде Орто Азиянын чыгышында жаңы мамлекет - Моголистан, б.а. "Моголдор өлкөсү" (түрк элдери могол дешип монголорду айтышкан) пайда болгон.

Моголдордун эң ири уруулары түркчө жана монголчо аталган. Алардын арасынан дуулаттар, канглылар, киреиттер, аргинуттар,баариндер, арлаттар, барластар, булгачтар ж.б. айырмаланып турган. Алардын баарысы эчактан эле түрк тилинде сүйлөшкөн, түрктөрдүн адат-салтын кабыл алышкан, өздөрүнүн ата-мекени катары Монголиянын талааларын эмес, Тянь-Шань тоолорун эсептешкен. Ал уруулардын көпчүлүгү кийин кыргыз элинин составына кошулуп кетишкен.

Моголистан мамлекети чыгышынан Баркул көлүнө, батышынан Сыр-Дарыяга чейинки территорияны ээлеген. Анын түндүк чек арасы Балкаш көлүн, түштүгү Чыгыш Түркстанды кошо камтыган. Мамлекеттин чыгыш чет жакаларында кыргыздардын ээлеген жерлери жаткан.

Моголистан борборлошкон мамлекет эмес эле. Ири феодалдар өздөрү турган жерлердин толук кожоюндары болуп эсептелишкен да хандарга баш ийди деген гана аты болгон.

Дуулаттардын башчылык кылышы

Моголистан мамлекетинин саясий турмушунда дуулат уруусунун ири феодалдары жетекчи ролду ойногон. Алар Чыгыш Туркстанды, Маңгалай- Субе менен Ферганандын бир бөлүгүн, Алай, Ысык-Көлгө чейинки бүткүл Борбордук Тянь-Шань дубанындагы кенен жана байлыгы мол жерлерди ээлеген. Бул жерлер дуулат уруусунун башчы феодалы Эмир Пуладчыга тиешелүү болуп, анын ордосу Ак-Суу шаарында (Чыгыш Түркстан) жайлашкан.

Талас, Чүй өрөөндөрү, Ысык-Көл жана алардын түндүгүндөгү жерлер Балхашка, чыгыш жагынан Иртышка чейин дуулат уруусунун дагы бир феодалы Эмир Пуладчинин иниси Камар Аддинге караган.

Дуулаттардын бийликтеги төбөлдөрү өз уруусунун согуш күчтөрүнө таянышып,Моголистанды Мавераннахрадан бөлүп алуу аракеттерине башчылык кылышкан.

Исламды кабыл алуу

Эмир Пуладчи өзү Чыңгыз хандын тукумунан болбогон соң хан тактыга отура алган эмес. Ошол себептен ал Чыңгыз хандын тукумунан чыккан Тоглук-Темир деген жаш баланы таап келип, ошол аркылуу өзүм бийлик бийлик жүргүзөм деген ниетте аны 1348-ж., Моголистандын ханы деп жарыялайт.Пуладчи өзү хандын алдында улусбеги (улук улустун беги) деген жогорку кызматты ээлейт да, аны укумдан-тукумга мураска кала турган кылат.

Моголистандын биринчи ханы Тоглук-Темир мамлекеттик ишке жарамдуу адам болуп чыгат. Анын ордосу Алмалыкта (Иле дарыясынын боюнда) эле. Хан көчмөн төбөлдөр менен жакшы мамиледе болот да өзү акрындап бийлигин бекемдей берет. Аны үчүн ал 1354-жылы исламды кабыл алат жана аны официалдуу түрдө мамлекеттин дини кылат. Мына ошону менен ал Алмалыктын жана Чыгыш Түркстандын шаар тургундарын, ошондой эле көптөгөн көчмөн феодал-мусулмандарды жана эл арасында таасирлүү дин кызматчыларын өзүнө тартып алат. Ошол өзүн колдогондорго таянып, Тоглук-Темир катардагы жөнөкөй көчмөндөрдү да күч менен ислам динин кабыл алдырат. Орто кылымдардагы тарыхчылардын эсеби боюнча бир күндө бутпарас жолун жолдоочу 160 миң киши мусулман болуп чыга келет. Моголистандын чыгыш чет жакаларында турган кыргыз уруулары анда исламды кабыл алышкан эмес.

Мусулман болуп алган соң Тоглук-Темир бүткүл Орто-Азиядагы бийликти колуна алууга укуктуу болуп калган.

Мавераннахрга жортуулдар

Тянь-Шандын көчмөн билермандары жеңил-желпи эле байып алгылары келишип, хандан башка жерлерди басып алууну талап кылышкан. Тоглук-Темир эгерде жортуул ийгиликтүү болуп калса өзүнүн кадыр-баркы көтөрүлүп, бийлиги бекемделе тургандыгын түшүнгөн. Хан да, Тянь-Шандын көчмөн билермандары да Орто-Азиядагы Аму-Дарыя менен Сыр-Дарыянын ортосунда (Мавераннахр) жаткан батыш областтарды оңой олтоң эле басып алууга болот деген чечимге келишкен. Анткени ал жерлердеги бийлик бытыранды жана өз-ара жоолашып, чабышып турган түрк эмирлеринин колунда эле. Хан, эгерде иш ордунан чыгып калса, анда бүткүл Орто-Азияны өз бийлигине бириктирип алмакчы болгон.

1360-жылы эрте жазда Тоглук-Темир көп аскер менен Жети-Суудан Мавераннахрды көздөй жортуулга чыккан. Ташкенге жакын жерге аскерлерин жайгаштырып коюп, хан Мавераннахрга чалгындап келүү максатында атчан отряддар жиберет. Аларды көргөндө эле шаарлар багынып беришип, жергиликтүү түрк эмирлери Тоглук-

Темирдин тарабына өтүшөт. Хан Мавераннахр эми өзүмдүкү болуп калды деп, калкты талоого тыюу салат. Буга нааразы болгон могол феодалдары козголоң чыгарышып, отряддарын Тянь-Шанга алып кетип калышат. Тоглук-Темир болсо, өзүнүн калган аскерин Ташкенден чыгарып, Жети-Сууга кайра кетүүгө мажбур болот.

Могол эмирлери Мавераннахрды басып алган өлкө катары эсептешип, калкты тоноп,көп бейбаштык жасашат. Ошондуктан элдик көтөрүлүштөр чыгып, аларды кайсы бир жергиликтүү феодалдар колдойт. Ал жерге наместник кылып койгон Тоглук-Темирдин уулу Ильяс-Кожо өтө кыйын абалда калат. 1364-жылы Моголистандын ханы Тоглук-Темир дуйнөдөн кайтат. Ильяс-кожо мураскор катары ата тактысына отурганы эл-журтуна жөнөп баратканда көтөрүлүшчүлөр тарабынан сокку жеп, өзү колго түшөт. Мавераннахрдын аскерлерине Хусейин жана Темир деген эки эмир башчылык кылышкан. Тимур Тоглук-Темирден көп жакшылык көргөндүктөн колго түшкөн Ильяс-кожону Моголистанга бошотуп жиберет.

Ылайдагы салгылашуу"

Ильяс-кожо Моголистанга барып тактыга олтурган соң атасынын тышкы саясатын улантууну чечет да, Мавераннахрды кайрадан басып алмакчы болуп, 1365-жылы жүрүшкө чыгат. Мавераннахрдын Темир эмир башчылык кылган аскерлери Моголдорду Ташкен менен Чиназдын ортосунан, Сыр-Дарыядан тосуп чыгышат. Эки тарап беттешип салгылашып атканда алай-дүлөй болуп нөшөрлөп күн жаайт. Аскерлер баткакка батышып, берилген буйруктар угулбайт. Көнөктөп куйган жаанда душман кайда, өз кайда экени билинбейт. Салгылашуу аябай күчөп турган маалда моголдорго жаңы күч келип кошулат да, таймаш алардын пайдасына чечилет. Темирдин аскерлери артка качышат. Дүрбөлөңгө түшүп качканда тирүүлөрдүн жана жарадар болгондордун көбү ылайга тебеленип алат. Ошо кездегилердин айтуусу боюнча Сыр-Дарыядагы "Жанг-и Лой" ("ылайдагы салгылашууда") 10 миңге жакын адам курман болгон.

Моголдор калкты ырайымсыздык менен талап-тоношуп, Самарканга кирип барышып, аны курчап алышат. Эмирлер Темир менен Хусейин шаарды эмне болсо ошо болсун дешип, Аму-Дарыянын аркы өйүзүнө качып кетишет.

Моголдордун жеңилиши. Ич ара согуштар

Коргогон аскерлери жок калгандыктан Самаркандын эли шаарды сактап калууну өз колдоруна алышат. Түп көтөрө душманга каршы чыгышат. Аларга баскынчылардын колуна түшүп бергилери келишпеген катардагы эле жөнөкөй адамдар башчылык кылышат. Алардын бирөө медреседе окуган, экинчиси пахта тазалап жүргөн адам экен. Шаарды коргоп чыккандарды бетке кармаар, далдаланаар дубалдардын, коргондордун жоктугу аябай кыйын абалга калтырат. Андай дубалдар, коргондор Чыңгыз-хандын убагында эле кыйрап калган. Эл шаарга кирген бир көчөдөн башка бардык жолдорду казып, колго тийген ар кандай нерселер менен тосуп салышат. Моголдордун атчандары тосулган, казылган көчөгө кире бергенде туш тараптан жаа атып, таш, союл менен ургулашып, айлаларын кетиришет. Басып киргендер миңге жакын адамдарынан, көп сандагы унааларынан ажырап, шаардан кайра эптеп чыгышат. Ильяс-Кожо Самарканды курчоодон баш тартып, андан соң аскерлерин Моголистанга алып кетет.

Албетте, бул ханга аброй алып келбейт. Ильяс-Кожонун Мавераннахрдеги согушта жеңилип калышы Моголистандагы ири феодалдардын ага каршы чыгышына түрткү болот. Болгондо да кандай? Дуулат уруусунун эл билген таасирлүү эмири Камар Ад-Дин Ильяс-Кожонун ордосуна кол салып, ханды өлтүрүп, анын үй-бүлөсүн бүтүндөй дээрлик кырып таштайт. Ырас, Камар Ад-Динге каршы феодалдар Моголистан ханынын мураскору болчу бир жаш баланы эч ким көрбөгөн, билбеген жерге катып, аман алып калышат.

Моголистандын феодалдарынын арасында ич-ара көпкө созулган согуштар башталат. Алар Темирдин аскерлеринин жортуулу башталар алдында өлкөнү начарлатып салган.

Моголдордун кайра-кайра жасаган жортуулдарынан жана эл көтөрүлүштөрүнөн тажаган Мавераннахрдын феодалдары менен көпөстөрү өлкөгө каршы келаткан жортуулдардын мизин кайтарып, элди кыңк эттирбей кармай турган күчтүү адамды издей башташат. Акырында биз издеген киши ушу дешип Темир эмирге токтолушат (1336-1405-жылдар).

Темир Шахрисябз шаарына жакын арада монголдордун түрктөшүп калган барлас уруусунан чыккан Тарагай бек деген адамдын үй-бүлөсүндө туулган. Ал жаш кезинен эле согуш иштерин жакшылап үйрөнгөн, жолбашчылык кылууга даяр инсандык сапаты бар, барып турган эр жүрөк болгон. Ал алдуу-күчтүү, кайраттуу десе кайраттуу, каардуу десе каардуу, жигиттерден сүрдүү отряд топтоп алып кербендерди тоноп-талап, кошуналарына кол салып турган. Жыйырма жашка чыкканда Темир эл арасында кадыр-барктуу, күчтүү, өзүнө Кашка-Дарыянын боюнан тартуу кылып чакан жер берген Казаган деген эмирге кызматка орношот. Тоглук-Темир хан Мавераннахрды басып киргенде, Темир моголдорго кызматка өтүп, Кеш вилайетин ээликке алган.

Ал 1361-жылы Казагандын небереси, ошо кезде Мавераннахрды башкарып турган Хусейин Эмир менен союз түзөт да, көп узабай 1370-жылы эле Хусейинди туткунга алып өлтүрүп таштап, Мавераннахрдын толук укуктуу, жеке өзү бийлеген кожоюну болуп алат.

Кайраттуу, керек болсо ырайымсыз, куу, арамза Темир душманга кызмат кылып берүүдөн да тартынбаган, союздаштарын сатып жиберүүгө дайым даяр турган, эл көтөрүлүштөрүн ырайымсыз басып, өз же жатына карабай уурдап-тоноп дүнүйө жыйнаган, б.а. бийлик дегенде эчтекенин көзүнө караган эмес. Чынгыз тукумунан чыкпаганына карабастан, Темир өзүнүн айтканын жасай тургандарды хан кылып тактыга отургузуп, анын атынан бийлик жүргүзгөн. Өмүрүнүн акырында Темир Орто Жер деңизинен тартып Чыгыш Түркстанды кошо кучагына алган мейкиндикте өз империясын түзгөн. Ал жаңы мамлекеттин саясий-административдик борбору Самаркан болгон. Жүрүштөрдүн биринде Темир бутунан

жарадар болгондуктан аксап басчу. Ошондон улам аны "Темирленг", б.а. "Аксак Темир", "европалыктарча "Тамерлан" деп аташкан.

Өзүнүн бийлигин кеңейтүү максатын көздөп, Темир Моголистанды басып алганы бир катар жүрүш жасаган. Темирдин кандуу кылычы Тянь-Шандын көчмөн уруулары да тийбей коёгон эмес. Анын көп сандаган жана жакшы куралданган аскерлерине биринде ген, чачкын улустар эч кандай каршылык көрсөтө алышпайт. Ага карабастан моголдордун басып алуучулук жортуулдарын оңунан чыгырбай коюучу көнүмүш ыктары болгон. Темирдин аскерлеринин жакындап келе жатканын билип алышып, көчмөндөр колдо бар жүктөрүн жүктөп, малдарын айдап, "Темир чолоктун" аскерлери оңой бара албай турган алыскы тоолорго көчүп кетип калышчу. Баскынчылар кеткенден кийин алар көнгөн конуштарга кайра келишип, Темирдин кийинки жортуулуна чейин жашай беришкен.

Темирдин Тянь-Шанга жасаган талоончул жортуулдары

Темир 1371-жылы Камар Ад-диндин улусуна каршы жортуулга чыгып, Ысык-Көлгө чейин келет. Бирок ойлонгон оюу оңунан чыкпай калат. Анткени калктын бир бөлүгү Чыгышка-Иле менен Иртыш дарыяларынын ортосуна көчүп кетишип, экинчи бөлүгү баскынчылар оңойлук менен жете албай турган тоолуу өрөөндөргө чыккандыктан, барган жерлери аңгырап ээн калган. Могол уруулары басып алуучуларга каршы дайыма ушундай амалды колдонушчу. Бирок Темирдин ач көз колу акыры жүрүп, ошол баш калкалаган жерлерге да жетет: 1375-жылы ал Сайрам шаары аркылуу Моголистанга кайрадан басып кирет. Үрөйү учкан калк качат. Моголдордун мурда өз-ара каршылашып жүрүшкөн негизги эки чоң улусунун башчылары Камар ад-дин менен Хаджи-Бек күчтөрүн бириктирип туруп, баскынчыларга сокку урмакчы болушат. Бирок, ашынган куу, арамза Темир алардын акылын күн мурун түшүнө коет да, биригүүгө мүмкүнчүлүк бербей, бир-бирден талкалап салат. Анын нөкөрлөрү Камар Ад-Диндин аскерлеринин артынан кубалап олтурушуп, Иле өрөөнүндө баскынчылардан жашырынып, баш калкалап жүрүшкөн

бир топ көчмөн уруулардын "үй-мүлктөрүн, малдарын талап алышып, аргасыздан баш ийип бергендерди топ-топ кылып Самарканды көздөй айдатып... Камар ад-диндин улусун аралап баратканда жолдо жолуккан айылдарды бүт бойдон тоноп алышты",- деген Темирдин замандашы, анын өмүр баянын жазып жүргөн тарыхчы Шараф аддин Али-Йезди. Бирок арасында көп кыргыздар болгон Камар ад-диндин аскерлерин бүт бойдон талкалай алышкан эмес. Моголдор тийип-качуу (арьергардык) уруштарды жүргүзүү менен өздөрү Кара-Тоо-Талас-Чүй Боом капчыгайы багыттары аркылуу чегинип олтурушкан. Ысык-Көлгө келгенде Камар ад-диндин аскерлери Темирдин жер жайнаган көп колуна каршы салгылашат. Темир тарап көп жоготууга учурап, артка чегинип Самарканга кайра келишет. Сокку жеп, ыза көрүп аябай каардanган Темир ошол эле жылы Камар ад-Динди Кочкордон талкалайм деген ишеним менен аскерлерин Ысык-Көлгө өзү баштап келет. Бирок, анын оюу бул жолу да ордунан чыкпайт. Ал келгенге чейин эле көчмөн уруулар Иленин ары жагына кетип калышкан.

1377-1379-жылдарда Темир Моголистанга каршы баскынчыл жортуулдарын кайрадан кайталайт. Бул жолу Боом капчыгайында, Ат-Башыда жана башка бир катар аймактарда Камар ад-Диндин аскерин талкалоого жетишет. Аман калган моголистандыктар Иленин нары жагындагы Тарбагатай тарапка качып кетишет. Ошол кездеги тарыхчылардын билдирүүлөрүнө караганда бул жортуулдарда Темир "санап сан жетпеген" олжо жыйнап алып, миндеген адамдарды Мавераннахрга айдап барып, кулдукка сатат. Ошону менен бирге Кыргызстандын элин Темир толук түрдө багындыра албагандыгын фактылар күбөлөп турат. Баскынчы бул элди 1388-жылдагы жортуулунда биротоло баш ийдире алган эмес.

1389-жылы Темир аябагандай көп аскер жыйнап алып, Моголистанга жазалоочу жортуулга чыгууну чечет. Бирок, көчмөн уруулардын биротоло багындырып алууга мүмкүн эместигин жыйырма жылга созулган күрөштүн тажрыйбасы көрсөткөн. Ошондуктан ал көзгө көрүнгөндүн баарысын талап-тоноп алууну, жергиликтүү элди ач-жылаңач калтырууну, миндеген жаңы адамдарды кул кылып айдап кетүүнү, калк жашаган бардык айылдарды,

сугат иштерине керектүү алыш, канал дегендердин баарысын талкалап, бузуп салууну жүрүштөгү негизги максатым деп эсептеген. Булардан тышкары Темир Моголистандын бир катар көчмөн уруулары зордоп Мавераннахр тарапка көчүрүп алпармакчы болгон.

Тянь-Шань улустарынын могол башкаруучулары өз-ара бири-бирине жана кол алдындагы тынчы кеткен букараларына ишенишпей, жортуулдан коргонуу үчүн эч кандай уюштуруу иштерин жүргүзө алышкан эмес. Алар Темир келсе ушул убакка чейин багынып бербеген Камар ад-Динди гана жазалап тим болбойт го деп ойлоп, Тянь-Шандан Алтайга көчө качууга ашыгышкан. Темирдин аскерлери болсо эч кандай олуттуу каршылыктарга учурабай, Сыр-Дарыядан Талас, Чүй, Иле өрөөндөрү аркылуу Алтайды карай бет алат. Кандуу жортуул моголдорду тыптыйпыл кылуу максатын көздөгөн. Темирдин өмүр баянчысы сыймыктануу менен анын аскерлери "уруп-сабап, талап-тоноп...аларды (моголдорду) жер менен жексен кылып баратышты; көп сандаган туткун, сансыз олжо менен алар кайра кайтышты", - деп жазган.

1389-жылдагы кандуу согуш баскынчынын өз алдына койгон милдетин толук актабаса керек. Ал 1390-жылы Тянь-Шанга дагы эки отряд аскер жөнөткөнүнөн улам көрүнүп турат. Отряддын бири түндүк жол менен Ташкен, Талас, Чүй аркылуу, экинчиси түштүк жол менен Анжыяндан чыгып, Яссы, Арпа дарыяларын бойлоп жөнөйт. Отряддар жүрүп отурушуп Ысык-Көлдөн жолугушат. Артка чегинип бара жаткан Камар ад-Динди кубалап жетүү үчүн алар Иртышка чейин барышат. Жер аңгырап ээн калыптыр. Калк баскынчылардан коркуп киши баралгыс бийик тоолуу аймактарга чыгып кетишиптир. Тянь-Шандагы жана анын айланасындагы көчмөн уруулар зулум душманга баш ийип берүүнү каалашпай, өздөрүнүн киндик каны тамган ата-журтун таштап кетүүгө аргасыз болушкан. Замандаштары күбөлөгөндөй Темирдин бийлиги чындыгында Чүй өрөөнүнө чейин гана тараган.

Темир "талап алууга жана бүлгүнгө учуратууга дайыма даяр турган"өз адамдарын ал жакка жиберип, алар "өрөөндөрдү жана талааларды ээлеп алышып, ал жерге бир канча чептерди салыш-

кан",- деп жазган Ибн-Арабшах. Бул аймакты жана ага кошуп мүлдө Моголистанды башкарууну Темир өзүнүн небересине - көп узабай эле орто кылымдардагы эң зор окумуштууларынын бири катары даңкы чыккан атактуу Улугбекке бергендиги кызык. Бирок Улугбек иш жүзүндө Моголистанда бийлик жүргүзгөн эмес.

Темир жана анын басып алуучулук согуштары жөнүндө кыргыз элинин эсинде көп эскерүүлөр сакталып калган. Ушул күндөрдө деле Ысык-Көлдүн чыгыш тарабындагы. Санташ ашуусундагы эки таш дөбөнү элдик уламыш "Темир чолоктун" ысмы менен байланыштырат . Анын маниси мындай: Темир Санташ аркылуу Кытайга кетип баратып, ашууга чыкканда ар бир жоокерге "сайдан бирден таш алып, аларды чогуу бир жерге үйгүлө" деп буйрук кылат. Кайра келе жатканда тирүү калган жоокерлер баягы таш төбөдөн бирден таш алып, дөбөнүн катарына үйүшөт. Ошентип ашууда эки килейген таш дөбө пайда болот. Алардын бири бөлөк жерде курман болгондордун өз колдору менен өздөрүнө тургузган эстелиги, экинчиси (биринчисине караганда алда канча кичине) жортуулдан аман-эсен кайткандардын санын билдирген экен.

Темир жөнүндө уламыш

Орто-Азияны басып алгандан кийин атактуу аскер башчы Темир -Тянь- Шанды да багындырып алмакчы болот. Ал жөн тура алган эмес. Темир "бул дүйнөгө эки падыша көптүк кылат" дечү экен. Бул учкул сөз Азия элдерине, анын ичинде Тянь-Шанды жердеген көчмөндөргө да көп кырсыктарды, муң-кайгыны алып келди. Темир ал элдердин бирин кырып жок кылды, экинчисин күргүштөтүп тобу менен Самарканга айдады, ал эми үчүнчүсү-айлакери киши баралбас жерлерге качып кетип кутулду.

Бирок, Темир кетээри менен көчмөндөр өздөрүнүн бereкелүү жерине кайра келишчү. Темир кайтып келсе, тоолуктар аска-зоого чыгып кетишчү. Ошентип Темир келсе көчмөндөр тоого чыгып, ал кетсе, кайра ойго түшүп келишкен. Акыры ал Темирдин аябай кыжырын келтирет. Ысык-Көлдүн нак ортосундагы бир аралга ал сепил курат да, ал жерге өз үй-бүлөсүн жана кайтып келген көчмөндөрдү

андып туруу үчүн чоң аскер бөлүгүн калтырат. Өзү болсо калган баш кесерлери менен кезектеги талоончу жортуулга чыкмакчы болот.

Коштошуп жатып, жакшы көргөн аялы эмирге: - Оо, менин жеңилбес күйөөм! Сен кетип баратасың. Биз болсок сенин жагымдуу жүзүңдү көрүп туруу мүмкүндүгүнөн ажырайбыз. Анын үстүнө көчмөндөр жалгыз гана сенден коркушат. Биз кубанып, душман коркуп турсун үчүн өзүңдүн кудайым берген дөөлөтүңдү жүзүңдөн бадырайтып даана көрсөтүп турган сүрөтүңдү калтырып кет! - дептир.

Темир сүрөткерлерди чакыргыла деп буйрук берет. Алар тез эле жыйналат (Тимур чакырганда кечигип калчу ким бар). Тез эле ишке киришишет. Керээли кечке сүрөтчүлөр кыл калемдерин боекке малып, тынбай иштешет. Анан бир кезде сүрөттөр тартылып бүтөт. Чыныгы айтса анын сол көзү чалыр, оң колу ийри, оң буту төкөр болуучу. Мындай белгилерге ал жогорудагы өзүнүн учкул сөзүн ырастаганы жүрүп дуушар болгон. Сүрөтчүлөр аны нак ошондой кылып тартышыптыр.

"Муну кандай десе болот, -Темир ойлонуп калат. - Мына бу бир көзү жок, төкөр, колу ийри, түрү суук немени менин мөлтүрөгөн сулуу аялым күндө карап туруш керекпи? Андай болгондо менин аялымдын сүйүү кумары түбүнө көпкө дүрүлдөтө от жагылган казандагы суудай бууга айланып кетпейби? Анан мындай майып адамдан тоолуктар деги сездешеби? Сүрөтчүлөрдү жакшылап коркутуп коюш керек".

Ушу сөздөрдү айтып туруп, сүрөткерлердин баштарын алдырып таштайт. Ал мындан башкача коркутууну билген эмес.

Анан дагы жаңы сүрөткерлерди чакырышат. Алар алгач келген сүрөткерлердин тагдыры эмне менен бүткөнүн угушкан экен. Ошондуктан "Темир чолоктун" сүрөтүн көзүн бүркүтүкүндөй, буттарын бипбирдей, колдорун түптүз, телегейи тегиз, жапжаш азамат кылып тартышат.

"Обу жок жалгандык, - дейт Темир - Ушуга аялым ишенеби? Ал менин чындыгында кандай экенимди жакшы билет. Аялым билгенден кийин элдин баары билет да.

Ошентип ал бул сүрөткерлердин да жүрөгүнүн үшүн алып койгула дейт.

Дагы жаңы сүрөткерлерди издешет, эч кимди таба албай коюшат. Көрсө тирүү калган сүрөткерлердин баарысы чет мамлекеттерге качып кетишиптир. Издеп жүрүшүп акыры улгайган, буурул чач бирөөнү табышат.

-Колуңдан келеби? - Темир сурданып сурады.

- Асманда Алла улуу, жерде эмир улуу, - деп жооп берди карыя. -Жанымды кудайга, мойнумду эмирге тапшырдым. Кана, ишке киришели.

Ошентип, карыя сүрөткер Темирди атка мингизип сол жагынан тартат. Соо сол колу жааны кармап, ийри оң колу жаанын жибин чоюп тартып жебени атат. Сол жаккы кылыр көзү жумулуп шыкаалагандай болуп калыптыр, ал эми төкөр оң буту аттын аркы каптalында болгондуктан көрүнбөйт.

Баарысы туп-туура тартылган, кабатыр кыла турган эч жери жок. Бул сүрөттү карап, анын жакшынакай, сулуу жубайы качанга чейин рахаттанганы белгисиз. Ал сүрөт тоолук көчмөндөрдү чочута алдыбы же жокпу анысы да белгисиз. Бирок бир нерсе белгилүү: өзүнүн отуз беш жылга созулган бийлиги учурунда бир канча кандуу жортуулдарды жасаганына карабастан, каардуу жана ырайымсыз басып алуучу Орто Азиянын башка жерлериндегидей Тянь-Шанда өз бийлигин толук бекемдей алган эмес.

Кыргыздардын Темир менен болгон күрөшкө катышышы

Тарыхчылар кыргыз уруулары Темирдин жортуулдарынын тушунда, ошондой эле андан кийинки бир аз мезгилде Алтайда, Чыгыш Тянь-Шанда жана аларга жамаатташ жаткан аймактарда жашаган деп эсептешет. Алардын кошуна уруулар менен өз ара мамилелери ар кандай болгон. Иртыш боюндагы Жучу улусунун чыгыш бөлүгүнүн башында тургандар Темир менен болгон күрөштөрдө алсырап калган кыргыз урууларын атайын эле кошуналары менен кагылышууга бир канча жолу түрткүлөшкөн. Алардын ичинде алтын

ордолук хандардын жүргүзгөн саясатын колдобогондар да болгон. Махмуд ибн Вали жазгандай Ак (Көк) Ордонун башкарчуусу Пулад Ордо-хандын тукумдары менен союз түзүп, " кыргыз урууларын жазалоого ниеттенген"... Бирок Шейбаниддер өздөрү "Сахиб-кирандын (Темирдин) падышалыгы убагында кыргыздарга качып барып, алардын далай жакшылыгын көрүшкөндүктөн, ал жүрүшкө катышуудан баш тартышкан..." Пулад-хан кыргыздарга кол салып, жеңишке ээ болот да аларды ошол кезде жашап турган жерлеринен сүргөн.

Кыргыздардын Тянь-Шанга келиши

Темирдин Моголистанга жасаган кыйраткыч, кандуу жүрүштөрүнөн улам ал тарапта чоң өзгөрүүлөр болду. Бир убактарда күч-кубаттуу: дуулаттар, чурастар, канглилер, бургачтар ж.б. уруулар адам жагынан да, тиричилик жактан да чоң жоготууларга учурашты. Борбордук Тянь-Шань, Ысык-Көлдүн тегереги жана Иле өрөөну ээн калды, Моголистандын чыгыш чет жакаларында, Алтайда жана Жунгарияда жашаган кыргыздар Темирдин согуштарынан талкаланган могол урууларынын калгандарын өзүнө каратып, ээн калган жакшынакай жайыттарды акырындап ээлей беришет.

XV-к. эле кыргыздар калган моголдордон дээрлик айрымаланбай калышат. Ошол убактагылар алардын эки гана айырмачылыгын белгилешкен. Кыргыздар өздөрүн жүрөктүүбүз деп эсептешкен. Моголдордон согушчандыгы менен да, чыдамкайлыгы менен да көп айрымаланган. Эр жүрөк, шамдагай-шайдоот болушкан. Ошол себептүү алар "Моголистандын токой арстандары" деген ардак наам алышкан. Экинчиси, кыргыздар бир катар могол урууларына окшоп исламды кабыл алышпай, өздөрүнө адат болуп калган көп кудайга табынууну уланта беришкен. Биздин күндөрдө окумуштуулар дагы бир үчүнчү айрымачылыкты белгилешти: кыргыздар моголдор түшүнө турган, бирок башка турк тилинде сүйлөшкөн.

Моголистанда хан бийлигинин начарлашы

XIV к. дын акыркы жылдары -XV-к. дын башталышы Моголистанда бийлик талашып, өз-ара салгылашуунун

аябай күчөгөн мезгили болду. Ошондо тактыга элди өз алдынча башкарып кете албай турган, жөн эле бирөөлөрдүн камчысын чаап, айткандын аткара турган улам бир "ханды" көрсөтүшүп, Манглай-Субенин феодалдык топтору чечүүчү ролду ойношкон. Бирок Түндүк Тянь-Шандагы кыргыз уруулары көпчүлүк учурларда алардын бийлиги менен эсептешкен эмес. 1389-жылы Манглай-Субенин бир башкаруучусу - Мирек ака тактыга Хызыр-Хожо деген жаш баланы отургузуп коет. Маалыматтарга караганда, тактыда башка бирөө отурганы менен "ишти көзөмөлгө алуу, тартипке келтирүү (башкаруу) мурдагыдай эле Мирек-аканин өз колунда болгон. Ал эмне кааласа, ошонун баарысын жасаган". Мирек-аке менен Хызыр-Кожо Темир менен тынч мамиледе жашаганга аракет кылышып, анын өздөрүнүн жерине көз артканына да макул болушкан. Мисалы, Кашкардагы наместник башкарган аймакты Темирдин небереси Ибрагим-Султанга берип жиберишкен. Мамиле ошондой болгону менен "Темир-Чолок" Моголистанды башкаруучуларга анча деле ишене берген эмес. 1399-жылы Хызыр-Кожонун көзү өткөндөн кийин ал өзүнүн небереси Искендерди Манглай-Субеге каршы аттандырган. Ал барган жерин аябай бүлгүнчүлүккө учуратат. Элди кыйнап, жакырлантып жиберет. Кыргыз уруулары буга чыдашпай, Искендерге каршылык көрсөтүшөт, бирок жеңилип калышат. Эгерде тарыхчы Абд-арраззак Самаркандинин жазгандарын эске ала турган болсок, анда Искендердин "Алмалык менен Хотандын сулуу-сулуу айымдарынан, кыргыздардын жана Беш-Балыктыктардын жылдыздуу кыз-келиндеринен" Темирге тартуу жибергенине караганда, небереси ал жактан көптөгөн олжолорду жана туткундарды жыйнап алып турган болуш керек.

Хызыр-Кожонун өлүмү анын мурасчыларынын ортосундагы өз-ара күрөштү кайрадан курчутту. Алардын ичинен Мирек-Аканин уулу Худайдад айтса сөзү өтүп, кылган иши жагып бир аз убакытка кадыр-барктуу болуп турат. Анын бийлиги Манглай-Субеде жана Чыгыш Туркстанда белгилүү деңгээлде күчтүү болгон. Бирок, Худайдад да улам күчөп бараткан феодалдык чыр-чатактарды токтотууга күчү жетпей Самарканддык башкаруучу, Темирдин небереси,

атактуу Улугбекти жардамга чакырып:- "Мырза (Улугбек) келип кетсин. Мен моголдордун арасын ажыратамын. Аларды мырзанын колуна тапшырамын", - деп кайрылыптыр.Андай чакырык алган Улугбек карап турабы, узабай эле аскерлери менен Чүй өрөөнүнүн чек арасына жетип келет. Худайдад болсо көз көрүнөө эле ал тарапка өтүп кетет. Бул Моголистанды дүрбөлөңгө түшүрөт. Тянь-Шандын тегерегинде жашаган кыргыз уруулары ошол убакта самаркандыктарды колдогон тараптагылар менен да, алардын душмандары менен да эсептешкен эмес. Албетте алардын мындай мамилеси Темирдин тукумуна жакпай тургандыгы белгилүү да. 1425-ж. Улугбек аскерлери менен Түндүк Тянь-Шанга келет да, адегенде эле Таласта турган урууларга кол салат. Алар душмандын кысымына чыдабай мурдагы Камар-ад-диндин улусуна көчүп жөнөшөт. Аны ошол учурда Камар-ад-диндин уулу Жаханшах башкарып турган. Ал кыргыз урууларынын башчылары менен союз түзүп, душманга сокку урмакчы болот. Бирок Чүй өрөөнүндөгү согушта Улугбек жеңишке жетишип, Жаханшах союздаштары менен Ысык-Көлдүн жээгине кетүүгө аргасыз болот.

Моголистандын андан кийинки мезгилдеги тарыхы деле мурдагыдай өз-ара кармаштан башталып, өз-ара ыркы келишпеген бир туугандар Эсен-Бука менен Жунусту бири-бирине кайраштырышып, моголистандык тактыга ар кимиси өз кишисин коюуга аракет кылышкан. Ошентип феодалдык эки топтун күрөшү менен мүнөздүү болду. Кыргыздардын башчылары да алардын бийлигине баш ийген жерлерде өздөрүн эч кимге көз каранды эмес башкаруучулардай сезишкен. Жунус Кашкарда Эсен-Букадан жеңилип калып, мени кыргыздар колдойт деген үмүт менен Тянь-Шанга барганда, ошол кездегилердин күбө-эскерүүлөрүнө караганда, алар анын жанына жолобой качышкан.

Калмактардын жортуулу

XV-к. 70-жылдарынын башында Моголистандагы өз-ара чыр-чатак убактылуу басылат. Ал өзүнүн ордосун Жунгарияга жайгаштырган ойрот-монголдордун (калмактардын) үч жүз миң адамдан турган кошуунунун Орто Азияга жана Казакстанга жасаган жортуулуна байланыштуу эле. Убактылуу биригишкен Могол фео-

далдары Жунусту башчы кылып шайлашат. Ал калмак князы Амасанчы-Тайша баш болгон ойрот аскерлерине каршы согушмакчы болот. Иле дарыясынын жээгиндеги кандуу кармашуу Могол аскерлеринин кыйрашы менен бүтөт. Жунус башчылык кылган аскерлердин калгандары адегенде Сыр-Дарыянын жээктерине, андан соң Фергана өрөөнүнө көчө качышат. Бул көчүш бир караганда артыкбаш, жаңылыш иш болгон сыяктуу, анткени согуш аяктагандан көп узабай эле ойрот-монголдор өз жерлерине кайтып кетишкен. Жунус Фергана өрөөнүнө көчкөндө өзү менен кошо негизинен Могол урууларын ээрчите кеткендиги - кызык маалымат.

Кыргыздардын Тянь-Шанда күч алышы

Калмактар Иле дарыясынын нары жагына, Жунусхан Ферганага, азыркы Кыргызстандын аймагына кетишинен кийин XY-к. 80-жылдарында чордону кыргыздардан турган жаңы уруулар бирикмеси түзүлөт. Кыргыз урууларынын башчылары ал жаңы түзүлүп жаткан мамлекетке саясий дем берүү максатында хан тактыга Жунустун экинчи уулу Ахмедди чакырышат. Анын өзүнчө себеби бар эле. Чынгыз тукумдарынын династиясынан чыккан адамды хан көтөрүү ошо кезде Орто-Азияда саясий турмуштун маанилүү шарты болуп эсептелген жана андай хан менен Тимур да эсептеше турган.

Ошентип, XY жүз жылдыктын 80-жылдарында Моголистандын территориясында саясий эки бирикме түзүлгөн. Алардын бири моголдордун башында Жунус-хан турган негизги улусу, ал Тянь-Шандагы Ат-Башыдан Чыгыш Памирге жана Куэн-Лундан Лобнорго чейинки Чыгыш Түркстанды ээлеген. Экинчиси - Түндүк Кыргызстандагы мурдагы Камар-ад-диндин улусу, ал жерде негизинен кыргыз уруулары жашаган. Айтмакчы, Ахмед хандын уулу жана мурасчысы Султан-Халил-Султанды ошол кездин тарыхчылары "кыргыздардын беделдүү падышасы" деп аташкан.

Ахмеддин кыргыз урууларынын башчыларына таянып иш жүргүзүшү, аларга маанилүү кызмат орундарын бериши ошол кезде Кыргызстанда калган моголдук ак сөөктөрдүн каршылыгын туудурган. Нааразы болгон феодалдар чогулуп өлтүрмөкчү болушуп

Ахмед-ханга кол салышкан. Бирок ал аман калган. Ошондон кийин Ахмед-хан өзүнүн душмандарын катуу жазалаган. Ошол учурдун бир тарыхчысы: " Эки жылдын ичинде алардын (хандын душмандарынын) бири да калбай таптакыр жок кылынган. Андан соң хандын иши оңолуп, ташы өөдө кулаган. Моголистанда ага эч ким каяша айтып, бетине чыга алган эмес ", - деп билдирген. Кыргыз уруу башчыларынын колдоосу менен Ахмед-хан Орто-Азиядагы өзү бийлик кылган жерлердин саясий кадыр-баркын бир кыйла бекемдеген. Ал калмактардын, казактардын кол салууларынын мизин кайтарып, Кашкарда чабуулчул согуштарды жүргүзүп, Орто-Азияны башкарып турган өзбек ханы Мухаммед Шейбанинин басып алууга ниеттенген аракеттерине катуу каршылык көрсөткөн. Ахмед хандын ийгилиги көп жагынан XY-к. акырында жана XYI-к. башталышында Орто Азия элдеринин турмушунда кыргыздардын саясий ролунун өсүшү менен шартталган.

Бириндеген кыргыз урууларынын топтолуп, сапат жагынан жаңы тарыхый жалпылык-кыргыз эли болуп калыптанышы аяктай турган учур жакындап келаткан болуучу.

МУХАММЕД ХАЙДАРДЫН ЭМГЕГИНДЕ МОГОЛИСТАНДЫН СҮРӨТТӨЛҮШҮ

Мухаммед Хайдар (1500-1551-жылдар)- дуулат уруусунун мыкты ак сөөктөрүнүн тукуму. Бабурдун аталаш тууганы болгон. "Тарих-и Рашиди" деген ат менен Моголистандын тарыхын жазган.

"Азыр Моголистан деп аталган аймактын, узуну жана туурасы 7-8 айлык жол. Моголистандын чыгыш чет жакалары калмактардын жерлери менен танапташ жана Барскөлдү, Эмил жана Иртыш дарыяларын кучагына алат. Анын түндүгү Көкчө-Теңиз (Балкаш), Бум жана Каратал боюнча чектелет. Моголистан батыш тарабынан Түркстан, Ташкен менен, түштүгү Фергана вилайети, Кашкар, Ак-Суу, Чалыш жана Турпан менен чектешет. Моголистанда чоңдугу жагынан Жейхунга (Аму-Дарыяга) барабар Иле, Эмиль, Иртыш Чүйлүк (Чуй) жана Нарынга окшогон көп ири дарыялар бар. Ал дарыялар Сейхундан (Сыр-Дарыядан) деле кем калышпайт".

ЗАМАНДАШЫ ТЕМИРДИН ТЯНЬ-ШАНДА МОГОЛДОР МЕНЕН СОГУШУ ЖӨНҮНДӨ

Темир сарайындагы тарыхчылар өздөрүнүн эмгектеринде кожоюндун ким жана кандай адам экени, анын иштеген иштери жөнүндө аябай макташкан. Тарыхчы Муин-ад-дин Натанзи да "Искендер деген кимдин ысмы" деген чыгармасында апыртып жибергенден куру эмес.

"Өзгөндүн алдында ордунан жылбай үч күн тургандан кийин Камар ад-Дин кайра артка тартты. Ал Ат-Башы жана Арпа-Йазыдан өтө электе эле артынан Тимур жетип келди. Бахадурлары (аскерлери) талоончулук кылганы, олжо жыйганы туш-тушка таркап кетишип, улуу урматтуунун жанында 300дөн ашпаган адам калган болуучу. Күтүлбөгөн жерден Камар Ад-Дин төрт миң адамдан турган кошуун менен буктурмадан чыга калат. Тимур өзүнүн жанындагы анча-мынча жоокерлери менен чабуул коюп, тигинин таш-талканын чыгарып таштайт".

СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

I. Моголистан мамлекети качан түзүлгөн? Анын курамына кайсы аймактар кирген?

2. Силер Темирдин керт башын жана анын баскынчыл согуштарын кандайча баалайсыңар?

3. Темир менен болгон күрөштөргө айрым кыргыз уруулары кандайча катышышты?

4. Тянь-Шанда кыргыздардын күч алышына кандай себептер болду?

Бул жылдарды эстеп калгыла.

1354-ж. - Ислам дини Моголистандын официалдуу дини болуп калды.

1389-ж.- Темирдин Тянь-Шанга жасаган эң кандуу жортуулу.

1425-ж. - Улугбектин Моголистанга жасаган жортуулу..

Темирдин мисалы аркылуу дүйнөлүк тарыхтагы зулумдун жалпылаштырылган элесинин мүнөздүү белгилерин илгеп чыгаргыла. Залимдер жөнүндө дагы башка мисалдарды келтиргиле.

13. КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ТҮЗҮЛҮШ ПРОЦЕССИНИН АЯКТАШЫ

Этнос

Кыргыз элинин калыптануу процесси эң эле татаал жана эки миң жылга жакын убакка созулган. Бул өтө татаал, чаташ маселени бир мааниде чечүүгө эч мүмкүн эмес, ошондуктан окумуштуулар эки жүз жылдан ашуун убакыттан бери ар түрлүү илимий божомолдор менен баш катырып келе жатышат. Чыгышты үйрөнүү боюнча советтик эң чоң окумуштуу Л.Н.Гумилев: "Бир ата-бабадан чыккан этнос жок, болгон эмес жана болуугa мүмкүн да эмес. Бардык адамдардын атасы менен энеси болгондой эле бардык этностун эки же андан көп ата-бабасы болот" деп бекеринен айтпаган.

Ошентип этнос деген эмне? Этнос деген өзүнүн тарыхый өнүп-өсүшүндө урук, уруу, эл, улут сыяктуу категориялар аркылуу көрсөтүлгөн адамдардын жалпылыгынын бир түрү.

Кыргыз тилинде алардын бардыгы "эл" (уруу союзу, урук, уруу, эл) деген бир гана түшүнүк берет. Мына ушундан улам бир түшүнүк (мисалы, эл) экинчи бир түшүнүккө (урук, уруу) өтүп кетет да көп учурларда басылып, жарык көргөн материалдарда чаташуулар келип чыгат. Натыйжада авторлор ар башка түшүнүктөр жөнүндө сөз кылышат, бирок алар бир категория, термин аркылуу айтылып, маселени ого бетер чаташтырып салышат. Кыргыз деген этнонимдин өзү адегенде урукту, урууну, андан соң кыргыздардын уруу союзун, Эне-Сай кыргыздарынын мамлекетин билдирип, алардан кийин гана жогорудагылардан бир катар кенен түшүнүктөгү

- кыргыз эли деген белгилүү бир территорияда жашаган, экономикасы, тили, маданияты бир тарыхый жалпылык түзүлгөн. Ошону менен бирге кыргыз этносу башка элдерди өзүнө сиңирип, ассимиляциялап отуруп, өзүнүн генефондун жана менталитетин иштеп чыккан. Окуялардын өткөн убакыттарына жараша алганда (хронологиялык жактан) бул б.з.ч. биринчи миңинчи жылдан биздин замандын экинчи миң жылдыгынын ортосуна чейин созулган да Монголия менен Эне-Сайдан Тянь-Шань жана Памирге чейинки аралыктарды ээлеген.

Кыргыз элинин түзүлүшү кандай жолдорду басып өткөн? Эми ушул маселени чечүүгө аракеттенели.

Башаты

Жогоруда айтылып келе жаткандай "кыргыз" этнониминин аты азыркы түрк элдеринин аттарынын эң байыркысы болуп эсептелет. Ал биринчи жолу б.з.ч. 201-жылдагы окуяларга байланыштуу эскерилген. Ал кезде кыргыздар Борбордук Азияда жашаган. Кийинчерээк Эне-Сай дарыясына көчүп келишкен. Буга динлиндер да, Эне-Сай кыргыздары да территориясынын жалпылыгы, ошондой эле буюм жасоо, өндүрүү ыкмалары боюнча биргелешип алышканын кошуп айтууга болот. Динлиндер темир буюмдарды жасоону мыкты өздөштүрүшкөн. Эне-Сайлык кыргыздар болсо согуш куралдарын жасоо жагынан, темирден ар түрлүү буюмдарды жасоо жагынан тез эле кеңири маалым болгон. Аралашып кетүүнүн натыйжасында Эне-Сайда жашаган кезде кыргыздар сары чач, көк көз европалыктарга окшоп кетишкен, бирок түрк тилинде сүйлөшүп, түрк тилинде жазышкан. Кыргыздардын сырткы кебетеси көп өлкөлөрдү аралап, көп эл көрүп келишкен Орто кылымдардагы мусулман соодагерлерин дайыма чаташтырып турган. XI к. фарсы тарыхчысы Гардизи өзүнүн чыгармасында "кыргыздар славяндардан чыккан" деген сыяктуу уламышты пайдаланган. Ал: "славян тегинен чыккан элдин белгилери кыргыздардын сырткы кебетесинен да көрүнөт. Алардын да чачтары кызыл, териси ак", - деп жазган.

Азыркы кыргыздардын славяндарга эч окшобой турганын биз жакшы билебиз. Кыргыз монгол түспөлдөш эл. Өңү-түсү жагынан мындай тез өзгөрүшкө качан жана кандай абалда дуушар болду?

Азыркы кыргыздардын Эне-Сай кыргыздары менен кандайдыр бир жалпылыгы барбы? Бул суроо боюнча тарыхчылардын бир канча муундары баш оорутушкан. Ал эми элдик уламыштар бул жөнүндө эмнелерди айтат?

Уламыштар

Көп элдер өзүнүн кайдан келип чыккандыгы жөнүндө сөз кылганда табигаттын ченинен тышкаркы адам айран таң калчу ишенимдерди айтышат. Эгерде тарыхчылар турмуштук далилдерди, даталарды издеп убара болуп жүрүшсө, эл уламыштарды жаратышат. Мисалы, байыркы түрктөр өздөрүн бир жаш жигит менен канчык карышкырдан дешсе, уйгурлар хандын кызы менен карышкырдан тараган экэнбиз деп келишет. Генеалогиялык уламыштардын бири боюнча кыргыздар душмандар менен болгон салгылашууларда кандайдыр себептер менен тирүү калган кырк кыздан жана аларды эч адам жашабаган дарыянын жээгинде күзөтүп турган сары иттен таркайт. Дагы бир уламыш боюнча, ошол эле кырк кыз Фергана тоолорунда отуз уулду кездештиришет. Кыргыз эли мына ошол кырк кыз менен отуз уулдан тараган.

Байырки түрк уламышында: "Кыргыз канчык карышкырдын тукумдарынын Абакан дарыясы менен "Эне-Сай дарыясынын ортосундагы жерлерди ээлеген биринин аты. Эл ошол жигиттен таркаган жана ошол жигиттин ысман алган" деп айтылат.

Кыргыздардын составына кирген ири урук, уруу бирикмелери өздөрүнүн уламыштарын ойлоп чыгарышкан. Мисалы, кыргыздардын бугу уруусу жакшынакай Бугу-Энеден таркаган. Багыштар, кара багыштар, сарыбагыштар калың токой кожоюну багыштан таркаган. Уламыштардын ар кандай түрлөрү бар. Алардын көпчүлүгү адамдардын аң-сезиминде тотемизм, же болбосо анын калдыктары үстөмдүк кылып турган байыркы мезгилдерде жаралган.

Кыргыздардын генеалогиялык уламыштарынын бири - санжыра уруктардын жана уруулардын чыгышы жөнүндө сөз кылат, алардын бири-бирине каршы келген жерлери көп, ошондой эле элдин чыгышы жөнүндөгү маселени чече албайт.

Окумуштуулардын негизги илимий божомолдору

Окумуштуулар XVIII к. бери эле кыргыздардын чыгышы жана алардын Тянь-Шанда жайгашкандыгы жөнүндө көп эле пикирлерди айтып келе жатышат. Алардын ичинде кайсы бирөөлөр Эне-Сай кыргыздары Тянь-Шанга көчүп келишкен деген пикирди бекем жакташат. Башкалары болсо бул пикирди жокко чыгарышып, азыркы кыргыздар дайыма, жок дегенде усундардын убагынан бери Тянь-Шанда жашашкан, байыркы усундар кыргыздардын өзү дешет. Ал турсун түндүк кыргыз жана түштүк казак урууларында уйсун деген уруктар бар. Дагы кайсы бир окумуштуулар: "бул жерлерде башкалардан эң эле мурда эле келген сактар кыргыздын саяк деген уруу бирикмесинин атында да сакталып калган", - деп далилдешет. Окумуштуулар үчүн бул албетте эптеп эле бирдемкени айта берсе болот экен го дегенге жакын ой туудурат, бирок ошондой болушу да мүмкүндүр? Бардык эле божомол, ал кандай апыртылып, кошулуп айтылган күндө да, анын жараксыздыгы далилденгенге чейин жашай берүүгө укугу бар. Ал эми андай далилдер азырынча жок. Ал эми эгерде кытай жылнаамаларына ишенсек сактар да, усундар да Кыргызстандын аймагында жашашкан. Сактар европалыктарга түспөлдөш келип көздөрү көк, териси ак, усундардын болсо сакалдары сары болуптур. Ал эми Тянь-Шань тоолорунда бүгүнкү күндөргө чейин чачтары сары, көздөрү көк кыргыздар кездешет... Окумуштуулардын үчүнчү бир тобу азыркы кыргыз элин Борбордук Азиядан келгендер менен Тянь-Шандын байыркы жергиликтүү урууларынын аралашуусунун негизинде келип чыккан деп эсептешет.

Кыргыз элинин түзүлүшү жөнүндөгү маселе бүгүнкү күндө да биротоло чечиле элек. Окумуштуулар издеп, изилдеп, талашып-тартышып жүрүшөт, а талаштан чындык жаралат эмеспи.

"Манас" эпосундагы маалыматтар

"Манас" эпосунда кыргыз элинин кайдан чыккандыгы жөнүндө тарыхый маалыматтар өтө аз. Алар төмөнкүлөр: Манастын атасы Жакып эзелик кылып турган жер Алтайда болгон, баатыр өзү да Алтайда төрөлгөн. Балалык күндөрүн, жаш чагын ошо

Алтайда өткөргөн. Эр жеткенде Манас өз эли менен көчүп келип Ала-Тоону эзелеген да, өзүнүн ордосун Талас суусунун жээгине жайлаштырган. Ошентип, кыргыз эли Тянь-Шанга алыскы Эне-Сай жээктеринен эмес, өзүнүн азыркы мекенине жакын жайлашкан Алтайдан көчүп келгенин эсинде сактап калган. "Манас" эпосунда Эне-Сай дарыясы эч жерде айтылбаса да Эне-Сайдагы кыргыз мамлекети жөнүндө кабарлар элдин эсинде элес-булас сакталган. Эпостун көп окуяларынын биринде жаш баатыр атасы Жакыптан өздөрүнүн каяктан чыккандыгы жөнүндө сурайт. Бирок Жакып ачык айтып бере албайт. Анча болду эпостун өзүн баяктап көрөлү:

-Сенин түбүң кимден болчу деп,
Түрмөгүн айтып койчу ден,
Тегим кимден болчу деп,
Терип айтып койчу деп
Тегин бала (Манас) суранды.
Телмирип Жакып турады
Түбүн бала сурады,
Түнөрүп Жакып турады.
- Оо балам, уругуң кыргыз - түрк деп,
Өкүмөт кылган бабабыз,
Кытайдын журтун сүрүп деп.
Айрылганбыз эл-журттан,
Ар кайсыбыз ар жерде,
Аким болуп жүрүп деп.

Чоң атаң аты Ногой деп,
Каратып турду Кашкарды,
Кара шаарга жеткенче,
Хан атаң Ногой башкарды.
Санатын алган Сары-Колду
Ага санаган душман сан болду.
Ордо кылган Ополду,
Даң-дуң тоонун оюна,

Далай журтун көтөрдү,
Соонар көлдү бойлогон,
Балам, бабаң Ногой тушунда
Согушкандар сойлогон.
Лоп жакасын жердеген,
Ойротко намыс бербеген, -

Кыргыздардын эзелки ата-мекени жөнүндө эчосто ачык баян жок, бирок Манастын туулган жери Алтайда экени, Манас аралашкан көп окуялар да ошол Алтайда (Эне-Сай эскерилбейт) өткөнү айкын. Ал эми кошууну менен мурда душмандар тартып алган ата-баба жерине, тактап айтканда Тянь-Шанга кайтып келгени айдан ачык. Эпос боюнча мына ушундай.

Бирок, адам баласынын эсинде калгандар өзүнчө мыйзам менен жашаары белгилүү, ошондуктан аларды документтерге негиздеп бекемдеш керек. Мындай учурда болгон бардык материалдардын жардамы менен чындыкты табуу үчүн булактарды пайдаланбаса болбойт.

Ал эми булактар эмне дейт?

Кыргыздардын тарыхында Манастын атасынын сөзү менен айтканда: "Ар кайсыбыз (кыргыздар) ар жерде Аким болуп жүрүпбүз" мезгил болгондугу белгилүү. Ал IX-X кылымдардагы улуу держава мезгили. Андан соң Кыргыз мамлекети бир катар феодалдык эзликтерге бөлүнүп кетип, өзүнүн мурдагы кубаттуу абалынан ажырап калган.

Кыргыздар Алтайда

Андай эзликтердин бири Алтайда түзүлгөн. Ал жөнүндө орто кылымдагы тарыхчылар жана географтар аз жазышкан. Бирок X кылымдагы автору белгисиз араб чыгармаларынын биринде - "Худуд ал-Аламда" (" Дүйнө чек арасы") ал кездеги Алтай калкы төмөндөгүдөй сүрөттөлөт: "Кыштым башка элдин аты, ал да кыргыздардан тараган, алар тоо этектеринде чатырларда жашашат, тери, жыпар, хуту (мамонттордун жердин астынан казып табылган азуу тиштери - авт.)

ж.б. жыйнашат. Булар кыргыз элдеринин бири, тили карлуктарга жакын, кийген кийимдери кимактарды эске салат". Ошентип тарыхчы Алтайда түрк элдеринин, асыресе, кыргыздар менен Алтайдын жергиликтүү калкынын ар түрлүү маданиятынын аралашып кеткенин белгилейт. XII кылымда Алтайды жана Жунгарияны жердеген кыргыздар өлгөндөрүн байыркы Эне-Сайлык ырым-жырым менен көмүүдөн баш тартышат, өлгөн кишинин сөөгүн өрттөгөндү токтотушат да, кошуна мусулман калктарындай, сөөктү жерге коюу тартибине өтүшөт.

XIII кылымда Алтайда жана Жунгарияда кыргыз княздыгы түзүлүп, анын калкынын бир бөлүгүн моңголдор зордоп өз жеринен көчүрүп жиберген.

IX-X кылымдарда эле Алтайда жана Жунгарияда калган Эне-Сай кыргыздарында этникалык чоң өзгөрүүлөр болот. Түрк тилинде сүйлөгөн жергиликтүү калктын басымдуу таасири тийип, алар өздөрүнүн европалыктарга түспөлдөш сырткы көрүнүштөрүн жоготуп, башка түрк элдерине окшоп калышат. Тили жана өлгөн адамдарынын сөөгүн койгон учурдагы ырым-жырымдары өзгөрөт. Алтайдагы кыргыздар акырындап олтуруп өздөрүнүн Эне-Сайлык ата-бабаларынын маданий жетишкендеринен, алардын ичинде жазуусунан ажырайт.

Эне-Сайлык кыргыздардын тарыхый тагдыры алтайлык кыргыздарга окшобой калат. Алардын кайсы бир бөлүгү акырындык менен башка түрк урууларынын составына сиңип кетип, башкалары азыркы кыргыз элинин негизин түзүшөт.

"Кыргыз" деген терминдин мааниси

"Азыркы кезде кытайлык ар кандай жылнаамаларда кездешкен гэньгунь, гяньгунь, кигу, цигу, гегу, гегус, хягас этнонимдери кыргыз деген этнонимдин ар кандай мезгилдеги варианттары экендиги далилденди. Элдин өзү өзүнө койгон атты билгизип, аз айырмаланганы менен үндөштүк фонетикалык варианттарда ал байыркы түрк ("кыргыз" VIII к.), грек ("херхис", "чергир" VII к.), араб-перси ("кергис", "хиргис", "хырхыр" ж.б. IX-XII кылымдарда)

булактарынан кездешет. "Кыргыз" этнониминин чыгышы жөнүндөгү байыркы уламыштар сакталган эмес. Орто кылымдардагы уламыштар элдин атын ойдон чыгарылган (мифтик) кырк кыз (кырк+кыз) түшүнүгү менен байланыштырат. Окумуштуулар болсо мындай "элдик түшүнүктөрдү четке кагышып, а өздөрү али белгилүү бир пикирге келише элек.Алардын кайсы бирөөлөрү элдин аты "кырк" деген сан атоочтон + "ыз" деген көптүк санды билдирген уландысынан, б.а. "кырктар, кырк уруудан турган эл" деген түшүнүктөн келип чыгат дешет. А кайсы бир окумуштуулар кыргыз деген ат байыркы түрктөрдүн тилиндеги сын атооч "кырыг" (кызыл) + "ыз" - "сары, өңү сары эл" деген түшүнүктөн чыгат деп жүрүшөт. Булардан башка да түшүндүрмөлөр бар, бирок алардын бир да бирөө азыркы күндөрдө жалпы кабыл алына элек.

"Кыргыздар" деген терминдин орто кылымдардагы көчмөндөр арасында (Эне-Сайдан Уралга чейин) кеңири тарагандыгына караганда мындай деген божомолго келүүгө болот: "кыргыз" деген термин "түрктөр" деген терминге окшош эле адепки учурларда "кайраттуу, күжүрмөн адамдар" деген түшүнүктү бергендей даңазалуу болгон. Ошондуктан бир кыйла көчмөн уруктар аны өздөрүнүн аты катары кабыл алышкан.

Кыргыздардын Тянь-Шанда жашаган жергиликтүү урууларды баш коштурушу

Алтайдагы жана Жунгариядагы кыргыздар Моголистан мамлекетинин составына киришкен. Ошол кездеги бир тарыхчы: "Кыргыздар да могол урууларынан болот" деп жазган.

Кыргыздар XV к. Иртыштын ары жагынан азыркы Түндүк Кыргызстандын аймагына көчүп келишип, ал жерге биротоло жайгашып калышкан. Кыргыз урууларынын бирикмеси бостон, тейит, жоо-кесек, дөөлөс, кыдырша, канды урууларынан турган. Булгачи деген чоң могол улусу кирген. Ал кезде Булгачы улусу Иртыш менен

Иле дарыяларынын ортосун ээлеген. Кийинчерээк кыргыздар Ферганага көчүп келишет да ичкилик кыргыздар деген ат алып калышкан. Кыргыздарга баарин, дуулат,кушчу, баргы, моңгол, моңголдор, нойгут, меркит жана башка уруулардан турган тянь-шандык моголдор кошулушкан. XIX кылымда алардын көпчүлүгү Түндүк Кыргызстанда чогуу жашашкан. Кыргыз урууларынын бирикмесине VI-XII кылымдарда, б.а. Чыңгыз хан басып алганга чейин, Тянь-Шанда жашаган бичине (печенег), жедигер (ийгидер), оргу, сокулук, кыпчак, азык, кытай, черик ж.б. түрк уруулары да киришкен.

Байыркы түрк жана могол уруулары бир эле мезгилде кыргыз элинин курамына гана эмес, ошол учурда түзүлүп жаткан өзбек жана казак элдеринин составына да кошулганын белгилей кетүү керек. Бул Орто Азияда жашаган негизги үч түрк элдеринин жакын бир туугандыгын шарттаган.

Тянь-Шанда кыргыз элинин калыптанып бүтүшү

Тянь-Шандагы могол жана байыркы түрк уруулары кыргыздарга тууган болушкан. Алар узак мезгилге чейин Моголистан мамлекетинин курамында бирге болушкан. Жалпы экономикалык, саясий жана маданий факторлордун таасири астында алар чордонун кыргыздар түзгөн бир эл катары баш кошуп алышкан.

Жаңы эл болуп түзүлүүнүн эң маанилүү учуру болуп бардык уруулардын эки "канатка" биригиши эсептелет. Ал болсо мурдатан, гунндардан бери эле, түрк аттуу көчмөндөрдүн баарысы салт боюнча биримдешкен кезден башталган. "Оң канатка" сарыбагыш, саяк, солто, кытай, кушчу, саруу, моңолдор, авat, мундуз, басыз, черик өндүү ири уруулар кирип, Түндүк Кыргызстандын аймагын ээлеп турушкан. "Сол канатка" - адыгине, кыпчак, каратегин, багыш, бөрү, найман, жору, дөөлөс уруулары кирген. Эки бирикмеге тең кыргыз жана могол уруулары бирдей укукта кошулушкан. Эки канатка бириккен бардык уруулар "кыргыз" деген жалпы этноним менен аталышкан. Бул маанилүү тарыхый окуя XV к. акырына XVI к. башына туура келет. Мына ошол мезгилден тартып, азыркы

кыргыз эли Тянь-Шанда урук менен уруудан жогору турган жана көптөгөн өтө байыркы урук-уруу түзүлүштөрдү өзүнө камтыган тарыхый жалпылык катары түзүлдү деп айта алабыз.

Ар кандай көп урук,уруулардын бир эл болуп баш,кошуп кетишине идеологиялык жагдайлар маанилүү кызмат өтөгөн. Бул баарыдан мурда кыргыздардын Тянь-Шанда исламды кабыл алышына таандык. Ар кандай уруулардын бир эл болуп баш кошуп кетишинде ислам зор мааниге ээ болгон. Мындан тышкары ислам кыргыздарга Орто Азиядагы элдердин мусулман үй-бүлөсүнө кирүүгө жана алардын жогорку маданиятына аралашууга мүмкүнчүлүк түзүп берген. Ошол мезгилден баштап кыргыздар мурда ажырап калган маданий байлыгынын ордун толтуруп, араб арибинин негизинде жаңы жазмага ээ болду. Тянь-Шанда биротоло түзүлгөн жалпы кыргыз эпосу "Манас" экинчи маанилүү бириктирүүчү идеологиялык фактор болду. Тышкы коркунучтарга каршы туруу максатында кыргыздарды бириктирүү идеясы эпостун негизин түзгөндүктөн ал идея баардык уруулардын жүрөгүнө жакын жана аларга түшүнүктүү болуп, кыргыз элинин түзүлүшүндө прогрессивдүү роль ойноду.

Экономикалык, саясий, этникалык жана маданий факторлордун өз ара тыгыз байланышынын натыйжасында Тянь-Шанда жаңы этникалык түзүлүш - кыргыз эли пайда болду. Анын жашоо жөндөмдүүлүгү кийинки тарыхында башына түшкөн оор кыйынчылыктарда, кээде кайгылуу бүткөн кармашууларда сыналды.

Жыйынтык

Ошентип, кыргыз элинин чыгышы жөнүндөгү маалыматтар илимдин бүгүнкү деңгээли менен алып караганда төмөндөгүдөй жыйынтыкталат:

- кыргыз этносунун түзүлүп калыптанышы эки миң жылдан ашуун мезгилгилге созулуп, Борбордук Азиянын аймагы менен байланыштуу;

- биздин замандын I-миң жылдыгынын биринчи жарымында Эне-Сайда (Минусин ойдуңу- "миң суу" өрөөнү) жергиликтүү (динлиндер) жана башка жактан келген (кыргыздар) уруулардын

аралашуусунун натыйжасында этникалык жаңы биримдик - эне-сайлык кыргыздар түзүлөт;

- "Улуу держава " заманында (IX-X кылымдар) эне-сайлык кыргыздар чыгыштан батышка-Байкалдан Иртышка, түндүктөн түштүккө - тайга зонасынан чыгыш Түркстанга чейинки аймактарда жайгашкан. Жергиликтүү калктын кыргыздар менен аралашып, сиңишип кетишинин натыйжасында бир катар (археологиялык маалыматтар боюнча алты) жаңы субэтностор (этностун ичинде майда этностор) түзүлгөн. "Кыргыз" деген терминдин мааниси өзгөрүп, ал этноним гана болбостон, этнополитоним катары да эсептелген, б.а. теги жагынан кыргыздардан тарабаган, бирок саясий жактан Эне-Сай кыргыздарына көз карандылыкта жүрүшкөн уруулар да өздөрүн кыргызбыз деп атап калышкан:

- андай кыргыз субэтносторунун бири IX-X кылымдарда Алтай менен Жунгарияда түзүлгөн. Бул жердеги эне-сайлык кыргыздар кимак-кыпчак биримдигине киришкен саны жагынан өздөрүнөн кыйла арбын жергиликтүү калктар менен узакка чейин өз ара байланышта жашоонун натыйжасында этникалык жаңы касиетке (тили менен кошо) ээ болушуп, бирок "кыргыз" деген этнонимди жоготпой сактап калышкан;

- XV к. Моголистан мамлекетине кирген алтайлык кыргыздар Тянь-Шанды жана Тянь-Шанга жамаатташ жерлерди ээлешкен. Алар жергиликтүү түрк-монгол урууларын өздөрүнө сиңирип (ассимиляциялап) алышып, этникалык жаңы түзүлүштүн - Тянь-Шандагы кыргыз элинин негизги чордону болуп калышкан. Кыргыз элинин калыптанышынын акыркы этабы болуп XVI к. башында ичкилик тобу кошулган оң жана сол канаттардын биригишкен этно-саясий уюмунун түзүлүшү эсептелет.

"Кыргыз ССРинин тарыхынын" акыркы академиялык басылып чыгарылышында (I-т., 441-б.) жыйынтыкталгандай, "кыргыз эли Борбордук Азиялык жана Түштүк Сибирдик уруулар тарабынан ассимиляцияланган жергиликтүү уруулардын жана уруу бирикмелеринин негизинде түзүлгөн. Кыргызстандын алгачкы этникалык тарыхы сактардын, усундардын, гунндардын эң байыркы уруу союздары менен байланыштуу. Түрк каганаттарынын жана алардан

кийинки көчмөн бирикмелеринин доорунда кыргыз элинин курамына киришкен уруулар Тянь-Шандын жана Саян-Алтайдын түрк тилдүү калкынын чөйрөсүндө түзүлгөн. IX к. кыргыз деген атты алып жүрүшкөн Түндүк Алтай жана Иртыш дарыясынын бөюндагы уруулардын бир бөлүгү монгол жортуулунан кийин Тянь-Шанга оор келишип, жергиликтүү калкка кошулуп кетишкен. Бул процесс XVI к. жакын чейин кыргыз элинин түзүлүшү менен аяктаган".

Элдин этногенезинин өтө татаал маселеси жөнүндөгү азыркы илимий пикир мына ушундай, бирок муну да так кесе айтылган жыйынтык деп кароого болбойт. Али иштеле элек, изилдене элек көп мселелер бар. Ошондуктан тарыхый изилдөөлөрдүн узак мөөнөттүү программасы кыргыз элинин келип чыгышы боюнча бир катар комплекстүү иштерди жүргүзүүнү талап кылат. Азыр Кыргызстанда гана эмес, Алтайга, Эне-Сайга, ошондой эле Кытай Эл республикасынын Синьцзян-Уйгур автономиялуу округуна (Чыгыш Түркстандын аймагында) жана Монгол эл республикасына экспедицияларга чыгуу белгиленүүдө. Ал экспедицияларга археологдор, антропологдор, этнографтар, фольклористтер жана лингвисттер катышат. Анда байыркы жана орто кылымдардагы кыргыздардын тарыхы боюнча жаңы жазма булактарды таап, аныкташмакчы. Кийинки илимий сессия келечектеги изилдөөлөрүбүздүн натыйжасын жана кыргыз элинин этногенезине байланышкан биздин билимдерибизди жыйынтыктап, өзүнүн орчундуу сөзүн айтаарына ишенебиз. Бирок, таанып-билүү процесси чексиз болгондуктан, ал да эң акыркы чекит эмес.

Тянь-Шандагы мелдеш

Атактуу орус окумуштуусу П.П.Семенов (Тян -Шанский) өзүнүн Кыргызстандагы саякаты мезгилинде бугу уруусунун башкы манабы Боромбайдын туугану Болдысандын айылына келет. Петр Петрович Болдысан жөнүндө жөнүндө көп укkан: ал кыргыздардын өзүнүн пикири боюнча таң калаарлык манап болуп, барымтага чыкпаган жана уруулар аралык жаңжалдардын бирине да катышпаган. Анын үстүнө тынчымды албасын деп өз айылы менен бийик тоолордун арасына көчүп кеткен.

Болдысан элдик ырчы-жамакчыларды угууну дүйнөдө баардыгынын артык көрчү. Өзү да атактуу ырчы жана комузчу катары белгилүү болгон.

Болдысан орус коногунун келишинин урматына шарт боюнча той өткөрүп, анда белгилүү комузчулар мелдешишкен. Андан кийин билерман санжырачылар санжыра айтышкан : алар кыргыз уруулларынын тегин жетинчи, ал гана эмес тогузунчу муундарга чейин саймедиреште. Баш байге-боз үйдүн сыртында маарап турган семиз кой, жеңүүчүгө тиймек. П.П. Семенов кунт коюп угуп жатты жана котормочу Бардашевге кайта-кайта күбүрөй берди: - Эстеп калуу керек, эстеп калуу керек...

Аягына жакын Болдысан өзү да эргий, колундагы комуздун коштоосу менен коногунун түп таржымалын баяндай баштады. Ал боюнча, улуу мырза Семеновдун түпкү теги периштелерге барып такалды. "Санжыра" өтө шандуу болгондуктан боз үйдөгүлөрдүн баардыгы тизелерин чапкылай, каткырып жатышты. Котормочу Бардашев да көзүнөн жаш куюлганча каткырды. Петр Петрович да жылмая, кандайдыр бир өкүнүч менен Бардашевдин тынчын алып жатты:

- Которуңузчу, шайтан алгырдыкы десе!

- Бул жерде сиз таарынгыдай эч нерсе жок... Бирок, бул Болдысан укмуш шайыр киши турбайбы?... Шашылып которо баштайт.

Аны угуп, Петр Петрович боору катып күлүп жатып:

-Болдысандын ырынан кийин анын койгон байгеси Болдысандын өзүнө тиери шексиз... -дейт.

Баарысы күлүп, уу-дуу басылганда Болдысан колундагы комузду мейманга сунат.

-Магабы? - Семенов чочуп кетет. - Мен ырдаганды да, черткенди да билбейм.

-Анткениңиз жарабайт. - Бардашев шыбырай салат.- Пушкинден бирнемени айтып, комузду кыңгыратып коюңуз? Андан аркысын өзүм билем.

Петр Петрович бир нерселерди ойлой койду окшойт, көздөрү ойноп кетти:

-Болуптур эмесе! Ал кыргыз обонуна окшотуп ырдап жиберет:

- Мындан эки жарым миң жыл мурда ушу Тянь-Шанда сактар деген күрдөөлдүү эл жашаган. Алар баарыдан азаттыкты жакшы көрүшкөн, анан ошо азаттык үчүн күрөштө далай-далай күчтүү падышаларды жеңип алышкан".

"Андан кийин усундар деген башка эл келет. Эки эл аралашып сиңишип кетишет".

"Кайдадыр алыскы Эне-Сайда кыргыздар жашаган. Алар аз, а душманы көп болгон. Кыргыздар аябай кыйналышат. Ошондо Теңир-Көк асман "силер батыш тарапка жылгыла" деп кеңеш берет. Жол көрсөтүүчү Чолпон жылдыз аларды ээрчитип алып, жаңы ата-журт издеп жөнөшөт. Алар жүрүп олтуруп айтылуу Алтайга келишет. Мына ушул жерде улуу баатыр Манас төрөлөт. Бирок душмандар аларды жаңы жерде да тынч коюшпайт..." А Чолпон жылдыз болсо асмандан: "Силердин келечектеги ата-журтуңар али бул жерде эмес", - деп жымындайт. "Ошондо улуу Манас кырк уруу элди жыйнап алып, Чолпон жылдыз көрсөткөн түштүк-чыгыш тарапка баштап жөнөйт".

"Кичине элдин жолу узак жана укмуштай катаал болуп, бийик тоолорду ашууга, күрпүлдөгөн чоң дарыяларды кечүүгө, кыбыраган жан жок чөлдөрдөн өтүүгө туура келет. Анын үстүнө көптөгөн кас уруулардын көрсөткөн каршылыгын майтарып өтүш керек эле".

"Акыры жүрүп олтурушуп алар Тянь-Шанга келишет. Чолпон жылдыз тээ көктөн "Силердин ата-мекениңер ушундан баштап кылымдан кылымдарга ушул жерде болот " - деп жымындайт.

"Ошондо укмуштуудай бир иш болду: бул жерлердин ээлери жаңы келгендерди үйүнө урматтуу меймандары келгендей ардактап тосуп алышты. Арадан бир нече жүз жыл өткөндөн кийин Тянь-Шанда сактардын, усундардын кыргыздардын урпактарынан жаңы эл пайда болду. "Кыргыз" деген атты алар жоготушпай сактап калышты..."

-Мен кыргыз элинин сажырасын ырдадым,- деди Петр Петрович, бурулуп тилмечине карап: -Бир сөзүн калтырбай которуп бергин, чаташтырып жибербе...

Олтургандардын баарысы сөздү кунт коюп угушту. А тилмеч которуп бүткөндө ыраазылык билдирген кубанычтуу үндөр жаңырды.

Байгеге коюлган кой бир добуштан мейманга ыйгарылды.

Суроолор жана тапшырмалар

1. Кыргыз элинин түзүлүшүнүн этникалык башаттарын айтып бергиле.

2. Ал жөнүндө "Манас" эпосунда, элдик уламыштарда эмне айтылган?

3. Эне-сайлык жана Тянь-Шандык кыргыздардын салыштырма катнашын силер кандайча элестете аласыңар?

4. Элге мүнөздүү негизги белгилерди санап чыккыла. Ал уруу, урук дегенден эмнелери менен айырмаланат?

Бул даталарды унутпай эске тутуп калгыла.

Б.з.ч. 201-ж. - Борбордук Азиядагы кыргыздар жөнүндөгү биринчи маалымат.

IX-X к. - Эне-Сайдагы Улуу кыргыз державасы.

XIII к. - Алтайдагы жана Жунгариядагы Кыргыз княжествосу.

XV к. аыры - XVI к. башталышы. - Кыргыз элинин түзүлүш процесстеринин аякташы.

Дагы кандай эл мына ушундай жол менен түзүлгөндүгү жөнүндө ойлогула, дүйнөлүк тарыхтан мисал келтиргиле (м: булгарлар -болгарлар ж.б.у.с.).

16. КОКОН ХАНДЫГЫ МЕНЕН БОЛГОН КҮРӨШ

Кокон хандыгынын түзүлүшү

XVIII жүз жылдыктын башында Бухара эмирлигинен бөлүнүп, Фергана өрөөнүндө өзүнчө, көз каранды эмес эзлик түзүлөт. Кокондогу жаңы башкаруучу династияны негиздеген Миң уруусунан чыккан өзбек Шахрух-бий болгон. Аны 1709- жылы

чоң салтанат менен ак кийизге салышып падышалыкка көтөрүшкөн. Хандыктын калкы (адегенде ал бек ээлиги деп жупуну аталган) өзбек, тажик, кыпчак жана кыргыздардын көчмөн жана отурукташып дыйканчылык кылган уруулуларынан турган. Алар көп учурда өз ара тынч жашай алышпай, чар-чатактар, тигил же бул маселелер боюнча каршылашуулар кайталана берип, жаш мамлекеттин шайын кетирген. Бири-бири менен эрегишкен топтор керек болсо башкаруучуну да алмаштыра беришкен. Шахрух өлгөндөн кийин анын уулу Абд-ар-Рахимбайды тактыга отургузушат, кийин анын ордуна мураскор болор уулу Ирдананын бар экендигине карабастан бийликти адегенде Шахрухтун бир тууганына, андан соң бир тууганынын баласына ыйгарышат ж.б.у.с. Акыры жүрүп, өз кезегинде тактыдан куру калган Ирдана бий болуп жарыяланат. Ошол мезгилде мамлекет ирдене алган эмес, улам кайталанган ич-ара жана коңшулары менен болгон согуштар элди бүлүндүрүп, аябай кыйнаган. Кокон хандыгынын адепки башкаруучулары кыргыз феодалдары менен союздаш болууга ниеттенишип, алардын алдында жазакерленишип, алардын өз алдынчалыгына сугун артышкан эмес. Мисалы, түштүк кыргыздардын кушчу уруусунун башчысы Кубат бий (Кубат мырза) Оро-Төбөнүн башкаруучусуна каршы жортуулда Коконду бийлеген Ирдана бий менен тең даражадагы союздаш болуп жүргөн. Ал турсун ошо кездеги бухаралык маалыматтарда Кубат бий "Ирдананын таянычы" деп да айтылган. Бул кыргыз башчысынын колун апыртып көтөргөн сөз болуп жүрбөсүн?

Тарых күбөлөрүнө кайрылалы.

Кубат бий - кыргыздардын башчысы

Ар бир элде өз элин күрөшкө баштап чыга турган жана жеңишке жеткире турган жөндөмдүү, көрүнүктүү инсандардын боло тургандыгы белгилүү. Кыргыз тарыхында эл арасынан чыккан андай баатыр адамдар аз эмес. Алардын бири-Кубат бий. Кубат бий эмнегедир мурда тарыхта эскерилбей калганы өкүнүчтүү. Дагы бир өкүнө турган нерсе биз али, ушул убакка чейин ал кишинин туулган жана көз жумган күндөрүн , жылдарын ачык

билбейбиз. Бирок таржымалына тийиштүү негизги учурлар жетишээрлик түрдө маалым. Ал чоң феодал болгон, кушчу уруусун башкарган. Дайыма кыргыз урууларынын эркиндиги жана көз каранды болбостугу үчүн Жунгар, Кокон баскынчыларына дайыма катуу каршылык көрсөтүп турган. Аны таланттуу дипломат жана саясий ишмер деп айтууга болот. Ал кыргыз урууларынын өзүнчөлүгүн бекем сактап туруу максатында каршылашкан эки тараптын ортосундагы келишпестиктерди билгичтик менен пайдаланган. Кубат бий өзүнүн эр жүрөктүгү , душмандар менен болгон салгылашуулардагы билгичтиги, оор басырыктуулугу менен гана эмес, ак ниеттүүлүгү, боорукерлиги, ак көңүлдүүлүгү жана адилеттүүлүгү менен да уруулаштарынын арасында аябагандай кадыр-барктуу болгон.

Кокондук "Тарихи-и Рахим-хани" деген булакта ал "кыргыздардын падышасы" деп да айтылган. Кубат бий кытай императоруна жеке өзүмдүн атыман кайрылууга укуктуумун деп эсептеген. Бул анча аша чапкандык эмес эле. Кытайдын императору кыргыз урууларынын башчысынын ой-пикирин угууга аргасыз болгон, анткени Кубат бийдин Тянь-Шандын саясий турмушунда кандай ролду ойноого жөндөмдүү экендигин жакшы билген. Кубат бийдин Фергана, Тянь-Шань жана Чыгыш Түркстандагы баардык кыргыз урууларын бириктирүүгө багытталган чечкиндүү жана демилгелүү иштери борборлоштурулган кыргыз мамлекетин түзүүгө жасаган аракети болушу мүмкүн. Бирок муну далилдей турган даректүү күбөлөр сакталып калган эмес, ал эми жасаган аракети натыйжа бербегендиги белгилүү.

Түштүк Кыргызстанды басып алуу

Кыргыз урууларынын ич-ара чыр-чатактарынан пайдаланып Ирдана Ош менен Өзгөн шаарларын жана ошо кезге чейин кыргыздардын көзөмөлүндө турган алардын айланасындагы жерлерди басып алууну чечкен. Ушундай максат менен 1762-жылы кокондук аскерлер өзгөндүк кыргыздарга кол салат. Хожо бий башында турган ополчение Өзгөн шаарын сактап кала албай, артка чегинет. Андан соң

кокондуктар Ош шаарын басып алышат. Кыргыз аскерлери тоо тарапка сүрүлөт. 1764-жылы жазында Ирдана хан Хожентти басып алмачы болот. Хожо бий Кокон аскерлеринин чыгыш Ферганадан чыгып кетишинен пайдаланып, Ош шаарынан убактылуу ажырап калгандыгы үчүн өч алууга ниеттенет. Ал жетектеген кыргыз аскерлери Ош шаарына киришет. Чочулаган Ирдана Хоженттин башчысы Фазыл-бек менен шашылыш тынч келишим түзүүгө аргасыз болуп, өзүнүн негизги күчтөрүн Ош шаары тарапка багыштайт. Кыргыз отряддары кокондук аскерлерден катуу сокку жеп, Хожо бий туткунга түшөт.

Кокондун жаңы башкаруучусу Нарбото-бий (1770-1800-ж.) даража жана наам берүү, мыкты жайыттарды тартуулоо менен бир катар кадыр-барктуу кыпчак жана кыргыз феодалдарын өз жагына тартып алат.Аларды эркиндикти артык көрүп, Нарбото-бийдин берген "жемине" алданбагандарга каршы тукурган.

Айыгышкан катуу салгылашуулардан соң алайлык кыргыздар да багынып берүүгө аргасыз болушуп, кокондук аскерлер ал жерге жашылыш түрдө Кызыл-Коргон, Сопу-Коргон жана Таш-Коргон деген чептерди салышат. Чоң-Алайдын батыш тарабына Дароот-Коргон чеби курулат.

Кокондун кыргыздарды басып алуучулук жаңы саясатынын башталышы Нарбото-бийдин уулу, биринчи болуп хандык наам алган Алимдин (1800-1809-ж.) тушуна туура келди. Алим хан кыргыздарга каршы болуп көрбөгөндөй ырайымсыздыгы менен айырмаланган бир нече жортуулдарды жасаган. "Тарих-и Шахрохи" (Шахрухтун тарыхы") аттуу чыгармасында Молдо Нияз Мухаммед Алим-хан "таш менен топурактан башканын баарысын талкалап жок кылды"деп анын зулумдугун моюнга алууга аргасыз болгон.

1806-жылы май айында кокондуктар Оро-Дөбөнү басып алышат. 1809-жылы Алим хандын аскерлери Ташкен шаарын каратышып, ал Кокон хандыгынын курамына кирип, Таластын жана Жети-Суунун кыргыздары менен казактарына каршы басып алуучулук согуштарды жүргүзүү үчүн плацдарм болуп калган. Кетмен-Төбөнү басып алмакчы болгон бир нече аракеттер ойдунан чыккан эмес.

Кокондун жаңы башкаруучусу -Омор хан (1809-1822) өзүнүн бир тууганынын баскынчыл саясатын чечкиндүү улантат. Аны өзгөчө чөгөлөп, баш ийип бергиси келбеген кетмен-төбөлүк кыргыздарга каршы жортуулунун оңунан чыкпай калышы аябай ардантат. "Тарих-и Омар-хани" ("Омор-хандын тарыхы") деген эмгектин автору Каландар мырза: "Бир кезде Кетмен-Төбөлүктөргө каршы Нарбото да бир канча согуш экспедицияларын жиберген. Кандай болсо да, эмне кылышса да көптү билген билермандар, согуш мыкчыгерлери, айтор, мамлекеттин түркүгүн кармаган мыктылар эпке көнбөгөн козголоңчу элди канткенде тартипке салуу керек деген мааниде канча жолу акылдашпасын, канча жолу чогулушпасын ал тоолук аймакты багындыруунун акылы табылбады", - деп жазган. Маалыматтар күбө өтүп тургандай, XIX-к. башында кулга айландырмакчы болгондорго каршы кыргыздар жүргүзгөн баатырлык күрөшкө Сатыке деген башчылык кылган. Ал катардагы жөнөкөй эле киши болсо керек, анткени анын бек же бий экендиги эч жерде эскерилбейт.

Мансапкор Омор хан мындай ахбалга чыдап тура албайт. Кеңешчилерин жыйнап, алардын алдына эми эмне кылабыз - деген собол таштайт.

Бир төрө мындай дейт:

- Оо, падышам! Сенин кудуретиңдин жарыгы тийген жерде өскөн кызыл гүл дайыма гүлдөп, көз жоосун алып турсун. Тикендүү дарак тамыры менен жулунуп, алданган адамдар -кыргыздар менен казак уруулары бытырабадыбы. Сенин заманыңдай замандын даңкы артыла берсин!

Экинчи төрө аны улантып:

- Оо, бүткүл дүйнөнү багындырган ханым! Сатыкеден башка сандаган душмандарыңдын изи да калган жок. Ал өзү бир иттен жаман, абийири жок, митаам турбайбы. Анча-мынча кыргыздарды алдына салып алып, уурулук кылып, жолдон өткөндөрдү тоноп, кылбаганы жок. Аны шаарларда жана өлкөлөрдө эч ким жакшы көрбөй калды. (Башка шаарларда жана кала берсе башка өлкөлөрдө анын таасирин бошоңдотуу үчүн душмандарынын ушинтип жамандашканына караганда Сатыкенин кадыр-баркы чоң болсо керек).

Үчүнчү төрө , башы зекетчи дурус кеңеш берет:

- Эгерде кылбаганы калбаган ал каракчы колума түшсүн десең, кыргыздар кыйналган маалда - кычыраган кыш күндөрүндө кол салыш керек.

- Ооба, ырас айтат! - деди анын сөзүн колдоп хандын Наманганды бийлеп турган наместниги Сейидкул-бек. - Кышында кыргыздардын абалы кыйындап калганда анча көп убара болбой эле каратып алууга болот. Кыйын абалдан чыгуунун дарбазасын амал таап ача ала турган аскер башчыларынын бирөөнө тапшыруу керек...

- Кандай амал? Кандай куулук кылса болот? - Хан капалуу сурады.

- Көп кол менен ал каракчыларга билинбей түн жамынып барып, капыстан басып калыш керек...

- Анда сен барасың да күтүлбөгөн жерден кол саласың, - деди хан. - Эгерде иш өзүң айткандай ийгиликтүү бүтсө, чоң сыйлык берем. Ал эми иш оңунан чыкпай калса.... - Хан бурулуп өзүнүн башкы баш кесери турган бурч тарапты карады.

Өзү айткандай кол алып Сейидкул-бек күрткүлөрдү бузуп эптеп ашууну ашып, кыргыздардын Кетмен-Төбөдөгү чебине тымызын кирип барат. Аны күзөтүп тургандар беймарал жаткандыктан дүрбөлөңгө түшүп, эмне кылаарын билбей калышат да багынып беришет. Чепти талап-тоноп, көп кишини туткунга түшүрүп, кайра кайтат. Сейидкулбекти Кокондо урматтап тосуп алышып, хан көп белек берет.

Түндүк Кыргызстанды каратып алуу

Кокон хандыгы күчтөнгөндөн күчтөнүп, анын башында тургандардын напсиси улам ачыла берет. Мадали хан (1822-1842-ж.) түндүк кыргыз урууларынын - сарыбагыш менен солтонун ортосундагы чыр-чатактан пайдаланып, 1825- жылы Чүй өрөөнүнө Лашкар Кушбеги баштаган 4000 адамдан турган кошуун жиберет. Турмуш-тиричиликке жери ыңгайлуу, байлыгы мол Чүй өрөөнүнө бекемделип алыш үчүн кокондуктар ошол эле жылы Аламүдүн суусунун жээгине топурактан Бишкек чебин курушуп, гарнизон коюшат. Сепил кыргыз баатыры Бишкектин

күмбөзүнө катар, кыргыздардын мурдагы коргонуу чебинин урандыларынын үстүнө тургузулат. Кокондук наместник бул жерден Ысык-Көлдүн тегерегиндеги кыргыздарга хандын бийлигине баш ийүүнү, тиешелүү салык төлөп турууну талап кылып кат жиберет.

Бирок, Кокондун жиберген өкүлдөрү куру кол кайтышат. Ысык-Көлдүктөрдүн мындай мамилеси Мадали-хандын аябай ачуусун келтирет да, ал түз эле согуштук аракеттерди баштоого бет алат. 1831-жылы жазында Ташкендин акими Лашкер-кушбеги аскерлери менен Чүй өрөөнү аркылуу Ысык-Көлдүн жээгине барат, экинчи тараптан Борбордук Тянь-Шанды басып алуу үчүн Ферганадан чыгып Көк-Арт ашуусун ашып Хаккулу миңбашынын кошууну жөнөйт. Хандын кол башчылары кыргыз урууларынын арасындагы келишпестиктерди билгичтик менен пайдаланышып, каршылык көрсетүүлөрдү, оңой-олтоң эле басып салышат. Кыргыздардын мойнуна Кокон хандыгынын салган сыйыртмагын эки тарап тартып олтуруп, Ысык-Көлдөн жолугушмакчы болушат.

Ошентип кокондуктар Борбордук Тянь-Шанды, Ысык-Көлдүн тегерегин басып алышып, ал жерлерге Тогуз-Торо, Куртка, Жумгал, Барскон, Коңур-Өлөң, Каракол ж.б. чептерин тургузушат.

Тайлак баатыр

Жолдон чыккандарды оңой-олтоң эле каратып бара жатышкан кокондуктар саяк жана черик урууларынын катуу каршылыктарына дуушар болушат. Алар мындай болот деп ойлошкон эмес экен. Багынбаган кайраттуу тянь-шандыктарды эки кыргыз баатыр - бир туугандар Тайлак баатыр менен Атантай баштап чыкканы бизге жакшы белгилүү.

Эки тараптын күчү бирдей эмес эле. Кыргыздардын колу болсо согуш даярдыгы, тажрыйбасы жок начар куралданган ополчениеден турган. Анын үстүнө саяктар сан жагынан кокондуктардан алда канча аз болуучу. Хаккулу миңбашынын жазалоочу экспедицияларда такшалган 7000 сыпайы бар эле. Чечүүчү салгылашууда көтөрүлүшкө чыккандар жеңилип калып, алардын жолбашчылары Тайлак баатыр менен Атантай туткунга алынат. Бирок көп узабай

эле ал экөө тең качып чыгышат да жана Тайлак баатыр кайра ханга каршы чыккан көтөрүлүшкө башчылык кылат.

... Куртка чеби Нарын суусунун оң жээгиндеги тик жардын башына курулган, анын үч тарабы топурактан урулган бийик дубал менен курчалган. Замбирек-чептин эки дарбазасы, артиллериялык мунаралары, тегеректи кароо керек болгондо ата турган тешиктери болгон. Ичинде комендантынын үйү, анын гареми, мечит жана зындан-түрмө жайгашкан. Тайлак чепти курчоого алганда анда анжияндык кыргыздардан топтолгон (арасында 50 гана өзбөк болгон) 200 атчан-сыпайлардан турган гарнизон бар экен. Сепилдин комендантты колунан тыңгылыктуу эч нерсе келбеген Ташмат деген хандын чиновниги болучу.

Кыргыздардын уламыштарына караганда чепти курчоого алуу көпкө созулган эмес. Сепилдеги кыргыздар дароо эле Тайлактын тарабына өтүп кетишет да, Ташмат болсо качып чыгып, эптеп Коконго кетет. Ал барып Мадали хандын бутуна жыгылып, жанымды аман калтырыңыз, багынбаган кыргыздарды кыйратып келгенге аскер бериңиз деп жалбарып суранат. Бирок ачуусу келген хан Ташматты даргага астырып, кыргыздарга каршы жибере турган аскерлерине башчы кылып далай салгылаштарда башкалардан айырмаланып өзүнүн артыкчылыгын көрсөткөн полководецин дайындаган. Мыкты куралданган күч-кубаттуу Кокондук аскерлер начар уюшулган жана аз сандагы кыргыздарды (анын үстүнө алар Куртканы алгандан кийин өз айылдарына тарап кетип калышкан) оңой эле багындырышат. Ошентип Тянь-Шанда Мадали хандын бийлиги кайра орнойт.

А Тайлак баатыр эмне болду? Баатырдын өмүрү кыска экен. Ал жөнүндө да уламыштар бар.

Бир жолу Тайлак баатыр чоң той берип, тамаша курат. Ордо атып жатып башы ооруп кеткендиктен табып чакыртат. Табып ошердеги кыргыз айылдарында жүргөнүнө үч жылча болуптур. Арамза оюн ишке ашыруучу ыңгайлуу учурду күтүп жүрө берген экен. Анан ошол көп күттүргөн маалы да келет. Баатырдың башына бузук кан толуп кетиптир деп элди алдап ишендирип, табып Тайлактын башынан картыктап кан алат. Аккан канды ал кайра токтото

албай коет. Баатырдын алы кетип, көзү жумулуп баратканын көрүп, табып качып кетет.

Ошентип кокондук жана кытайлык эзүүчүлөрдөн элди коргоп турган Тайлак баатыр дүйнөдөн кайтат.

Тайлак баатырды Куртка суусунун Нарын дарыясына куйган жерге көмүшөт. Кийин анын бир тууганы Атантайды да ошол жээкке коюшат.

...Нарын дайранын оң жээги менен өрдөп бараткан азыркы кездеги жолоочу кыргыз күмбөздөрүнүн тобун көрөт. Ошол күмбөздөрдүн нак ортосунда сын-сыпаттуу, өзүнчө бир башкача жасалгаланган кош күмбөз турат. Ал кыргыздын баатыр уулдары, эки бир тууган Тайлак менен Атантайдын күмбөзү. Төгөрөк түспөлдө салынган төбөсү урап, ирегелери кошулган жерлери кемирилип, эскирип калган. Жааган жаан менен кар ичиндеги жана сыртындагы кооздогон оймо көчөттөрдү жууп өчүрүп салган. Ошондой болсо да салынганынан бери 150 жылга созулган убакыт өткөнүнө карабастан Тайлак менен Атантайдын күмбөзү заңкайып сүрдүү жана өзүнчө бир кооз архитектуралык курулуш экени даана байкалып турат.

Хандыктын эзүүсүндө

Кокон хандыгы кулчулук сакталган Чыгыштагы феодалдык деспоттук түзүлүштүн мүнөздүү үлгүсү болгон. Мамлекеттик бийлик абсолюттук монархиянын бардык белгилери менен айдан ачык мүнөздөлүп, эч кандай мыйзам менен чектелген эмес. Мамлекет областтарга - вилайеттерге бөлүнүп, алар болсо салык төлөөчү райондорго - серкерликтерге бөлүнүп, серкер наамындагы адамдар салык жыйноочунун милдетин аткарган. Чакан шаарларга бектер, кыштактарга, чарбалык турмушка аксакалдар жетекчилик кылышкан. Ири урууларды манаптар (Кыргызстандын түндүгүндө , түштүктө бул наам болгон эмес), уруктарды бийлер башкарган. Кыргыз көчмөндөрүнүн арасында бийлер сот милдетин да аткарышкан. Өзбек-тажиктердин дыйканчылык менен тиричилик өткөргөн кыштактарында сот бийлиги казылардын колуна берилген. Сот ишин казылар шарияттын, кыргыз бийлери элдин үрп - адатынын негизинде жүргүзүшкөн. Эгерде, мисалы,

отурукташкан тургундар менен көчүп-конуп мал баккандардын ортосунда жер талашка түшүп калган болсо, анда биргелешкен соттордун- казылар менен бийлерден турган соттор чечишкен.

Кыргызстанды кокондуктар басып алгандан кийин урук-феодалдык кыргыз ак сөөктөрү хандын тегерегиндеги саясий чөйрөгө өтө эле тез аралашып кетишет. Кокондук башкаруучулар аларды өз жагына тартууга, өздөрүнө жакпагандар менен күрөшүүдө алардын колдоосуна жетишүү үчүн жан талашып аракет кылышкан. Ушул максатта кыргыз төбөлдөрүнөн кызмат орундарын, ар кандай сыйлык-тартуу дегендерди эч аяшкан эмес.

Коконду башынан аягына чейин бардык убактарда өзбектердин бир гана Миң деген династиясы башкарган. Бирок XIX к. ага аялдар тарабынан бир кыйла кыргыз каны аралашып кеткен.

Шераалы хандын энеси кыргыз болгон. Шераалы өзүнүн өмүрүнүн көп жылдарын таластык кыргыздардын арасында өткөрүп, Жаркынай деген суп-сулуу кыргыз кызга үйлөнгөн. Анын балдары Малля-хан менен Кудаяр-хандын денесиндеги кандын төрттөн үч бөлүгү кыргыз каны болучу. Эки бала тең кыргыз жайлоо- кыштоолорунда чоңойгон.

Эмки сөз убактылуу башкаруучулар-феодалдар жана тез-тез алмашылып турган хандар жөнүндө. Шераалы ханды тактыга кырк уул уругунан чыккан ферганалык кыргыз Жусуп деген отургузат. Ага Сеид-Али-бек башында турган таластык кыргыздардын отряддары жардам берген. Шераалыны ак кийизге салып хан көтөрүшүп, Жусуп болсо эңсеген миң башы деген даражага жеткен. Бирок ал көпкө миң башылык кыла алган эмес, Жусупту жана аны жактагандарды көчмөн феодалдардын бири - кыпчак Мусулманкул бийликтен кулаткан.

Өзбек Рахматулла-мырза менен кыргыз аким Сатыбалды (Исфара акими) Шераалыга каршы заговор уюштурушуп,небакта набыт болгон Алим хандын Оро-Дөбөдөгү Мурат деген баласын чакырып келишип, хан деп жарыялашат. Муну ишке ашырууда 100-200 адамдан турган кыргыз отряды маанилүү роль ойногон. Шераалынын өзүн болсо, ошол кездеги окуяларды тизмектеп жазып жүргөн киши-

нин сөзүнө караганда, "ууланта турган ичимдикти ичирип" өлтүрүшкөн.

Мына ошондо кыпчак Мусулманкул кайрадан хандыктын ишине кийлигишет. Бар болгону бир нече күн гана хандык кылган Мурат-хан качып кетет да, тактыга болсо жапжаш Кудаярды отургузушат.

Жаңы хандын тушунда бийлик Мусулманкулдун кыргыз, кыпчак феодалдарынан турган тобунун колуна өтөт. Бул арада эмнелер гана болбоду. Мусулманкул кетмен-төбөлүк кыргыздын кызына үйлөнүп, Кудаяр-ханга өзүнүн кызын алып берет. Кудаяр-хан чоңоюп эр жеткенден кийин гана дагы бир кыпчактын - ташкенттин кушбеги Нурмухаммеддин жардамы менен кайнатасынын "камкордугунан" араң кутулат. Мусулманкул өлүм жазасына тартылып, анын салакасы тийип, өлкөнүн шаарлардагы жана айыл-кыштактарындагы кыпчактардын көбү аябай кыргынга учурашат.

Ошентип 1858-жыл да келип калды. Кудаярдын агасы Маллябек кыргыз ополчениесин баштап чыгып, бир тууганын тактыдан түшүрүп, анын ордун өзү ээлеп алат. Анын убагында адигине уруусунан Алымбектин, кыпчак уруусунан Алымкул молдонун таасири күчөгөн.

Алымбек датка

Алайдын эч кимге дээрлик көз каранды эмес башкаруучусу Алымбек хандын биринчи вазири болуп калат. Хан сарайындагы кыпчак-кыргыз феодалдарынын тобунун жана дыйканчылык менен кесип кылган өзбектердин ак сөөктөрүнүн ортосундагы бийлик үчүн болгон күрөш Алымбек, Алымкул, түрк Кудай-Назар жана башкалардын ханды үйүндө жаткан жеринен өлтүрүү менен аяктайт.

...Хандын Анжыян вилайетиндеги наместниги Алымбек датканын бийлиги күчтүү болчу. Анын өзү түштүк кыргыздардын адигине уруусунун баргы уругунун уруу башчысы эле. Түштүк кыргыздардын андан бөлөк уруу башчылары, кыпчактардын жолбашчылары, Кокон хандыгынын менменсиген ак сөөк төрөлөрү ага жазакерленип турушкан.

Алымбек болсо ким экенин, күч-кубатын жакшы билген. Анын атак-данкына, дөөлөтүнө тоолуу Алай, Анжиян вилайети тардык кылган. Ал мүлдө Тянь-Шанга бийлик кылсам, хандыктын биринчи вазиринин ордун ээлесем деп самайт. Булардын баарысы куру кыял эмес эле. Айлакердик менен кагыштыруунун торун түйүп, башка феодалдар менен союздар түзүп, өз жагына жактоочуларды тартат. Мына ушулардын баарысы Алымбекти өз жергесин узакка чейин таштап кетүүгө аргасыз кылат. Бирок датка өзүнүн ооругунан (тылынан) камсанаган эмес, анткени Алайдагы урук-уруулардын, бардык көчмөндөрдү башкарып турган өзүнөн жубайы, жүрөгү, тилеги ак, акылман Курманжан бар эле.

Өкүнүчтүү нерсе, биз ушул азырга чейин болжол менен болсо да Алымбектин качан туулганын билбейбиз. Ырас, 1830-жылы эле анын чоң кадыр-баркка ээ болуп, абройлуу кызматта жүргөнү , 19 жаштагы сулуу Курманжанга үйлөнгөнү белгилүү.

Кыргыздардын Оштогу көтөрүлүшүнүн убагында ал - көтөрүлүштүн жетекчилеринин бири. Мусулманкул - анын башкы душманы. Өлүм коркунучу туулгандыгы жөнүндө аялы өз убагында эскерткендиктен Алымбек Мусулманкулдун жазалоочу аскерлеринен качып кутулат. Көтөрүлүш басылган соң Алымбек Синь-Цзянга барат. Ал жерде мурда Кашкарды бийлеп турган дин кызматчыларынын мурасчысы Кожо-төрө Цинь бийлигине каршы көтөрүлүш чыгарат.

Циндик бийликтегилер кошумча аскер күчүн алышып, көтөрүлүштү басышат. Алымбек менен Кожо-Төрө аман-эсен кутулушат да, баягы эле Алайдын жайыттарына келишип баш калкалашат (адигинеңин уруу башкаруучусунун ооругу бекем болуучу).

Бул окуялардан кийин бийликке кийлигише берип аябай жадатып жиберген кайнатасы Мусулманкулду ырайымсыз жазалаган Кокон ханы Кудаяр хан менен ынтымакташуу мезгил башталат. Алымбек хан сарайындагы таасирдүү адамдардан болуп калат да, түндүк кыргыз уруулардын Коконго баш ийип берүүсүн талап кылат. Ошондон улам кыргыз манаптары орус бийликтерине даттанышат: "... Кокондук Алымбек эгерде биз анын айтканына көнбөсөк, ал келип бизди куралдын күчү менен жазалайм деп коркутуп кат жибериптир".

Алымбек кыргыздардын баарысын чогултуп, Тянь-Шань хандыгын орнотуу жөнүндө ойлойт. Кызык документ - Орусия императору Александр II нин өзүнүн Батыш-Сибирдеги генерал-губернатору Дюгамелге: -"эгерде Алымбек сага жардам сурап кайрылып калчу болсо жок дебегин, ага жылуу мамиле кылганга аракет жаса",- деген тапшырмасы сакталып калган. Анткени, ал кезде Орусия үчүн Тянь-Шанда Кокон хандыгына карама-каршы турган кандайдыр бир саясий күчтүн болушу пайдалуу эле. Окуялардын андан ары кандай жагдайда өнүккөнүн биз билбейбиз. Сакталган документтер жок, азырынча табыла элек болушу да ыктымал. Кыязы, Алымбек өзү жогорку ниетинен баш тартып, хан сарайында биротоло таасирлүү адам болуу үчүн күрөшүп кетсе керек.

Алымбек менен Кудаяр-хандын таттуу мамилеси узакка созулбайт. 1858-жылы Алайлык уруу башчысы хандын бир тууганы Маллябекти такка отургузуу үчүн болгон (1853-62-ж.) төңкөрүшкө катышат. Кудаяр Букарага качып кетип кутулат. Хандыктагы бийлик иш жүзүндө Алымбектин жана аны колдогон кыргыз феодалдарынын колуна өтөт. Мындай караганда ойлогон максаты ордунан чыккандай эле көрүнөт! Бирок...

Дөөлөт кээде башты айландырып иет дешет эмеспи. Алымбек башка феодалдар менен эсептешпей жүрүп, өзүнө өлгөнчө каршы тура турган душмандарды таап алат. 1860-жылы орус аскерлери менен согушканы Бишкек аркылуу Узун-Агачка өтүп бара жатып, биргелешкен күчтү башкарууда Ташкен наместниги Канаат менен келише албай, урушка катышпай коет да, Кокон аскерлери катуу кыйроого учурайт. Алымбек болсо, негизи Тянь-Шандын, Анжиян вилайетинин кыргыз ополчениелеринен куралган аскерлери менен чыгашасыз кайтат. Согушка катышуудан баш тартты деп күнөөлөп Малля-хан аны өлүм жазасына буйрат. Жазадан корккон Алымбек кайра дагы кыргыз туугандарына качып кетип кутулат. Ал качып эле жөн жүрө бербейт, кыргыздардын сол канатынын адигине уруктарынын баарысын өз жагына тартып, алар менен бирге Нарындын баш тарабына жөнөйт. Ал жерден ага сарыбагыш манаптары Үметаалы, Адыл, Ажы, Төрөгелди кошулат. Бириктешкен күчтү Алымбек башкарып ханга каршы аттанышат. Бул Малля-хан-

га угулат. Ал Алымбектин алдын утурлай тостуруп 40 төрө жибер, алар тынчтык менен жарашууга көндүрүшсүн деп Ташкен наместниги Канаатка буйрук берет. Бирок тигилер тосуп барган төрөлөрдүн баарысын өлтүрүп ташташат. Ал эле эмес, алардын артынан жиберилген жазалоочу отряддын да ташын талкан кылышат. Замандын жол-жобосу ушундай катаал болгон.

Алымбек муну менен да тим жүрбөйт. Ал хандын акылдаш адамдарынын арасынан бийликти көксөгөн, дагы кошумча мансап алгылары келгендерди таап, топтоп алып, Малля-ханды өлтүрүшөт да, Шахмуратты хан көтөрүшөт. Иш аны менен да тынбайт, Канаат Букарада жүргөн Кудаяр-ханды Ташкенге чакырып келип, 1863-жылы кайрадан аны хан кылып жарыялайт. Мына ушундай хан сарайдагы улам кайталанган төңкөрүштүн акыры Алымбек үчүн кыйынга турат. Ал душмандарына канча жолу кайра чыккыс капкандарды салса дагы, бул жолу андай капканга өзү түшүп, өлүм жазасына тартылат.

Кокон хандыгындагы көтөрүлүш

Кокон хандыгында болгон жалпы абалды мүнөздөп келишип, ошол кездегилер Кокон бийлигинин тарыхында "кыпчактар менен кыргыздар үстөккө-босток бир кыйла көтөрүлүш чыгарышкан" деп белгилешкен. Чындыгында эле Кокон хандыгы эзип турган учурда Кыргызстанда көтөрүлүш болбогон бир да аймакты биз билбейбиз. Кыргыз элинин эркиндик үчүн жүргүзгөн күрөшүндө ал көтөрүлүштөр маанилүү зор роль ойногон. Өзбек окумуштуусу Х.Н.Бабабековдун эсеби боюнча 1709-жылдан 1876-жылга чейин Кокон хандыгында чоң көтөрүлүштөрдөн гана 33ү катталган. Алардын 7 көтөрүлүшүн кыргыздар чыгарган, калгандарынын баарысына кыргыздар активдүү катышкан.

1842-жылкы хандын эзүүсүнө каршы Ысык-Көл кыргыздарынын көтөрүлүштөрү болуп, ошондо Кокондук чептердин баарысындагы гарнизондор кубалап чыгарылгандыгы белгилүү. 1845- жылдагы Алымбек уюштурган Ош көтөрүлүшү хандыктын түркүгүн солкулдатпай койгон эмес.

Кыргыздардын Жети-Суу областынын курамына кирген Ташкен наместнигиндеги кыпчактар менен бирдикте хандыктын зордуксомбулугуна каршы 1845-жылдагы көтөрүлүшү жарым жылга созулган. 1857-58-жылдарда Ала-Тоонун этегинде көчүп-конуп жүргөн кыпчак уругундагы Жети-Суулук кыргыздар көтөрүлгөн. Ага казактар кошулган. Көтөрүлүшчүлөр жардам сурашып Батыш-Сибирдин генерал-губернатору Г.Х.Гасфордго кайрылышкан. Орус бийликтери көтөрүлүшкө катышкан качкындарга көчүп-конуп жүрүүгө өз территориясында оңой эле орун беришсе дагы, көчүп келүүгө толук мүмкүнчүлүк беришпеген. Кокон хандыгынын ички иштерине ачык кийлигише алышкан эмес.

1859-жылы борбордук Тянь-Шанда черик уруусундагы кыргыздардын көтөрүлүшү чыгып, аны тынымсейит уруусу колдогон. Чериктердин башында Турдуке, тынымсейиттердин башында Таабалды деген кишилер турган.

Бул көтөрүлүштөрдө эреже катары бирдиктүү жетекчиликтин болбогондугун белгилей кетүү керек. Ополчениелердин отряддары урук-урук болуп түзүлүп, ар бири өз алдынча аракет жасашкан. Бирок, ага карабастан кыргыздардын чыгарган көтөрүлүштөрүнүн баарысы бир максатты - Кокон хандыгынын жек көрүмчүл эзүүсүнөн кутулуу максатын көздөгөн. Көтөрүлүштөрдүн кеңири кулач жайышы кыргыздар менен катар өзбек, кыпчак, тажик эмгекчи массаларынын активдүү катышуусунан улам күч алган.

Байтик баатыр (1820-1886)

1862- жылы Чүй өрөөнүндө кыргыздардын көтөрүлүшү чыгып, анын башында солто уруусунун бийи Байтик Канай уулу турат. Бул кишинин даңкын чыгарган эмне? Анын тарыхый таржымалы кандай?

... Чайыттай ачык күндө талаада атчандар чапкылап баратышты. Алар көп эле. Алардын бир тобу чаңды буртулдатып жол менен чапкылашса, көпчүлүгү кыя чөптүү талаа менен жамыраган козулардай болуп, аттарын үстөкө-бостон теминишип баратышат. Алдыда бараткан отуздай киши көпчүлүктөн бир топ узап алганына карабай учуп кетчүдөй болуп аттарына камчы үстүнө камчы урушат.

Арттагылар болсо "Байтик " деп сүрдүү кыйкырышып, алдыңкыларга жетүүгө ашыгышат. Ооба, бул куугун , болгондо да өмүр же өлүм үчүн болгон куугун эле.

Баарысынын алдында үстүндөгү чапанынын тамтыгы кетип айрылган, башындагы селдеси кыйшайып бир жак жаагына түшүп калган олчойгон болук киши чапкылап бара жатты. Минген аты күшүлдөп, эки капталы аккан терден жылтырап, оозунан ак көбүк куюлат. Артынан кубалап келаткан адамдын дабышы угулган сайын жүрөгү болкулдап, заманасы куурулат. Артындагы киши жакындап да калды. Ал ат жалына өбөктөп, оң колундагы узун найзаны бекемдеп кармады.

Мына эми Бишкек чебинин топурак дубалдары менен мунаралары көрүндү. Андагы куралданган адамдар күйпөлөктөп калышты. Алар бирдеме деп кыйкырышып, куралдарын асмандатып көтөрүшөт. Дарбазанын үстүнө орноткон замбиректин жанында бир нече караан бирдеме кылып жатышат.

Чепке жакындап калганда найзачан куугунчу Көкүм баатыр качып бараткан жоон кишини кууп жетти. Көздөрү чанагынан чыгып, өң-алакеттен кеткен тиги неме бурулуп камчысы менен найзаны кагып жиберүүгө аракет кылды, бирок андан майнап чыкпады. Эки атчан жакындаша түшкөндө арткысы керилип туруп, найза менен алдыңкыны сайып жиберди. Тигил жанталашып бакырып, аттан кулап түшүп, чаң топуракка аралашып жатып калды. Ээсинен ажыраган ат чептин эшигин көздөй бет алды . Жалпак калың темир менен капталган чоң жыгач дарбаза ачыла берип, милте менен от алчу кара мылтыктарын көтөргөн сарбаздар катар тизилип чыга калышты.

Аңгыча болбой замбирек, анын соңунан мылтыктар атылды. Кубалап келаткандар аттарынын оозун тартып, токтоп калышты. Тирүү калган качкындар бирин-бири тебелеп чепке кирген соң, калдайган чоң дарбаза кайрадан жабылды.

Чептен экинчи жолу тарсылдап атылган мылтыктардын үнү чыкты, замбирек кайрадан дүңгүрөтүп атылды. Бир нече кыргыз аттан кулап түштү, калгандары удургуп кайра жапырылды. Ошондо кыйкырган буйрук угулду. Аны заңкайган олбурлуу киши берди.

Анын опол тоодой зордугунан минип турган күлүк торусу жөн эле тырнактай, балдардын оюнчук атындай болуп көрүндү. Ошол замат Көкүм баатыр баштаган көп атчандар дуулдап "Байтик " деп ураан чакырышып, ашыкпай артка тартышы. Ошентип Кокон наместниги Рахматулла-датка жазасын алды.

Артиллериясы болбогондуктан, курчоого алууну туура уюштура билбегендиктен Бишкек чебин алуу мүмкүн эмес эле. Чабуул коюп курчоого алуу ыкмасын көчмөндөр билген эмес. Ошону үчүн Байтик баатыр өзүнүн аталаш тууганы Өзүбек Бошкой уулун кат менен орус аскерлери турчу Верный калаасына жиберет.

Катта мындай деп жазылган:

"Сиздерге чоң ишенич жана үмүт менен кат жазып отурабыз. Биз Кокон хандыгынын эзүүсүнө каршы көтөрүлдүк. Бишкек наместниги Рахматулла-датканы өлтүрдүк. Бирок Бишкек чебин сиздердин жардамыңарсыз ала албай турганбыз. Кыргыздын солто, сарыбагыш жана башка уруулары мындан ары өз ыктыярлары менен улуу Орусияга кошулууга ниеттенишет".

Орустар ошол замат солто элине жардамга келишти. А сарбагаштын манабы шабдан болсо шамдагайлык менен кол салып Токмок чебин басып алды.

1862-жылы 300 адамдан турган орус отряды Байтиктин 500 жигити менен бирге Бишкек чебин алышып, аны талкалап салышат. Андан соң Мерке чебин каратышат. Бардык операцияларга Байтик баатыр баш болгон кыргыз жигиттери орустар менен чогуу катышат. Бизге жеткен бир маалыматка караганда кыргыз ополчениеси 200-300 атчан адамдан турган, экинчи бир маалыматта ал 3000 кишиге чейин жеткен.

Согуш аракеттерине катышкандыгы үчүн Байтик Канай уулуна баркыт чепкен, ошондой эле бир кыйла сыйлыктар жана капитан деген наам берилген.

Исхак жетекчилик кылган элдик кыймыл

Кыргыз элинин Худаяр-хандын залимдигине каршы күрөшү 1873- жылы кадимки согушка айланып, ал кокондук башкаруучу тактысын

таштап падышалык бийликтегилерге баш калкалап Ташкенге качып кеткенче токтогон эмес.

Көтөрүлгөндөрдүн башкы жетекчиси бостон уругунан чыккан кыргыз Исхак Молдо Хасан уулу (1844-1876) болгон. Бул адамдын таржымалы эң кызык. Көтөрүлүшчүлөрдүн карманган туусу, ишенген адамы болуш үчүн ал Коконду башкарган династиянын мыйзамдуу тукуму Алим-хандын небереси Пулаттын ысмын алган. Көтөрүлүштү башкарууну ал жеке өзү эле жүргүзбөгөндүгүн белгилей кетиш керек. Ал бийликти көтөрүлгөн элден түзүлгөн отряддардын башчылары менен бөлүшүп жүргүзгөн, алардын ичинен кадыр-барктуу, сөзү өтүмдүү анжияндык кыргыз Мергенов жана өзүнүн чаткалдык уруулашы Момун Шамурзаков башкалардан көбүрөөк белгилүү болучу.

Кыргыздардын кокондук ырамйымсыз үстөмдүккө каршы көтөрүлүшү 1875-жылы аябай күчөп, ал жалпы элдик кыймылга айланат. Кыргыздар өзбек дыйкандарынын колдоосу менен Фергананын кыштактарын жана калааларын ээлеп алышкан. Кудаяр-хан орус аскер отрядынын колдоосу астында Ташкенге качкан. Анын мурасчы уулу Насреддин официалдуу түрдө хан деп жарыяланган. Ошондон кийин көтөрүлүш басаңдайт деген үмүт бар эле, бирок, тескерисинче, кайра мурдагыдан да күч алат. Көтөрүлүшчүлөр Насреддиндин ордуна өздөрүнүн жетекчиси, Пулат деген ысым менен жүргөн Исхакты хан деп эсептешкен. Ал турсун Пулат-ханга мамлекеттин тагдырын чечүүчү закондуу укуктар берилген.

Көтөрүлүшкө чыккандардын армиясы 1875-жылы 9-октябрда Коконду басып алат. Насреддин атасы Худаяр-ханга окшоп түркстандык бийликтегилерге баш калкалап качып кетет. Падыша өкмөтү мурдагы келишимдеги зарыл болгон учурда мийзамдуу хан бийлигине жардам көрсөтөт деп мурда макулдашылган милдеттенмесине таянып, Кокон хандыгынын территориясына өзүнүн аскерлерин киргизет. Бул, албетте, көтөрүлүшчүлөрдүн көпчүлүгүндө нааразылык туудурат. Кечээ жакында эле Орусиядан ага букара болууну суранышып, хандын зордук-зомбулугуна каршы күрөштө Орусиядан жардам издеп жүрүшкөн көтөрөлүшчүлөр аң-

таң болуп түшүнө беришпей, ханга жардамга келген падыша отряддарынын кыймыл-аракеттерин байкап турушту. Ошондо Пулат бийликти колунда кармап калуу үчүн газават (капырларга каршы согуш) жарыялады. Өзүнүн максатташтары, тилектештери - Абдурахман Афтабачы жана Алайдын мурдагы башкаруучусу Алымбек-датканын уулу Абдылдабек деген феодалдар жана Алымбек-датканын мурасчысы Курманжан-датка менен бирге Пулат-хан падыша аскерлеринин чабуулуна каршы турууга аракет жасады. Бирок Анжияндын жана Асакенин жанында жеңилип калды. 5 миң адамдан турган аскери менен Үч-Курак тарапка чегинип барганда Пулатты барон Меллер-Закомельскийдин отряды куып жетти. Көтөрүлүшчүлөрдүн аскерлери дүбөлөңгө түшүп, эч кандай каршылык көрсөтө алышпады. Пулат-хан бир чакан атчан отряд менен Алай тарапка качып чыгууга араң үлгүрдү . Караян так менен Капрабат кыштактарынын ортосуна барганда орус аскерлери көтөрүлүшчүлөрдүн жүк ташыган киресин куып жетет. "Аны күзөтүп жүргөндөр өлтүрүлдү, аты аталган кыштактардын тымтыракайын чыгарып өрттөп жибердик",- деп дөгүрсүп айтылган Пулат-ханды, Абдылдабекти жана көтөрүлүшчүлөрдүн башка жетекчилеринин артынан түшүп кубалап баратышкан падышалык жазалоочулардын рапортунда. 1876-жылдын февралынын 18 инен 19 уна караган түнү жарадар болгон Пулат-ханды өзүнүн мурдагы пикирлеш феодалдары жүзү каралык менен кармап келишип, падыша бийликтерине өткөрүп беришет. 1876-жылы 1-мартта Исхак молдо Хасан уулу Маргаланда жыйылган көп элдин алдында аскер соту тарабынан кылмыштуу адам деп жарыяланып, аянтта даргага астырылган.

Ошентип, Кокон хандыгынын Алайдан башка жерлеринин баарысы орус аскерлеринин көзөмөлүнө өтөт. 1876-жылы 7-февраль күнү Түркстан генерал-губернаторунун милдетин аткаруучу Г.А.Колпаковский жергиликтүү калкка чакырыгында "Отурукташкан жана көчүп жүрүшкөн, бүткүл кокон эли Орусиянын букаралыгына кабыл алынды жана мурда Кокон хандыгын түзгөн алар ээлеп турган жерлер Орус империясына кошулду",- деп жарыялайт. Андан көп узабай эле 1876-жылы 19- февралда "улуу

урматтуу улуктун буйругу" менен мурдагы Кокон хандыгы Фергана облусу деген ат менен империяга кошулат. Жаңы облустун губернаторлугуна генерал-майор Скобелев дайындалат.

Кокон хандыгындагы салыктар жөнүндө кабарлаган архивдик документ

"Мусулман мамлекеттери шарият боюнча өздөрүнүн хандарына төмөндөгүдөй салыктарды төлөшөт: Хераж - эгиндин түшүмүнүн 1/5 бөлүгү ; танап - 5-10 теңге (бакча жана жашылча өсүмдүктөрү үчүн алынуучу акча-тыйын); соода зекети - соодадан түшкөн кирешенин 1/40 бөлүгү , мал үчүн да ушул эле өлчөмдө...

Кудаяр-хандын өкмөтү бул салыктарга төмөндөгүлөрдү кошумчалаган: 1) Хераж - апш - көчмөндөрдөн алынуучу хераж; 2) Карагай пулу - тоодон тартып келип базарга сатылган карагай үчүн ; 3) отун-пулу-отун үчүн салык (чырпык, караган-тикенек, камыш ж.б.у.с.); 4) деляль пулу - буюмдарды сатып алууга жана сатууга далдалчылык кылгандык үчүн; 5) көк-пулу - шалбаа чөбү үчүн; 6) Суу-пулу - суу үчүн... "

* * *

Кыргыздардын Түркстан бийликтерине жазган катынан 1873-ж.

"... Хан шариятка каршы иш кыла баштады, аны үчүн биз адилетсиздикке чыдабай анын зекетчисин (салык жыйноочусун - авт.) тоноп алдык. Кудаяр бизге өзүнүн аскерлерин жибериптир. Алардан коркуп үй-жайыбызды таштап, тоого качып кеттик. Бирок хандын аскер башчысы биздин 270 кишибизди туткундап калууга үлгүрүп, аларды Асаке калаасына алып барды да, хандын буйругу менен алардын баарысын казыкка отургузурду. Ошондон улам биз жыйналып алып өзүбүздү хандын душмандарыбыз деп жарыяладык".

Суроолор жана тапшырмалар

1. Кокон хандыгынын Кыргызстанды басып алган этаптарын атагыла.

2. Хандын көрүнүктүү төрөлөрүнүн ичиндеги кыргыздарды санап чыккыла.

3. Силер Кокон хандыгына каршы кыргыздар чыгарган көтөрүлүштөрдүн кайсыларын эстеп калдыңар жана алардын жолбашчылары кимдер болгон?

Бул даталарды эстеп калгыла

1762-ж. - Кокондуктардын Ош менен Өзгөндү алышы.

1825-ж. - Кокондуктар Бишкек чебин негиздеген.

1842-ж. - Ысык-Көл кыргыздарынын көтөрүлүшү.

1862-ж. - Чүй кыргыздарынын көтөрүлүшү.

1873-1876-ж.ж. - Түштүк кыргыздардын көтөрүлүшү жана Кокон хандыгынын кулашы.

Кокондук башкаруучулардын ата-тегинин жана хандыктын тарыхында көзгө урунарлык из калтырган кыргыз феодалдарынын тизмесин түзгүлө.

IV глава ОРУСИЯНЫН КУРАМЫНДА

Кыргызстандын көз каранды эмес, өз алдынча эркин республика болуп жарыяланышы жана чыгармачыл ой-пикирдин идеологиялык тушоодон бошонушу кыргыз элинин саясий тарыхына, философиялык ой-пикирине жана маданиятына байланышкан бир катар көп маселелерди кайрадан карап чыгуу милдетин койду. Андай курч маселелердин бири Орусияга карата болгон тарыхый мамилени кайрадан кароо маселеси: улуу мамлекетке кошулуу процесси чындыгында эле ыктыярлуу түрдө ишке ашканбы,

жок болуп бара жаткан элдин келечеги үчүн жакшы иш болгонбу (партиялык чечимдерге ылайык официалдуу тарыхый маалыматтарда түшүндүрүлүп жүргөндей), же болбосо ал билип туруп эле атайын бурмаланганбы, Кыргызстан куралдын күчү менен каратылып алынганбы? Окумуштуулар ушундай маанидеги талаш маселелерге кабылып калышты. Тарыхка жакындабаган, кызуу кандуулук, эмоция менен жазылган макалалар пайда болууда. Бирок илимге киргизиле турган жаңы материалдар аз, жок деп айтса да болчудай. Ошондуктан кара кылды как жарган калыс бололу да документтерди ээрчийли.

18. ТҮНДҮК КЫРГЫЗДАРДЫН ОРУСИЯНЫН БУКАРАЛЫГЫНА ӨТҮШҮ

Саясий шарттар

Кандай гана эл болбосун, анын тагдырын түп тамырынан бери өзгөртүп жибере турган тарыхый учурлар аз болбойт. Кыргыз эли үчүн андай учур Орусияга кошулган кези болуп эсептелет. Ал процесс узак убакка созулуп, анын башаты XVIII к. акыркы чейрегинде Атаке бийдин демилгеси менен Чүй өрөөнүндөгү сарыбагыш кыргыздарынан Санкт-Петербургга, Екатерина II ге өздөрүн колдоого алууну өтүнүп элчилик жиберген мезгилден башталат. XIX к. алгачкы отуз жылдыгында кокондук агрессиянын түздөн-түз коркунучунан улам кыргыздар кайрадан Орусиядан колдоого макулдугун алуу максатында бир нече жолу кайрылышат. Бирок, Кокон хандыгы озунуп аракеттенип, кыргыздар ага убактылуу баш ийип берүүгө аргасыз болушат. Алар баш ийип беришкени менен, хандык эзүүгө эч макул болушпайт. Кокон хандыгын титиретип шайын оодарган бир катар көтөрүлүштөр буга ачык далил.

Дагы бир күч - Циндик Кытай кыргыздар үчүн олуттуу коркунуч туудурган. Ал коркунучтун олуттуу экендиги XVIII к. акырында кытайлыктар басып алган Жунгариянын мисалынан ачык көрүнгөн. Ошондо 1 млн. дон ашык адамды кырып жок кылышкан. Циндик эмиссарлар Ысык-Көлгө да келишип, Кытай үстөмдүгүн таанытууга өжөрлүк менен далалат кылышты.

Кыргыз коомун болсо уруулар арасындагы кандуу кагылыштар эсин оодарып жаткан. Мына ушундай кыйын кырдаалда кандайдыр бир күч-кубаттуу жана калыс колдоочунун зарыл керектиги күн таритибине коюлду. Мындай коргоочу жалгыз гана Орусия боло алмак.

Ормондун даңктанышы жана кулашы (1774-1855-жылдар)

Түндүк кыргыздардын сарыбагыш жана бугу урууларынын ортосундагы айтылуу согуш элге көп бүлүнчүлүк келтирди. 1840-жылдардын акырында сарыбагыштын манабы, Атакенин тукуму Ормон кыргыз урууларынын баарысын бириктирип, көз каранды эмес кыргыз мамлекетин түзүүгө аракет жасаган. Көтмалды деген жерге (Ысык-Көлдө) сарыбагыш, бугу, саяк, солто, саруу, кушчу, черик урууларынын өкүлдөрү катышкан курултай-съезд чакырылат. Ал курултайда Ормон чыгып сүйлөп, жалпы элине бир хан шайлап алышыбыз керек деген сунуш айлат. Хан жөнүндө сөз кылганда ал, албетте, өзү жөнүндө ойлонгон. Антип ойлоого негиздүү себептер бар эле. Ал кезде сарыбагыш уруусу күчтүү эле жана өзүнүн согушчандыгы менен башка уруулардан, айырмаланып туруучу. Ормондун өзүнүн сан жетпеген малы, туусу, Санташ ашуусунда салдырган чеби болгон. Ал Кокон хандыгынан парваначы деген мамлекеттик жогорку наам алган жана ага Түндүк жана Борбордук Кыргызстандагы бардык уруулардан зекет жыйноого укук берилген. Анын уруулаштарына таасири аябай зор болуучу. Аны жаман көрүшчү, бирок андан коркушчу.

Курултайга келгендер көпкө олку-солку болуп турушту. Ормондун өкүмдүгү, зулумдугу аларды чочулатпай койбоду. Анын ортосунда, өзү турган өргөөнүн маңдайында дарга орнотулгандыгын, өзүнүн кадыр-баркынын беделин түшүрбөө үчүн ага кээде күнөө кылгандарды асып өлтүрө тургандыгын эстерине түшүрүштү.

Акыры Ормондун максаты орундалды - көчмөндөрдүн байыркы салты боюнча аны ак кийизге салып хан көтөрүштү. Жыйын ошону менен аяктайт. Уруу башчылары өз жерлерине таркап келишип мурдагыдай эле өз алдынча жашай беришти. Көп узабай

сарыбагыш менен бугу урууларынын ортосунда болгон чатакта Ормон хан киши колдуу болуп каза табат.

...Бир жолку кандуу кагылыштан соң бугулардын башкы манабы Боромбайдын уулунун өргөөсүнө оор жараланган мыкты кийинген кызыл тебетейчен атактуу сарыбагышты алып киришет. Аны найза менен дал көкүрөккө сайышкан экен. Көзүн жуумп, араң дем алат. Ууртарынан кан аралаш көбүк чыгып турат.

Жарадар душманды алып келишкен жигиттердин көздөрү суз. Аялдар күйпөлөктөшүп төшөнчү даярдап жүрүшөт. Ак өргөөнүн ээси, Боромбайдын уулунун улуу аялы жарадар кишини көрө коюп чаңырып ыйлап жиберет. Анын күйүттүү ач кыйкырыгы бүт айылга угулуп, иттер улуп, тоону жаңыртат. Кала берсе өлүмдөн да кайра тартпаган эр жүрөк жигиттер да эрксизден үрпөйүштү. Өздөрүнүн уруу башчысынын үйүнө чогулушкан ак чач, сары тиш аксакалдар да баштарын чайкашып:

- Ол-да кокуй ай-я! Бул эмне деген жорук! Ормон хандын өзү тура... Кокус көзү жумулуп кетсе, эки уруунун ортосунда элдешүү деген болбойт. Дагы канча кан төгүлөт!...

Кыргыздын ханын сайып жарадар кылган Балбай экени да белгилүү болду. Бирок аны бул салабаттуу жеңиши менен куттуктаган киши болгон жок. Мөөрөй алган баатыр айылдан алыс бир дөңгө барып, үңкүйүп камчысы менен жер чукуп, айыл жактан чыккан ызы-чууга кулагын салып олтурат. Эмне кылыш керек? Ал ачыкка чыгып, жекеме-жеке кармашып душманын жеңген жокпу? Эми болсо ал келечектеги эсеп жеткис бүлүнүүлөрдүн, кайгы-капа менен көз жаштын себепкери болуп отурбайбы...

Үй ээси аял жан талашып жаткан адамдын төшөгүнүн четине олтуруп, көзүнүн жашын көлдөтүп төгүүдө. Эшиктен кирген күйөөсүнө ал ушунчалык жек көрүүчүлүк менен карады эле, тигил чыдай албай дароо кайра чыгып кетти.

Жарадар хан эсине келбей эки күн, эки түн чабалактап жатып, жан берди. Анын жанынан чыкпай ыйлап отурган үйдүн ээси - бугу урууусунун башкы манабы Боромбайдын келини эми бозделп кошок кошо баштады. Ал өзүнүн эринин жана анын ага-тууганынын душманына наалат айтып, өлтүргөн кишини каргап ыйлап олтурду.

Анын ыйын кой деп тыюуга эч ким даабады. Анткени өлтүрүлгөн Ормон хан... ал келиндин өз атасы болуучу.

Ормондун ордун басаары, жолун жолдоору Үмөтаалы хан наамын алган эмес. Бирок ал атасынын зулумдугун,согушчан мүнөзүн толугу менен тарткан. Атасы үчүн өч алууну Үмөтаалы башкы милдетим деп эсептеген. Ал бугулардын айылдарын ырайымсыздык менен кыйратып, талап-тоноп, ал эми кыдык уругун бүтүндөй дээрлик кырып таштаган.

Мына ушундай коогалаңдуу шартта бугулардын баш манабы Боромбай кыргындан кутулуунун бирден-бир ылаажысы катары Орусиянын букаралыгына өтүү деген бүтүмгө келген. Ушундай максат менен манап Качыбек Шералин баштаган бугунун элчилиги 1854-жылы 26-сентябрда Батыш-Сибирь генерал-губернаторлугунун борбору Омск калаасына барышкан.

Ысык-көлдүк кыргыздардын ант бериши

Жогорку даражалуу кыргыз элчилерин шаан-шөкөт менен тосуп алышты. Ага байланыштуу Омскиге генерал-губернатор Г.Х.Гасфорд башында турган генералдар, Батыш-Сибирь башкы башкармасынын жогорку наамдагы адамдары чогулушту. Салтанатка казактардын кадыр-барктуу султандары чакырылды.

Ант алуу расмиси кадим чыгыш элдериндегидей болуп шаңдуу уюштурулду. 1855-жылы 17-январда Омскидеги заңгыраган сарайда өз элинин ишенимдүү жана ыйгарылган өкүлү, бугулардын манабы Качыбек Шералин куран кармап кыргызча анттын сөзүн айтып, аны тилмеч дароо которуп берип турду:

"...Мен, эч кандай мамлекетке карабаган, тоо-ташка жашаган кыргыздардын ордосунун бугу уруусунун манаптарынын, бийлеринин, уруу-урук башчыларынын, аксакалдарынын ишеним көрсөткөн адамы, кудрети күчтүү кудайга бугу уруусу... Орусиянын чын ыкластуу, ак ниеттүү, айтканын аткарган түбөлүк букарасы болууну каалайт жана улуу даражалуу императордун макулдугу, буйругу болмоюнча башка мамлекеттин кызматына өтпөйт... деп убада кыламын жана ант беремин.

Ушул антымдын акырында мынабу колумдагы ыйык Алкуранды өбөмүн. Оомийин".

Расмиге катышкандар антты бекитишип, колдорун коюшту. Султандар, бийлер мөөрлөрүн, уруу тамгаларын басышты. Бул салтанатка генерал-губернатор Г.Х.Гасфорддун жаш адъютанты, келечектеги атактуу казак окумуштуусу Чокон Валиханов да катышкан деп болжолдоого негиз бар.

Бул өзүнчө бир чоң саясий маанилүү окуя болуучу. Ошентип Ысык-Көл кыргыздарынын Орусияга кошулушу "бугу уруусунун манаптарынын, бийлеринин, жана башка уруу-урук башчыларынын, аксакалдарынын: ишенимдүү адамы - капитан Качыбек Шералин тарабынан кагазга жазылган ант түрүндө биринчи жолу официалдуу жарыяланып", юридикалык жактан бекитилген.

Боромбай жана Качыбек

Тарыхты эл массалары жасай тургандыгы талашсыз маселе. Алар тарыхтын негизги багыттарын белгилейт. Ошону менен катар тарыхый окуяларга өзүнчө бир түр берген инсандардын ишмерлиги көп учурда тарыхый процесстердин багытын да өзгөртүп жиберет. Бул жагдайда кыргыздардын Орусияга кошулушунун алгачкы фактылары жөнүндө сөз кылганда бугу манаптары Боромбай Бекмурат уулу менен Качыбек Шералиндин ролун белгилебей коюуга болбойт. Алардын экөө тең феодалдык ак сөөктөргө кирген, экөөнү тең өздөрүнүн таптык кызыкчылыгын ыйык туткан адамдар десе болот. Албетте, жогорудагы окуяга байланыштуу алардын ар кимисинин өзүнчө ой-пикири, мамилеси болгон. Андыктан Орусиянын букаралыгына өтүүнүн демилгечилеринин таржымалдарынын кээ бир мүнөздүү белгилерин көрсөтө кетели.

Боромбай Бекмурат уулу (туулган жылы белгисиз, 1858-жылы каза тапкан) - бугу уруусунун баш манабы, кыраакы саясатчы. Ал Кытай менен да, Кокон менен да эбин таап мамиле жасай билген. Цинь башкаруучулары аны өз тараптарына тартып алууга аракет жасашып, Боромбайга Цинь империясынын чиновниктер катмарынын белгилүү бир тобуна кире тургандыкты билдирүүчү белгилерди - символдорду - шарикти жана баш кийимге сайып кое турган

куштун бир тал канатын берип жиберишкен. Кокондук хандар да аны бир нече жолу белектерге жана тартууларга туйтундурушкан. Бирок, тигилер да, булар да бир нерсени эске алышкан эмес: Боромбай стратег болгон жана өзү үчүн да, өз эли үчүн да көбүрөөк ыңтайлуу багытты тандап ала билген. Ал эми ошол кездеги конкреттүү тарыхый шарттарда жана түзүлгөн кырдаалда жалгыз гана Орусия кыргыздарга иштиктүү жардам берүүгө, каста шкан кошуналарынын кол салууларынан коргоону камсыз кылууга жана өздөрүнүн уруу башчыларынын шайды кетирген ич ара согуштарын, чыр-чатактарын басууга жана аларды жараштырууга жөндөмдүү болуучу.

Турмушта көптү көргөн, көптү билген адам катары ал элинин маанайын түшүнгөн жана өзүнүн эл ичиндеги кадыр-баркы, укугу уруулаштарынын мүдөөсүн канчалык даражада иш жүзүнө ашыра ала тургандыгына байланыштуу болорун жакшы билген. Мына ошол себептүү Боромбай Орусияга кошулууну чечкиндүү түрдө жактаган.

Качыбек Шералин (1798-1862) да андан кем эмес элге белгилүү адам болгон. Бала кезинен Орусияга жакшы ниетте чоңойгон. Буга өз атасы Шералы манаптын жеке позициясы көмөкчү болду. Боромбайга караганда Качыбектин айырмасы ал манаптардын жашыраак муунунун өкүлү эле. Качыбек 1814-жана 1824-жылдарда Орусияда болуп, анын адамдары менен жолугушкандыктан кырдаалга башкалардан тууралаак баа бере алган. Анын Орусияга кошулууну жактаган идеясы жөн гана тынчсызданган саясий ой жүгүртүүлөрдөн келип чыкпастан, өзүнүн орус адамдары менен жеке жолугушуп, баарлашкандыгынын натыйжасы да болгон. Орусияга барган бир учурда ал орус армиясынын капитаны деген наам алып, алтын медаль менен сыйланган. Боромбай сыяктуу эле Качыбек Шералин да кыргыздар Орусиянын курамында гана мындан ары тынч өнүгүп, бейкут жашай алат деп эсептеген. Ал узакка жашады, Боромбай өлгөндөн кийин баш манап деген кызмат жоюлуп калат да, эл арасындагы сөздөргө караганда, Качыбек өзүнүн тууган-туушкандарынын арасында катардагы адам катарында жашап жүрүп көз жумган.

Чүй кыргыздарынын Орусиянын букаралыгына өтүшү

Ысык-Көл кыргыздары баштаган демилге Кыргызстандын башка райондорунда жашаган калк тарабынан да колдоого алынат. Чүй өрөөнүнүн, Борбордук Тянь-Шандык, Кетмен-Төбүнүн жана Таластын көчмөндөрү кокондук эзүүгө каршы күрөштү күчөтүшөт. Бул күрөштө алар Орусия тарапка көбүрөөк көңүл бурушуп, өздөрүн ишенимдүү сезишет.

1860-жылы орус өкмөтү казак, кыргыз урууларынын арасында өзүнүн саясий таасирин кеңейтип, Кокон хандыгы менен түздөн-түз куралдуу каршылашууга чыкты. Чүй өрөөнүнө адегенде генштабдын полковниги М.И.Венюков башчылык кылган аскердик чалгындоо отряддарын, андан соң полковник Циммермандын командачылыгы астында аскер жиберди. Өрөөндөгү Токмок жана Бишкек чептериндеги кокондук чакан гарнизондор аларга олуттуу каршылык көрсөтө алышпайт. Алар бир аз жоготууларды эсепке албаганда оңой-олтоң эле багынып беришкен.

Кыргыздар орус-кокон тирешүүсүндө эки жакка тең кошулбай, бейтарап болуп турушкан. Жергиликтүү калктын колдоосуна жетишүү максатында корпус командири полковник Циммерман: "Кокондуктар өздөрү биздин чек арабызга кирип келишпесе, орустар Чүй суусунун сол жээгине өтпөйт. Азыр болсо алар Каштекке чейин кирип келишип, биздин өлкөдөгү бейкутчулукту бузушту. Ал эле эмес, кийин зекет жыйнайбыз деген шылтоо менен кыргыздарды талап-тоноо үчүн аларга бизге каршы коюуга аракеттенишүүдө" деп бир канча ирет кайталап айткан, жана прокламациялар таркаткан.

"Сарттардын жогорудагыдай жаман жоруктары, - деп жазган Циммерман, - бизди кокондуктардын Токмок менен Бишкек чептерин алууга жана аларды күм-жам кылып таштоого түрткү болду. Биздин өкмөтүбүз кыргыздар менен казактар алсыраган сарттардан бошонушуп, өздөрүнүн пайдасы жана жыргалчылыгы үчүн өзүнүн букараларына тынччылыктан башканы каалабаган жана алардан эч нерсе талап кылбаган биздин улуу падышага берилген букара болуп беришет деп ишенет".

Баео окуучуга багышталган мындай чакырык баракча бизде жылмаюуну гана пайда кылышы ыктымал. Бирок, ал туура түшүнүү менен кабыл алынып, кыргыздардын дили бүт бойдон Орусия жагында болду.

Орустар кеткенден кийин Кудаяр хан 9 миң сарбаз жиберип, кокондук бийликти кайрадан калыбына келтирген. Бишкек чеби жаңыдан курулуп, айланасы аябай бекемделет. Бишкекке мечит жана зындан-түрмө салынат. Такай туруучу гарнизонго хан наместниги Рахматулла-датка башкарган 500 сарбаз калтырылган.

Чепти куруу, гарнизонду тамак-аш менен камсыз кылып туруу жергиликтүү черик, сарыбагыш, саяк, солто урууларынын мойнуна оор жүк болуп түштү. Ошондон баштап кокондук отряддар кыргыз айылдарын аеосуз талап-тоношуп, кала берсе алар, юридикалык жактан Орусиянын курамына кирген Ысык-Көлгө да кол салып турушкан. Анткени менен кокондук бийликтердин таасири кыргыздар арасында мурдагыдай болбой калган. Хандыкка каршы чыгуу күн санап курчуй берди. Биз жогоруда көргөндөй, 1862-жылы андай толкундоолор солтонун манабы Байтик Канай уулунун жетекчилиги астында ачык чыккан көтөрүлүшкө чейин өсүп жетти. Орус аскерлери менен кыргыз көтөрүлүшчүлөрүнүн отряддарынын биргелешкен аракеттеринин натыйжасында кокондуктардын Чүй өрөөнүндөгү коргонуу чеби Бишкек тез эле кулады. Чүй өрөөнү Орусияга кошулуп, солто уруусунан 5 миң түтүн Орусия букаралыгын кабыл алышты.

Солтолордун жолун Кемин аймагын ээлеген Шабдандын атасы Жантай Карабек уулу баш болгон сарыбагыштардын бир бөлүгү да жолдоду. 1862-жылдын акырында алар падыша бийликтеринин өкүлдөрүнө өздөрүн Орусиянын букаралыгына кабыл алууну өтүнүшүп кайрылышкан. Өтүнүч канааттандырылган.

Тянь-Шань кыргыздарынын букаралыкты кабыл алышы

Андан көп узабай эле Борбордук Тянь-Шанда көчүп жүрүшкөн кыргыздар Орусиянын букаралыгына өтүүнү каалагандыктарын билдиришти.

Документтер кээде өткөндө болгон окуялар жөнүндө ыр саптарынан да кызыктуу баян кылып берет. Алсак, Борбордук Тянь-

Шанда жашаган черик уруусунун манаптарынын 1863-жылы Ала-Тоо округунун начальниги, Верный шаарында туруучу генерал-лейтенант Г.А.Колпаковскийге жазган катын карап көрөлү:

"...Төрт тарабыбыздагы кошуналарыбыздан ар түрдүү зордук-зомбулуктарды жана кысымчылыктарды көргөндүктөн ак падышанын букаралыгын кабыл алып, эли бейкуттукта жашап калган манап Боромбайга окшоп, биз бирдиктүү улуу элдин букарасы болууну чечтик.. Ушундай максат менен жогорку даражалуу Сизге бизди букаралыкка алуу жөнүндө өтүнүп келиш үчүн бир топ манаптарыбызды жибердик. Сиз биздин өтүнүчүбүздү четке какпай жана ал жөнүндө улуу падышага жеткиресиз деп үмүттөнөбүз. Биз колубузга ыйык куранды кармап, бир тамчы каныбыз калганча кызмат өтөп беребиз деп ишендиребиз".

Катка башчы манап Турдумамед Тоймат уулунун мөөрү жана бир нече бий дин тамгалары басылган эле.

Орусиянын букаралыгын алгандагы чериктердин берген анты бугулардын антынын дээрлик көчүрмөсү болучу. Ал дагы Омскиде 1863-ж. 13-октябрда Сибирдин жогорку кызматтагы адамдарынын катышуусу менен кабыл алынып, антка кыргыз бийлери менен кошо ошол эле чиновниктер кол коюшкан.

1864-жылы Тянь-Шандын Кетмен-Төбө ойдуңунда жашаган көчмөндөр Орусиянын букаралыгын алууну каалагандыгын билдиришкен. Ошентип башында манап Рыскулбек Нарбото уулу турган саяк уруусунун 10 миң түтүн эли Орусиянын курамына кирди.

1855-1864-жылдардын аралыгындагы он жылдын ичинде Орусиянын букаралыгын алган кыргыздар андан кийинки орус-кокондук тирешүүлөрдөн четте калышкан эмес. Кайсы бир манаптар Кокондон биротоло кол үзүп, өз тагдырларын Орусия менен байланыштырышты, ал эми кайсы бирөөлөрү болсо кимиси утар экен деп олку-солку болушуп, кылчактап турушту.

Мына ушуларды жыйынтыктап келип, Түндүк Кыргызстандын калкы бүт бойдон Орусиянын букаралыгын өз ыктыяры менен кабыл алган деп айтуу натуура болоор эле. Орусия менен мамиле түзүүдө кээ бир манаптар чечкиндүүлүк,

ырааттуулук кыла алышкан эмес. 1863-жылы июль айында тяньшандык манап Осмон Тайлак уулу (Тайлак баатырдын баласы) Орусияга ачык эле каршы чыкты. Ал өзүнүн жигиттери менен майор Г.Загряжский командалык кылган падышалык чакан отрядга кол салып, таң атканча жылдырбай курчап турган. Ошондо сарыбагыштын манабы, ал кезде падыша армиясынын капитаны деген наамды алып калган Шабдан Жантай уулу өзүнүн жигиттери менен орустарга жардамга келген, алар менен бирге Осмондун күчүн кыйратышкан. Ал кагылышта Шабдандын бир канча жигити каза таап, бир нечеси жарат алган. Осмон тараптан да чыгаша болгон. Акыры Осмон Чыгыш Түркстанга-Синьцзянга барып баш калкалоого аргасыз болот. Бирок ал жерде да тынчтана албагандыктан 1867-жылы ал өз жерине кайта келип, 3 миң үй-бүлөдөн турган агайын-туугандары, уруулаштары менен Орусиянын букаралыгына өтүп берген.

Үмөтаалы

Сарыбагыш кыргыздарынын Орусиянын букаралыгын кабыл алышы оңой да, жеңил да болбоду. Сарыбагыштардын кадыр-барктуу башчысы Атаке баатырдын XVIII к. акырында Екатерина II өтүнүч менен кайрылып, өздөрүн колдоого алуу жөнүндө суранганы эсибизде. Ал эми сарыбагыштардын бир бөлүгү Атаке тукумунан чыккан Жантай Карабек уулу баш болуп 1862-жылы Орусия букаралыгына өтүп, кийин Жантайдын уулу Шабдан өз жигиттеринен куралган отрядды башкарып, Жети-Сууну кокондук эзүүдөн куткаруууда орус аскерлерине жардам берди. Сарыбагыштардын Ормон хан, кийин анын улуу уулу Үмөтаалы башында турган дагы бир чоң бөлүгүнүн тагдыры такыр башкача болду. Бугу уруусунун манабы Боромбай менен өз ара узакка созулган урушту баштаган Ормон адегенде баардык кыргыздардын эч кимдин көзүн карабаган башчысы болгусу келген. Бугу уруусу Орусиянын букаралыгын алган соң, Ормон хан да өзүн колдоого алуу өтүнүчү менен Орусияга кайрылды. Ал өлгөндөн кийин Үмөтаалы Казакстандын жерине көчүп кетип, андан кийин Кокон хандыгы тарапка ыктап, Орусиянын букаралыгына өтүүгө кырдаал кайрадан кыстаганга чейин...синьцзяндык бийликтерге да кайрылган.

Түркстан крайы боюнча кыдырып жүргөн орус саякатчысы Н.А.Северцов Үмөтаалынын бул түйшүктөрүнүн жана жер кесип жүргөн сапарынын акыркы этабынын күбөсү болгон.

1867-жылдын октябрь айы

Козголоң чыгарып 1863-жылдан бери көнбөй жүргөн Үмөтаалы акыры баш ийип бергени жатыптыр деген кабар ошол кезде биринчи ирет алынган. Бул жакшы кабар эле, бирок анын чын-төгүнүн ырастоо керек эле. Текшере келгенде кабардын чын экендиги аныкталды. Н.Северцовго жолуккан барымтачылар (бирөөнүн малын тийип алуучулар) Үмөтаалыны Орусия букаралыгына өтүүгө суранганы жатканы чын пейилден экендигин канаттануу менен билдиришти. Алардын айткандарына караганда Үмөтаалы өзү бийлеген уруктардын баардыгын (3500 түтүндү) жыйнап алып, ак падышага баш ийип берүү керек деген чечимге келгендигин жарыялаган имиш.

Өзүнө жакын да, алыс да жерлерде жашаган кошуналарынын тынчын кетирип, талоончулук менен аты чыккан бул эң чоң манап эмне үчүн ушундай кылды?

Бир сөз менен айтканда анын бараргa жери калбай калган. 1867-жылы июль айынын аягында Полторацкийдин аскердик-чалгындоочу отряды аны аз эле жерден колго түшүрбөй калган. Анын кутулуп кеткен себеби жол көрсөтүп ээрчитип жүргөндөр - Төрөгелди манаптын сарыбагыштары - аны такыр башка жолго салып жиберишип, Үмөтаалыга өз убагында качып кетүүгө мүмкүндүк түзүп беришкен. Бирок манап Үмөтаалы Нарындын нары жагында деле орустардан жашынып жүрө албасын түшүнгөн.

Ал Кашкарга көчүп өтүп кетүүгө далалат кылганда Синьцзянда түзгөн Жети шаар мамлекетинин негиздөөчүсү жана башкаруучусу Якуб-бек аны кабыл алмак турсун, туткунга алып, даргага аса элегимде өз жериңе кайра кеткин деп буйрук берген.

Минтип айтыштын себептери бар эле. Кашкарлык кербенчилер кыргыздарга кездеме, кийим жүктөп келишчү да, аларды шаарга азык-түлүк болуучу малга айырбашташчу. Үмөтаалы болсо бул кербендердин өз айылына келчүлөрүн гана кое берип, ал

эми башка уруктарга барчулардын жолун буктурмадан тосуп туруп аесосуз талап-тоноп алуучу. Тааныш кербен башчысы аркылуу Үметаалы Якуб-бек менен байланышууга аракет жасаган.

Кокон менен да мамилеси так ушундай болгон: кыргыздарга келүүчү анжияндык кербендердин башка айылдарга эмес, өз айылына барчуларын гана тонобой өткөрчү экен. Үметаалы Курткага бараткан кокондук кербендерди да кармап алып, андан зекет талап кылган ошол жердеги гарнизонду өз учурунда бир нече жолу камалаган.

Ошол убакта Үметаалы кошуна кыргыздардын бардыгы менен: орус падышачылыгына букаралыкка өткөн бугулар менен да, кашкардык чериктер менен да, кокондук саяктар менен да кас болуучу.

Мына ушундай беймазалуу күндөрдүн биринде Үметаалы Н.А.Северцовдин отряды жөнүндө кабар угат. Ал бир жайдын ичинде Нарындын ары жагына барган экинчи орус отряды эле. Северцов анын Атбашыда жайлап жүргөн айылын чыгыш жагынан, ошол эле учурда Полторацкий аны батыш тарабынан айланып өтүшкөн. Бул, улам-улам жүргүзүлгөн чалгындоо иштерин Үметаалы туура түшүнүп, анын баш калкалап жүргөн Нарын менен Ат-Башыны орустардын ээлеп алышынын башталышы экенин билген. Ат-Башыдан кетсе мурдагыдай көчүп-конуп эркин жашай бере турган жер калбай калган. Ал бийлеген урук өз ыктыяры менен кайра орус букаралыгына өткөн күндө гана ал жазасыз калышы мүмкүн эле. Анын үстүнө орустар Нарынды ээлеп алса, Үметаалы аларга баш ийип берсе кеңири жайыттарды өзүнө сактап калмак.

Ушуларды эске алып, Үметаалы Северцовдин отрядына өзү келет. Ал аксап баскан, болук, алтымыштарга келип калган кары киши экен. Бет сөөгү чоң, бакжайган жүзүн бир көргөндө ал ак көңүл, бир аз шалпайыңкы адамдай көрүнөт. бирок, жакындан тигиле караганда айлакер, акылдуулуктун жана бекем эрктүүлүктүн белгилерин байкоого болот. Эмнеси болсо да алдында турган адамдын сырткы көрүнүшүнөн атасы Ормон хандын тирүү кезегинде кыргыз баатырларынын сүрдүүсү жана коркунучтуусу болгондугу байкалат. Ал бирөөлөргө кол салганда дайыма ийгиликтүү бүтүүчү, ал эми бугулар, саяктар жана башкалар ага кол салышса, иштери оңунан

чыкчу эмес. Үмөтаалы душмандарын капыстан кол салып, дүрбөлөңгө түшүрчү, ал эми тигилер болсо Үмөтаалыны эч качан анте алышчу эмес. Ал орустарга да өз айылдарынын кыргынга учурап калышы мүмкүн экендигин алдын ала билгенден кийин гана андай абалга жеткирбей баш ийип берген.

Мына ошону үчүн аны жалаң эле сарыбагыштар сыйлаган эмес. Эл башкаргандардын көбүнүн эрдиги барымтага жылкы тийип (уурдай) алуу менен чектелсе да, баардыгы Үмөтаалыны жолбашчылардын жолбашчысы катарында көрүшкөн.

Орус саякатчысы Н.А.Северцов сарыбагыштын беделдүү манабы менен сүйлөшүп олтуруп, ушундай эле ойго келген. Ал кылычынын курчтугун, мылтыгынын түздүгүн тирүү адамдарды чаап, атып сыначу имиш. Өзүнүн сөзүн эки кылгандыгы үчүн гана жакшы көргөн көрөр көз аялын өлтүрүптүр. Эгерде урук башкаруучунун алдынан чыккан адам дароо аттан түшүп таазим кылбаса, катуу жазаланган. Ал кедей-кембагалдардын үй-бүлө ишине кадимкидей кийлигишип, алардын колдо бар мүлкүн каалагандай пайдаланган.

Тарыхый фактылар жана уламыш болуп айтылып жүрүп эсте сакталып калгандар өткөн кылымдын эң ири феодалынын карама-каршылыктуу образын бизге калтырды. Аны шарттаган мезгил ошондой болгон. 1867-жылдын аягында орус букаралыгын алууга аргасыз болгон эркиндикти сүйгөн, ээн-эркин жүргөндү жактырган Тянь-Шандын акыркы манабынын тагдырындагы чукул бурулуштар ушундай болгон.

* * *

Черик уруусунун Орусиянын букаралыгын алгандагы анты (кыскартылып берилди). "Биз, эч бир өкметке карабаган, тоо-таштарда жашаган кыргыздардын ордосундагы черик уруусунун манаптарынын, бийлеринин, калган баардык урук башчыларынын, аксакалдарынын ишенген адамдары, черик уруусу улуу урматтуу, бийик даражалуу улуу император Александр Николаевичтин, бүткүл Орусиянын жеке башкаруучунун... берилген, ак ниеттүү, тил алчаак жана түбөлүк букарасы болууну каалайбыз, ошону менен

бирге улуу даражалуу императордун макулдугу жана буйругу болмоюнча башка мамлекеттин кызматына өтпөйбүз... деп кудурети күчтүү кудайга убада кылабыз жана ант беребиз... Бул берген анттын акырында ыйык Алкурандын сөздөрүн өбөбүз. Оомийин!"

Суроолор жана тапшырмалар

1. Түндүк кыргыз уруулларында Орусиянын колдоосуна өтүү зарылчылыгы кандай себептерден улам келип чыкты?

2. Кыргыз уруу башчыларынын ичинен кимдер Орусия империясы менен жакындашуунун демилгечилери болушту?

3. Орусия менен жакындашуунун жүрүшү канчалык узакка созулду жана эмне үчүн андай болду?

БУЛ ДАТАЛАРДЫ ЭСТЕП КАЛГЫЛА:

1784-жыл. - Сарыбагыш бийи Атакенин Орусияга, Екатерина Iнин сарайына жиберген биринчи элчилиги.

1855-ж. 17-январь - Качыбек Шералин бугу уруулар бирикмесинин атынан Омскиге барып, Орусиялык таажыга берилгендикти билдирип ант берген.

1862-ж. - Чүй кыргыздарынын Орусиянын букаралыгына өтүшү.

1863-ж. Тянь-Шань кыргыздарынын Орусиянын букаралыгын алышы.

1867-ж. Сарыбагыш манабы Үметаалынын Орусияга баш ийип бериши.

19. ТҮШТҮК КЫРГЫЗСТАНДЫ КАРАТЫП АЛУУ

Орус аскерлеринин Ферганага киргизилиши жана Кокон хандыгынын жоюлушу

1865-жылы генерал Черняевдин башчылыгы менен орустун аскер күчтөрү Ташкенди курчап

кирип, басып алат. Ошол убактан тартып Кокон хандыгынын бий - лигинде Фергана өрөөнү, Памир-Алайдагы кыргыз көчмөндөрү гана калат. Хандыктын аймагынын кичирейиши казынага түшчү кирешени азайтты, анын ордун толтуруу үчүн ханды өзүнүн бийлигинде калган калктан алынуучу алык-салыктардын көлөмүн көбөйтүүгө түрттү.

Мына ушундай шарттардан улам түштүк кыргыздар өздөрүнүн түндүк Кыргызстанда жашаган боорлошторундай эле Орусияга кошулуп алуу жөнүндө ойлой башташты. Буга бир жагынан Кокон менен күрөштөгү орус куралынын артыкчылыгы да себепкер болду. Падыша аскерлери Кокон хандыгынын аймагына кирип келген соң аны бүтүндөй каратып алууга да мүмкүнчүлүгү бар эле, бирок 1868-жылдын январь айында көз каранды кылуучу келишимге кол коюу менен чектелишти. Ал боюнча Кудаяр хан Орусиянын күңкоруна айланып, анын айтканын кыңк этпей аткара турган болду. Бул кыргыздардын саясий абалын олуттуу түрдө татаалдантып, Орусияга ык алгандар үчүн зыян кылды.

1874-жылы жазында башында карапайым кыргыз Мамыр турган көтөрүлүшкө чыккандардын бир бөлүгү Түркстан генерал-губернаторуна орус букаралыгына өтүү жөнүндө өтүнүч менен кайрылат. Ошол эле жылдын апрелинде көтөрүлүшкө чыккан кыргыздар (өздөрүнүн эсеби боюнча 200 миңден ашык киши) Орусиянын гражданини Жоробекке (мурда Жоробек Түркстан генерал-губернатору менен жакын мамиледе болуучу) жазган катында бизди Орусиянын букаралыгына алуу жөнүндө изденгин деп өтүнүшкөн.

Катта асыресе минтип жазылган: "...Сизге мурдатан эле белгилүү болгондой, Коконго караган баардык кыргыздар Кудаяр-хандын букарасы болуп эсептелебиз. Хан тарабынан жүргүзүлгөн кысым көрсөтүү, куугунтукка алуу, казыкка олтургузуу, токмоктоо сыяктуу ырайымсыз жазалоолор бизди хандан бөлүнүп чыгып, ага каршы турууга аргасыз кылды. Ал кыргыз уруулары: мундуз, кутчу, отуз уул, найман, кызыл-аяк, нойгут, кыргыз-кыпчактар, адыгине, ахтачи, бөрү, баргы, (автобачиден башкалары) - бардыгы болуп кыргыз жана кыпчактардын саны 200 миң түтүнгө жетет (адам-

дардын саны болуш керек - авт.). Эгерде мүмкүнчүлүгүңүз болсо, сизге оордук келтирбесе жогоруда жазылгандарды бүт бойдон генерал-губернаторго айтып бериңиз. Ал улуу урматтуу макул болсо, биз бактысыз кокондук күнкорлор, Кудаяр-хандын зомбулугунан кутулуп, бейкут жашап калаар элек".

Бирок көтөрүлгөн кыргыздардын бул өтүнүчү Кокон хандыгын колдоого алуу багытын көздөгөн Түркстандык акимчилик тарабынан жоопсуз калтырылды. Булардын баарысы Орусияга кошулууну каалаган көтөрүлүшкө чыккан кыргыздардын далалатынын демин суутпай кое алган эмес. Кыргыздар Орусия да, түркстандык бийликтер да, жек көрүмчү хандын эзүүсүнөн куткармак түгүл, кайра аны коргой тургандыгын эми ачык көрүштү.

Башаламан, чачыранды каршы чыгуулар хандыктын улам жаңы райондорун, бөтөнчө Кыргызстандын түштүк бөлүгүн кучагына алып жатты. Хандык эзүүгө каршы күрөшкө ичкиликтер, адыгине, багыш, тагай, мундуз, басыз, кытай жана башка кыргыз уруулары жана уруктары, ошондой эле кыпчактардын жана отурукташкан өзбек калкынын бир кыйла бөлүгү чыгышты. Толкундоолорду тыюуга орус аскерлеринин ошол аймактарда турушу деле жардам бере албады. Чындыгында алар алгачкы учурда хандын жазалоочу аракеттерине түздөн-түз катышкан эмес.

Көтөрүлүштүн кыймылдаткыч күчүн кыргыздардын жана өзбектердин катардагы малчылары менен дыйкандары түзгөн. Көтөрүлүшкө чыгышкан кыргыздарга карапайым калктын арасынан чыккан Мамыр Мергенов, Момун Шамырканов жана Пулат-хандын ысмын алып жүргөн Исхак молдо Хасан уулу жетекчилик кылышкан. Көтөрүлгөндөр өздөрүнүн жек көрүүсүн жана нааразылыгын эми негизинен ханга гана эмес, аны кызуу колдогон падышалыкка да каршы багытташты. Бу жөнүндө 1875-жылы 24-ноябрда бийликтерге жазган, бирок убагында көңүлгө алынбаган официалдуу катында Н.Петровский мындайча маалымдаган:

"...Үстүбүздөгү жылдын июль айынан тартып ушул кезге чейин, б.а. беш айга жакындан бери, аталган хандыкта көтөрүлүш ачык түрдө жүрүп жатат, орус аскерлеринин хандыктын жерлерде тургандыгына, козголоңчуларга көп жолу сокку урулгандыгына

карабастан көтөрүлүш басандабастан, тескерисинче, кайра күчөдү. Мындан тышкары Кокон хандыгында көтөрүлүш адеп башталгандан тартып эле орустарга айбыкпай каршылык көрсөтүү көрүнүштөрү байкалууда. Ушундай болот деп азыркы Түркстан крайынын жерлерин орустар адегенде каратып алган кезде ойго келген эмес".

Козголоңчулардын башында турган Пулат-хан түркстандык колониалдык акимчилик менен достук байланыш түзүү үчүн аракет жасап генерал-губернатор К.П.Кауфманга өзүнүн адамдарын жиберген учур да болгон. Бирок падышалык бийликтегилер анын делегациясынын мүчөлөрүн (Ахун-Молдо - Мир-Мауляви баштаган 14 адамды) камап салышкан да, ошону менен козголоңчуларга өздөрүнүн мамилеси кандай экендин көрсөтүшкөн.

Ушундай шарттарда көтөрүлүш өзүнүн антифеодалдык маңызын жоготпоо менен антиколониалдык, антиорустук мүнөзгө ээ болду. Анын мизи бара-бара тактыдан түшкөн кокондук хандар Кудаяр менен Насреддинди аскерлер күчү менен калкалап, көтөрүлүштү басуу үчүн улам жазалоочу отряддарды жиберип турган падыша бийлигине каршы багытталып кетти. Көтөрүлүш ошол учурда белгилүү даражада диндик түскө ээ болуп, "газават" - ("капырлар менен күрөшүү") деген ураан пайда болду.

Ферганадагы көтөрүлүштү басуу учурундагы падыша аскерлеринин ырайымсыздыгы кыргыздар менен өзбектердин катуу каршылык көрсөтүүсүн туудурду. Жазалоочу отряддардын начальниктеринин биринин рапортунда баса белгиленгендей "айылдын тургундары (Ашаба кыштагы - авт.) жан аябай каршылык көрсөтүштү. Аларды баррикадалардын нары жагынан, чептин боорундагы тешиктерден аткыладык, тургундар кечирим сурабай, куралдарын кармаган бойдон окко учуп өлүп жатышты, аялдар солдаттарды бычак менен качырышып, таш менен ургулашты. Кыштакта жашагандардын баарысы өлтүрүлдү. Ак-Жар жана башка кыштактардын жана шаарлардын тургундарынын тагдыры да как ушундай болду. Көтөрүлүшчүлөрдүн жазалоочулар менен айыгышкан салгылашуусу 1875-жылдын июлунан 1876-жылдын февралына дейре созулду. Бирок эки тараптардын күчү таптакыр бирдей эмес эле. Көтөрүлүшчүлөр улам жеңиле берди. Алар падыша ас-

керлеринин куугунтуктоосунан Ош калаасы, андан соң Кара-Суу, Өзгөн аймактарын көздөй чегиништи. 1875-жылы 10-сентябрда орус аскерлери Ошту басып алышты. М.Д.Скобелев Ош тургундарынан көтөрүлүштүн башчыларын кармап берүүнү, алардын колдо бар курал-жарактарын өткөрүүнү талап кылып, азык-түлүк контрибуциясын салды.

Өзгөндүн тургундарына да ушундай эле шарттар коюлду. "Менин айткандарымды аткарбоочу болсоңор, - деп жазган М.Д.Скобелев,- анда өзүңөр тартуучу оор азапка өзүңөр күнөөлүүсүңөр".

Фергананын бүтүндөй талаа тарабы орус аскерлеринин бийлигинде калды.

Мына ошондой кырдаалда мурдагы Кокон хандыгынан "элдин өкүлүмүн" дегендер чыгып, алар түркстандык генерал-губернаторго төмөндөгүдөй чакырык менен кайрылышты: "... Акыркы кездеги башаламандыктардан улам биз тынч жашай албай калдык. Үймүлктөрүбүздүн таланбай калышынан коop санап жаткандыктан гана эмес, өзүбүздүн, аялдарыбыз менен балдарыбыздын өмүрү эмне болот деп чочулап тургандыктан орус өкмөтүнөн бизди өзүнүн букаралыгына кабыл алсын деп сурануугa аргасыз болдук. Түзүлгөн кырдаал биздин ушундай ниетибизге түрткү болду. Эр жүрөк генерал Скобелевдин күчү менен зыяндуу кишилердин каракчы тобу жок кылынды, бейкут турмуш кайра калыбына келтирилди, эми биз өзүбүздүн Түркстандагы мекендештерибиз сыяктуу эле бактылуу болуп калдык. Анткени биз азыр улуу атабыз Орусияңын ыктыяры менен берилген балдарыбыз. Кудай таала анын өмүрүн узун кылсын. Сиз, урматтуу генерал, бизди улуу Орусияга кошкондугуңуз үчүн ыраазычылыгыбызды билдирүүгө уруксат этиңиз да, ак падышага букарасы болуп берээрибизди ага айтып коюңуз".

Бул жеңилгендердин жеңгендерге кадыресе манифести болуучу, 1876-жылы 19-февралда Кокон хандыгы, демек, анын бийлигиндеги түштүк Кыргызстандын аймагы падыша манифести менен Орусияга кошулду деп жарыяланды.

Аскер министри Д.А.Милютин официалдуу түрдө мындай деп жарыялайт: "Таксыр император, Түркстан аскер округунун коман-

дачысынын сунушуна ылайык ушул жылдын февралынын 19-күнү буйрук кылды:

1. Орус аскерлери жаңыдан ээлеген аймак - өткөн 1875-жылга чейин Кокон хандыгын түзгөн аймак империянын курамына кошулсун да, андан Фергана облусу түзүлсүн..." Жаңы уюшулган Фергана облусу Түркстан генерал-губернаторлугуна кошулган. Бирок бул азырынча формалдуу гана саясий ант болуучу.

Алай кыргыздарынын көтөрүлүшү улануда

Ошентип Кокон хандыгы кулады. Жаңы Фергана облусунун биринчи аскер губернатору болуп аны каратып алган М.Д.Скобелев дайындалды.

Ага карабастан түштүк Кыргызстандын тоолуу райондору, асыресе Алай, али багынып берген эмес. Ошол эле М.Д.Скобелев баштаган түркстандык аскер отряддары кыргыздардын көчүп жүргөн жерин көздөй бараткан кезде кыргыз көчмөндөрү куралдуу каршылык көрсөтүшөт.

Алымбек датка менен "Алай ханышасы" Курманжан-даткanын Абдылдабек, Оморбек, Мамытбек, Асанбек деген балдары аскер отряддарын уюштурушуп, өз аймактарына кирип келаткан орус аскерлерине каршы күрөш башташты. Тоолуу жерлерди пайдаланышып, куралданган көтөрүлүшчүлөр орус аскерлерин Алайга жибербей токтотуу үчүн аракет жасашат. 1600 жигит Гүлчөдөн 25 чакырым алыстагы чыгып барууга өтө кыйынчылык келтирчү Жаңырык деген тоолуу жерге бекинип алышып, 25-апрелде падыша аскерлерине катуу каршылык көрсөтүшөт. Согуш эртеден кечке чейин созулат. Акыры М.Д.Скобелевдин отряды аларды ээлеген позициясынан сүрүп чыгарышат. Чыгаша арбын болот, өзгөчө көтөрүлгөн тарап жоготууга көп учурайт.

Июль айынын биринчи жарымында эки миң көтөрүлүшчү Гүлчө өзөнүндөгү Турукан Шат суусунун боюнан орус аскерлерин кайрадан тосушат. Орус отряддарынын биринин начальниги - Флигель-адъютант князь Витгенштейндин билдиргенине караганда "айгышкан катуу салгылашуудан кийин гана позицияны алышкан". Сарыбагыштын манабы Шабдан Жантай уулу падыша

отряддарына көп жардам берген. Анын жигиттери Күнтууган уулу Баяке баатырдын башчылыгы менен алайлык көтөрүлүшчүлөргө каршы активдүү аракет кылышкан.

Түркстандык белгилүү төрө (чиновник) жана окумуштуу Н.Аристовдун өтүнүчү боюнча жазылган Шабдандын өзүнүн өмүр баянын пайдалануу менен бир аз маалыматтар келтирели.

Шабдан Жантай уулу

Шабдан Жантай уулу (1840-1912) сарыбагыштардын эң ири манабы, кадимки атактуу Атаке баатырдын тукумдарынын бири. Ысык-Көлдүн түндүк жээгиндеги Туюк-Булунда төрөлгөн. Жаш чагында барымтага жылкы тийип, олжолуу кайтып жүрүп, атагы чыккан; кыргыздардын өкүлү катары Кокондо Малляхандын кабылдоосунда болуп, жибек чепкен жана курал менен сыйланган. Хан наместниги Канааттын тушунда эки жылы Ташкенде кызмат өтөгөн. Ага Бишкек чебинин беги болууну сунуш кылса, Шабдан өзүмчө эркин жүргөнүм жакшы деп болбой, өз айлына кетип калган. Атасы Жантай орустарга баш ийип бергенден кийин Шабдан да кыңк этпей Орусия букаралыгын алып, жаңы бийликке ак ниети менен кызмат кылган. 1868-жылы өзүнүн эки жүз жигити менен ал Бишкек үйөзүнүн баштыгы Г.Загряжскийге Борбордук Тянь-Шанда жаңы административдик башкарууну бекемдөө ишине жардам берет. 1876-жылы М.Д.Скобелевдин аскерлери менен бирге Кокон хандыгын жеңип алууга көмөкчү болуп, Пулат-хандын көтөрүлүшчүлөрүнө каршы уруштарга катышып, Георгий крести ордени менен сыйланган. 1876-жылкы Скобелевдин Алайга жасаган жортуулунда Шабдан өзүнүн кырк жигити менен Абдылдабекке каршы күрөштө, Курманжан-датканы туткунга алууда, Жетим-хан жетектеген көтөрүлүшчүлөрдүн акыркы отряддарын талкалоодо айырмаланган.

Шабдан кийин өзүнүн көзү өткөнгө чейин падыша өкмөтүнө берилип иштеп берген. Подполковникке тете аскер старшинасы деген наам алган. Ага жылына 300 сом өлчөмүндөгү пенсия белгиленип, өмүр бою пайдаланууга 400 теше жер бөлүнүп берилген.

1883-жылы ал Түркстандын делегациясынын курамында Александр III нү такка олтургузуу салтанатына катышкан.

Ал эми буга чейин Шабдан баатыр атанып, күүлүү-күчтүү болуп турган кезде көтөрүлүштөрдү басууда, Алайды Орусияга кошууда орус аскерлерине жардам берген. Жаңы бийликке жан аябай кызмат кылып, керек болгон учурда өзүнүн уруулаштарына да аябай каршы чыккан.

Скобелев менен жолугушуу

Иштин жагдайы мындай эле же болжол менен ушундай болгон. Шабдан өзүнүн жигиттери менен 1876-жылы Алайды көздөй бараткан генерал М.Д.Скобелевдин аскерлеринин жеңил отряды болучу. Скобелев көтөрүлүшчүлөрдүн Орусияга багынып бергилери келбеген акыркы отряддарынын соңунан кубалап бараткан. Аларга өзүн Пулат-ханмын деп жүргөн Исхак молдо Хасан уулунун өлүмүнөн жана орустарга кошулуп кеткен кокондук Афтобачинин чыккынчылыгынан кийин Курманжан-датканын улуу уулу Абдылдабек башчылык кылган. Бир туугандары Асанбек жана Мамытбек аны менен кошо жүрүшкөн. Курманжан уулу Камчыбек жана небереси Мырзапаяс менен тоо арасына жашырынган болуучу. Анжияндын мурдагы өкөр акими менен эптеп тил табышам го деп алигиче үмүттөнгөн Скобелев Шабданды ортого салып, сүйлөшүп келүүгө жиберген. Бирок андан натыйжа чыккан эмес. Ал турмак Шабдан аз жерден өлүп кала жаздайт да, акыры кыйын абалдан эбин таап аман чыгат. Бир күндөн кийин эки жүз казак орустар менен артынан жете келген князь Витгенштейнге тартып алган Абдылдабектин туусун жана колго түшүргөн сегиз туткунду тапшырат.

Алайдын башкаруучусу Курманжан-датка "каапырлардын" жортуулунан коркуп, өзүнүн айылдары менен Кашкар чек арасындагы Көк-Суу өрөөнүнө көчүп кетет; анткени Кашкарды башкарып турган Якуб-бек өзүнүн бүт букараларындай чыны мусулман эле. Ага карабастан Якуб-бектин букаралары (анын макулдугу менен деп айтууга болбойт) Курманжандын коргоп алаары жок айылдарын талап алышып (башчысынын макулдугу менен), анын өзүн кайра кубалап жиберишкен. Малдарынын көбүнөн ажырап, датка

Алайга кайра келет да, андан Ооганстанга өтүп кетүүнүн дагы бир аракетин жасайт.

29-июлда Шабдандын жигиттери Курманжан датканын артынан чек арадан жетип, аны курчап алышат. "Канышанын" (аны тымызын ошондой деп аташа турган) алайлык кыргыздар арасында чоң таасирлүү экенин билген князь Витгенштейн Курманжанга тутқун катары эмес, кадыр-барктуу адам катары мамиле жасап, ызаат менен Маргаланга Скобелевдин штабына жөнөтөт. "Алай канышасын" Шабдан өзүнүн жигиттери менен узатып барышы да мүмкүн.

Келечектеги Шипка баатыры, Фергананын алгачкы согуш губернатору болгон генерал Скобелев ал учурда атагы чыга элек кези болуучу, булардын баарысы аны жакынкы келечекте күтүп жаткан. Азырынча ал күч-кубаттуу Ак падышанын өкүлү катары Кокон хандыгын басып алууда жеңиштүү орус аскерлеринин башында турган.

Генерал айымды шайдоот жоокердин жана падыша сарайындагы сылык-сыпаа адамдардын гана колунан келе турган кичи пейилдүүлүк менен кабыл алып, жетишерлик дипломаттык таланты бар экенин көрсөттү.

- Иничек, княгинага айткын, - деди ал коштоп келген кишиге, - өзүнүн келиши менен бу киши мага чоң урмат көрсөттү! Уктуңбу, айтканымды так которуп бергин!

Курманжан ыңгайсыз башын ийип койду - мурда көнбөгөн отургучка отуруу абдан оңтойсуз болуучу. Ал алдыртадан шыңга бойлуу тыкчыйган генералга, анын жаркыраган аппак аскер кийимине, мойло муруту менен жаагындагы бакенбардына, жайдары жүзүнө көз салып отурду.

- Дагы минтип айт, бу кишинин уулдары бизге каршы эрдик менен урушту. Баарысы баатыр экен! Азаматтар! Мындай уулдар менен мен да сыймыктанат болчумун!

Датка башын дагы ийип койду, жакшы сөздөн улам жүзү нурданып кетти: бул эч күтүлбөгөн мактоо болуучу! Орустардын ушул чоң начальниги адам таңкала турган киши турбайбы! - деп ойлоп жибергендей болду ичинен.

Көпкө созулган аңгемелешүү өтө натыйжалуу аяктады. Скобелев Курманжан даткадан балдарына: алар качып кетишкен бардык жигиттери менен айылдарына кайра келишсин деп кат жазып жиберүүнү көптөн-көп өтүндү. Эми тынч жашай турган убак келбедиби.

Датка жарайт деп убада берди да, көтөрүлүшкө катышкандарды куугунтуктабагыла, алайлык туткундарды бошотуп жибергиле, деген талапты койду...

Курманжан убадасына турду. Ал өзүнүн жигиттери аркылуу уулдарына кат жиберди. Согушту бүтүрүү керек болчу. Камчы менен арабынан ок жыгачын сындыра чабууга болбойт эле да. Анан Курманжандын балдарына кечирим эле кылынбастан, аларды болуш кылып дайындоого сөз берилди. Датка өзүнө ишенген. Туура иш жасагандыгына ишенген.

Абдылдабектин өлүмү

Мындай адаттан тышкары кадам жасап, келишим эмес, Курманжан-датка менен келишүүгө барууга М.Д.Скобелевди өтө курч кырдаал аргасыз кылды. Анын жөн-жайы мындай эле. Абдылдабектин көтөрүлүшчүлөрү Орусиянын жаңы ээлеп алган жериндеги денеге сайылган чөңөрдөй сезилип турган. Скобелев Алайды баш ийдирдим деп борборго рапорт бергендигине карабастан, эркиндикти сүйгөн элди жоошутуп, тынчытып коюу үчүн али көп бар экендигин эң сонун түшүнгөн. Денеге сайылган тикенди хирургиялык эмес, башкача жол менен - дипломатиялык жол менен алып таштоо керек эле. Согуш аракеттеринин акыркы убакка чейин басылбай турушу муну даана айгинелеп турду.

1876-жылы 21-июлда Оштон эле Ак-Буура менен Шат суулардын кошулган жеринде бекинип алып, урушууга даярданып жаткан Абдылдабекке Скобелев орус бийликтерине баш ийип бергин деген сунуш жиберген. Абдылдабек Түркстан генерал-губернатору К.П.Кауфманды жана анын кол алдындагыларды бизди алдадыңар жана мурда кабыл алынган келишимдерди буздуңар деп күнөөлөп, ультиматумду кабылдабай коет. Мунун себеби, биринчи кезекте, түркстандык бийликтер мурда кыргыздардын Коконго каршы

аракеттерин кубаттап турушкан болсо, эми өздөрү көтөрүлүшчүлөрдү куугунтуктоочулардын жана баш кесерлердин ролун аткарып жатышкан.

Абдылдабектен чечкиндүү түрдө "жок" деген жооп алгандан кийинки эле күнү Скобелев аскерлерине 27-июлда чабуулга даярдангыла деп буйрук берип, Оштон чыгып жөнөгөн. 26-июлда аскерлер Алайдагы Сопу-Коргонго келишип, ал жерден Абдылдабек менен сүйлөшүп келүүгө анын бир тууган иниси Асанбек жөнөтүлөт. Сүйлөшүүдөн бул жолу да натыйжа чыкпайт. Көтөрүлүш чыгаргандар болсо курчоодо калуу коркунучунан сактанышып, Алайдан Памирге өтүүчү көк тиреген Кызыл-Арт ашуусуна чегинишет. Алардын артынан кууп бараткан Шабдандын жигиттерине жарым рота атчан аткычтары, жүз аскери, ракеталык эки станогу менен Витгенштейн кошулат. Падыша аскерлери артынан келе жатышканын көтөрүлүшчүлөр билишип, эки топко бөлүнүшөт. Алардын бири менен Абдылдабек Кашкарга жана көз каранды эмес Шугнан жерине алып бара турган Туюк-Суу өзөнүнө жөнөйт. Князь Витгенштейн 20 атчан аткыч жана Шабдандын жигиттери менен алардын изи табылбай калганга чейин кууп барып кайра тартат. Абдылдабек болсо чек арадан өтүп кетет.

Бүт Алай Памир ашуусуна чейин көтөрүлүшчүлөрдөн тазаланды. Кээ бирөөлөр Абдылдабекке кошулуп качып кетишип, калгандары өз журттарына кайра келишип, бейкут тиричилик башталды. Көтөрүлүш басылды деп эсептеп, Скобелев 1876-жылы 5-августта Түркстан аскер округунун командачысына: "Чоң Алайды ээлөө менен, менин оюм боюнча Фергананын келечекте бейкуттукта болушун камсыз кыла тургандыгын кабарлап жатканым үчүн бактылуумун", - деп телеграмма жиберген.

Ага карабастан кайсы бир жерлерде али согуш жүрүп жатты. Шабдандын жигиттери болсо туткун кармап жүрүшкөн, полковник Витгенштейн козголоң чыгарган бир айылды басып алып, аны өрттөп жибергиле деп буйрук берет, чабуулдардын биринде өзү да контузия болот. Жалпы жонунан алганда тынччылык турмуш орноп келатты. Буга кыйла даражада Курманжан датканын аракеттери көмөк

көрсөттү. Анын жалгыз гана улуу уулу Абдылдабек багынып берүүдөн баш тарткан.

Ырасын айтканда ал Ооганстандан мындан ары согушпаймын деп ант жазган катты, ошондой эле жарашуунун белгиси катары сынган кылычын берип жиберген. Ал бул дүйнөнүн түйшүктөрүнөн кутулуп, Мекеге барып зыярат кылып, ажы болуп келүүнү чечет. Бирок ага жетпей, ара жолдо каза табат. Ошол эле 1876-жылы анын сөөгүн Алайга, ченемсиз кайгыга баткан энесине алып келишкен. Курманжан уулун өз жерине коюп, бейит үстүнө күмбөз тургызган.

Курманжан датка

Курманжандын ролу Кыргызстандын тарыхында өтө чоң жана ошону менен бирге бир беткей эмес. Ири феодал болуу менен бирге ошол учурдун белгилүү этабында ал элдин саясий кызыкчылыгын билдирүүчү да болгон. Сакталып калган түп нуска булактар анын сейрек учурай турган күчтүү инсан катарында - өз табынын, өз мезгилинин өкүлү экенине шек келтирбейт. Ал феодал эле, демек, феодалга мүнөздүү кылык-жоруктар анда болгон, бирок "Алай ханышасы" акыл-эстүү, өз элинин көрөгөч өкүлү экенин моюнга албай коюуга жарабайт.

Курманжандын таржымалы (1811-1907-жылдар) өзүнчө романтикалуу, ошондуктан аны көркөм адабиятта ашыгыраак мактап жиберүүгө жол берилген. Ал Алайдагы муңгуш уругунун катардагы эле көчмөн үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Он сегизге караганда аны күйөөгө беришет, кыз күйөөсүн ошол той өтүп жаткан күнү алгачкы жолу көрөт. Ал Курманжанга жакпай калгандыктан, салтка жана динге карабай күйөөсүн ээрчип кетпестен, атасынын төрүндө жашап кала берген.

Ошол убакта Кокон ханынан датка деген наам менен катар бүт алайлык кыргыздарды башкаруу укугун алган Алымбек 1830-жылы Курманжандын мурдагы никесин бузуп, үйлөнүп алат. Курманжан жубайына ишенимдүү жакшы дардамчысы болуп калат. Алымбек иш боюнча көп учурда үйүндө болбой калганда (ал тез эле кандын жакын адамы, андан соң биринчи вазири болуп кеткен) Алайды башкаруунун түйшүгүн өз мойнуна көтөргөн. Алымбек хан сарайындагы

1863-жылдагы чыр-чатакта өлгөндөн кийин, Курманжан күйөөсүн өлтүргөн адамдардан өч алат да, өзүнүн тегерегине берилген баатыр жигиттерден жан-жөкөр топтоп алып, Алайды бүт бойдон башкарып кала берет. Бухардын эмири Музафар менен Кокондун ханы Кудаяр Курманжандын кадыр-баркын, бийлигин таанышып, ага датка деген наамды (падыша армиясынын генерал ченине тете) беришип, тиешелүү документ менен жабдып, көптөгөн белектерди тартуу кылышкан. Көтөрүлүшчүлөрдүн жеңилип калышына аргасыздан көнгөн Курманжан падышага кызмат кылууга өтүп, өзүнүн балдарын жана Алайдын баардык тургундарын өзүнүн жолун жолдоого чакырган. 1876-жылы 17380 түтүн алайлыктар Орусияга кошулган. Алай аймагы - Кичи-Алай, Ноокат, Гүлчө, Өзгөн, Ак-Буура деген беш болуштукка бөлүнүп, Ош үйөзүнүн курамына кирген. Ал болуштуктарды Курманжан датканын Оморбек, Камчыбек, Асанбек жана Баатырбек деген балдары башкарып турушкан.

Анын Фергана аскер губернатору Ионовго жазган каттарынын бири саясий керээз катарында угулат:

"...Ферганадагы мусулман мамлекети (б.а. Кокон хандыгы. - авт.) Орусияга баш ийбей турган кезде мен Сиздер менен күрөшүп жана талашып-тартышып жүрдүм. Ошол кезде оштук начальник Ионов бир генерал (М.Д.Скобелев. - авт.) менен Алайга келди. Генералга мени тааныштырды. Генерал болсо мени жылуу кабыл алып, сылык мамиле жасады. Мен ыраазы болуп калдым...

Мына эми азыркы тынч мезгилде мындай деп айткым келет: Менин бүт элим, өзүм да жана туугандарым да эч качан Силерге каршы чыкпайбыз. Биз тараптан эч кандай жамандык кылынбайт. Эгерде менин элим жаман иш кыла турган болсо жана чыккынчылык кылса, анда мен күнөөлүүнү барып турган оор жаза менен жазалаймын, ал эми өзүм болсом өмүрүм өткөнчө азап тартып жүрүп өтөмүн.

Каттын аягына, мөөрүмдү басамын - Маматбай кызы Курманжан-датка. Мөөрүмдүн жоголуп кеткенине байланыштуу колумду коемун".

Кээ бир маалыматтарга караганда Курманжан сабаттуу гана болбостон эл жылуу кабыл алган ырларды да жазган деген да пикирлер бар.

Кыргызстандын Орусияга кошулушунун маниси

Кыргызстандын Орусияга кошулуш процесси (1855-жылдан 1876-ж. чейин) жалпы жонунан баалай келгенде узакка гана созулбастан, карама-каршылыктуу, бир мааниде эмес жана татаал болгон. Демилге, адегенде, XVIII жүз жылдыкта эле, кыргыздар тарабынан башталып, алар Орусияга өздөрүн колдоого жана букаралыкка алууну өтүнүшүп, бир нече ирет элчилик жиберишкен. Кийин Орусия да Кыргызстанга экономикалык (соода жолу) жана саясий (стратегиялык пункт) жактан кызыга баштаган. Батыш-сибирлик генерал-губернатор Г.Х.Гасфорд куру жерден мындай деп жазган эмес: "Тоо-таштагы кыргыз ордосунун чектеш чоң үч мамлекеттин бурчунан ыңгайлуу орун алышына, ээлеп турган жеринин, жаратылышынын мыктылыгына жана башка кыргыз (казак - авт.) урууларына караганда алардын көбүрөөк согушчандыгына байланыштуу кыргыз ордосун ээлеп алуу үч державанын (Кокон хандыгы, Цин империясы жана Орусия) ар бири үчүн өтө маанилүү маселе болгон".

Кыргыз урууларынын Орусияга кошулуу процесси алгачкы учуларда тынчтык жол менен жүрүп, алар өз ыктыярлары менен биринин артынан бири Орусия букаралыгын алуу жөнүндө ант беришип, Кокон хандыгынын эзүүсүнө каршы көтөрүлүшкө чыгышып, орус аскерлерин жардамга чакырып жатышкан. Түндүк Кыргызстандын Орусияга кошулушу негизинен мына ушундайча болгон.

Түштүктө кырдаал башкача түзүлдү. Бул жакта кыргыздар биринчилерден болуп хандын эзүүсүнө каршы көтөрүлгөндө алар түркстандык бийликтерге өздөрүнүн элчилерин жана каттарын жиберишип, хандык эзүүдөн кутулууга жардам берүү жөнүндө өтүнүчтөр менен кайрылышкан. А Орусиялык бийликтер болсо Кокон менен түзүлгөн келишим боюнча колу байланып калгандыктан көтөрүлүшкө чыккан кыргыздарга жардам берүүдөн баш тартышып, иш жүзүндө аскерлери менен адегенде Кудаяр ханды, андан кийин анын мурасчысы Насреддинбекти колдошкон. Ал эми

көтөрүлүшчүлөрдүн кысымы менен эки хан тең Орусиянын чегинен чыгып кеткенден кийин көтөрүлүштү басуу үчүн Фергана өрөөнүнө орус аскерлери киргизилген. Көтөрүлүшкө чыккан кыргыздар менен болгон күрөштүн жүрүшүндө Кокон хандыгынын мурдагы аймагы бүт бойдон иш жүзүндө орустун куралынын күчү менен каратып алынып, Орусияга кошулган. Башкаларга караганда көтөрүлүш Алайда узакка созулуп, алайлык кыргыздар орус аскерлерине башкаларга караганда көпкө каршылык көрсөтүштү.

Акыры жакшы уюштурулган, жакшы куралданган орус армиясынын басымдуулук кылышынын натыйжасында алай кыргыздары багынып берүүгө аргасыз болушту.

Ошентип, Түштүк Кыргызстан жөнүндө сөз кылганда, ал басып алынды деп айтууга болот.

Кокон эпопеясын баалай келип, Түркстан генерал-губернатору К.П.Кауфман мындай деп жазган:

"Кокондогу согуш биздин катарыбыздан офицерлер менен төмөнкү наамдагыларды 1873-жылдагы Хивин экспедициясына салыштырганда алда канча көп чыгарды. 1875-жылдагы согуш хандар менен эмирлерге каршы болбостон элдик ынтаага каршы жүргүзүлдү. Орто-Азияда орустар мындай узакка созулган жана айгышкан күрөштү эч качан баштарынан өткөргөн эмес. Биз мындай күжүрмөн жоокерлер менен биринчи жолу беттешип отурабыз жана калайык-калк менен күрөшүү жергиликтүү хандыктардын зулумдары менен күрөшкөнгө караганда алда канча оор экенин билдик".

Кыргызстандын Орусияга кошулушунун тарыхый натыйжасы кандай болду?

Саясий жактан - бул, биринчиден, Кыргызстандын өзүнөн көбүрөөк артта калган кошуналаш Чыгыш мамлекеттери жана Британ империясы тарабынан кулга айландыруу коркунучу жоюлган.

Экинчиден, Кыргызстандын Орусияга кошулушунун маанилүү натыйжасы болуп кыргыз элинин чарбачылык жана маданий жактан өнүп-өсүшүнө тескери таасир тийгизип жаткан

кыргыздардын өздөрүнүн арасындагы феодалдык-уруу, уруктук ички чыр-чатактардын, касташуулардын, уруштардын токтотулушу эсептелет.

Үчүнчүдөн, Кыргызстандын Орусияга кошулушу менен кулчулук деген жок кылынып, кул сатуу токтотулуп, Кыргызстанга Орусия империясынын жалпы мыйзамдары таркатылды. Жаңы административдик-аймактык бөлүштүрүү патриархалдык, урук-уруулук тушоолордон кутулуудагы алгачкы кадам болду.

Экономикалык жактан Кыргызстандын Орусияга кошулушу патриархалдык мамилелер үстөмдүк кылган мурдагы эч ким менен катышпай өзү менен өзү болуп жабык жашаган край Чыгыштын орто азиялык хандыктарга жана феодалдык коңшулаш чет мамлекеттерине салыштырганда экономикалык өнүгүшү жагынан бир кыйла жогорку деңгээлде турган өнүккөн капиталисттик мамлекеттердин экономикалык процесстерине тартылды.

Кыргызстандын Орусияга кошулушу менен кыргыз көчмөндөрүнүн, жарым көчмөндөрүнүн арасында отурукташууга өтүү күч алды. Акырындык менен көчүрүлүп келгендердин жана жергиликтүү калктын чарбачылыгында капиталисттик уклад түзүлө баштады, сан жагынан анча көп болбосо да жалданма жумушчулардын көп улуттуу отряддары биринчи жолу түзүлүп жатты.

Көчүрүлүп келген орус дыйкандарынын таасири астында кыргыздардын чарбакерлик турмушунда дыйканчылыктын ролу итабар жогорулады, ал өзгөчө кедей-кембагалдардын арасында бир кыйла кеңири тарады.

Орусияда капитализмдин өнүгүшү Кыргызстандын да экономикасынын жанданышына, өндүргүч күчтөрүнүн өсүшүнө, натуралдык жана жарым натуралдык чарбанын негизинин бузулушуна, товарлык-акча мамилелеринин өркүндөшүнө таасирин тийгизди.

Акырында, маданий жактан алганда Орусияга кошулуу менен орус жана чет элдик окумуштуулар тарабынан Кыргызстандын тарыхын, анын территориясын, жаратылышын, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүн изилдөө иши күч алды. Маданияттардын өз ара карым-катнашы кыргыз элинин менталитетине жакшы таасир

тийгизди, а орус маданияты аркылуу дүйнө кыргыз эли жөнүндө соңку мезгилден бери гана биле баштады.

* * *

М.Д.Скобелевдин Алайга жасаган аскердик-илимий экспедициясынын натыйжалары жөнүндөгү рапортунан. 1876-жыл 23-октябрь.

"... Аның отурукташып калган тургундары, ошондой эле көчүп жүргөн калктын бир бөлүгү (кыпчактар) орус курамына каршы турууда өздөрүнүн дармансыздыктарына көздөрү жетип, биздин бийлигибизге оңой жана салыштырмалуу анык баш ийип беришти. Саясий жана тарыхый шарттардын жалпылыгына байланыштуу мурдагы хандыктагы көп сандаган кара кыргыз калкын тынчытуу иши азырынча чечилбей кала берди...

Алайга жасалган жортуул төмөнкүдөй натыйжаларга жетишилди:

1. Тоолуу жерлерде жашаган кара кыргыздар багындырылды, алардын арасында орус башкаруусу уюштурулду, зекет салынды жана Гүлчө-Алай аскер жолун куруу милдеттендирилди. Мурда эч кимге бийлетип көнбөгөн ал көчмөндөр мындан ары орус букаралары...

2. Биздин Кашкар чек арасындагы абалыбыз белгилүү болду.

3. Европалыктарга такыр белгисиз болгон өлкөлөр ачылып, ошону менен бирге 25 миң чарчы чакырымга жакын жер картага түшүрүлдү.

4. Табигый-тарыхый изилдөөлөр жүргүзүлүп, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнөн коллекциялар жыйналды..."

СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Түндүк, Түштүк Кыргызстандын кошулушу эмне менен айырмаланат?

2. Түштүк кыргыздар алгачкы убактарда орус букаралыгын алууга катуу аракеттенишкен эле, бирок кийин орустарга карата өздөрүнүн мамилелерин чукул өзгөртүп жиберишти. Эмне үчүн?

3. Эмне үчүн падыша аскерлери биринчи убакта (1873-74-жылдар) Кокондун ички иштерине кийлигишкен эмес, ал эми кийин, 1875-76-жылдары, көтөрүлүштөргө каршы согуш аракеттерин эмне себептерден активдештирип жиберишти?

4. Кыргызстандын Орусияга кошулушунун тарыхый натыйжалары кайсылар?

БУЛ ДАТАЛАРДЫ ЭСТЕП КАЛГЫЛА

1875-1876-жылдар.- Исхактын (Пулат хандын) көтөрүлүшү;

1876-ж. 19-февраль. - Кокон хандыгын Орусияга кошуу жөнүндө Орусия императорунун указы;

1876-ж. Скобелевдин Алайды каратып алышы; ошону менен Кыргызстандын бүткүл аймагынын Орусия империясына кошулушу аяктаган.

Кыргызстандын Орусияга кошулушунун кыргыз эли үчүн, көчүрүлүп келген башка эл үчүн кандай натыйжалары (оң жана терс) болгондугу жөнүндөгү теманы өзүнөр андан ары улоого аракет жасагыла.

20. КЫРГЫЗСТАН-ОРУСИЯ ИМПЕРИЯСЫНЫН КОЛОНИЯСЫ.1855-1917 - ЖЫЛДАР

Административдик-территориялык башкаруу

Кыргыздарды Орусияга кошуп алуу алдында алар салт боюнча эки канатка: оң жана сол канатка бөлүнүп, уруу-урук бирикмелери катарында чогуу жашап турушкан. Түштүк кыргыздардын урууларына өз алдынча чоң топко ичкилик уруусу бөлүнгөн.

Кыргыздардын негизи уруулары болуп сарыбагыштар, солтолор, бугулар, саяктар жана чериктер эсептелген. Түштүктө болсо - адигине, муңгуш, кушчу, мундуз жана ичкиликтер тобу (кесек, теит, найман, кыргыз-кыпчак жана башкалар). Алардын аймактык так чектери болгон эмес: мындай абалына көчмөн турмуш-тиричиликке байланыштуу өзгөчөлүктөн, сырткы күчтөрдүн (Жунгария, Цин империясы, Кокон хандыгы) таасири жана жергиликтүү феодалдардын өз ара чыр-чатактары жана касташуулары себеп болгон. Ошондой болсо да алар жашап турган негизи райондорду белгилеп көрсөтүүгө болот.

Бугулар негизинен Ысык-Көлдүн чыгыш жана түштүк жээктерин, сарыбагыштар Кемин өрөөнүн жана Ысык-Көлдүн түндүк-батыш жээктерин ээлеген. Чүй өрөөнүндө жана Таласта солтолор басымдуулук кылган. Соң-Көлдө, Суусамырда жана Кетмен-Төбөдө - саяктар, Борбордук Тянь-Шанда жана Түркстанда - чериктер, Алайда - адигине, батыш Ферганада ичкиликтер, тейиттер, кушчулар, мундуздар, басыздар, Фергананын чыгыш тарабында - муңгуштар, багыштар жана кара багыштар турушкан. Алардын арасында башка уруулардан жана уруктардан тараган майда-майда бөлүктөрү көчүп жүрүшкөн.

Уруулардын жана уруктардын бири да "таза" болгон эмес, анткени дайыма көчүп-конуп жүрүштөр да, уруулар аралык кагылыштар да уруктарды жана алардын ички бөлүнүштөрүн аралаштырып жиберген. Буга уруу-уруктардын ортосундагы никелешүү, кыз алып, кыз берүү да көмөкчү болгон.

Падышалык бийликтер жаңы административдик бөлүнүүнү киргизгенде кыргыз коомунун ички турмушунун өзгөчөлүктөрүн эске алышкан эмес. Ошондуктан ал бир топ кыйынчылыкыктарды (асыресе өзгөчө алык-салык системасын түзүү аны башкарууну уюштуруу ишинде) башкармалыктарын уюштурууда көп оорчулук туудурган.

Орусияга кошулгандан кийин Кыргызстан алгачкы учурларда Түркстан облусунун (1865-1867 - жж.), андан соң Түркстан генерал-губернаторлугунун (1867-1917-жылдар) курамына кирген.

Кыргыздар жашап турган аймак 4 обулуска: Жети-Суу, Сыр-Дарыя, Самаркан жана Фергана областтарына бөлүнгөн.

Кыргызстанды Орусия каратып алган учурда кыргыз калкынын бардык саны жарым миллион адамга жеткен.

Кыргызстандын аймагындагы колониялык-башкаруу аппараты жарым аскердик мүнөздө болгон. Облустардын жана үйөздөрдүн башында падыша офицерлери-начальниктер жана участкалык полиция турушкан. Жергиликтүү болуштуктарды уруу-урук феодалдары: манаптар, байлар, бийлер башкарган. Жаңы бийлик уруу жана урук аралык каршылашууларды токтотуп, чырчатак чыгаргандарды катуу куугунтуктаган; кул кармоо толугу менен жоюлуп, алык-салык системасы тартипке келтирилген. Кыргызстандын аймагына Орусиянын борбордук райондорунан көчүрүлгөндөр келе баштаган. Жаңы келген дыйкандарды жайгаштыруу үчүн атайын башкармалар түзүлгөн. Аларга жер бөлүп берүү иши башталган. Ал көчмөндөрдүн эсебинен жүргүзүлгөн. Алгачкы учурларда бөлүнүп берилген жер анча көп болбогондуктан байкалган эмес, бирок көчүрүлүп саны көбөйүп кеткендиктен аларга жер бөлүп берүү улам барган сайын жергиликтүү элге оордук келтире баштаган. Натыйжада крайда социалдык нааразылык келип чыкты. Бирок улуттар ортосунда талаш-тартыштар али жок эле. Алар кийинчерээк болду.

Экономикалык өнүгүү

Орусияга кошулгандан кийин кыргыздардын чарбачылыгы, күндөлүк турмуш-тиричилиги мурдагы эле салты боюнча улана берген. Бирок, Кыргызстандын аймагына Орусия экономикасынын, көчүрүлүп келгендердин, соода жана өнөр-жай капиталынын кире башташынын таасири менен жаңы көрүнүштөр пайда боло баштайт.

Көчүп келишкен орустар менен украиндыктар дыйканчылык, балчылык, багбанчылык чарбаларын уюштурушкан. Алардын кыштактары, шаарлары (Токмок, Каракол, Таш-Төбө ж.б.) пайда болуп, ал жерлерге кыргыздар да отурукташа баштаган.

Кыргызстанда кол өнөрчүлүгү, тоо-кен промыслосу өнүгүүгө бет алат. Ошондой жаңылыктар боло баштаганы менен жергиликтүү

калктын чарбачылыгынын негизи тармагы көчүп-конуп мал багуу менен чектелип кала берген. Кыргыздар кой, эчки, жылкы, бодо мал, төө жана топоз өстүрүшкөн. Орусияда капитализимдин өнүгүшүнүн, товардык-акча мамилелеринин жана орус рыноктору менен болгон байланыштардын күч алышынын таасири астында айрым райондордо экономикалык жактан адистештирүү процесси башталды. Иштеп чыгаруучу өнөр жайлар, майда кустардык ишканалар, тоо кендерин казып алуучу, асыресе, көмүр жана нефть өндүрүүчү өнөр жайлары пайда болгон.

Жалпысынан алганда кыргыздардын коомдук-саясий мамилелери патриархалдык-феодалдык мүнөздө улана берген. Жер мамлекеттик менчик деп жарыяланып, аны көчмөн уруу-урук бирикмелери гана пайдаланышкан.

Кыргызстанга көчүрүлүп келгендерге пайдалануу үчүн жер кесилип берилген. Көп узабай эле кыргыздардын мал жайыт жерлеринен ижарага алып, аларды айдоо аянттарына айландыруунун эсебинен көчүрүлүп келгендерге бөлүнүп берилген жерлер олуттуу түрдө көбөйгөн. Орус дыйкандарынын көпчүлүгү байып, кулактар чыкты. Кыргыз кедей-кембагалдарынын арасынан талаа жумуштары көбөйүп, оруп-жыйноо өнүктүгү күчөгөн жерлерге барышып, акыга иштешип, кыш маалында кайрадан айылдарына келип туруучулар пайда болду.

Бирок революцияга чейин улуттук жумушчу табы түзүлгөнгө үлгүрбөй, улуттук буржуазия да жок эле.

Көчүрүлүп келген орус-украиналыктар менен катар Кыргызстандын аймагына өзбектер, уйгурлар, татарлар да келе баштаган. 1877-78-жана 1881-жылдары Кытайдагы Цинь бийлигине каршы көтөрүлүштү баскандан кийин Кыргызстанга дунгандардын талкаланган отряддары качып келишкен. Алар топ-топ болушуп, негизинен Чүй өрөөнүнө жана Ысык-Көлдөгү Каракол тегерегине отурукташып, Милянфан Ырдык ж.б. кыштактарды курушкан. Алар жашылча, бакча өсүмдүктөрүн өстүрүшүп, жергиликтүү калк башка көчүрүлүп келгендер менен экономикалык байланыштарды түзүшүп, тез эле Кыргызстандын чарбачылыгына жуурулушуп кетишкен.

Алык-салык

Убакыт өткөн сайын алык-салыктын жүгү оордоп, экономика метрополиянын сырье берүүчү

ээүүсү

көмөкчү чарбасына айланып бир беткей өнүгүүгө өттү. Салыктар төмөндөгү тартип менен салынган:көчүп-конуп малчылык менен кесип кылган калкка салык түтүн башына, б.а. ар бир чарбага өзүнчө салынган. Бирок акчалай салыктын көлөмү ар бир чарбага (түтүнгө) бөлүнбөстөн, жонунан айылга белгиленген. Ал салыктарды жыйноо жергиликтүү айылдык жана болуштук башкаруучуларга тапшырылган. Жер мамлекеттик менчик деп эсептелгендиктен кой жайган үчүн 3 тыйын, жылкы үчүн 30 тыйын, төө үчүн 60 тыйын (XIX к. акыркы жылдарындагы маалыматтар боюнча) салык алынган. Алык-салык биринчи кезекте малы арбын, оокаттуу чарбаларга көп салыныш керек эле, бирок иш жүзүндө андай болбоду. Салык жыйноо милдетин жергиликтүү бийликтин башында турушкан манаптар өз колдоруна алышып, эбин табышып негизги оордукту катардагы көчмөндөрдүн мойнуна жүктөп коюшкан.

Салык жыйноо дайым эле чыр-чатаксыз тынч жүргөн эмес. Алгачкы жаңжалдардын бири 1868-жылы чыккан. Ошол жылдын башында Токмок үйөзүнүн баштыгы майор Загряжский салык төлөөчү калктын эсебин алганы, айылдарды болуш-болушка бөлгөнү, алардын ыстарчындарын дыйындаганы кыргыз айылдарын кыдырып чыгат. Аны менен кошо сарыбагыштын манабы Шабдан Жантай уулу (жардамчысы катары) Тянь-Шанга өзүнүн жигиттери менен жөнөйт.

Мындан аркы окуя Борбордук Тянь-Шанда саяк Осмон Тайлак уулунун мурдагы айылында болот.

Загряжский негизги отряддан бөлүнүп, жанына бир нече кыргыз алып, тилмечи жана катчысы менен кошуна айылга жөнөйт.

-Майор, адамдарды жанына аз алып жатасың, -дейт Шабдан.

-Көп кишинин кереги деле жок, - жооп кайтарат Загряжский.- Кокондуктар алыс, бул жердик кыргыздар болсо -Орусиянын букаралары.

-А Якуб-бекчи! Анын адамдары бу жердеги элге бүлүк салып атат деп уктум.

Загряжский мыйыгынан күлүп тим болот. Кийинчерээк белгилүү болгондой, анткени бекер болуптур.

Якуб-бек кошуна Кашкарды башкарчу. Англиялык агенттердин тукуруусу менен ал, имиш-имиштерге караганда, Кыргызстанга кол салганга даярданып жатыптыр. Бул тарапта, Тянь-Шанда, аны жактыргандар, алардын ичинде манап Осмон Тайлак уулу бар эле. Кече жакында эле Загряжский Осмондун Якуб-бек менен байланышы бар экенин угуп, анын Мамыркан деген уулун кармап алып, барымта катары Верныйга жөнөтүп жиберген. Ага кабатырланган Осмон 700 үйдөн турган өз айылы менен Кокондун чек арасына көчүп кетет.

Кийинки күнү эртеден кечке чейин үйөз баштыгы айылдык жана болуштук ыстарчындардын шайлоосун өткөрүп, салык салуу тизмелерин түзүп жүргөн. Кошуна айылдардан эл көп келип, ызычуу, талаш-тартыштар болот. Бирок алар кечке маал тынч таркап кетишет. Күн бою иштеп чаалыккан майорал үчүн даярдалган боз үйг барып, эс алганы жата кетет. Жанындагы боз үйгө аны менен кошо келгендер жайланышат. Айыл мемиреп тынчтыкта: ар кайсы жерден курулай үргөн иттердин үндөрү, Кокондун Тогуз-Торо чебинин урандылары тараптан үкүнүн күңгүрөгөн добушу угулат.

Бир маалда кошуна үйдөн чыңырган үндү угуп, майор ойгонуп кетти. Кыйкырышып жаткандардын ичинен өзүнүн тилмечи менен катчысын үнүн таанып, сүрдүү жана өкүм чыккан үндөр башкалардыкы экенин сезди. Коркунуч туулганын билүү үчүн аскер адамына анча көп убакыт талап кылынбайт да. Ал жыйырма секунддун ичинде эки колуна кош тапанча кармап, эшикке атып чыкты. Жылдыздардын жарыгы менен сыртта топураган көп караан көрүндү. Мына, жалбырттап шам күйдү; анын артынан дагы экинчиси, үчүнчүсү...жанды. Кимдер бир атчан кыргызча өкүмдүк менен буйрук берди:

-Шайтан алгылар десе. Начальникти издегиле

Артынан кимдер бирөө качыра берди: майор аны ийини менен уруп, мээлегенге үлгүрбөй болжолдоп атып калды. Аңгыча аны дагы бир канча киши качырды, бирөө колундагы күйгөн шамды көкөлөтүп кармап алыптыр. Майор качырган топту көздөй атып жи-

берди, жанагы шам жерге кулап түшүп, түтөп күйүп жатты. Ооруганына чыдабай онтоп кыйкырган, каргыш айткан үндөр. Майор тарсылдатып дагы бир канча жолу атып, жанагы качырып келаткандарды өзүнөн алыс кубалап атына ыргып минип, тиги тоо жактагы карган токойду көздөй чапты. Артынан куугун түштү.

Шабдан жигиттери менен жетип келип кийлигишип, Загряжскийди шексиз өлүмдөн аман алып калды.

Башкаруу кызматындагы чоң наамдагы адамды өлүмдөн сактап калгандыгы үчүн өкмөт Шабданды Алтын медаль жана жасалгалуу чепкен менен сыйлаган.

... Дыйканчылык азык-түлүктөрү үчүн да салык акырындап көбөйө берди. Отурукташкан калкка эки түрдүү салык салынган: эгин эккен жерге -хераж жана огороддордогу жашылча-бакча өсүмдүктөрү үчүн танап төлөнгөн. Хераж алынган түшүмдүн 10 пайызын түзүп, накта дан түрүндө алынган. Танап акчалай төлөнүп, анын көлөмү жыл сайын өзгөрүлүп, утур көбөйүп турган. Мындан тышкары калк ар түрдүү накта салыктарды төлөп, жер-жердеги милдеттер деген жолдорду оңдоо, унаа күчтөрүн берүү жана аскер бөлүктөрүн отун менен камсыз кылуу сыяктуу ж.б. иштерди жасаган.

Салык кысымы, социалдык адилетсиздик улуттук теңсиздик кошулуу менен ого бетер күчөй берген. Ал өзгөчө жергиликтүү элге оор тийген. Мына ошондуктан Анжияндын, Оштун айланасындагы Ферганалык өзбектер менен кыргыздар 1898-жылы падышага каршы көтөрүлүш чыгарышкан да, ал "газават" урааны астында орустарга каршы багытталган.

Анжиян көтөрүлүшү

1898-жылы эрте жазда Фергананын көп кыштактарында коогалуу, ойду дүрбүткөн кабарлар тарай баштайт. Кайсы бир кыштакта кудай таалanын сүйгөн бир ыйык адамы пайда болгон имиш. Анын көзү ачык экен. Эмне болоорду күн мурунтан айтып, күнөөлүүлөрдүн бетин ачат имиш. Ыймандын бузулганын, жакында акыр заман болоорун айтат дейт. Буга күнөөлүүлөрдү жазалоого чакырыптыр. Мусулмандарды бузуп жаткандарды кубалап чыгып жок кылса, ошондо элде

жалпы жыргалчылык болот, деп алдын ала айтат деген ушак-айың таралат.

Ыйык адам дегени Магомед-Али Халиф Мухаммед-Сабыр Суфиев (кыскача Мадали), Миң-Дөбө кыштагынын эшени болуп чыкты. Анын Дукчи-Ишан, б.а. "Ийикчи" (кесибин билдирген) деген да аты бар экен.

Көтөрүлүшчүлөрдүн башчысы болгон бул адам ким эле? Мадали-Эшен 1858-жылы Маргалаң үйөзүндө Миң-Дөбө кыштагында кембагалдын үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Мухаммед-Сабырдын бар болгону 5 танап гана жери болуп, ийик жасачу экен. Кийин ийик жасаганды Мадали да үйрөнүп кетет. Жаш кезинде ал феодал Султан-хан Төрө деген эшендин батрагы катары топурактан сокмо дубал урат. Мадали акырындап ошо эшендин таасири менен анын жолун жолдоочу муруту болот да, андан соң калпа-эшендин наместниги деген наам алат. 1882-жылы эшен Султан-хан Төрө өлгөндөн кийин Мадали анын ордун басат. 1887-жылы ал Мекеге барып ажы болуп келгенден кийин, Мухаммед Богоэтдиндин "Накша-бенду" деген Орто Азиялык диний уюмунун эшени болуп калат.

...Тамчы-Булак кыштагы Оштон 20 чакырым алыс, Ош менен Маргалаң чек арасына жакын жерге жайгашкан. 1898-жылы 17-майда түштөн кийин ошол кыштактагы чакан аянтчага Ноокат болуштугунан үч жүзгө жакын киши чогулат. Алар союл, бычак, колго жасаган найза, кала берсе кетмен менен да куралданышыптыр. Чогулуп дуулдагандарды ийикчи Эшендин бир нече муруттары такай колдоп кыйкырып жатышты. Аларды көкүткөн Оморбек Алим уулу деген киши эле. Баарына көрүнүп турайын деп ал арабанын үстүнө чыгып алып күүлөнүп сүйлөдү.

-Туугандар, билип койгула, ыйык Эшендин кишилери бүгүн түнү Анжиян менен Маргалаңдагы орустарга кол салышат. Биз да биерде, Ошто ошентебиз. Эгерде иттер карышкырды туш-тараптан талап кирсе, анын иши бүткөнү. Бүгүн түнү таңга жеткирбей азреил жана абдан коркунучтуу шайтандар каапырлардын жанын тозокко алып кетсин!

Ошол 17-майдан 18-майга караган коогалуу түндө көтөрүлүшкө чыккандар Анжияндагы орус гарнизонуна гана кол

сала алышты. Көтөрүлүшкө чыккандардын соолдарынан ок чыкпайт да, ал эми орустардын мылтыктары кур дүрмөт атылган эмес. Ийикчинин сыйкырчылыгынан эчтеке чыкпады. Эки тараптан тең курман болгондор болду. Бекерге кыйылган өмүрлөр. Бөөдө өлүмдөр. Анткени көтөрүлүш чыккандан баштап эле ал ийгиликсиз бүтөөрү белгилүү болуучу.

Муктаждык басынткан, оор салыктардан жакырланган эмгекчи массаларда клерикалдык-феодалдык элементтердин үгүтүнө алданышып, чечүүчү учурда алар чыккынчылык кылышкандыктан карапайым калк көп жоготууга дуушар болду.

Көтөрүлүш басырылып, Ийикчи Эшен даргага асылды. Анын жан-жөкөрлөрү да катуу жазаланды. Башкы сокку "кара таман" букараларга урулду. Бийликтегилер тарабынан башка улуттардын өкүлдөрүн эсепке албаганда бул окуя боюнча 257 кыргыз айыпка тартылды. Аскер сотунун чечими менен Ошто 106 киши өлүм жазасына тартылды. Чындыгында жаңы нааразылыктар чыгып кетпесин деп чочулагандыктан алардын баарысынын өлүм жазасы көп жылдык каторга менен алмаштырылган.

Колу-буту кишенделген күнөкөрлөр алыска, Сибирге айдалды.

Токтогул

Азапка дуушар болгондордун арасында кыргыз элинин сыймыгы болгон Кетмен-Төбөлүк акын Токтогул Сатылган уулу (1864-1933) да бар эле. Токтогулдун эркиндикти сүйгөн ой-пикири, эзүүчүлөрдүн бетин ачуудагы тайманбас чечкиндүүлүгү алардын кыжырын келтирип, жек көрүүсүн күчөткөн. Рыскулбек манаптын балдары өздөрүнө баш ийбеген акынга көптөн бери тымызын жаалданып жүрүшкөн. Анан жанакы, жогорку көтөрүлүш чыккан дүрбөлөңдүү күндөр алардын чырагына май тамызат да, акындын жазасын берүүгө мүмкүнчүлүк алышат. Мына ошолордун сөз таппыганынан улам, Токтогул Анжиян көтөрүлүшүнө активдүү катышкан деген жалган жалаага калып, дарга асуу аркылуу өлүм жазасына тартылат. Кийин өлүм жазасы жети жылдык сүргүн менен алмаштырылып, Сибирге каторгага айдалат.

Сүргүндө жүргөндө Токтогул көп нерселерге түшүнөт. Ал реакциячыл феодалдык-клерикалдык чөйрөнүн ашынган улутчулдугун жек көрүү менен четке кагат. Өз ырларында каторгадан качып чыгышына жардамдашкан, жолду көрсөтүшкөн, тамак-аш, акча жыйнап беришкен орус досторун - Семен менен Харитонду жылуу эскерип, ыраазылыгын билдирген.

Саясий айып менен камалган орус адамдары менен пикир алышып, карым-катнашта болушу Токтогулга көп маселенин төркүнү кайда экенин түшүнүүгө жардам берет. Адилеттик үчүн белсенип күрөшкө чыккан адамдардын максаты улуттар арасындагы чыр-чатак, каршылашуу эмес, ар кандай эзүүчүлөргө каршы күрөш боло турганын аңык билүүгө түрткү болот. Буга:

"Казак, кыргыз, өзбектен,
Орус менен ногойдон,
Карасам адам көп экен.
Кайгы тартып мен өндүү
Кармалып келген эл экен" - деген ыры күбө болот.

Токтогул кыргыз калкынын жыргалдуу келечек үчүн жүргүзгөн күрөшүнүн туусу, элинин көөнөрбөс сыймыгы болуп калды.

Анын чыгармачылыгы менен кыргыздын дагы бир ири акыны Тоголок Молдонун (1860-1942-жылдар) чыгармалары үн алышып турат. Тоголок Молдо жазганды билген сабаттуу адам болгон, ал бизге оозеки жамактатып төгүп ырдаган ырлары менен катар өз колу менен кагазга жазылган ырларын да калтырды.

Эки акын тең социалдык адилетсиздикти, кан соргуч байлар менен манаптарды ашкерелеп ырдашкан.

Маданияттагы өзгөрүүлөр

Орусияга кошулгандан кийин кыргыз элинин маданиятында белгилүү даражада өнүгүү башталды. Кыргыз эли байыркы сак-усун жана орто кылымдардагы түрк маданиятынын түздөн-түз мурасчысы болуп саналат. Кыргыз элинин XУ1-XУШ кылымдардагы өнүгүү процессинде анынөзүнчөлүгү өзгөчө байкала

баштайт. Калыгул, Асртанбек сыяктуу "Заман" темасында ырдаган акындардан эстафетаны таланттуу төкмө жана жазма акын Молдо Кылыч Шамыркан уулу (1866-1917 -жылдар) жалгап кеткен. Ал кыргыз сөз өнөрүнүн оозеки поэзиясынан жазма чыгармачылыкка өтүү процессине олуттуу салым кошкон жазма акындарыбыздын бири болгон.

Молдо Кылыч Чолпон айылында (азыркы Кочкор району) туулган. Айылдагы дин мектебинде окуган. Анын кээ бир чыгармалары революцияга чейин эле басмадан басылып чыккан. Анын чыгармаларында Кыргызстандын Орусияга кошулгандан кийинки мезгилдеги коомдук-саясий тартиптер жана социалдык карама-каршылыктар чагылдырылган. Анын ырларынан патриархалдык ырым-жырымдарга да, ошондой эле кыргыз коомунун чарбачылыгындагы жана турмуш-тиричилигиндеги жаңылыктарга да суктанууну оңой табууга болот. Бир катар дастандарды философиялык түбөлүк темага - адам менен жаратылыштын ажырагыс биримдигине арнаган. Молдо Кылычтын "Зарзаман" жана "Зилзала" деген негизи дастандарында акындын патриархалдык психологияны, диндик идеяларды жактоодон келип чыккан көз карашындагы карама-каршылыктар даана эле көрүнүп турат. Мына ушулар анын чыгармаларын окуучуларга сунуш кылууга узак мезгилге чейин тоскоолдук кылып келди. Кийинки жылдарда гана (так айтканда 1989-жылдын январь айынан бери) цензуранын кишени үзүлүп, окуучулар эми акындын чыгармаларын толугу менен кыргыз тилинде жана кайсы бирөөлөрүн орус тилинде окуп тааныша алышат.

Кыргыздардын өздөрүнүн тарыхчылары да пайда болду. 1913-1914-жылдары Уфа жана Казань калааларында окуган биринчи кыргыз тарыхчысы Осмонаалы Сыдык уулунун (1877-1940) эки китеби "Тарых- и кыргыз Шадманийа" ("Кыргыз урууларынын тарыхы") жана "Мухтасар тарых-и Кыргызийа" ("Кыргыздардын кыскача тарыхы") басылып жарык көргөн. Санжыранын негизинде жазылган бул китептер кээ бир кыргыз урууларынын чыгышы, ири манаптардын иштери жөнүндө баяндайт. Автор Шабдан Жантай уулун мактоого алып, анын ата-бабасы, кыргыз элине сиңирген эм-

геги, Шабдандын ашы жана тарых сабактары боюнча кенен сөз кылат.

Агартуу иши

Революцияга чейин кыргыз элинин 99,6 пайызы сабатсыз болгон. Жазылган, басылып жарык көргөн саналуу эмгектерди да окуурга мүмкүнчүлүктөрү болгон эмес. Адабиятта жана руханий маданиятта бүтүндөй элдик оозеки чыгармачылык, асыресе баатырдык эпос "Манас" жана кичи эпостор ("Курманбек", "Жаныш-Байыш" ж.б.) үстөмдүк кылган.

Эгерде ХУШ кылымдан Х1Х к. орто ченине чейин кыргыздарда мектеп дээрлик жок болсо, кээде кыдырып келген молдолор гана балдарга куранды окуганга жарагандай кылып араб тамгасын үйрөтүүгө негизги көңүлдү бурушса, Орусияга баш ийгенден кийин орус мектептери менен катар орус-тузем мектептери пайда болот. Кайсы бир манаптар, алсак Шабдан Жантай уулу, үй курдуруп, мугалимдер чакырып келип, өз айылдарында мектеп ачышат. 1888-жылы 1- сентябрда Каракол калаасында биринчи жолу айыл чарба мектеби ачылып, ага 11 кыргыз бала кабыл алынат, ал эми 1889-жылы андай мектеп Бишкекте иштей баштаган. Кийинчерээк Бишкекте эркектер гимназиясы, Караколдо жана Бишкекте кыздар окуй турган прогимназиялар ачылган.

Х1Х к. ортосунда орус окумуштуулары жана саякатчылары Кыргызстандын аймагын, жаратылыш байлыктарын, тарыхын жана турмуш - тиричилигин изилдей башташат. Чокон Валиханов, П.П. Семенов - Тян-Шанский, В.В. Радлов, А.П. Федченко, Н.М. Пржевальский жана башкалар илимге жана коомчулукка Кыргызстандын жана анда жашаган элдин дүйнөсүн ачып көрсөтүшүп, кыргыз элинин маданиятынын орус маданияты менен жакындашы жана анын дүйнөлүк аренага чыгышына көмөкчү болушту.

* * *

ТУРКСТАН АСКЕР-ОКРУГДУК СОТУНУН АСКЕР ПРОКУРОРУНУН 1898-ЖЫЛКЫ АНЖИЯН КӨТӨРҮЛҮШҮ ЖӨНҮНДӨ РАПОРТУНАН

...Туземдик администрацияда иштеген кишилер жергиликтүү калкка өздөрүнүн болуштарын, ыстарчындарын, элүү башчыларын жана элдик сотторун өздөрү каалагандай шайлап алууга мүмкүнчүлүк берген орус өкмөтүнүн ишенимин такыр акташкан жок... 18-майга караган түнкү каргашалуу окуя буга ачык далил: Улуу Орусиянын алдында өз милдетин түшүнгөн жергиликтүү үч гана киши табылды...Алар Ош үйөзүнүн начальнигине атайы кол салганы жаткандык жөнүндө айтып берген Карабек Хасанов, Маргалаң үйөзүнүн начальнигине каршы уюшуп жаткан заговор жөнүндө кабарлаган Абдыкадыр жана Ассакенин приставына миңдөбөлүк эшен Магомед-Али (отряддардын жетекчилеринин бири. -авт.) арам ою жөнүндө билдирген Низам Этдин Магзум, Акыркы, үчүнчүсү гана болуштукту башкарган киши...

Жергиликтүүлөрдүн турмушунда майда башкаруучуларды шайлоо жолу менен дайындоо... өтө зыянду экенин айтып коюуну туура деп эсептеймин....

Көтөрүлүштүн чыгыш себептери...орус администрациясындагы тиги же бул кишилердин кылган иштеринин натыйжасы эмес, ал баардык бул жердеги деңгээлге карата мамлекеттик саясаттын жалпы багытынан келип чыгып отурат... жана бул же тигил административдик чараларды колдонууга өзгөчө көңүл бурууну жана кылдаттыкты талап кылат...

СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Эмне үчүн кыргыздар Орусиянын курамына киргенде бөлүнүп-бөлүнүп алышты?

2. Анжиян көтөрүлүшүнүн себептери эмнеде?

3. Кыргыз маданиятында кандай жаңылыктар болду?

ДАТАЛАРДЫ ЭСТЕП КАЛГЫЛА:

1864-1933- жылдар - Токтогул Сатылгановдун жашаган мезгили.

1898-ж. - Анжиян көтөрүлүшү чыккан.

21. 1916-ЖЫЛДАГЫ ЭЛДИК КӨТӨРҮЛҮШ

1991-жылы бул көтөрүлүштүн болгонуна 75 жыл толду. Бул жергебизде жашаган кыргыз элинин жана башка элдердин революцияга чейин өткөн турмушундагы маанилүү учур, ал элдердин октябрга чейинки тагдырына, тарыхый акыл-эсине көөнөрбөс из калтырган окуя. Кыргызстандагы 1916-жылкы көтөрүлүштүн тарыхынын бир катар кайгылуу баракчаларынын көркөм адабиятта, искусстводу чагылдырылышы кокусунан эмес. Анын узак убактарга созулган күрдөөлдүү жаңырыгы юбилейлик жылдарда гана эмес, дайыма бизге угулуп турат. Бул көтөрүлүштүн тарыхы 20-30-жылдардагы жана андан кийинки мезгилдеги илимий талкуулардын олуттуу маселелеринин бири.

Көтөрүлүштүн мүнөзү

Акыркы ондогон жылдардагы тарых илиминде (историографиясында) бул көтөрүлүш жалпысынан алганда улуттук-боштондук, согушка каршы, колониялыкка каршы, падышалыкка каршы, империализме каршы жана бир азыраак феодалдыкка да каршы кыймыл болгондугу аныкталды. Анын кыймылдаткыч күчтөрү кыргыздардын кедей-кембагалдары жана орто дыйкандары болгон. Бирок ага катышкандардын баарысынын социалдык составы алда канча кеңири болуп, буга кээ бир жерлерде көтөрүлүшкө активдүү катышкан бай-манап төбөлдөрүнүн, мусулман дин кызматчыларынын өкүлдөрү киришкен. Ошентип бул жалпы элдик көтөрүлүш болгон.

Бул көтөрүлүштүн башка бир өзгөчөлүгү - ага Кыргызстанда жашашкан аз сандагы улуттардын: өзбектердин, казактардын, дун-

гандардын, уйгурлардын, татарлардын жана башкалардын көптөгөн өкүлдөрүнүн, жана кала берсе айрым орус келгиндердин катышкандыгы начар айтылып жүрөт.

Көтөрүлүштүн чыгыш себептери жана шылтоосу

Түркстан крайынын жергиликтүү калкынын 19 дан 43 жашка чейинки курактагы эркектерин оорук иштерине мобилизациялоо жөнүндөгү падышанын 1916-жылы 25-июндагы указы көтөрүлүштүн чыгышына түздөн-түз шылтоо жана себеп болду. Бул документтердин негизинде, күбөлөр, катышкандар жана официалдуу бийликтер тарабынан документтүү түрдө аныкталган. Түркстан генерал-губернатору А.Н. Куропаткин падыша Николайга 1917-жылы 22-февралдагы рапортунда баш аламандыктын чыгышына түрткү жана бирден-бир себеп, сөзсүз Түркстандын жергиликтүү калкынан оорук иштерине жумушчуларды чакыруу болду деп 1916-жылдагы көтөрүлүштүн чыгышынын "башкы себептеринин" бири катары баса белгиленген.

Чындыгында көтөрүлүштүн тарыхый себептери (анын "тамырлары") алда канча тереңирээк болуучу. Көтөрүлүштүн чыгышына түрткү болгон себептердин бири улуттук-колониялдык эзүүнүн күчөшү эле. Ал кыргыз элинин турмушунун бардык жактарынан: жер-жерлердеги падышанын башкаруучу аппаратына укуксуз калктын көз каранды болушунан, алык-салыктардын аябай оордошунан (согуштук өзгөчө салыкты киргизүү), казнанын колониялык фондусу жана көчүрүлүп келгендер үчүн "артык баш" деп аталган кыргыз жерлерин ири масштабда тартып алуунун улантылышынан көрүнгөн.

"Түркстан крайында жашаган башка элдерге караганда кыргыз калкы жерди пайдаланууга келгенде көп жагынан укуксуз", - деп Түркстан генерал-губернатору А.Н.Куропаткин жөн жерден мойнуна алган эмес. -Түштүк кыргыз райондорунда жашаган отурукташкан жергиликтүү эмгекчил калк үчүн да агрардык-жер маселеси ошондой эле курч турган". "Карызы үчүн дайыма жана бардык жерде жергиликтүү тургундардын жер мүлкүн сатып жи-

беришкен", - деп айтылган ошол кездеги көп документтерде. Көтөрүлүштүн бул тамыры тереңге жеткен себебин бир катар башка документтик материалдар да, аны өз көзү менен көргөндөр да айгинелешет.

Көтөрүлүштүн хронологиясы

Көтөрүлүштүн Орто Азиянын жана Казакстандын баардык аймактарында башталышына Самаркан обулусунун Хожент калаасынын эски (жергиликтүү эл жашаган) бөлүгүнүн тургундарынын 1916-жылдын 4-июлундагы толкундоолору түрткү болду. Алар ошондо оорук иштерине жумушчуларды алууга каршы болушуп, үйөздүк-шаар бийликтердин алдында чечкиндүү нааразылык билдиришкен. Өзбекстан менен Кыргызстандын кошуна райондорундагы эл массаларынын арасында 1916-жылкы 25-июндагы указга тымызын нааразы болуу июль айынын биринчи он күндүгүнүн аягында Фергана областындагы уезддин (анын ичинде Ошто) жана областтык шаарлардын жана крайдын борбору Ташкендеги жергиликтүү тургундарынын ачык чыгууларына өсүп жетти. Булардын баарысы падыша бийликтери тарабынан аеосуз түрдө басылган.

10-июлдан айдын акырына чейин Кыргызстандын түштүк бөлүктөрүндө жашаган кыргыз жана өзбек дыйкандардын аларды аскерлик-оорук иштерге мобилизациялоого каршы чыгуулары болду. Оштогу жана Фергана обулусунун ага чектеш үйөздөрүндөгү (Анжиян, Наманган, Кокон) толкундарды Түркстан крайындагы падышалык колониялдык бийликтер куралдуу күчтөрдү колдонуп тез арада эле басып салышты. 21-июлда крайдын бардык обулустарында согуш абалы киргизилген.

Кыргызстандын түндүк бөлүгүндө (Бишкек жана Пржевальск үйөздөрүндө) көтөрүлүш кийинчерээк, август айынын биринчи он күнүнүн аягында башталган. Көтөрүлүш Сыр-Дарыя обулусунун (Олуя-Ата үйөзүнүн кыргыздар турган) бөлүгүн дагы кучагына алат. Чүй өрөөнүндөгү кыргыздардын толкундоолору 7-августта Беловодскиде, Бишкекте жана Токмокто чыккан. Ошол эле убакта Кемин өрөөнүндөгү Атаке менен Сарыбагыш болуштарынын кыргыздары

көтөрүлдү. 9-августта көтөрүлүш Бишкек үйөзүнүн тоо артындагы болуштарында - Суусамырда, Кочкордо, Жумгалда, Борбордук (Ички) Тянь-Шандын башка жерлеринде башталды. 10-12-августта Жети-Суу обулусунун Пржевальский үйөзүнө кирген Ысык-Көлдүн айланасындагы кыргыздар көтөрүлдү. Август айынын акыркы күндөрүндө Кыргызстанга жиберилген өкмөт аскерлери көтөрүлүшчүлөрдүн Бишкек жана Пржевальский үйөздөрүндөгү күчтөрүн негизинен талкалашты. Айрым барууга кыйын татаал болгон тоолуу райондорго гана көтөрүлүшкө чыккандар аскер бөлүктөрүнөн жана казак орустардан коргонушуп, ыгы келгенде кол салышып, сентябрь - октябрь айларына чейин каршылык көрсөтүүнү улантышты.

Көтөрүлүштүн жетекчилери

1916-жылдагы көтөрүлүштүн физикалык-географиялык же болбосо административдик-аймактык бөлүктөрүндө (Ош, Пржевальский, Бишкек жана аларга кошуна үйөздөрдө бир борбор жана жалпы жетекчилиги болгон эмес. Бирок, жергиликтүү жана "туземдик" башкаруучулар тарабынан аскердик-оорук иштерге мобилизациялагандарды топтоп алып жаткан учурларда, жазалоочу аскердик отряддар менен күрөшкөн көтөрүлүштүн жүрүшүндө эл арасынан анын баштоочулары, активдүү катышуучулары жана көтөрүлгөндөрдүн биринде-ген майда топторун баштаган катардагы, мурда ысмы белгисиз бир кыйла адамдар бөлүнүп чыгышты. Андайлардын катарында, мисалы, Наманган үйөзүнүн Кызыл-Жар болушунан Таласбай Алыбай уулу, Бишкек үйөзүнөн Алымкул Табалдин, Егемберди Сарык уулу, Ибраим Төлө уулу, Пржевальский үйөзүнөн Чокубай Мондо уулу ж.б. көптөгөн адамдар эле. Падышачылыктын убагында патриархалдык-феодалдык мамилелер үстөмдүк кылып турган айылдардагы мурдагы укуктары чектелип калган феодал-бай төбөлдөрүнүн бир катары "өздөрүнүн" болуштарында көтөрүлүшкө башчылык кылууга аракеттенишкен. Алар: Сарыбагыш болушунун манабы Мөкүш Шабдан уулу, Бурана болушунан Сопурбек Шамен уулу, Бишкек үйөзүнүн Абайылда болушунун манабы Канаат Абукин, Атаке болу-

шунан Белек Солтоной уулу, Султан Далбай уулу, Түп болушунан Батыркан Ногой уулу, Барскоон болушунан Үсөн Шамир уулу ж.б. эле.

Булардын кээ бирөөлөрү көтөрүлүштүн аягына чейин элжурту менен бирге болушуп, азап-тозокту чогуу тартышып, жазалоочуларга каршы күрөштө курман болушуп же репрессияга дуушар болушту. Кайсы бирөөлөрү (убактылуу жолдон кошула калгандары) көтөрүлгөндөр кыйроого учурап жаткан кыйын шарттарда аларды сатып, жазалоочулар тарапка өтүп кетишип, көтөрүлүштү басууга жанталашып көмөк көрсөтүштү. Көпчүлүгү болсо жердештеринин, ага-туугандарынын арасында өздөрүнүн таасиринен, бийлигинен ажырап калбас үчүн көтөрүлгөндөр менен чогуу Кытайга качып кетишти.

Улуттар арасындагы жаңжалдар

Өзүнүн мүнөзү боюнча жалпысынан элдик-боштондук кыймыл болгон 1916-жылдагы көтөрүлүштүн жүрүшүндө Талас, Чүй, Кемин өрөөндөрүнүн, Ысык-Көлдүн тегерегиндеги, ошондой эле Борбордук Тянь-Шандын айрым жерлеринде улуттар арасында бир нече кандуу кагылышуулар болуп, алардан тыштан көчүрүлүп келгендердин жана крайдын жергиликтүү калкынын бир бөлүгү жабыр тартышты. Буга бир жагынан орустарга каршы болгон улутчулдук духтагы бай-манап төбөлдөрү менен реакциячыл дин кызматчыларынын өкүлдөрү тукурушса, экинчи жагынан жер-жерлердеги падышачылык администрация менен көчүрүлүп келгендердин колонизатордук-кулак элементтери себептер болушкан.

Жети-Суунун түштүгүндөгү көчүрүлүп келгендердин кыштактарына көтөрүлүшкө чыккандардын күтүлбөгөн жерден кол салышы анда жашаган орустар жана жалпы эле көчүрүп келген европалыктар үчүн кайгылуу болду. Бул жерлерде, негизинен Бишкек жана Пржевальский үйөздөрүндөгү көчүрүлүп келгендердин 94 кыштагы кыйратылып, 5873 үй-жай өрттөлдү жана талкаланды. Кол салуулардын көбү адамдарды курагына, жынысына, кесибине карабастан токмоктоо, өлтүрүү, көп учурда мыкаачылык менен

өлтүрүү, аялдарды зордуктоо жана келекелөө, алардын кайсы бирөөлөрүн эмчектеги балдары менен Кытайга качканда да кошо ала кетүү менен коштолгон. Ушул жагынан алганда Чоң-Кемин өрөөнүндөгү Ново-Российское селосунун тагдыры мүнөздүү болгон. Бул жер, мурда Шабдандын уулдарынын бийлигиндеги кыргыздардын жайыты болуучу. Сарыбагыш уруусунун Мөкүш Шабдан уулу баштаган кыргыздардын кыштакка капысынан кол салышынын натыйжасында андагы коргонуу үчүн дыйкандар жашырынган үч үйдөн бөлөгүнүн баарысын өрттөп жиберишип, Ново-Российкалыктардын үй-мүлктөрүн талап алышып, мал-салын мүлдө айдап кетишкен.

Ушундай эле коогалуу абалга Ысык-Көлдүн тегерегиндеги ондогон европалыктардын кыштактары: Пржевальский үйөзүнүн түндүк-чыгыш жана батыш жагындагы (Атбашы жана Нарын участкаларындагы) эски жана жаңы көчүрүлүп келгендердин селолору дуушар болушкан. Мисалы, Рыбачье селосу (азыркы Балыкчы шаары) бүт бойдон өрттөлүп, анда жашагандардан үч чоң кайыкка түшүп, Пржевальскийге чейин сүзүп баргандары гана аман калышкан. Көтөрүлгөндөр орус кыштактарындагы административдик-башкаруу органдары шайлашкан имараттарга гана кол салышпастан, аскердик-полициялык мүнөздөгү эмес, элдик мектептерди (Пржевальскийдеги айыл чарба мектебинин фермасын өрттөгөн убакта көп мугалимдер, окуучулар жана анда корголоп жашынып жүргөн адамдар өлгөн), маданий мекемелерди (Ысык-Көл монастыры, кыштактардагы чиркөөлөр, зыярат кылуучу үйлөр), гидротехникалык посттору, анда иштеген аялдар менен кошо ж.б. кыйратышкан.

Улуттар аралык кагылышуулардын отун тутантуунун натыйжасында Жети-Суу обулусунда көбүнчө көчүрүлүп келген орус дыйкандары, алардын ичинде аялдар, балдар жана кары адамдар (аскер жашындагы эркектерди армияга алып кетишкен) жабыр тартышан. Ошол эле убакта орус администрациясы бүтүндөй Жети-Суу боюнча жоготууга көп учураган эмес. Түндүк кыргыз райондорунда, негизинен Бишкек, Пржевальский үйөздөрүндө граждандык калктан 2227 киши өлүп, 834 киши жарадар болуп, 1364

киши дайынсыз жоголуп жана туткунга түшкөн (туткун болгондорунун кээ бирөөлөрү Кытайдан кайра аман келишкен). Көчүрүлүп келгендердин 6024 үй-бүлөсү мүлкүнөн зыян тартышкан. Салыштырып көргүлөчү: мүлдө Жети-Суу обулусу боюнча аскер жамаатынан болгону 177 киши өлгөн жана жарат алган. Бул жерде кандай маселеге көңүл буруу керек? Көтөрүлүшкө чыккандар өздөрүн эзип, жакырлантып жаткандар катары көбүн эсе сырттан көчүп келген орустарды, украиналык тарды ж.б. түшүнүшүп, алардын социалдык жактан жиктелип, айырмаланарын капарларына алышкан эмес, колониячыл эзүүчүлөрдү - орус чиновниктерин, официалдуу бийликти бүтүндөй Россия империясынан жана орус элинен ажыратып билишкен эмес, алардын баарысы бирдей деп түшүнүшкөн.

Кыргыз жерине көчүрүлүп келинген орустардын тарыхынын эң кайгылуу баракчаларынын бири ушундай болгон. Ал архивдик документтерде жазылып калган (ар бир жабырга учураган кыштак боюнча өлгөндөрдүн, жаралангандардын жана дайынсыз жоголгондорун тизмеси түзүлүп, ошондой эле алардын чарбасына келтирилген материалдык чыгымдардын өлчөмү ыстарчындар тарабынан күбөлөндүрүлгөн). Окуяларды өз көздөрү менен көргөндөрдүн, алардын ичинде ошол кездеги жаш балдардын, алардын укум-тукумунун - Кыргыз Республикасынын тургундарынын эскерүүлөрү сакталып калган.

Үйөздүк бийликтегилердин жана орус тилинде сүйлөгөн тургундардын алгачкы апкаарыганы басылып, акыл-эсин жыйышкандан кийин падышалык администрация көтөрүлүштү күч менен басууга, ага катышкандарды жана жактагандарды, ошондой эле көтөрүлүшкө деги эле катышы жок кыргыз үйөздөрдүн кысымга алууга, катуу жазалоого өтүштү. Европалык келгиндер болсо, өздөрү аман калуунун колдон келген бардык амалдарын жасашып, шаарларды башпааналап келишкен, ири кыштактарды коргоого алышкан. Эми, өзгөчө Фергана, Сыр-Дарыя, Жети-Суу обулустарынан алгачкы жазалоочу отряддардын келиши менен Олуя-Ата өрөөнүндө, Ысык-Көлдүн тегерегинде жашаган келгиндердин төбөлдөрүндө өч алуу керек деген ой-пикир күч алып, ага падышалык бийликтердин ырайымсыз жазалоого чакырыктары жана орус

аскерлеринин жергиликтүү калкка, оюна келгендей ырайымсыздыгы жана зордук-зомбулугу түрткү болду.

Көтөрүлүштү басуунун жүрүшүндө жана кала берсе аны талкалап баскандан кийин жабыр тарткан тарап кыргыздар, аларга кошулуп башка мусулман калкы болуп калды. Жабыр тарткандардын арасында көтөрүлүшкө катышкандар гана эмес, көп учурда ага эч кандай тиешеси жоктор да бар болуучу. Көчүрүлүп келгендер падышалык бийликтердин тукуруусу жана колдоосу менен жергиликтүү элди ырайымсыз жазалап жатышты. Мисалы, Бишкек үйөзүнүн Беловодск участкасындагы жаалданган көчүрүлүп келгендер жыйылып алышып, бийликтердин көзүнчө, кала берсе алардын жардамы менен полиция начальниги камап койгон күнөөсүз 517 кыргызды кырып салышкан, алар болсо айлана-чөйрөдөгү орус-украин кыштактарына кол салган кезде ага катышышкан да эмес, катышкандар менен эч кандай байланышта болушкан эмес. Андан бери Бишкекке келчү жолдо жиндери кайнаган орус дыйкан кошундары конвой менен айдап келатышкан 138 кыргызды өлтүрүшкөн. А Ысык-Көлдүн тегерегиндеги улуттар арасындагы чыр-чатактардан кыргыздар эле эмес, башка аз сандагы мусулман улуттардын өкүлдөрүн да, асыресе дунгандарды, калмактарды жана уйгурларды да өлүмгө учуратышкан.

Көтөрүлүштүн убагында жана аны баскандан кийин улут аралык кагышуулар Пржевальск калаасында жана анын айланасындагы кыштактарда (Мариинск -азыркы Ирдык, Теплоключенко, Преображенск кыштагы - азыркы Түп) өтө күчтүү болгон. Ысык-Көлдүн тегерегиндеги көчүрүлүп баргандардын чакан-чакан кыштактарынын көпчүлүгү кыргыз болуштуктары адеп көтөрүлүп чыкканда эле жапа чегип калышкан. А азыр болсо көтөрүлүшкө катышкандарды ырайымсыз түрдө жазалап жатышты. Күнөөсүз кырылган миңдеген баягы күнөөсүз өлтүрүлгөн орустардын өчүн алуу деген шылтоо менен жок кылынды. Ошону менен катар Пржевальскиде жашаган шаар тургундарынын жана кыштактардагы кулактардын шовинисттик маанайдагылары дунган, өзбек, уйгур, татар ж.б. жергиликтүү элди жазалашып, алардын үй-мүлктөрүн талап-тоноп алышты. Бул жердеги падышалык бийликтер мындай

окуяны тыймак турсун, кайра ага катышкандарды күчөтүп турушту. Бул жагынан Жети-Суу губернатору Фольбаум менен Түркстан генерал-губернатору А.Н. Куропаткин өзгөчө айырмаланышты. Алсак, Пржевальский үйөзүндөгү Теплоключенко селосунун дыйкандарынын бир тобу 15-августта тоноп алуу максатында Каркыра жарманкесинен солдаттардын кайтаруусунда Пржевальскиге келе жатышкан өзбек соодагерлерине кол салышкан. Үч-төрт күндүн ичинде бул жерде 800 өзбек жана башка мусулман соодагерлер өлтүргөн.

Сазановка селосундагы (ошол эле жогоруда аталган үйөздө, азыркы Ананьево айылы) өзбек соодагерлеринин тагдыры да ушундай эле чоң кайгы менен бүткөн. Алар көтөрүлүшкө катышмак тургай, ошол жердеги орус дыйкандарына коргонууга жардам беришкен болуучу. Андан соң куралданган адамдардын коштоосунда үй-бүлөлөрү менен Пржевальск калаасын көздөй жөнөшүп, Преображенское (азыркы Түп) селосуна келгенде Николаевск кыштагынан оңой ооката үчүн алкы бузулган казак орустары аялдары менен балдарын ошуп 90 өзбекти өлтүрүшүп, алардын мүлкүн талап алышкан.

12-августта бийликтер тарабынан Пржевальск түрмөсүндө олтурган туткун кыргыз, өзбек, казактардын бошонууга жасаган аракеттери ырайымсыздык менен басылган. Бошонуп кетебиз деген 59 киши түрмө күзөтчүлөрү тарабынан өлтүрүлүп, а түрмөдөн аман-эсен качып чыгып, калаага киргендерди жинденген шаардын тургандары жайлашкан. Марьинск селосунун (азыр Ырдык) көтөрүлүшкө чыккан дунгандары четки кыштактардан эптеп Пржевальскиге келатышкан качкын орустардын бир тобун өлтүрүп коюшуптур деген кабар угулганда каарданган шаардыктар келишип, Ирдыктык көтөрүлүшчүлөрдү эмес, Пржевальскинин өзүндө жашаган дунгандарды кырып салышкан. Бул жолу 140 короо-жай талкаланып, 1500гө жакын киши өлтүрүлгөн. Алар менен кошо ошол күнү Пржевальск калаасындагы дээрдик баардык мусулман калкы - өзбектер, кыргыздар, уйгурлар, татарлар ж.б. ырайымсыз жазалоого, өлтүрүүгө жана талап-тоноого дуушар болушкан.

Ал эми көтөрүлүштү күч менен басып жаткан кезде жазалоочу отряддардын начальниктеринин бөтөнчө ырайымсыз иш кылышкандарын айтууга дит барбайт. Артиллерия жана замбиректер менен куралданган жазалоочулар көтөрүлүшчүлөрдүн начар куралданган отряддарынын көрсөткөн каршылыктарын гана баспастан, жолдо кезиккен кыргыз айылдарын, Кытайга көчүп кетебиз дегендердин бардыгын кырышкан. Жазалоочулар көп учурда көтөрүлүшчүлөрдөн эч кимди туткунга тирүү албай эле өлтүрө беришкен, ал эми короо-жайларды таптакыр талап алышкан. Бир эле жазалоочу отряд Ысык-Көлдүн Сыртынан 800 боз үйдү өрттөп, отчет берген рапортунда аябагандай эрдик кылгандык катары көрсөтүшкөн. Мына ушундай ырайымсыз жазалоолордон үрөйү учкан көтөрүлүшкө катышкандар дүрбөлөңгө түшүшүп, үй бүлөлөрү менен Кытайды көздөй үркүшүп, өздөрү менен кошо көтөрүлүшкө катышпаган кыргыз болуштарынын элин да ээрчите кетишкен.

Падышалык тарабынан көтөрүлүштүн өтө ырайымсыздык менен басылышы, элди массалык түрдө кыруу жана куугунтуктоо иш жүзүндө кыргыз элин геноцид кылууга, аны тып-тыйпыл кылып жок кылуу коркунучуна алып келди. Кала берсе Түркстандык чиновниктердин өздөрүнүн эсеби боюнча (ал маалыматтар көп документтерде жана статистикалык отчеттордо көрсөтүлгөн) Түндүк Кыргызстандын жергиликтүү калкы 1916-жылкы көтөрүлүштөн кийин 42 пайызга азайып, дээрлик 150 миң киши (?) өлүмгө учураган, дарексиз жок болгон, же эптеп тирүү калыштын айласын издешип, жакындарын ээрчитип Кытайга качып кетишкен.

Мындай бир жагдайды эскертип айта кетүү зарыл. Эгерде революцияга чейинки крайдагы мезгилдик басма сөздөрдө - көбүнчө көчүрүлүп келинген орус калкынын жоготуулары, өлүмгө учурагандары жөнүндө жазылган болсо, совет жылдарында тарыхчылар негизинен көтөрүлүштүн падышалык жазалоочулары тарабынан ырайымсыздык менен басылгандыгына, анын өтө кайгылуу кесепеттерине орчундуу көңүл бура башташты. Чындыгын айтканда архивдик документтер, көтөрүлүшкө катышкандар жана окуяны көзү менен көргөн кыргыздар жана орустар күбөлөндүргөндөй, улуттар аралык чыр-чатакта баарыдан мурда

кыргыз дыйкандары менен көчүрүлүп келинген европалык дыйкандар массалык жоготууларга, кыйроолорго дуушар болушкан.

Акылга сыйбаса дагы болгон бир фактыны, чындыкты айта кетиш керек. Бул маанилүү окуяга баа берүүдө чыныгы калыстык кылышпай, маселеленин нугун көрбөй калышкан же көрмөксөн болушкан кайсы бир советтик окумуштуулар айтпаганды падышалык охранканын бир кызматкери аргасыздан мойнуна алган экен. Ал мына бул: өзүнүн ырайымсыздыгы менен улут аралык кагылышка аралашкан эки тараптын экөө тең бири биринен калышкан эмес. Ошол эле убакта анын чыныгы күнөөлүүлөрү, бийлөөчү таптардын өкүлдөрү, 1916-жылдагы көтөрүлүштү муунтуп баскандар, бай-манап төбөлдөрүнүн ичиндеги падышалык колониячыл саясатты таркатуучулар, мактоочулар көтөрүшкө чыккандардын кызыкчылыгын сатып жибергендеги үчүн эч кандай жоопко тартылышпай, тескерисинче,, алар өздөрүнүн ошол "кызматтары үчүн" падыша өкмөтү тарабынан колдоого, мактоого алынган.

Улуттук тилектештик

Кыргызстанда жана Түркстандын башка аймактарында 1916-жылдагы улуттар аралык чыр-чатактардын жан кейиткен кайгылуу кесепеттери менен катар даректүү материалдарда 1916-жылдагы көтөрүлүштү көргөндүн акыл-эсинде эмгекчилердин интернационалдык тилектештигин айгинелеген, жакшы кошуналыктын, бири-бирине боор ооруп, көңүл бургандыктын көп мисалдары катталган жана сакталып калган. Алсак, катардагы карапайым кыргыздар өздөрүнүн орус кошуналарын, тааныштарын, дос, курбу адамдарын алдыда боло турган коогалуу окуялар жөнүндө эскертишип, орус аялдарды, балдарды өздөрүнүн диндик-улутчулдуктун уусуна малынып баштары айланган уруу-урукташтарынын жазалоосунан катып коюшкан учурлар көп болгон. Ал эми орус дыйкандары дагы өз кезегинде өз баштарын өлүмгө байлашып, кыргыз үй-бүлөлөрүн жаалданган падышалык жазалоочулардан, кулак-колонизаторлордон жашырып, өлүмдөн сактап калышкан.

Мисал катары ал окуяларга катышкан, аларды өз көзү менен көргөн Б.Т. Бородин деген адамдын бир эскерүүсүн келтире кетели:

"...Мен 15 жашта элем. Токмокто жашачубуз, бирок Кичи-Кеминде бал челегибиз бар болучу. Атам Токмоктогу чокой жасоочу кичинекей фабрикада иштөөчү. Мен бир тууганым Костя жана апам болуп ошол бал челекти карачубуз. Август айынын баш ченинде биздин көптөп берки таанышыбыз (атам экөө тамыр эле) Ыйманкул деген киши келип апама:

- Наталья! Балдарың аман болсун десең Токмокко кет. Бат кет!- деди.

- Сен эмнени айтып атасың? - Апам таңгала сүйлөдү. - Эмне болуп кетти?

- Эмне экенин толук айталбайм. Бирок чоң чатак болот Баарын ташта да, батыраак жөнө!

Ошентип ал дароо кетип калды.

Бир топ күндөн бери эл арасында Шабдандын манап балдары орустарга каршы бирдеме даярдап жатышкан имиш деген күбүр-шыбыр жүрүп жаткан. Ошондон улам апамдын шаштысы кетип калды.

- Ой, андай болсо кетиш керек. Азыр кетиш керек. Анан бу бал челекти кантип таштап кетебиз. Тоокторубузду, уйду эмне кылабыз. Баарысынан ажырап калабыз го. Баарысын талап алып кетишет го!- Апабыз эмне кыларын билбей убакытты өткөзө берди. Анан бир маалда Ивлевдердин үй-бүлөсү (алар да бизге жакын жерде бал челек кармашчу) жүгүрүп келишти.

- Наталья, чатак! Кыргыздар козголоң чыгарып жатышат. Пономаревдорду бүт өлтүрүп салышты. Биздин Колькабыздан дайын жок. Эмне болгонун билбейбиз.

Биз таң атканча үйдөн чыккан жокпуз. Топ, топ болуп өтүп жаткан кыргыздардын бакылдаган үндөрү угулат. Түн ортосунда биздин жаныбызга дагы эки үй-бүлө келишти.

Таңга маал биздин үйдү тегеректеп алышып, короого кирип келишип, эшикти каккылай башташты. Кимдер бирө терезени сындырып, андан мылтыгын сунуп туруп атып жиберди. Пономаревдун да мылтыгы бар эле, жооп кылып ал да атып калды, кыйкырган үнгө караганда кимдир бирөө жарадар болгонсуду.

Ошондон кийин кыргыздар кетип калышты. Апам мени, Костяны, Пономаревдун эки баласын жер төлөгө кирип жашынып жаткыла деди. Чоңдор болсо үйдө калышты.

Түштө кыргыздар кайра келишти. Атылган мылтыктардын үндөрү угулат. Биз дале баякы жер төлөдө отурабыз.

Ызы-чуу басылгандан кийин биз ороодон чыктык. Пономаревду өлтүрүп кетишиптер. Апам кансырап кыйналып жатыптыр. Аны мурда бизде иштеп жүргөн Адыл бычак менен ичке сайыптыр. Апам аны жалкоосуң, колуң туткак деп көп тилдечү эле. Калгандарын айдап кетишиптир. Апамдын жаны чыгып баратып: - Кеткиле! Түн жамынып Токмокко жетип алгыла, - дегенге жарады. Костя менен Пономаревдун балдары кетишти. Андан бери арадан 20 жыл өттү. Алардан эч дайын жок. Апам ошентип көз жумду. Мен аны кендир таар менен жаап коюп, жолго чыктым. Күн батып, каш карайып калган маалда балекет басып, бир топ атчан кыргыздарга жолугуп калсам болобу. Алар мени тырактатып кубалап алышты, мен эки арыктын ортосуна түшүп безилдеп качып баратам. Анан бирөө атып жиберди окшоду, эс-учумду билбей жатып калдым.

... Көзүмдү ачсам Ыйманкулдун үйүндө жатыпмын. Көрсө ал эртең менен эмне болушту экен деп бизге баратып, жолдон мага келиптир. Мен ага эмне болгонун - баарысын айтып бердим. Анда мен кыргызча жакшы сүйлөчүмүн. Анын картаң энеси менин көкүрөгүмдөгү жаратымды таңып берди.

Ошентип мен Ыйманкулдукунда туруп калдым. Айылдагылар болсо, ары-бери өтүшкөндө мени көздөрүнүн кыйыгы менен карашат, анын үстүнө Ыйманкулдун аялы да жаман көрөт: "Бул орустун бизге эмне кереги бар?" деп калат ал. Анан Ыйманкул бир күнү молдо чакырып келип, мага Эшим деп ат койдурду. Кудайга ишенгенди үйрөтүштү. Ыйманкул мени бала кылып алды.

Анан бир күнү эле солдаттар, казактар келе жатыптыр деген каңшар угулуп калды. Айыл дүрбөп бүт көчүп жатат, аларга кошулуп биз да тоо тарапка бет алдык. Кытайга качыш керек дешти баарысы.

А Кытайга качыш оңой эмес экен. Мал бүт кырылып бүттү, эл көп чыгашага учурады. Ач, жылаңач, көбүнчө карылар менен бал-

дарга кыйын болду. Жол бою ачкадан өлгөн жылкылар, уйлар. А адамдардан өлгөнү канча. Аларды көмгөн киши жок.

Биз Кытайга жеттик. Аяктагылардын бизди көрөлү деген көзү жок экен. Жашоо аябай кыйын болду.

1917-жылы жайында Кулжадагы орус консулу кыргыздар менен кошо келген орустардын баарысын жыйнап алды. Менин өтүнүчүм боюнча (аялы мага такыр эле күн көрсөтпөй койгондуктан) Ыйманкул мени да консулга алып барды. Мен кайра мекениме мына ушундайча келгем. Убактылуу өкмөттүн тушунда келгем".

Көтөрүлүштү изилдеген тарыхчылар (мисалы К.Үсенбай уулу) кыргыз көтөрүлүшчүлөрүнүн катарында кайсы бир орус дыйкандарынын: И. Седов, Д.Кошоев, Ф.Павлов, бир туугандар - Тимофей менен Афанасий Ловзовдор, М. Власенко, С.Коваленко, Ф.Зюзиков жана башкалардын болушкандыгы жөнүндө сөз кылат. Ал эми Чүй өрөөнүнөн Иван Седов, Ысык-Көлдүн айланасынан Марк Власенко деген адамдар көтөрүлүшкө катышкан кыргыз отряддарын баштап, кош эзүүгө: падышачылыкка жана анын жер-жерлердеги жактоочуларына каршы чыгышкан.

Көчүрүлүп келген көптөгөн эмгекчил орус адамдары жалпысынан алганда өздөрүнүн талоонго түшүп кароосуз калган короо-жайларына 1917-жылы кайтып келишкен кыргыз качкындары үчүн тамак-аш пункттарын уюштурушуп, достук менен тосуп алышкан, орус дыйкандарынын аялдары, кошуна кыргыз аялдары менен кыргызча сүйлөшүп, көптөн бери көрүшпөй сагынган достордой кучакташып, кубанганынан көздөрүнө жаш алышып, көтөрүлүш учурунда каза тапкан туугандарын, тааныштарын эстешип бирге кайгырып турушканы эң сонун фактылардан болуп эсептелет.

Көтөрүлүштүн 75 жылдык юбилейине республиканын коомчулугу тарабынан 1916-жылдагы улуттар арасындагы чыр-чатакта кайтыш болгондордун баарысына (алардын кайсы улуттан экендигине карабастан) эстелик тургузуу жөнүндө сунуш киргизилди. Ал эми 25-июнь күнү болсо (падышанын көтөрүлүшүнүн чыгышына себепкер болгон оорук иштерине мобилизациялоо жөнүндө буйругу чыккан күн) курман болгондору эске алуу күнү деп жарыяланды.

Бул баардык жагынан алганда жакшы иш болду, анткени жыйырманчы жүз жылдыктын башында улуттар арасында чыккан кагылышууну бүгүнкү күндөрдөгү мамилелерге байланыштыруунун болбойт. Анда башка мезгил, башка доор болуучу. Анда социалдык-коомдук мамилелер такыр башкача эле. Анда ырайымсыз эзүүгө каршы, падышачылыктын колониялык саясатына каршы адилеттүү көтөрүлүш болгону ырас, өткөн сексен жылдын ичинде кыргыз жана орус, жергиликтүү жана көчүрүлүп келген калктын бири-бирине болгон мамилелери адам тааныбагандай болуп түп тамырынан бери өзгөрдү. Жакшылыкка карай өзгөрдү. Азыр гумандуулуктун, жалпы адамзат дөөлөттөрүнүн биринчи орунга коюлушунун негизинде Кыргызстандын баардык элдери жаңы, чыны менен демократиялуу коомду куруп жаткан кез. Өткөндөгү окуялар бардык элдер үчүн унутулгус сабак болууга тийиш. Ал өткөндөгү кайгылуу окуялар эч кандай шарттар менен элдерин ортосунда өч алуу деген натуура түшүнүктүн себепкери болууга мүмкүн эмес. Тарых кайталанбайт. Тарых зордук-зомбулукка чыдабайт, аны менен эч качан келише албайт. Дайым эле арт жакты карап кылчактай берүү менен алга кетүүгө болбойт. Эгерде алга жүрүүнү, цивилизациялуу коомго барууну кааласак, анда өткөндүн тажрыйбасын эстен чыгарбоо, андан пайдалуу сабак алуу биздин өзгөрүлбөс милдетибиз болуп саналат.

АРХИВДИК ДОКУМЕНТ

Саясий документтер сакталган архивде, мурдагы партархивде, БКнын агитация жана пропаганда бөлүмүнүн фондусунда 1916 - жылдагы улуттук- боштондук - көтөрүлүш жөнүндө бир дело бар. Анда көтөрүлүшкө катышкандардын тизмеси, ал тизмеге киргендердин кыскача таржымалы сакталып турат. Алардын арасында жаңы, мурда тарыхчылар тарабынан эч жерде мисалга келтирилбеген бир адамдын, көтөрүлүшкө активдүү катышкан орус адамынын фамилиясы жүрөт:

"Студеникин Михаил Михайлович (Карамишка) - Сазановка сельсоветиндеги "Красная Армия" колхозунан, 50 жашта, батрактардан, азыркы убакта (1936-жыл) жыгач уста. 1916-жылдан көп мурда эле Өрүктү айылындагы кыргыз кедейлери менен достук мамиледе жүргөн. Орус, кыргыз кулактарына, байларына, манаптарына жана алардын эзүүсүнө каршы чыккан. 1916-жылы Чынгышев, Баракчиев, Токтогонов жана башка көтөрүлүшкө камданып жүрүшкөн кедейлер менен бирге өзүнүн квартирасында кеңешме өткөрүп, орус жана кыргыз эзүүчүлөрүнө каршы чогуу чыгабыз деп макулдашат. Ошол эле кеңешмеде адилетсиз түзүлүшкө каршы кедей-кембагалдар (орустар жана кыргыздар) биргелешип даярдануу жөнүндө чечим алышкан. Анын жетекчилиги менен кеңешке катышкандардын бир тобу курал-жарак даярдашканы узанууга керектүү шаймандарды алышып, тоого чыгып кетишкен. Кеңешке катышкандардын экинчи тобу калк арасында уюштуруу иштерин жүргүзүшкөн. Чогуу каршы чыгуунун жалпы белгиси кылып Сазановканын айланасына ар кайсы жерге от жакмакчы болушкан.

Качкындар Кытайдан кайтып келишкенде Студеникин кайра өз жерлерине келген кыргыздарды коргоо боюнча көп иш жүргүзгөн..."

СУРООЛОР:

1. 1916-жылдагы көтөрүлүштүн негизги себептери кайсылар?
2. Көтөрүлүштүн чыгышына түздөн-түз эмне шылтоо болду?
3. 1916-жылдагы көтөрүлүштү кантип мүнөздөөгө болот?

БУЛ ДАТАЛАРДЫ ЭСКЕ ТУТКУЛА:

1916-ж. 25-июнь.- Жергиликтүү элди аскердик-оорук иштерине мобилизация кылуу жөнүндө падышанын буйругу:

1916-ж. 7-август. - Түй өрөөнүндө биринчи толкундоолор башталган;

1916-ж. Сентябрь-октябрь.- Тянь-Шандын киши баралгыс тоолорундагы көтөрүлүштүн акыркы очокторунун басылышы.

V-глава ЧЕТ МАМЛЕКЕТТЕРДЕГИ КЫРГЫЗ ДИАСПОРАСЫНЫН БАШАТЫНДА

Тарыхый тамырлары жана саны

Кыргыздардын этникалык тарыхынын, кыргыз элинин калыптанышынын нечен кылымдарга созулган процесси,гунндардын жер которуп жылып жүрүшүнөн баштап, Чыңгызхандын, Темирдин жана Жунгария хандарынын басып алуучулук жортуулдарына чейин Монголия менен Эне-Сайдын башкы агымынан Памир-Алайга жана Сыр-Дарыяга дейре созулган аймактарды кучагына алган көчмөндөрдүн массалык миграциясы (жер которуштурушу) кыргыз урууларынын бөлүнүп калган топторунун Монголиядан Волга боюндагы талааларга жана Кара деңиздин жээктерине чейинки эбегейсиз зор аймакка бытырап тарап кетишине алып келди. Бир катар түрк элдеринин этногенезинин жүрүшүндө алар өз алдынча компоненттерди түзүшүп, тигилердин курамына кошулуп кетишип, кээде гана өздөрүнүн түбү кайдан чыкканын санжыра-уламыштарында эстеп калышкан.

Бүгүнкү күндөрдө дүйнөдө 3 миллионго жакын кыргыз жашайт.

Акыркы эл каттоонун эсебине караганда Кыргызстандын аймагындагы кыргыздардын саны эки миллиондон ашык. Казакстандын, Өзбекстандын, Тажикстандын, ошондой эле Орусия Федерациясынын бизге канатташ территорияларында үч жүз миңдей ашуун кыргыздар бар. Буга кошумчалап, бүгүнкү күндөрдө көкаранды эмес мамлекеттердин ынтымакташтыгынын чегинен тышкары жерлерде эң бери болгондо (болжол менен эсептегенде) 150-200 миң кыргыз бар экенин айта кетүү керек. Алар көбүнчө Кытай эл республикасында, Ооганстанда, Пакистанда жашашат. Кыргыздардын аз сандуу майда-майда топторун, Монголиянын, Индиянын, Түркиянын, кала берсе Иорданиянын аймактарынан жолуктурууга болот.

Ушул азыр дагы тарыхый жана топонимикалык маалыматтар боюнча кыргыздын этнотопонимикасы Монголия менен Манжуриядан, Кара деңиз менен Крымдын тегерегине чейинки зор аймактан кездешет. Ал жерлерде кыргыздар кыргыз, Кыргыз-Катай, Одоман-кыргыз, Быш-кыргыз жана башка географиялык аттарды алып жүрүшөт. Кыргыздардын бир жерден экинчи жерге орун которушун билдире турган белги кайсы бир урук-уруу аттары: кедей, кушчу, кытай ж.б. эсептелет. Кыргыздардын башка мезгилде бөлүнүп жайгашкан эки борбор мисалданып калган ордосу - негизги эки региону тарыхый жактан бөлүнүп чыккан. Алар-Орто Эне-Сай, андан соң - Тянь-Шань.

Эне-сайлык кыргыздар (XIV-XIX кылымдардагы) жоокер уруулар болгондугу жөнүндөгү алгачкы кабар россиялык элчилердин 1567-ж. монголдук алтын ханга бара жатканда, жолдо жазылган күндөлүктөрүнөн кездешет. Кийинчерээк ар кандай уруулардан жана уруктардан кошулгандарды кыргыздар деп атап коюшкан, бирок алардын бирөө гана түздөн-түз кыргыз деп аталган. Көрүнүктүү Сибирди изилдөөчү С.В.Вахрушин пайдаланып келтирген XVII-к. орус булагында - Сибирь буйругунда:"...кыргыздар жана тубалыктар жапалдаш бойлуу келишип, көп жерлерди ээлешип, жаман иштерди көп жасашат", - деп баса көрсөтүлгөн.

XIX-к. орто ченинде кыргыздар Эне-Сайда бирдиктүү этникалы бүтүндүктү түзбөй калышкан. Бир замандарда жоокер кыргыздар ээлеп жүргөн мейкин талааларды эми мурда Миң-өзөн өрөөнүнүн айланасындагы токойлуу тоолордо жашаган кыштымдар: бельтирлер, койбалдар, маторлор, ариндер, качындыктар, сагайлыктар ээлеп алышкан. Алардын курамында Эне-Сайлык кыргыздардын өздөрүн кыргызбыз деп аташкан айрым уруктары жашаган.

Башкырстандагы кыргыздар

Башкырлардын курамына кирген кыргыздарды окумуштуулар орто кылымдардагы Эне-Сайдагы кыргыздар менен түздөн-түз байланыштырышат. Башкыр элинин түзүлүшүнө кыргыз элинин курамынка кирген ар кандай уруулук жана уруктук түзүлүштөр да катышкан. Мында биринчи орунда

"кыргыз" деген этникалык ат менен жүргөн уруу турат. Башкыр элинин этногенези жөнүндө жазылган монографиянын автору Р.Г.Кузеев мындай деп жазат: "Кыргыздар Башкырстанга XIII-XIV кылымдарда кыпчак толкунун курамында келгени талашсыз. Өздөрүнүн түпкү чыгышын кыргыздар, адатта, Чыңгыз хан менен байланыштырышып, анан ал аркылуу эзелки ата-бабаларына - Тонок бий менен Кадык бийге чыгышат. Алардын ысымдары менен аталган кыргызда тэнкэй жана кадыкай деген эки урук бар".

Көчмөндөрдүн улам жер которуусунан келип чыккан жалпы толкундарга аралашып Эне-Сай кыргыздары адегенде Сыр-Дарыяга келип жайланышкан. Ал жерде VIII-X-кылымдарда огуздардын этночейрөсүндө жашашып, андан соң кыпчак бирикмелери менен бирге Батыш Волгага, ал эми Алтын Ордонун доорунда Бугульма дөнсөөсүнө барышкан. Кыргыздардын бул уруулары, бир нече кичине суулар кошулуп отуруп күрпүлдөгөн чоң дайраны түзгөндөй, бир катар башка уруулар менен бирге башкыр элинин этногонезинин түзүлүшүнө катышкан. Бара-бара алардын жашоо түрү курчап турган башкыр калкынан айырмаланбай калып, азыркы кезде алардын түбү кыргыз экени уламыштарда гана айтылат.

Алтайлык кыргыздар

Алтайга Эне-Сай кыргыздарынын көчүп келиши жана алардын жергиликтүү калк менен аралашып кетиши менен IX-XII кылымдарда эле алтайлык-кыргыз субэтносу түзүлгөн. Алтай кыргыздары Монгол хандары тарабынан башка региондорго нечен курдай көчүрүлгөн. Байыртан келеткан уламыштарга караганда кыргыздын эпикалык баатыры Манас Алтайда туулган. XV-к. акырында алтайлык кыргыздар Жети-Суунун жана Тянь-Шандын аймактарын ээлешип, калыптанган кыргыз элинин негизин түзүшкөн.

XIX-к. ортосунда Алтайда жашаган калктардын арасында Тянь-Шань кыргыздарына окшош бир катар урук-уруу аттары: кыргыс, саруу дөөлөс, мундуз, тейит ж.б. аттары сакталып турган. Кала берсе Алтайда анча чоң эмес пурут (бурут) деп аталган топ жашаган.

Азыркы алтайлыктар менен кыргыздардын тилдери бири-бирине көбүрөөк жакын.

Лобнордук кыргыздар

Лобнордук кыргыздар Монголиядагы кыргыздардын башка бөлүктөрүндөй эле байыркылардан, а мүмкүн алар Эне-Сай кыргыздарынан да мурункулардан болушу ыктымал. Алар Эне-Сай кыргыздарынын башка бөлүктөрүнүн бир канча жолу бул жакка көчүп келиши менен толукталган да болушу керек. Бул монголдук басып алуу мезгилине (XIII-к.) байланыштуу ал эми жер которуп келүүнүн акыркы толкуну болсо Жунгар хандарынын экспансиялык саясатынан улам келип чыккан (жунгарлардын акыркы ирет кыргыздардын бир бөлүгүн Эне-Сайдан Монголияга алып кетиши тарыхый булактарда 1703-ж. менен белгиленген).

Кыргыздардын тили бир топ убактарга чейин өзүнчөлүгүн сактаган, ал эми маданияты, турмуш-тиричилиги жана чарбачылыгы айланасында жашаган калк менен көбүрөөк жакындаша берип, акырындык менен келгин кыргыздар жергиликтүү элге сиңип кетишкен.

Кытайлык кыргыздар

Чыгыш Түркстан аймагында эзелтеден бери эле түрк тукумундагы көп элдер, анын ичинде кыргыздар да жашаган. Алардын социалдык структурасы, коомдук жана экономикалык абалы иш жүзүндө Тянь-Шанда жашаган негизги кыргыз калкы менен бирдей болуучу. XVI-XVIII кылымдарда ушул жерде жашаган кыргыздар эң активдүү саясий этнос болгон. Өздөрүнүн жол башчысы Мухаммеддин жетеги менен алар Хотан жана Яркенддин XVI-к. тарыхына өчпөс из калтырышкан. Чыгыш Түркстандагы бир топ шаарлар XVIII-к. биринчи жарымында кыргыз феодалдарынын ээлигинде эле. Асыресе Кашкардын ири обулусун чоң багыш Койсары-бий башкарган, анын ордуна кийин Арзу-Мухаммед келген.

XVIII кылымдын ортосунда кыргыздар Чыгыш Түркстанда саясий активдүү ролун уланта берген. 1749-жылы алар Кашкарды

курчап алышып, жергиликтүү дин башчыларынын -кожолордун эзүүчүлүк саясатына каршы талыкпас күрөш жүргүзүп турушкан.

Иш жүзүндө Тянь-Шань жана Чыгыш Түркстан кыргыздарын бөлүү 1758-1759-жылдары Чыгыш Түркстанды кытайлыктардын басып алышы жана аны Синь-Цзян деген ат менен Манжур-Цин империясына кошуу менен башталган. Бул жерлерде жашаган кыргыздар Богдыхандын букарасы болуп калышкан. Жалпысынан алганда Манжур-Кытай феодалдарынын эзүүсү алдында калган Синь-цзяндык кыргыздардын абалы крайдагы башка аз сандагы улуттардын абалынан анча айырмаланган эмес. Өздөрүнүн манаптары, бийлери, бектери тарабынан эзилген эмгекчил кыргыз калкы манжурлук төрөлөрдүн жана аскердик бийликтердин зомбулугуна да дуушар болушкан. Кыргыз феодалдары болсо циндерге бардык жагынан көмөкчү болушкан. Мисалы, Кашкарга жакын арада көчүп -конуп жашаган кыпчактардын бийи Ациму 1761-жылы адегенде Алагуга, андан кийин Ташмалыкка аким-бек болуп дайындалган. Кашкар округунда жайлап-кыштап жүргөн чоң-багыштардын Аталэ-бийи циндердин берилген кызматчысы болгон.

"Шилу" деп аталган циндик хроникада кыргыздар жергиликтүү калк менен биригип алып, Кытайга каршы күрөшкө чыгат го деген чочулоо такай учурайт. Бир жерде: "Уйгурлар буруттар менен биригип алып, тартипсиздик калышы мүмкүн" деп жазылган. Ошондуктан кыргыздарды манжурларга каршы күрөшкө аралаштырбас үчүн Синьцзяндык башкаруучулар ишеничтүү кызмат өтөп берүүчү феодалдарды өздөрү тарапка тартууга көп аракеттерди жасашкан. Алсак, 1765-жылы уруулар арасындагы касташууну жана сатып алуу жолун пайдаланышып, манжурлуктар Үч-Турпандагы циндерге каршы көтөрүлүштү басууга Кашкар округунда жашаган эки кыргыз бийден жардам алышкан.

Кыргыздар түздөн-түз катышкан көтөрүлүштөр 1814-жана 1816-жылдары Кашкар округундагы Ташмалыкта кыргыз бийи Турдымаматтын жана уйгур Зиявеждиндин жетекчилиги менен болгон. Көтөрүлүшкө чыккандардын айрым отряддарына жаман тейит уруусунан Шергазы бий, кыпчактардан Жукасандык, чоң-багыштан Байболот башчылык кылышкан. 1818-жана 1822-жылдардагы Каш-

кардагы дин башчыларынын бийлигин калыбына келтирүү үчүн Жахангир менен Хак-кулу кожолордун жасаган аракеттерин кыргыздар колдоп чыгышкан. 1847-жылы кытайларга каршы "жети кожонун козголоңу" деген чыгып, ага Кашкарды камалап турган кыргыздар активдүү катышкан.

1860-жылдардын башында Синьцзянда уйгурлар менен кыргыздардын жаңы боштондук күрөшү кайрадан күч алат. Көтөрүлгөн кыргыздар Кашкар калаасындагы бийликти тартып алууга жетишип, анда кыргыз урууларынын биринин башчысы Саддык-бек орношуп алып, Кокон ханына жардам берүү жөнүндө өтүнүч менен кайрылат. Кокон тараптан акыл эстүү, күжүрмөн өзбек Мухамед Якуб-бек командалык кылган күч жардамга келип, көп узабай эле Кашкардагы бийлик анын колуна өтөт. Якуб-бек өз алдынча Жети-Шаар мамлекети түзүлдү деп жарыялап, өзүнө өзү бадаулет деген наам берет. Кыргыздар анын таянган куралдуу күчү болуп калышса да жаңы кожоюндун оор алык-салыгынан кутула алышкан эмес. 1877-жылы Якуб-бек дүйнөдөн кайтат. Ал өлгөндөн кийин Кытай Синьцзяндын аймагындагы жоготкон бийлигин кайра калыбына келтирет.

Памирдеги кыргыздар

Кыргыздардын Памирге жайгашкандыгы жөнүндөгү маселени изилдөө бир катар кыйынчылыктар менен байланыштуу. Кыргыздар Памирге качан келди? Кандай себептер менен келди? Ал жөнүндө жазма булактарда ачык айтылган эмес. Кыйыр айтылгандары гана бар. Андыктан окумуштуулар арасында бирдиктүү ой-пикир жок, бир нече божомолдоолор бар. М.; В.В.Бартольд ойроттор (калмактар) Тянь-Шандан сүрүп чыгарган кыргыздар Памирге XVIII-к. келген деген пикирде болгон.

Башка тарыхчылар (Н.Я.Бичурин, Ч.Валиханов) кытай булактарына таянышып, кыргыздардын Памирде пайда болушун эң байыркы мезгилдерге ыйгарышат. Айырмасы эки миң жыл

Орто кылымдардагы араб авторлору кыргыздардын жок эле дегенде Памирге жамаатташ райондордо жашагандыгына күбө өтүшөт. Аль-Истархи "Жолдор жана өлкөлөр"китебинде (987-988-

жылдар)": ... хырхыздар тугузгуздар, кимактар ээлеген жерлер менен океандын (океан - деп ал Арал деңизин атаган -авт.) ортосунда жашашат" - деп жазган. Андан ары автор башка уруулардын турган жерлерин баяндап, Памир менен кошулган орто-азиялык тоолордун тармактарын атап, орто-кылымдардагы белгилүү кен казып алуучу жерлер жөнүндө кабарлайт. "... Бул кен чыккан жерлер Усрушанда, Ферганада , Илахта, Шелжиде жана Лабанда, андан хырхыздардын өлкөсүнө чейин - алардын баарысы ошол тоолордун башкы кыркасында жана ага канатташ жаткан тоо тизмектеринде",- деп жазат.

Кыргыздар ушундай эле планда Мухаммед Бекрандын "Дүйнө баяны" деген чыгармасында эскертилген "...Ашрустадан (усрушандан башталып, кыргыздарга жакын турган Ферганага чейин созулган чөл-талаа ал тоонун тушунда жайгашкан. Бул тоодо кен чыккан жерлер көп..."

Эгерде Орто Азиянын орто кылымдардагы картасын карай турган болсок, жогорудагы авторлордун сүрөттөгөндөрүнө караганда "Хирхиз жерлери" эң бери болгондо Памирдин этегиндеги райондорго туура келет.

Түндүк Ооганстандагы (Памирдеги) окуялар жөнүндө баяндаган Ибн ал-Асирдин "Тарих аль-Камиль" деген чыгармасында (XI-к.) Хирхиз эмир эскерилет. Ошол кезде (X-XII кылымдар) бул жерде күч-кубаттуу Газневид державасы (Ооганстандагы Газна калаасы борбору болгон жайгашкан. Ал Ооганстанды, Орто-Азиянын бир катар обулустарын, Иранды, Индияны жана бүткүл Памирди кучагына алган. Хирхиз эмир Газневиддик ири аскер башчысы деген кызматты ээлеген. Кыргыз урууларынын же уруктарынын бир бөлүгү-аскерлери уруулук боюнча түзүлгөн газневиддик Султандардын кызматында жүргөн болуш керек деп болжолдоого болот.

Чыңгыз хандын Орто-Азияга жортуул жасаган мезгилине тиешелүү бир маалымат өтө кызык. 1218-жылы кыргыздардын бирөө, найман уругунун князы христиан динин кабыл алыптыр... Ал байкуш кыргыз князды жан-жөкөрлөрү менен чогуу даргага асыныптыр... Ошонун эле алдында Памир Кашкар менен кошо Чыңгыз хандын уулу Чагатайдын энчисине тийген экен... "Бул билдирүүнү

Б.Майтов" Памир. Жер жөнүндөгү илим" (1906-ж.) деген эмгегинде мисалга келтирген. Өкүнүчтүү нерсе, түп нуска көрсөтүлбөптүр.

Улуу могол империясын негиздеген атактуу Захриддин Бабур (1483-1530-жылдар) өзүнүн "Записка ларында" Фергана менен Кашкардын ортосундагы бийик тоолордо көчүп-конуп тиричилик кылган чограк уруусу жөнүндө эскерет. Ошо чограктардын жылкыдан, койдон башка, өтө эле көп "кутастары", б.а. топоздору бар экен. Орто-Азия элдеринин ичинен кыргыздардан башкалары топоз өстүрбөй турганы бизге белгилүү. Бул болсо "чограк" уруусу кыргыз элинин курамына кирген деп айтууга негиз болот.

Памирлик тажиктердин жана кыргыздардын оозеки уламыштарында Памирдин кээ бир обулустарында (Мисалы, Каратегин) тажиктерден мурда кыргыздар жашачу экен деп айтылат. Мындай маалыматты ар түрдүү мезгилде бир канча окумуштуулар: Н.Я.Кисляков, В.Бартольд ж.б. жазып алышкан.

Акырында XVI-к. булактарында (мисалы, "Абдулла-намэде") Каратегиндеги (Памирдеги) кыргыздардын Бухар эмиратын негиздеген Абдулла-хан менен күрөшү жөнүндө айтылган.

XVII-к. биринчи жарымында кыргыздардын Памирде болгондугу жөнүндө ишеничтүү кабарды биз орто-азиялык тарыхчы Махмуд Инб-Валинин эмгегинен жолуктурабыз. Ал Памирдеги Балхтын өзбек башкаруучуларынын атынан эл бийлеген кыргыз шах (падыша) жөнүндө сөз кылат. Жергиликтүү уламыштарда ал кыргыз шах өз бийлигине Памирдик Бадахшан, Рушан Шугнан, Каратегин обулустарын бириктирүүгө жетишкенди айтылат.

Калмактар (ойроттор) Чыгыш Түркстанда жана Тянь-Шанда үстөмдүк кылып турган мезгилде Памир кыргыздары өздөрүнүн көз каранды эместигин сактап турушкан. Кытай булактарынын билдирүүлөрчү боюнча калмактар "кала берсе өздөрү күч-кубатка толуп турган кезде да батыштагы буруттарды багындыра алышкан эмес", б.а. сөз Памирде жана Памирдин этегиндеги райондордо жашаган кыргыздар жөнүндө сөз болуп жатат.

Жогоруда айтылгандардын негизинде кандай деген жыйынтыкка келүүгө болот?

Кыргыздар Памирге мин жылдан ашуун мезгилде бир канча этаптар менен келген деген негиздүү жыйынтыкты айтса болчудай.

XIX кылымда Памирди Кокон ханы, Кашкар эмири жана Кабул эмирине көз каранды вахандык башкаруучулар өз ара бөлүп алышкан. Бирок кыргыздар бул башкаруучулардын бийликтерин сөз жүзүндө гана таанышып, а өздөрү болсо, патриархалдык-феодалдык мамилелердин салттарынын алкагында башкалар менен аралашпай, байланышпай жашай беришкен. Алар "чек ара" дегенди анча этибарга алышпай, бир жерден экинчи жерге эркин көчүп жүрө беришкен. Тиги же бул аймак кимге тиешелүү, ал кимдин бийлигине карайт, ал жөнүндө эч ойлонушкан эмес. Жайыттардын чыныгы ээлери бизбиз деп эсептешкен. Алар формалдуу түрдө баш ийгендерге деле дайыма алык-салык төлөп турушчу. Айла кеткенде колдоруна курал алып, өздөрүнүн көз каранды эместигин коргоо үчүн даяр турушчу. Кошуна феодалдардын жортуулдарына алардын жерлерине кол салуу, чатакка чатак менен жооп беришип, зордукчуларды далай убара кылышкан.

XIX-к. акыры Памир үчүн бул жерде төрт мамлекеттин: Россиянын, Кытайдын, Ооганстандын жана Англиянын кызыкчылыктарынын кайчыланышы менен белгиленди. Англия Ооганстанда экспансиялык аракетин кеңейтип, Памирдин айланасындагы өлкөлөргө терендеп кириштин аракетин жасады да 1889-жылы курал колдонуу, арамзалык айла-амалдар, эки жүздүүлүк менен Канжут, Читрал, Кашмирди өзүнө көз каранды кылып баш ийдирип алды. 1891-жылы "Свет" аттуу орус гезити Англия "Ооган эмирине өз чек арасын кеңейтүүгө жана Оогандык аскерлердин күчү менен өз алдынча жашаган Дарваз, Шугнан жана Рушан хандыктарын талап-тоноого көмөк көрсетүүгө киришти",- деп жазган. Оогандыктар бул хандыктарды каратып алуу менен бирге ошол эле убакта өздөрүнүн өз алдынчалыгын жоготушту.

Тажикстандык кыргыздар

Кыргыздар Тажикстанда эчактан бери эле Оро-Төбөнүн айланасында, Каратегинде жана Тоолуу Бадахшанда чогуу, топ- тобу менен жашашкан. Оро-төбөлүк кыргыздардын таг-

дыры Ферганалык кыргыздар менен чиелешип, тыгыз байланыштуу болгон. Алар бир канча ирет Бухар эмири менен Кокон ханынын талашына түшүшкөн. Тарыхый маалыматтар,мисалы, Мухаммед Хаким-хандын "Мунтахаб ат-таварих " деген кокондук хроникасында Алим-хан бийлеп турган (1800-1809-жылдар) кезде гана Оро-Төбө жана анын айланасына 15 жортуул (!) жасалган. Ошонун натыйжасында алар бир канча жолу колдон колго өтүшүп, улам бир бийлөөчүнүн букаралыгында болушкан. Жортуулдар жергиликтүү калкты талап-тоноо, массалык түрдө кыруу менен коштолгон. Ушуга байланыштуу калааны жана анын чет жакаларын бирде Кокондук, бирде бухаралык наместниктер бийлеген. Бирок Хожентти кыргыз феодалдары башкарып турган учурлар да болгон, ошондо кыргыздар ал көз каранды эмес кичинекей княздыкта башкы ролду ээлешкен.

Каратегин жана Жерге-Тал кыргыздары анча-мынча обочолонуп жашашкан. Бул жерлерде жашаган кыргыз уруктарынын ирилери болуп кыдырша, бостон, кыргыз-кыпчак, охтачи, тейит, найман ж.б. эсептелген. Каратегинге кыргыздардын бир нече ирет келип жайланышы жөнүндөгү тарыхый далилдерди элдик оозеки чыгармалар да бекемдейт. Профессор А.Н.Кисляков 1936-ж. мындай бир уламышты жазып алган:

"Каратегиндин эң алгачкы тургундары кыргыздар болгон. Алар бул жерге жашаганы эки жолу келишиптор. Биринчи келген кишинин аты Тегин-ата экен. Ал кыргыз дин кызматкеринин үйбүлөсүндө төрөлүптүр. Анын Сайрам - ата, Олия-ата деген эки бир тууганы болуптур. Тегин-ата Каратегинге өзүнүн мурунттары менен келип, аны бир канча жыл башкарып турган... Андан көп узабай Каратегинди кандай бир катуу жугуштуу оору каптап, дээрлик бүт калык кырылат. Эптеп аман-эсен калган анча-мынча кишилердин арасында Тегиндин Кара деген баласы болот. Ал Тегин-ай деген кыргыз кызга үйлөнөт. Ал Кыргызстандан жаңы тургундарды көчүрүп барат да өлкө ошо баланын жана кыздын ысмы менен аталып калат".

Уламыштарга караганда Каратегинге көчүп барган кыргыздар Тянь-Шандын Түндүк-Батыш аймагынан, б.а. Талас менен анын өрөөндөрүнөн болушу ыктымал.

Өзбекстандагы кыргыздар

Өзбектер менен салтка айланган кошуналык, чарбачылык, асыресе мал чарбачылыгынын бир типтүүлүгү, кыргыздардын бир бөлүгүнүн эзелтен бери өзбектер менен биргелешип жашоосуна көмөкчү облгон.

Бул өзгөчө Фергана өрөөнүнө, ошону менен бирге кыргыздардын айрым топтору азыркыга чейин Өзбекстандын бир катар жерлеринде: Фергана, Анжиян, Наманган, Сыр-Дарыя, Ташкен обулустарында, майда чачыранды топтору Каракалпакстанда жана кала берсе Бухара менен Самаркандын чет жакаларында да жашашат. Ушуга байланыштуу өзбек этнографы К.Ш.Шаниязов минтип жазат:

"Мавераннахр калкынын Кыргызстан менен болгон этномаданий байланышы небакта эле башталган. Бирок өзбек жана кыргыз элдеринин түздөн-түз өз ара карым-катнашы (экономикалык, этникалык, маданий) XVI-к. башталып, ошондо кыргыздардын кээ бир бөлүгү Фергана өрөөнүнүн тоолуу жана тоо этектериндеги райондорго жайланышкан".

Кыргыздардын Тянь-Шандан жана Жети-Суудан Фергана өрөөнүнө массалык түрдө көчүп барышы жунгарлардын жортуулуна байланыштуу болгон. Ташкендин айланасында жашаган кыргыздардын эскерүүлөрүндө өздөрүнүн бул жерге келип калышын Кененсары Касым уулунун жортуулуна байланыштырылат. Аму-Дарыядан кечип өтө алышпай, алар Гиссарга, андан ары Зааминге барышкан. Этникалык жактан алганда Ташкендик кыргыздар-ават, нойгут, чапкылдык уруктарынын тукумдары. Сыр-Дарыя обулусундагылар-кесектер менен тейиттер, ал эми Хожент обулусндагылар-шырдайлар, конектер жана баяктар.

Казактардын арасындагы кыргыздар

Тарыхый тагдырдын көп жактардан бирдейлиги, коңшуналык, тынч жана тынчсыз өз ара катнаш мамиле кыргыздардын кайсы бир бөлүктөрүн азыркы Казакстандын аймагынан баш калкалаар жер табууга мажбур кылып, алар азыр да ошол жерлерде жашап жатышат. 1757-жылы казактар менен бирге Орусия букаралыгына өткөн кыргыздардын андай тобу жөнүндө тарыхчы А. Левшин кабарлаган. Ал өзүнүн казактар жөнүндөгү маанилүү чоң тарыхый эмгегинде Орто жүздөгү казактардын составындагы "жаңы кыргыздар " деген ат менен белгилүү кыргыз уругу жөнүндө жазган. Кийин Чокон Валиханов аларды Жаңы жана Бай кыргыздар деген ат менен эскерген. Ч.Валиханов буларды казак султаны Аблай хан менен байланыштырып, ал "толуп жаткан буруттарды туткундап, Орто Ордонун түндүк бөлүгүнө жиберген, алар жана алардын балдары азыр да жашап жатат" деп жазган.

Мындан үч жыл мурда "Кыргыз эл" деген коом түзүлгөн. Кыргыз патриоттору коом түзүү менен өз алдыларына көп милдеттерди, жакшы максаттарды коюшту, бирок алардын иш жүзүнө толук ашырылышына жалпы адамзаттык табигый кайрымдуулуктун тозуп кетиши, биздеги экономикалык кыйынчылыктар көп тоскоол болууда. Өз ыктыярлары менен жыйналуучу төлөмгө таянган коомдун колунан эмне келет. "Жардылык көкөй кесип турат. Кээде кат бастырып алышка да каржыбыз жок. Мынтип отурсак биз өзүбүздүн чет элдердеги мекендештерибизге же болбосо тууганларыбызга кантип жардам беребиз",- деп адилет өкүнөт коомдун тең төрагасы Токтобай Мүлкүбатов.- Сөз менен жардам берүү, иш менен жардам берүү, бул бири-бирине эч келишпеген эки башка түшүнүк. Тилектештигин билдиргендер көп, а жардам бергендер аз".

Иш жагдайы мындай: чет жактардагы кыргыздардын көпчүлүгүнүн улуттук белгилери, үрп-адаттары, үй-тиричилик өзгөчелүүлөрү , маданияты өтө тездик менен ассимиляцияланып бара жатат, тили болсо айланасындагы этникалык чөйрөгө аралашып, сиңип, көз көрүнөө эле жок болуп баратат.

"Кыргыз эл" жана "Манас-Ата" коомдору ушу күндөрү Кытайдагы, Түркиядагы, Ооганстандагы , Пакистандагы, Иорданиядагы, Сауд Аравиясындагы, Германиядагы, Австралиядагы ,Канададагы, АКШдагы мекендештери менен байланыш жасашты. А байланыш түзүлө элек канчасы бар. Карым-катнаш маселеси Синьцзянды кыргыздар менен жакшы болуп баратат, алар менен өз ара карым-катнашта экономикалык, соода жана маданий байланыштарды өркүндөтүү боюнча келишимдер түзүлгөн.

Түрдүү себептер менен өз ата-журтунан четке эмиграцияга кеткен кыргыздарга баа берүү маселесин кайра карап чыгууга убакыт жетти. Граждандык согуштун, басмачылар кыймылынын, анан индустриялаштырууну жана коллективдештирүүнү жүргүзүүдөгү натура иштердин кесепетинен, Ата-мекендик улуу согуштун жылдарында туткунга түшкөн аскерлердин кайгылуу тагдырына байланыштуу чет элге оошуп кеткен кыргыздар жөнүндөгү орчундуу маселелерди кайрадан карап чыгып, тарыхый чындык кандай болсо дал ошондой кылып жазуу керек.

1992-жылдын август айынын акыркы күндөрүндө Бишкекте өткөн кыргыздардын Бүткүл дүйнөлүк Курултайында тагдыр элдеи таза алыс ыргытып таштаган бир кыргыз менен аңгемелешип калдык. Ал 70 жаштардагы, үстү башы таза, сакал-муруту жакшынакай серпилген, европалыктарча кийинген, галстук байланган карыя киши экен. Ал кыргызча сүйлөдү; бирок сөз арасында француз сөздөрү аралашып кетип жатты.

Карыя төмөндөгүлөр жөнүндө сөз кылды:1922-жылы Нарында төрөлгөн. Койчунун баласы экен. Кыргыз мектебинен 4-классты бүтүптүр. 1941-жылы аскерге чакырылыптыр. Алгачкы убакта ар кандай аскердик жумуштарда кызмат өтөп, орус тилин үйрөнөт. 1942-жылы согушка кирет. Сталинграддын кайсы бир жерине (таа айталган жок) "Манштейндин аскерлерине" туткунга түшүп калат. Анан Польшада согуш туткундары туруучу лагерде болот. Бир катар орус туткундары менен бирге лагерден качып чыгат,бирок кармалып калып, катуу жазаланып, Франциянын Эльзасына жөнөтүлөт. Концлагерден аны америкалыктар (а мүмкүн англичандардыр, так билбейт) бошотот. Бул убакыттын ичинде ал немецче, французча

сүйлөөгө жарап калыптыр. Ошол учурда азаттык алган согуш тут-кундары арасында кайра элине баргандарды "Советтер 10 жылга Си-бирге айдап жатыптыр" деген сөз таркайт. Жазадан коркуп ал Францияда ала берет. Көпкө чейин Швейцарияга чектеш жердеги Гренобль алдында фермада иштеп, мал багат. Тоолордун көрүнүшү анын кусасын арттырат, бирок ата-журтуна барчу жол бекилип калган болуучу.

Азыр анын эки уулу, бир кызы, үч небереси бар экен. Үй-бүлөдө эч кимиси кыргыз тилин билбейт. Балдары, небereлери, баарысы - Франция тургундары. Алар кичине кезинде атасынын тээ алыста калган ата-журту- Нарын, асман тиреген Ала-Тоо жөнүндө айткандарын кунт коюп угушчу экен. Ал балдарына Манас, Алмамбет, Каныкей жана башкалар жөнүндө өзүнүн эсинде калгандарын айтып берип жүрүптүр. Жакшы эле угушат, бирок баарысын жомоктой кабыл алышып, анча маани беришпейт дейт. Тагдыр деген мына ушундай экен...

Кыргыздардын Бүткүл дүйнөлүк биринчи Курултайына көз Каранды эмес Мамлекеттердин Ынтымакташтыгына кирген өлкөлөрдөгү, Кытайдагы, Түркиядагы, Монголиядагы, алар эле эмес Сауд Аравиясындагы жана Австралиядагы кыргыз тукумдарынын өкүлдөрү келишти. Биз андан чет жактарда жашаган кыргыз тукумдары кандай абалда экени менен тааныштык, мындан аркы байланыштарыбыздын мүмкүнчүлүктөрүн баамдадык.

Кыргыздардын Бүткүл дүйнөлүк биринчи Курултайынын катышуучулары өздөрүнүн "Кайрылуусунда" "бир кездеги көп сандаган кыргыз элинин өкүлдөрү объективдүү тарыхый себептер менен ар кандай саясий түзүлүштөгү дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө туруп калдык, өзүбүз азыр бирге жашап жаткан жергиликтүү элдер менен бейкуттукта, ынамалаш жашоо менен өзүбүздүн улуттук өзгөчөлүгүбүздү, жакшынакай сапаттарыбызды, салт-санаабызды жоготпой, сактап келе жатабыз, ошону менен бирге өзүбүздүн тарыхый ата-журтубузду - Ала-Тоону жана Теңир-Тоону чын жүрөгүбүз менен сүйөбүз, иштеген ишибизде да, ойлогон оюбузда да ал бизге дайыма тирек- жөлөк болот",- деп жазышкан.

деген чет элдеги кыргыздар гана эмес, алардын Ата-журту - Кыргызстан өзү да чет өлкөлөрдө жашап жаткан кандаш тууганларына кол сунуп, "келгиле" деп чакырып турган кез. "Кыргыз эл", "Манас ата" коомдорунун, Азия, Африка өлкөлөрү менен тилектештик Комитетинин, Бириккен улуттар уюмунун кол кабыш ассоциациясынын, дагы башка коомдук уюмдардын иши-аракеттери мына ушуга багышталган.

Биздин оюбузча, мамлекеттик жана чет элдик сүрөөчүлөрдү бириктирип, чет элде жашаган кыргыз тукумдарынын тарыхын, турмуш абалын изилдөө боюнча атайын фондду түзүүгө убакыт жетти.

Кыргыздардын Бүткүл дүйнөлүк Курултайынын катышуучуларынын Кайрылуусу: "Улуу Манастын тукумдары көбөйүп, алардын атак - даңкы дүңгүрөп Бүткүл дүйнөгө угула берсин!" - деген чакырык менен аяктайт.

Келечекке дайыма чоң ишеним менен караган үмүткер маанай менен биз "Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы" деген мектептик курстун методикалык колдонмосунун бир бөлүгүн аяктоону чечтик. Башта СССР тарыхы сабагынын кичине бөлүгү деп эсептелип келген бул курс өзүнчө ,Ата-журттун - кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы деген чоң сабакка айланып кетерине ишенебиз.

СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Чет элдердеги кыргыздардын чогуу жашаган жерлерин атап бергиле.

2. Кыргыздар чет өлкөлөрдө эмне себептен жана кандайча жашап калышкан?

3. Ушул кезде Республикабызда жашаган кыргыздардын саны канча? Көз каранды эмес Мамлекеттердин Ынтымакташтыгына кирген өлкөлөрдө канча кыргыз бар? Алыскы чет элдерде канча кыргыз жашайт?

Кыргыздардын Бүткүл дүйнөлүк биринчи Курултайын өз көзүнөр менен көрдүнөр. Ал силерге кандай таасир калтырды? Силердин оюнар боюнча тарыхка кандай из калтырат?

МАЗМУНУ

Сөз башы..... 3
Сынак программа..... 7
I - г л а в а. Тарыхтын таңында. Уруулардын эң байыркы союздары жана алгачкы мамлекеттер.... 20
II - г л а в а. Түрктөрдүн империясы жана анын мурасчылары..... 58
III- г л а в а. Кыргыз эли түзүлгөн жана өнүккөн доор..... 72
IV- г л а в а . Орусиянын курамында..... 124
V - г л а в а. Чет мамлекеттердеги кыргыз диаспорасынын башатында..... 184

[redacted]

Техникалык редактору Э.К.Гаврина

[redacted]

Басууга 29.07.93 кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 1/16.
Басма кагазы л 2. Келему
12,5 басма табак. 10,85 эсеп-басма
табак. Нускасы 10.000. Заказ 621

"Илим", КИ "Табылга"
720071, Бишкек ш., Чуй проспектиси, 265 а

г. Бишкек, ул. Коммунистическая, 68. Типография КСХИ